У.О. Аманалиев

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУГУ

Окуу китеп

67.400
А61

У.О. Аманалиев

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУГУ

**Окуу китеп**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ
АКАДЕМИЯСЫНЫН
КИТЕПКАНАСЫ
№ 012584

Бишкек 2023

**У.О. Аманалиев**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУГУ

**Окуу китеп**

**Бишкек 2023**

**УДК**
**ББК**
**А –**

**Рецензенттер: Мырзалимов Р.М.** – юридика илимдеринин доктору, профессор Ж. Абдрахманов атындагы КРПМБАнын «Юриспруденция жана философия» кафедрасынынын профессору.

**Муратбекова С.М.** – юридика илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы КУУнун Юридикалык институтунун
«Конституциялык жана административдик укук» кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу,

**Маматазизова Н.К.** – юридика илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлигинин Э. Алиев атындагы Академиясынын «Административдик укук жана административдик ишмердүүлүк» кафедрасынын начальниги, милициянын полковниги.

**Аманалиев У. О.**
**А- … Кыргыз Реппубликасынын конституциялык укугу. Окуу китеп. - Б.: «ДЭМИ» басма үйү, 2023. – 430 б.**

**ISBN**

Конституциялык укук Кыргыз Республикасынын укук тутумунда абдан маанилүү орунду ээлеген укук тармактарынын көч башындагысы. Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде жогорку окуу жайлар үчүн “Юриспруденция” багыты боюнча адистерди даярдоодо «Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу» дисциплинасынын программасына негизделген темалар каралды.

Окуу китепте Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясынын жоболору, конституциялык мыйзамдар, конституциялык тармактын предметине байланыштуу мыйзамдар талдоого алынып, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын иш тажрыйбасынын материалдары, конституциялык укуктун негизги көйгөйлүү маселелери боюнча теориялык көз караштар баяндалып берилген.

Автор окуу китебинде Кыргыз Республикасындагы конституциянын өнүгүү этаптарын терең жана ар тараптуу карап чыккан. Автор, жыйынтыгында коомдун өнүгүшүнө жана өзгөрүшүнө жараша конституциялык укуктук мамилелердин ар кандай түрлөрү келип чыгаарын белгилеген.

Окуу китеби жогорку окуу жайларынын юриспруденция, экономика, мамлекеттик башкаруу жана башка адистиктер боюнча билим алып жаткан студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга, изденүүчүлөргө жана окутуучуларга арналат.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын сот тутумунун судьяларына, адвокаттарга, прокуратуранын, конституциялык түзүлүш боюнча кызыккан окурмандарга абдан пайдалуу.

ISBN

УДК
ББК
© Аманалиев У.О. 2023

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУГУ

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык «Юриспруденция» адистиги боюнча окуп жатышкан жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби катары сунушталат

## Мазмуну

Кириш сөз……………………………………………………9

**1-глава. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун теориялык жана тарыхый негиздери .................. 12**

1.1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу укуктун тармагы катары: түшүнүгү жана өзгөчөлүгү .......... 12

1.2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укук илими жана окуу дисциплинасы ...................................................... 24

**2-глава. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун тутуму ............................................................... 38**

2.1. Кыргыз Республикасынын конституциялык-укугунун ченемдери: түшүнүгү, түрү, өзгөчөлүгү................................ 38

2.2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун институттары .............................................................................. 52

2.3. Конституциялык-укуктук мамилелер............................. 55

2.4. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун булактары ................................................................................ 58

2.5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Жалпы мүнөздөмө. ......................................................................... 74

2.6. Кыргыз Республикасынын конституциялык өнүгүүсү. 83

**3-глава. Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшү.......................................................................... 108**

3.1. Конституциялык түзүлүштүн түшүнүгү ...................... 108

3.2. Кыргыз Республикасынын Конституциясында конституциялык түзүлүштү бекитүү ................................... 110

**4-глава Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздери ........................................................ 116**

4.1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнүн саясий негиздери............................................ 116

4.2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнүн экономикалык жана социалдык негиздери .. 157

4.3. Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнүн руханий жана маданий негиздери ................ 172

**5-глава Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын конституциялык укуктары, эркиндиктери жана милдеттери................................................................... 182**

5.1. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын тутуму............................... 182
5.2. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын жеке укуктары жана эркиндиктери............................................ 188
5.3. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын саясий укуктары жана эркиндиктери .................................. 207
5.4. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын экономикалык укуктары ................................................... 211
5.5. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын социалдык укуктары .......................................................... 215
5.6. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын руханий-маданий укуктары жана эркиндиктери................ 230
5.7. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын конституциялык милдеттери............................................... 238

**6-глава. Кыргыз Республикасынын жарандыгы ............. 244**

6.1. Кыргыз Республикасынын жарандыгы: түшүнүгү жана принциптери.............................................................. 244
6.2. Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуунун негиздери жана тартиби.................................................... 247
6.3. Кыргыз Республикасынын жарандыгынын токтотулушу.......................................................................... 250

**7-глава. Кыргыз Республикасындагы шайлоо укугу жана шайлоо тутуму ....................................................................... 255**

7.1. Кыргыз Республикасынын шайлоо укугунун жана шайлоо тутумунун түшүнүгү ............................................. 255
7.2. Кыргыз Республикасынын шайлоо укугунун принциптери.............................................................................. 263

**8-глава. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик тутуму ................................................................................. 269**

8.1. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликтин түшүнүгү жана өзгөчөлүгү ........ 269
8.2. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик органдарынын тутуму ........ 274

**9-глава. Кыргыз Республикасынын Президенти ........ 279**
9.1. Кыргыз Республикасынын Президентине конституциялык-укуктук мүнөздөмө ........ 279
9.2. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун тартиби жана ыйгарым укуктарынын токтотулушунун негиздери ........ 290
9.3. Кыргыз Республикасынын Президентинин актылары: түшүнүгү жана түрлөрү ........ 298

**10-глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ........ 303**
10.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине конституциялык – укуктук мүнөздөмө ........ 303
10.2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо ........ 316
10.3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын конституциялык-укуктук макамы ........ 321
10.4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин түзүмү ........ 327

**11-глава. Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу процесси ........ 335**
11.1. Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу процессинин түшүнүгү жана принциптери ........ 335
11.2. Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу процессинин этаптары ........ 339
11.3. Кыргыз Республикасында кээ бир мыйзамдарды кабыл алуунун өзгөчөлүгү ........ 354

**12-глава. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиги ........ 361**
12.1. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигине конституциялык-укуктук мүнөздөмө ........ 361

12.2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин курамы жана аны түзүүнүн тартиби .................................... 364
12.3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин актылары ........................................................................... 368

**13-глава. Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги ........ 375**
13.1. Кыргыз Республикасынын сот бийлигине конституциялык-укуктук мүнөздөмө ....................................................... 375
13.2. Кыргыз Республикасынын сот тутуму ....................... 378

**14-глава. Кыргыз Республикасынын атайын статусу бар мамлекеттик бийлик органдары ........................................... 389**
14.1. Кыргыз Республикасынын башкы прокуратурасы .... 389
14.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ................ 392
14.3. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиясы ................................. 396
14.4. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы ........... 399
14.5. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) 404

**15-глава. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу .............................................................. 412**
15.1. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түшүнүгү, негиздери жана тутуму ................ 412
15.2. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери, кепилдиги жана функциялары ......................................................................... 420
15.3. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ........................................................... 422

*Бир тууганым Махабаттын*
*жаркын элесине арналат.*

## Кириш сөз

Бүгүнкү күнү республика тарыхый этаптарды басып өттү. Көз карандысыздыкты алган күндөн тарта өлкөдөгү болуп келе жаткан ички окуялар, биздин айланабыздагы шарттар болуп көрбөгөндөй тездик менен алмашып, адекваттуу, шашылыш жана муну менен бирге өтө оор салмактуу өзгөрүүнү талап кылууда.

Саясый ошондой эле экономикалык жактарда максаттуу багытталган жана ырааттуу чечимдерди кабыл алуунун аркасында биз дүйнөлүк кризистик таасирлерди азайтууга жана республиканы андан ары өнүктүрүү үчүн таптакыр жаңыча базалык шартты түзүүбүз абзел.

Мамлекетибизде 2021-жылдын 11-апрелинде кабыл алынып, ушул эле жылдын 5-майынан тарта күчүнө киргизилген конституциябыз бар. Конституция – өлкөнүн бардык мыйзамдарынын негизи, эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон “баш мыйзам”. Калган бардык мыйзамдар жана мыйзам алдындагы актылар Конституцияга ылайык кабыл алынууга тийиш. Конституциялык ченемдерди бузуу өтө оор кылмыш болуп эсептелет.

«Кыргыз Республикасынын Конституция укугу» юриспруденция багытында даярдалып жаткан адистер үчүн негизги дисциплина катары каралган. Анын негизги дисциплина катары белгиленишинин себептери болуп төмөндөгүлөрдү атамакчыбыз:

Биринчиден, ал конституциялык түзүлүштүн, адам укуктарынын жана эркиндиктеринин, мамлекеттик бийлик органдарынын негизги принциптерин билүүгө багытталган.

Экинчиден, аталган дисциплина студенттердин андан аркы кесиптик ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон компетенцияларына, аналитикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө салым кошот.

Мына бул сунушталып жаткан окуу китебинде колдонуудагы конституциянын ченемдери кеңири түрдө каралып, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугунун негизги булагы экендиги белгиленди. Ал эми Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу «юриспруденция» багыты боюнча билим алып жаткан баардык студенттерге, магистранттарга окулуучу укук тармагынын негизгиси. Анын ченемдери укуктун бардык башка тармактары үчүн баштапкы булак катары кызмат кылат.

Ар бир мамлекеттин конституциялык укугунун өнүгүшү биринчиден – эл аралык жана мамлекеттер аралык процесстерге; экинчиден – мамлекеттердин конституциялык өнүгүүсүнүн жалпы процессине; үчүнчүдөн – өлкөнүн тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөрүнө шартталган.

Кыргыз Республикасынын конституциялык өнүгүүсү жыйырманчы кылымдын жыйырманчы жылдарынын аяк жагына туура келмекчи. А бирок, эгемендүү Кыргыз Республкасынын конституциялык өнүгүү мезгили жыйырманчы кылымдын токсонунчу жылдарына туура келип калды. Себеби, бул жылдар аралыгында Кыргыз мамлекети өз алдынча эгемен мамлекет катары таанылып жаңы өнүгүү багытын аныктоо мезгилдери эле. Кыргыз Республикасынын алачкы конституциясы 1993-жылдын 5-майында Жогорку Советтин он экинчи чакырылышынын депутаттары тарабынан кабыл алынган. Бүгүнкү күнү конституциялык өнүгүү процесси, болуп өткөн тарыхый он жолку конституциялык реформа менен тыгыз байланышта. Ар бир реформанын өз алдынча тарыхый орду жана өнүгүү этаптары бар. Болуп өткөн конституциялык реформалар коомчулуктагы конституциялык – укуктук маданияттын жогорулашын алып келмекчи.

Конституциялык ченемдердин өнүгүүсү мамлекеттин, коомдун, адам укуктары менен эркиндиктеринин өнүгүүсүнө кыйла өбөлгө түзмөкчү.

Азыркы кыргыз коомчулугунун укуктук аң - сезиминде эгемендүүлүк мезгилинен берки кабыл алынган конституциялардын жоболору тууралуу көптөгөн ой – пикир, көз караштар бар.

Бул окуу курсунун эң жалпы максаты конституциялык маселени конституциялык маданияттын ажырагыс бөлүгү катары кабыл алууга көмөктөшүү, мамлекеттик жана коомдук тузулуштун укуктук негиздерин, инсандын, мамлекеттин жана коомдун өз ара мамилелерин, адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин, мамлекеттик бийлик тутумунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык укуктук негиздерин түшүнүү.

Бул окуу китеп студенттерге, аспиранттарга жана магистранттарга конституциялык укукту окуп билүүсүнө жеңилдик түзүү максатында жазылган. Окуу китеп «юриспруденция» адистиги боюнча жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана юридикалык профилдеги жогорку окуу жайларынын «Конституциялык укук» окуу дисциплинасынын программаларына ылайык даярдалды. Бирок ал болочок юристтер эле үчүн эмес мамлекеттик башкаруу жана башка адистиктер үчүн билим алып жаткан студенттерге да багытталган. Китеп студенттерге, аспиранттарга, окумуштууларга, ЖОЖдордун окутуучуларына, ошондой эле конституциянын түзүлүшү, адам укуктары, мамлекеттик бийлик органдардын тутуму сыяктуу маселелерге кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөлөрүнө пайдалуу.

Сунушталган окуу китепте Кыргыз Республикасынын конституциялык укугунун жалпы жана өзгөчө бөлүктөрү каралган.

# 1-глава. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун теориялык жана тарыхый негиздери

## 1.1. Кыргыз Респубубликасынын Конституциялык укугу укуктун тармагы катары: түшүнүгү жана өзгөчөлүгү

***Конституциялык укуктун түшүнүгү, предмети, методу***. Кайсы бир курсту окуурдун алдында курстун негизги мазмунун түшүнүүдөн баштоо керек, аларсыз дисциплиналарды окуу мүмкүн эмес. Конституциялык укук Кыргыз Республикасынын укук тутумунун негизги тармагы катары түшүнүүбүз зарыл.

Конституциялык укуктун түшүнүгү бири-бири менен тыгыз байланышта болгон үч мааниде колдонулат: укуктун тармагы, илим жана окуу дисциплинасы катары.

С.С. Сооданбеков, М.К. Укушевдин оюу боюнча «Конституциялык укук бул коомдогу экономикалык, саясий, социалдык негиздерди, инсандын коомдогу абалын, мамлекет менен адамдын ортосундагы байланышты, мамлекеттик органдардын уюштуруучулук жана ишмердүүлүк негиздерин аныктаган укук тутумунун алдыңкы укук тармагы»[1].

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти ю.и.д., профессор Н.Т. Шерипов «Конституциялык укук – бул конституциялык – укуктук ченемдердин жыйындысы болгон ата мекендик укуктун өз алдынча тармагы»[2] деп белгилейт.

---

[1] Сооданбеков С.С. Укушев М.К. Конституционное право Кыргызской Республики: (Общая и Особенная части). – Б.:2001. С. 17.

[2] Шерипов Н.Т. Конституционное право Кыргызской Республики. Учебное пособие. Бишкек.: 2010. С. 6.

Конституциялык укук укуктун бир тармагы катары, бир жагынан жалпы белгилери менен мүнөздөлгөн ички биримдиги, экинчи жагынан, башка тармактардын ченемдеринен айырмаланып турган укуктук ченемдердин жыйындысы. Бардык укуктун тармагы сыяктуу эле конституциялык укук – бул укуктук ченемдердин жыйындысы, б.а. жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелери.

Юридикалык илимде тармактарга бөлүүнүн негизги критерийи укуктук жөнгө салуунун предмети болуп саналат. Укук тармагынын предметин билбей туруп конкреттүү укуктук кырдаалдарды талдоо же укук тармагын аныктоо мүмкүн эмес.

Белгилүү тармакты укуктук жөнгө салуунун предмети болуп бул тармактын укуктук ченемдери менен жөнгө салынуучу бир тектүү коомдук мамилелер саналат.

Башка тармактарга салыштырмалуу конституциялык укуктун предмети олуттуу өзгөчөлүктөргө ээ.

Биринчиден, конституциялык укук коомдун бардык негизги чөйрөлөрүндөгү мамилелерди жөнгө салат: экономикалык, саясий, социалдык, руханий, маданий.

Экинчиден, конституциялык укук бардык тармактардагы мамилелерди толугу менен жөнгө салбастан, негизги, таяныч болгон жана конституциялык-укуктук ченемдерге негизделген мамилелерди гана жөнгө салат, калган бардык укуктун тармактары коомдук мамилелерди деталдуу түрдө жөнгө салат. Бул өзгөчөлүктөр конституциялык укукту Кыргыз Республикасынын укук тармагында алдыңкы тармак деп атоого мүмкүндүк берет.

Конституциялык укуктун предмети төмөндөгүдөй коомдук мамилелерди камтыйт:

1) мамлекеттин түзүмүн, анын ичинде элдин эгемендүүлүгүн, башкаруу формасын, мамлекеттик түзүлүштүн формасын, мамлекеттин жана коомдун саясий, экономикалык, социалдык, руханий негиздерин аныктоочу

негизги принциптерин, алардын жыйындысын конституциялык түзүлүштүн негиздерин түзөт;

2) жеке адам менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин негиздери, анын ичинде инсандын укуктук макамын түзгөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктук макамынын негиздери, Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын негизги укуктары, эркиндиктери, милдеттери.

3) Кыргыз Республикасынын түзүлүшүнүн негиздери, анын ичинде Кыргыз Республикасынын макамы, административдик-аймактык бирликтери;

4) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түзүлүшүнүн жана иштешинин негиздери.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын *конституциялык укугу* мамлекеттин конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин, адамдын жана жарандын укуктук макамын, мамлекеттик түзүлүштү, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумун жөнгө салуучу укуктук ченемдердин жыйындысы болгон укук тутумундагы алдыңкы тармак болуп саналат.

Укук тармагы укук тутумунун өз алдынча бир бөлүгү, белгилүү бир ыкманы колдонуу менен бир тектүү коомдук мамилелерди жөнгө салуучу укук ченемдеринин жыйындысы.

Укуктук жөнгө салуу **методу (ыкмасы)** бул мамлекет тарабынан (анын органдары) укуктук ченемдердин жардамы менен тиешелүү коомдук мамилелерге таасир кылуунун атайын ыкмалары, жолдору.

Предмет жана метод жөнгө салуу жыйындысында негизги белгилерди түзөт, алар укук тармагынын өз алдынча экендигин күбөлөндүрөт.

Конституциялык-укуктук жөнгө салуунун **методу** деп конституциялык-укуктук мамилелерге таасир көрсөтүүдөгү шарттардын жана ыкмалардын жыйындысын айтабыз.

Конституциялык укуктун предмети укуктун бул тармагы кандай мамилелерди жөнгө салат деген түшүнүктү берсе, анда ыкма аларды кантип жөнгө салгандыгын так көрсөтөт.

Укуктук ченемдерде камтылган мүнөзүнө жараша эки негизги метод бар: императивдүү жана диспозитивдүү.

**Императивдүү метод** – бийликтик мүнөздү туюнткан, тыюу салуулар, баш ийүү жана жоопкерчиликтерге негизделген ыкма.

Бул ыкманын негизинде жөнгө салынган мамилелердин теңсиздиги же баш ийгендиги мүнөздөлгөн. Мисалы, мамлекеттик бийлик органдарынын тутумунда.

**Диспозитивдүү метод** - субъекттин жүрүм-турумун тандоо укугуна жана укуктук мамилелердин тең укуктуулугуна жана ишти координациялоого негизделген тараптардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу ыкмасы. Мисалы, адамдын укуктары жана эркиндиктери институту.

Методдор, өз кезегинде, укуктук таасир этүү (жөнгө салуу) ыкмаларына жараша бөлүнөт.

**Мыйзам тарабынан аныкталган милдеттенме -** мыйзамдуу иш-аракеттердин жолу, анын маңызы мыйзам тарабынан каралган шарттарда милдеттүү жана юридикалык маанилүү иш-аракеттерди жүргүзүү.

Бул ыкманы колдонуу мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын жана милдеттерин, адамдардын жана жарандардын милдеттерин аныктоого мүнөздүү. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 69-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Президенти кызматына киришерде Кыргыз Республикасынын элине ант берет; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 73-беренесинин негизинде Президент кызматтан четтетилгенден кийин ыйгарым укуктары токтотулат; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 49-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык ар бир адам курчап турган

жаратылыш чөйрөсүн, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн сактоого жана аяр мамиле кылууга милдеттүү; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 50-беренеси боюнча ар бир адам мыйзамда каралган учурларда жана тартипте салыктарды жана жыйымдарды төлөөгө милдеттүү. ж.б.

*Милдеттерди аткаруу* деп - бир тарап өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн жигердүү аракеттерди көрсөтүүгө милдеттүү, экинчиси, алардын аткарылышын талап кылууга, ал эми зарыл болгондо, мыйзам ченемдеринде каралган учурларда мажбурлоо чараларын колдонот жана аларды жоопкерчиликке тартууга укуктуу дегенди билдирет. Милдеттен качуу фактысынын өзү көбүнчө жоопко тартууга негиз болуп саналат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесинин 1-бөлүгүнүн 9-пункту боюнча бир сессиянын ичинде Жогорку Кеңештин жыйналыштарында жүйөлүү себепсиз 10 жумуш күнү жок болгондо Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулат; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 73-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде Конституцияны жана мыйзамдарды бузгандыгы үчүн Президент кызматтан четтетилиши мүмкүн; ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин милдети катары Конституциянын 91-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык финансы, баа, тариф, инвестиция жана салык саясатын жүргүзүүнү камсыз кылуу милдети жүктөлгөн жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 89-беренесинин 6-бөлүгүндө каралгандай эгерде республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёт Жогорку Кеңеш тарабынан канааттандырарлык эмес деп табылса, Президент Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин карайт.

Конституциялык укукта бул **мыйзам тарабынан аныкталган ыкмасы** кыйла кеңири колдонулат, анын

негизинде мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму жана компетенциялары, ошондой эле алардын ортосундагы мамилелер аныкталат. Бул ыкмасыз мамлекеттин жана адамдын эки тараптуу милдеттенмелерин аныктоо мүмкүн эмес.

**Тыюу ыкмасы** – кээ бир аракеттерди же аракетсиздикти аткарууга бөгөт коюну түшүндүргөн укуктук таасир көрсөтүү ыкмасы.

Активдүү аракеттерди жасоого милдеттүү болгон мыйзам тарабынан аныкталган ыкмадан айырмаланып, тыюу салуу юридикалык маанилүү аркеттерди жасоодон баш тартууну көрсөтөт. Мындай аракеттерди жасоо коом үчүн терс кесепеттерге алып келет же мамлекеттик – укуктук баалуулуктарга туура келбейт.

Бул ыкма Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин, мамлекеттин бүтүндүгүн, мамлекеттин, коомдун жана жарандардын коопсуздугун, адамдын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин жана башка мамлекеттик-укуктук түзүлүштөрдү бузган аракеттерди басуу үчүн колдонулат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 2-бөлүгүндө Мамлекеттик бийликти күч колдонуп басып алууга жана мыйзамсыз кармап турууга, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарын тартып алууга багытталган аракеттерге жол берилбейт. Мамлекеттик бийликти узурпациялоо - өзгөчө оор кылмыш; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацы боюнча эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз

Республикасында кулчулукка, адамдарды сатууга жол берилбейт. Балдардын эмгегин экспулатациялоого тыюу салынат. Согуш, табигый кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюну, ошондой эле сот чечимин аткаруу тартибин кошпогондо, мажбурланган эмгекке тыюу салынат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында эң көп тыюу салуулар конституциялык түзүлүштүн негиздери, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери бөлүмдөрүндө камтылган. Ошол эле учурда тыюу салууларды бузуу, юридикалык жоопкерчиликтин эң оор түрү.

**Дозволение (уруксат)** – юридикалык мааниге ээ же ээ болушу мүмкүн болгон белгилүү бир аракеттерди же аракетсиздикти жасоого уруксат берилген юридикалык таасир этүүнүн ыкмасы.

Дозволение аркылуу укуктук таасир этүүнүн диспозитивдик методу ачыкталынат. Бул ыкма адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин жөнгө салуу үчүн колдонулат, укук мамилелеринин башка субъекттерине таандык болгон ыйгарым укуктарды бөлүп берет, ошондой эле берилген жүрүм-турум түзүмүнүн алкагында өздөрүнүн тандоосу боюнча иш-аракет жасоону камсыз кылуунун укуктук мүмкүнчүлүгү. Алсак, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 92-беренесинин 2-бөлүгү боюнча Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү кызматтан кетүү жөнүндө өтүнүч берүүгө укуктуу. Кызматтан кетүүсү Президент тарабынан кабыл алынат же четке кагылат.

Дозволение укук субъекттинин жүрүм-турумунун толук эркиндигин билдирбейт. Көп учурда, бир эле уруксат берүү менен юридикалык мааниге ээ же ээ болууга мүмкүн болгон аракеттерди же аракетсиздиктерди жасоо үчүн шарттар аныкталынат.

Жалпыга бирдей болгон шарттарда белгиленген принциптер да, конкреттүү талаптар да кезигет.

Демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 1-бөлүгүндө Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат. …Басмырлоого жол берген адамдар мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат. Бул жалпы укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашырууну чектөөнүн шарты.

Белгилүү бир шартты аныктаган принциптерге мисал катары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин 1-бөлүгү боюнча Кыргыз Республикасында улгайган, ооруган, майып болгон жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон, багар-көрөрүнөн ажыраган учурларда мыйзамда каралган тартипте жана учурларда мамлекеттин эсебинен социалдык камсыз кылуу кепилденет. Ошентип, адам белгилүү бир шарттарда гана социалдык жөлөкпулдун бул түрүнө ээ болууга укуктуу жана бул укукту пайдаланат, же андан баш тартат.

Дозволение ыкмасын белгилөөнүн эң мүнөздүүсү катары мисалы, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жөнгө салуу. Ыйгарым укуктардын мүнөзүнүн өзгөчөлүгү катары алардын укуктары жана милдеттери саналат.

Конституциялык-укуктук жөнгө салуунун дагы бир өзгөчөлүгү императивдүү жана диспозитивдүү укуктук жөнгө салуу ыкмаларынын айкалуушусунда, эгерде алар жалпысынан мамлекеттик бийлик мамилелерин камтыган болсо анда баш ийүүгө негизделет. Бул жерде баш ийүүнүн күчтүүлүгү, татаалдыгы болушу мүмкүн эмес, мисалы, административдик укуктагы контролдоо ыкмаларына салыштырмалуу. Ошентип, Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик бийликти бөлүштүрүү принцибинин негизинде салыштырмалуу өз алдынча жана көз карандысыз түзүлгөн бийлик бутактары, бири-бири менен өз ара активдүү өнөктөштүк жана координациялоо режимдеринде аракеттенишет.

Мамлекет талап гана кылбастан, жарандын өз милдеттерин аткаруусу үчүн шарттарды түзүп берет. Мисалы, Кыргыз Республикасы ар бир адамдын мыйзамда каралган учурларда жана тартипте салыктарды жана жыйымдарды төлөөгө милдеттүүлүгү мамлекеттик салык кызматын түзүү менен камсыз кылынат, Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзам менен белгиленген чектерде жана шарттарда аскердик кызматты өтөө милдети мыйзам менен аныкталган аскердик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердүүлүгү менен коштолот. Бул мисалда жаран, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 54-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык аскердик кызмат өтөөдөн бошотуунун же аны альтернативдик кызмат менен алмаштыруунун негиздери жана тартиби белгилеген.

***Кыргыз Республикасынын укук тармагы катары конституциялык укуктун өзгөчөлүктөрү: жалпы мүнөздөмө.***

Азыркы укук - бул ар кандай деңгээлде аракеттенген жана бири-бири менен ар кандай байланыштагы ар түрдүү тармактарды ээлеген татаал тутум.

Укук тармагы өзүнүн ченемдери менен белгилүү бир чөйрөдөгү коомдук мамилелерди бекитет, ошондой эле өзүнүн укуктук инструменттеринин жардамы менен аларды жөнгө салат, алардын аткарылышын камсыз кылат.

Укук тармагындагы ченемдердин мүнөзү коомдук мамилелердин түзүлүүсүнүн укуктук формасын, укуктардын жана милдеттердин пайда болуусунун шарттарын, алардын аткарылышынын кепилдиктерин, юридикалык жоопкерчиликтин мазмунун ж.б. аныктайт.

Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу мамлекеттин ичиндеги (улуттук) коомдук укуктун негизги тармагы болуп саналат.

Өзүнүн ички түзүлүшүндө татаал фундаменталдуу (негизги) тармактарга бөлүнөт, азыркы кездеги укук илими аларга конституциялык укукту белгилеп келүүдө. Бул

тармактардын өзгөчөлүгү алардын толук «өздүк» ченемдери баш ийген чөйрөдөгү коомдук мамилелерди жөнгө салуу экендигинде; укуктук жөнгө салуунун ажырагыс толук механизмин түзөт; аларда укуктун башка тармактарынын негизи белгиленет.

**Коомдук укук** – укук тармактарынын бүтүндөй бир тобу, алардын ченемдеринин мазмуну жеке кызыкчылыкты эмес, коомдук кызыкчылыктардын үстөмдүгүн камтыйт. Конституциялык укуктан тышкары, укуктун мындай түрүнө эл аралык, административдик, финансылык, муниципалдык жана башка бир катар укук тармактары белгиленет.

Конституциялык укук мамлекеттик бийлик органдарынын тутумун, принцибин, алардын ишмердүүлүгүн, конституциялык-укуктук макамын бекитүү менен административдик укуктун предмети болгон укуктук мамилелерди жөнгө салуунун негиздерин аныктайт. Мына ушул конституциялык-укуктук негиздердин алкагында административдик укук мамлекеттин аткаруу бийлик органдарын уюштуруунун жана ишмердүүлүгүн, алардын компетенцияларын, саясий, экономикалык, социалдык, маданий-руханий турмушунун ар кандай чөйрөлөрүндөгү ишмердүүлүктөрүнүн тартибин майда-чүйдөсүнө чейин жөнгө салат.

Укук тармактарынын тутумунда конституциялык укуктун өзгөчө орду төмөндөгүдөй:

- жашоонун бардык чөйрөлөрүндөгү коомдук мамилелерди жөнгө салууну камтыйт – коомдо жана конкреттүү мамлекетте саясий, экономикалык, социалдык, руханий жана маданий мамилелердин мүнөзүн аныктайт;

- универсалдуу - конституциялык укук предметинин өзгөчөлүгү мамлекеттик бийликти уюштуруу маселелери гана эмес, коомдук түзүлүштүн негиздери, ошондой эле адамдын коомдогу жана мамлекеттеги орду кирмекчи;

- мамлекеттин жана коомдун конституциялык түзүлүшүнүн жана мамлекеттик – укуктук режимдеринин

түрлөрүн аныктоочу бардык укуктук ченемдерди бириктирет.

Укук тармактарынын жетектөөчүсү катары конституциялык укуктун өзгөчө белгилери анын функцияларында да байкалат.

Конституциялык укуктун функциялары жалпы жана атайын болуп бөлүнөт.

Конституциялык укуктун **жалпы функциялары** болуп жөнгө салуучу, камсыз кылуучу, укук коргоочу эсептелинет.

Конституциялык укуктун **атайын функцияларына** мамлекеттик-укуктук, социалдык, гумандуулук функциялар кирет.

**Мамлекеттик – укуктук функция** төмөндөгү түрлөргө бөлүнөт:

- түзүүчү;
- мамлекетти түзүүчү;
- координациялоо.

**Түзүүчү функция** - конституциялык укук укуктун тармагы катары бардык укук ченемдерин бириктирет, алар мамлекеттин жана коомдун конституциялык түзүлүшүн, укуктук режимдердин түрлөрүн аныктайт.

**Мамлекетти түзүүчү функция** - конституциялык укук мамлекеттик бийликтин моделин, органдарынын тутумун түзүү менен укуктук негиздерин калыптандырат; мамлекеттик бийлик органдарынын принциптерин, түзүү режимдерин, негизги компетенцияларын жана ыйгарым укуктарын ишке ашыруудагы негизги процедуралык эрежелерин аныктайт.

**Координациялоо функциясы** – конституциялык ченемдер конституциялык түзүлүштү бекитүү, ошондой эле негизги укуктарды жана эркиндиктерди жөнгө салуу менен, укуктун башка тармактары үчүн жалпы принциптери, эрежелери жана укуктарынын стандарттары негизги болуп эсептелет, алар колдонулуп жаткан тармактык мыйзамдарда сакталышы жана эске алынуусу керек.

Конституциялык укук мамлекеттик - укуктар менен катар эле социалдык жана гуманитардык сыяктуу маанилүү функцияларды да аткара алат.

**Социалдык функция**-конституциялык-укуктук деңгээлде жарандык коомдун экономикалык жана социалдык түзүлүштөрүнүн негиздерин камтыган мамилелерди аныктайт (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесинин 1-бөлүгүндө Кыргыз Республикасындагы менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрү таанылган; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 17-беренесинин 1-бөлүгүндө Кыргыз Республикасы экономикалык ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт жана улуттук экономиканын кызыкчылыктарын коргойт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесинин 1-бөлүгүндө мамлекет элдин бакубат жашоосуна жана аны социалдык коргоого камкордук көрөт); мамлекет менен инсандын өз ара аракеттеринин механизмдери, коомдун социалдык тутуму жана коомду өнүктүрүүнүн башка маанилүү институттары кирет.

**Гумандуулук функция** - жогорку юридикалык күчкө ээ мамлекеттин баш Мыйзамында – мамлекетте жана коомдо инсандын ролун жана ордун аныктайт, укуктары жана эркиндиктери кепилденет. Конституциялык укуктун гумандуулугунун маңызы, анын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн идеялык негизин түзөт.

Конституциялык жөнгө салуунун гуманисттик максаты Кыргыз Республикасынын Конституциясында гана эмес, ошондой эле көптөгөн чет мамлекеттердин конституцияларында чагылдырылган. Адаттагы гуманизим 1789-жылдын 26-августундагы Франциянын адамдын жана жарандын укуктары жөнүндөгү Декларациясындагы принциптерден, Америка Кошмо Штаттарынын 1789-жылкы адам укуктары жөнүндөгү Билл жана адам укуктары жана

эркиндиктери жаатындагы башка биринчи укуктук документтерден келип чыккан.

Гуманисттик функция укуктун бардык башка тармактарына мүнөздүү, бирок конституциялык укук, мамлекетте жана коомдо гумандуулукту укуктук камсыз кылууда башка тармактардан айырмаланып эбегейсиз ролду ойнойт.

## 1.2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укук илими жана окуу дисциплинасы

***Кыргыз Респубубликасынын Конституциялык укук илиминин түшүнүгү жана предмети.***

Ар бир укук тармагынын өнүгүүсү илимге негизделет.

Бүгүнкү күнү «илим» адам баласынын жашоо-турмушунун баардык тармагында негизги ролду ээлерин эч ким жокко чыгарбастыр. «Илим» деңгээлинин өнүгүүсү коомдун өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири катары кызмат кылмакчы. Коомдун өнүгүүсү - бул мамлекеттин өнүгүүсү. Адам баласын курчап турган чөйрөдөгү жасалып жаткан иш-аракеттердин баардыгы илимдин жетишкендиги.

Бүгүнкү күнү «илим» абдан таң калаарлык мүмкүнчүлүктөрдү жаратууда. Өткөн кылымдын башында, тагыраагы 1904-жылы Никола Тесла «…адам баласы алыскы аралыктан өзүнүн оюн бере алат»[3] деп билдирген эле. Чындыгында бир кылымдан кийин ал айтып кеткен сөз иш жүзүндө ашырылышына мүмкүн болду. Коомду маалыматташтыруу ушунчалык болуп көрбөгөндөй деңгээлге жетти, адам баласы интернет булактарынан каалаган маалыматты таба алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Ар бир үйдө, жумушта компьютер жана интернет булактары жайгаштырылды.

---

[3] Выдающиеся изобретения Николы Тесла. Электрондук ресурс http://akunb.altlib.ru/.

Юридика илиминин бирден-бир максаты өзүнүн маанилүүлүгү боюнча - мыйзамдуулук тутумундагы көйгөйлөрдү иштеп чыгуу жана аны өнүктүрүү[4]. Бул коомдук мамиледеги укуктук жөнгө салуунун ролун жогорулатууну түшүндүрөт. Ал, өз кезегинде мыйзамдуулукту ар дайым жакшыртып турууну билдирмекчи.

Конституциялык укук илими юридикалык илим тутумунун ажырагыс бөлүгү, алар өз кезегинде коомдук илимдер тутумунун кеңири бир тармагы болуп саналат.

Изилдөөнүн максаты, предмети жана методу илимди идентификациялоонун негизги белгилерин түзөт, билимдин мазмунун жана системалаштырууну аныктайт.

Изилдөөнүн максатына, предметине жана методуна жараша юридикалык илимдер жалпы теориялык, тарыхый, тармактык, салыштырмалуу-укуктук жана прикладдык болуп айырмаланышат. Юридикалык илимдер тутумунун негизги бөлүгүнүн көпчүлүгүн тармактык илимдер түзөт, алардын предмети болуп бирдей аталыштагы укук тармактары саналат. Мындай илимдер укук тармагынын келип чыгышы менен пайда болот, алардын милдети - тиешелүү укук тармагын илимий жактан камсыздоо.

Конституциялык укук илими тармактык илим катары эсептелинет, ошондуктан анын предмети конституциялык укуктун бирдей аталыштагы тармагы.

Конституциялык укук илими азыркы конституциялык укукту, анын тарыхын, теориясын, өнүгүүнүн тенденцияларын жана келечегин окутат. Ал ошондой эле бул тармак жөнүндө илимдин өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана тенденцияларын изилдейт.

Конституциялык укук илими:

---

[4] Нерсесянц В.С. Юриспруденция наука о свободе. // Законодательство и экономика. 1997. № 17-18. С. 3-13.

- конституциялык укук тармагынын предметин, элементтер курамынын тутумун (ченем, институттар, конституциялык-укуктук мамилелер) изилдейт;

- алардын пайда болуусунун, түзүлүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн окутат;

- конституциялык укукка тиешелүү болгон функцияларды ачып көрсөтөт;

- бул укук тармагы менен байланышкан негизги түшүнүктөрдү жана категорияларды түзөт, ошондой эле башка илимий милдеттенмелерди ишке ашырууга багытталат.

Конституциялык укук илиминин негизги милдети бирдей аталыштагы укук тармагынын пайда болуусунун, түзүлүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн ачуу, ааламдашуу мезгилинде конституциялык укук жөнүндө укуктук концепцияны түзүү.

Конституциялык укук илими конституциялык-укуктук материя кандай экени катары ченемдерди, институттарды, ошондой эле конституциялык укуктун ченемдеринин формаларын жана укуктук мамилелерди ишке ашыруу процесстерин окутат. Ушундай максат менен мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү, алардын өз ара катнашынын формалары жана ыкмалары, мамлекет менен инсандын ортосундагы өз ара мамилелеринин механизимдери, мамлекеттик органдар менен социалдык уюмдардын өз ара иш аракеттери ж.б.у.с. жагдайлар талданат.

**Конституциялык укук илиминин предмети** ал укуктун тармагы катары каралган маанисине караганда кененирээк. Себеби, илим тармагынын предметин окуу менен түздөн-түз аны укуктун тармагы катары билүү окутулат. Ал билимдин (теория, концепция, доктрина, гипотеза жана алардын эволюциясы) түзүлүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн тарыхын талдайт.

**Кыргыз Республикасынын конституциялык укук илиминин булактары.** Конституциялык укук илимин

изилдөөдө булактардын кенири тутумуна негизделген, алар илимди таануунун көп түрдүүлүк ресурстарын камтыйт.

Кыргыз Республикасынын конституциялык укук илиминин булактары болуп:

**Ченемдик – укуктук актылар** – конституциялык укуктун ченемдерин, алгач Кыргыз Республикасынын Конституциясын камтыган, конституциялык укук илиминин негизги булагы.

Конституциялык укук илими үчүн теориялык жана илимий – практикалык мааниге жана баага ээ болгон **ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын, ойчулдардын жана саясий ишмерлердин эмгектери.**

Конституциялык укуктун тармагына, анын кээ бир институттарына кирген **теориялар, доктриналар жана гипотезалар.** Ушулардын негизинде укуктун тармагы түзүлөт жана өркүндөтүлөт.

Конституциялык укук илими ченемдик-укуктук атыларда камтылган концептуалдуу түшүнүктөрдүн маанисин, жоболорунун маанилүүлүгүн аныктайт жана негиздейт, алардын өз ара байланыштарын аныктайт жана конституциялык-укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет.

Илимий эмгектердин ар түрдүүлүгү, алардын карама-каршылыгы, талдоонун ар кандай методологиялык негиздерине жолтоо болбойт, тескерисинче илимдин өнүгүүсүнө көмөктөшөт, мындай чөйрөдөгү көйгөйлөрдү жана аспектилерди ачуу, аларды окуп үйрөнүү ийгиликтүү билимдерге жана ачылыштарга жакындаштырат, жыйынтыгында конституциялык укук тармагын өркүндөтөт. Сын пикирлерди түшүнүү илимди байытып, таанып-билүү процессин өнүктүрөт.

Теориялар, доктриналар жана гипотезалар конституциялык укуктун тармагына, анын институттарына караганда бир топ эсе ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Булардын негизинде гана укуктун негизги тармагы түзүлөт жана өркүндөтүлөт.

**Теориялар** - тиешелүү далилдер, изилдөө тажрыйбасы жана ишке ашыруу практикасы менен тастыкталган, логикалык жана эмприкалык түшүндүрмөлөргө негизделген окуулар.

Теориялар укук тармагын калыптандырууда, өнүктүрүүдө жана өркүндөтүүдө узак мөөнөттүү жана жаратуучу ролду ойнойт. Мисалы, конституциялык укук тармагы үчүн баа жеткис катары конституционализм теориялары, түз демократия, элдик өкүлчүлүк, табигый укуктар жана эркиндиктер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана башкалар.

**Доктрина** – практикалык иштерди колдонуу максатында анын маанисин жана мазмунун бекитүү, жайылтуу, кээде түзгөн идеяларды таңуулоо.

Доктрина теория менен практиканын ортосунда байланыштыруучу ролду аткарат. Алгачкы Совет бийлигинин жылдарында мамлекеттин жана укуктун калыптанышына негиз болгон, идеялык жана саясий жактан ачыкталган пролетариаттык диктатура доктринасын мисал катары келтирүүгө болот. Дагы бир мисал – социалисттик өлкөлөрдөгү мамлекеттин жана коомдун түзүлүшүндө колдонулган комунистик партия жетектеген ролдогу доктрина. Доктринанын илимий негизделиши натыйжалары менен далилденген аны ишке ашыруу процесси. Йгиликтүү жана узак мөөнөттүү ишке ашыруу учурунда доктрина теориянын мүнөзүнө ээ болушу мүмкүн. Белгилей кетүү керек, бир мамлекет үчүн тарыхы, улуттук өзгөчөлүгү, маданий жана саясий кырдаалы менен артыкчылыкка ээ болгон доктрина мүмкүн экинчи бир мамлекет үчүн колдонулбай.

Теориялардын жана доктриналардын калыптанышында маанилүү ролду гипотеза ойношу мүмкүн, доктрина сыяктуу эле теориянын өнүгүүсү, мүмкүн ал болжолдуу корутунду бойдон калмакчы.

***Гипотеза*** – кандайдыр бир конституциялык-укук жөнүндө билимдин болжолу.

Конституциялык укук илиминде алардын колдоочуларын да, каршылаштарын да тапкан ар кандай гипотезалар кабыл алынган жана убакыттын өтүшү менен четке кагылган. Алардын арасына конституциялык укук тармагынын аталышы жөнүндө божомолдорду андан аркы негиздемелеринде белгилеген конституциялык укуктун процессуалдык ченемдерин бөлүү, конституциялык жоопкерчилик институттун болушун атаса болот.

**Практика** юридикалык жана илимий болуп эки түшүнүктө каралат.

***Юридикалык практика*** – мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын укук жаратуучулук, укук колдонуучулук жана сот ишмердүүлүгүнүн, конституциялык – укуктук мамилелерге катышуучу башка субъекттердин маанилүү укуктук жүрүм-туруму (аракет жана аракетсиздик).

Эгерде конституциялык укуктун ченемдерин кабыл алуу жана ишке ашыруу процесстери; конституциялык – укук ченемдерин колдонуу боюнча мамлекеттик органдардын, ошондой эле соттордун конкреттүү ишмердүүлүктөрү; жарандар, конституциялык – укуктун башка субъекттери аларды аткарбагандыгы, коргогондугу жана пайдалангандыгы окулбаганда илим өз милдеттерин талаптагыдай аткара алмак эмес. Ошондуктан, юридикалык практиканы изилдөө жана талдоо - конституциялык укук илимин ийгиликтүү өнүктүрүүнүн маанилуу шарты.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасы үчүн сот тажрыйбасынын ролун жогорулатуу негизги талаптардын бири. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун курамында Жогорку Соттун Пленуму түзүлгөн. Пленумдун компетенциясы болуп сот тажрыйбасын жана сот статистикасын иликтөөнүн жана жалпылоонун материалдарын кароо жана сотторго Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуу боюнча соттук тажрыйбанын маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү эсептелинет. Институцияналдык мааниде Жогорку Соттон,

жергиликтүү соттордон тышкары конституциялык сот адилеттүүлүгүн ишке ашыруу максатында – Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту түзүлгөн. Конституциянын 97-беренесинин 1-бөлүгү боюнча Конституциялык сот конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, Конституциянын үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу максатында конституциялык контролду жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуп саналат.

**Жарандардын соттордо укуктарын коргоо боюнча доо арыздары, жогорку мамлекеттик органдарга жана сотторго кызмат адамдардын аракеттерине даттануулары.** Акыркы жылдары юридикалык жактардын жана жеке адамдардын мындай кайрылууларынын өсүү тенденциялары байкалууда, ошондой эле жарандардын өз укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча активдүүлүктөрү жогорулоодо. Бул конституциялык укук тармагындагы илимий изилдөөлөр үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Практиканын илимий түшүнүгү ар тараптуу иш – чаралардын өтүшү, илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары менен каралат.

Илимдин деңгээлин жогорулатууга олуттуу түрткүнү дискуссиялар жана полемика, конференцияларда илимий көйгөйлөрдү талкуулоо, симпозиумдар, семинарлар, илимий чөйрөдөгү башка чогулуштар берет.

Кыргыз Республикасында конституциялык укук тармагындагы илимий практика тиешелүү түрдө камтылган окуяларга жана натыйжаларга бай, алар конституциялык-укук ченемдерин түзгөн жана ишке ашырган конституциялык укуктун субъекттери үчүн басма сөз материалдарында жана окумуштуулардын сунуштарында ишке ашырылат.

**Кыргыз Республикасынын Конституциялык укук илиминин методдору.** Ар кандай илимди билүүнүн маанилүү куралы – бул изилдөө методу эсептелинет.

**Изилдөө методу** – таанып билүүнүн жолу жана ыкмалары, практикалык жана теориялык жактан реалдуулукту билүү ыкмаларынын жана операцияларынын жыйындысы, тагыраагы болгон билимди таанып билүү же жаңы билимге ээ болуу максаты менен иреттелген иш.

Азыркы юриспруденция изилдөө методдорунун кеңдиги менен мүнөздөлөт. Билимдин башка тармактары сыяктуу эле конституциялык укук илими методдордун көптөгөн түрүн колдонот, алар менен изилдөөнүн натыйжалуулугун камсыз кылат.

Бардык илимдерде изилдөө методдору **жалпы (жалпы илимий)** жана **атайын** болуп бөлүнөт.

*Жалпы методдорго*:

- системалык талдоо методу;
- диалектикалык метод (философиялык методдор);
- социологиялык талдоонун методу жана конкреттүү социологиялык методдору;
- кибернетикалык жана математикалык моделдөө методдору ж.б. кирет.

*Диалектикалык метод* категорияларды жана кубулуштарды алардын жалпы байланышын, калыптанышын жана тынымсыз өнүгүшүн түшүнүүнүн аркасында таанып билүү процессин кеңейтет.

*Системалык талдоо методу* бардык тармактардын түзүмдөрүн өз ара байланышкан элементтерден турган тутум катары кароого мүмкүндүк берет.

Конституциялык укук илими системалык талдоо методун кеңири колдонот. Конституциялык укук илиминде анын тармактын тутуму, курамдык элементтери, алардын өз ара мамилелери жана өз ара байланыштары, негизги функциялары каралат. Түзүмдүн ичинен бөлүнгөн элементтер катары конституциялык укуктун өзүнчө институттары, тармак алдындагы бөлүмдөр каралат. Көз

караштын биргелешкен мамиледеги ээлеген орду боюнча алганда, конституциялык укук тармагынын жалпы укук түзүмүндөгү орду белгиленет.

Азыркы коомдук илимдердин алкагында жалпы *социологиялык анализдин методу жана конкреттүү социологиялык методдор* (статистикалык метод, сурамжылоо, коомчулуктун пикирин сурамжылоо, социалдык эксперимент ж.б.) кеңири колдонулат, сандык талдоонун жана чогулган фактылардын негизинде алардын жардамы менен коомдук пикир жана анын динамикасы окутулат, ушул же башка процесстердин жана кубулуштардын өнүгүүсү болжолдонот, ошондой эле тигил же бул аракеттердин туура тандалгандыгы текшерилет.

Ар бир илимде изилдөө предметинин өзгөчөлүктөрүнө таянып, илимий анализдин өзүнүн, атайын илимий талдоо методдору бар.

Юридикалык илимдеги укуктук изилдөөлөрдүн негизин *формалдуу юридикалык талдоо методу* түзөт, анын негизинде укуктук ченемдерди жана институттарды ишке ашыруунун мазмуну жана шарттары талданат. Конституциялык укук илими жана ошондой эле башка юридикалык илимдер мындай методду кеңири колдонушат, алардын жардамы менен конституциялык-укук ченемдеринин мазмунун жана маанисин изилдешет. Мындай методдор кээ бир учурларда формалдуу-догмалык деп аталат, анткени ал укуктун догмасынын бетин ачууга багытталган.

Конституциялык укук илиминде **салыштырмалуу – укуктук метод** – укуктук изилдөөлөрдү салыштыруу жолу менен коюлган изилдөөнүн милдеттерин чечүүнүн ыкмасы.

Салыштырмалуу-укуктук методдун конституциялык укуктагы колдонуусунун ролу ар кайсы өлкөлөрдө бир тектүү чөйрөдөгү коомдук мамилелерди жөнгө салган конституциялык-укуктук ченемдерди салыштырмалуу талдоону билдирет. Бул ыкма конституциялык-укуктук жөнгө салуунун эң натыйжалуу моделдерин жана

конституциялык укуктун ченемдерин ишке ашырууну аныктоого кыйла мүмкүндүк берет.

Салыштырмалуу укуктук талдоонун негизги милдети катары мамлекеттердин конституциялык укугунун жалпы жактарын жана өзгөчөлүктөрүн жөн гана салыштырып жазып коюу эмес, прогрессивдүү тажрыйбаларын түзүү жана аны колдонуунун перспективалары саналат. Жыйынтыгында бир өлкөдө, шериктеш мамлекеттерде жана бүткүл дүйнөдө мыйзамдарды өркүндөтүү жана тажрыйба жүзүндө ишке ашыруу боюнча сунуштар иштелип чыгат.

Конституциялык укук илими, салыштырмалуу түрдө ар кандай өлкөлөрдүн ченемдик укуктук актыларына баа берет, конституциялык-укуктук жөнгө салуунун жакшы жактарын биргелешкендиги Кыргыз Республикасынын укуктук маданияты үчүн жогорку даражада болмокчу.

Мисалы, 2021-жылдын 5-майында күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Конституциясын иштеп чыккан учурда бир канча өлкөлөрдүн конституциялык жөнгө салуудагы тажрыйбалары кенен каралган (АКШнын, Россия Федерациясынын, Германия Федеративдүү Республикасынын ж.б.).

Изилдөөнүн **тарыхый-укуктук методун** колдонмойунча конституциялык укуктун түзүлүшүнүн жана өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн окуу мүмкүн эмес.

Ар бир мамлекеттин конституциялык укук тармагынын улуттук өзгөчөлүгү биринчи кезекте, анын тарыхый пайда болуу жана өнүгүү жолдору менен аныкталат. Конституциялык-укуктук салттар жана укуктук маданият, жарандардын конституциялык укуктук аң-сезими жана конституциялык түзүлүштүн өнүгүү деңгээли тигил же бул өлкөнүн тарыхын изилдөө аркылуу гана билинет, ошол окуялар анын азыркы конституциялык абалын аныктады.

Конституциялык укук илими мамлекеттик жана коомдук турмуштагы үзгүлтүксүз өзгөрүүлөрдү эске алуу менен конституциялардын жана азыркы конституциялык-укуктук мыйзамдардын өнүгүү тарыхын, илимий көз

караштардын эволюциясын изилдейт. Атап айтканда, азыркы этап Кыргызстандын укук илиминин чөйрөсүндө көз карандысызга чейинки Кыргыз мамлекетинин мамлекеттик (конституциялык) укугунун өнүгүү теориясына жана тарыхына кайрадан баа берүү. Кыргыз Республикасында конституциялык укук чөйрөсүндө илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн бүгүнкү күндүн окумуштуулары тарабынан совет мезгилиндеги илимдин нигилизми тарыхый өткөн мезгилге карата ийгиликтүү боло алды.

Азыркы конституциялык укук илими өзүнүн конституциялык-укуктук ченемдерин, конституциялык-укуктук мамилелерин жана институттарын формалдуу-укуктук (позитивисттик) талдоо менен эле чектелбейт. Конституциялык укук илиминде конституциялык укукту жүзөгө ашыруу абалын чагылдырган мамилелер изилденет. Мындай талдоолор **социалдык-укуктук методдордун** негизинде, конкреттүү **социалдык-укуктук изилдөөлөрдө** жүргүзүлөт.

Бул методдорду колдонууда конституциялык укуктун ченемдерди ишке ашырууда келип чыккан чөйрөлөрү окутулат, укуктук аң-сезимдин өнүгүүсүнө таасир эткен шарттар, жарандардын жана конституциялык-укуктук мамилелердин башка субъектеринин жүрүм-турумунун мотивдери аныкталынат. Эмпирикалык материалдарды чогултуу жана аны кайрадан иштетүү конституциялык укукту окутуунун эффективдүүлүгүнө мүмкүндүк берет. Мындай изилдөөлөрдүн жыйынтыгы конституциялык укук ченемдерин жакшыртуу жолдорун изденүүгө мажбурлайт.

Укуктук талдоодо адаттагы социалдык методдор менен эле катар **социалдык-укуктук эксперимент** сыяктуу изилдөөнүн абдан татаал методдору колдонулат.

***Кыргыз Республикасынын конституциялык укук дисциплинасынын түшүнүгү, түзүмү жана негизги мазмуну.***

Конституциялык укук окуу курсу катары базалык окуу дисциплинасы болуп эсептелет. Өлкөнүн саясий жана

коомдук жашоосунда мамлекеттик – укуктук түзүлүштүн негиздерин жана маанисин, анын механизимдеринин түзүлүшүн түшүнүү үчүн бул дисциплинаны мамлекеттик башкаруу жана юриспруденция тармагындагы адистердин билүүсү зарыл.

Конституциялык укук бардык юридикалык факультеттерде окуу дисциплинасы катары берилет. Бул окуу дисциплинасынын көлөмү жана мазмуну мамлекеттик стандартта бекитилген талаптар боюнча аныкталат.

Союз мезгилинде аталган окуу дисциплинасы мамлекеттик укук аталышында окутулган.

«Конституциялык укук» түшүнүгү 1960-жылдары советтик окумуштуулар тарабынан активдүү колдонула баштады. Андай позиция ал кезде кеңири жайылбаса да, конституциялык укук жөнүндө маселе илимий көйгөй катары кабыл алынган.

Бул укук тармагын (конституциялык же мамлекеттик) кантип аташ керектиги жөнүндө эң кеңири талкуу 1970-жылдардын башында пайда болду. Негизги көйгөй ар кандай мамилеге байланыштуу укуктук жөнгө салуу предметине жана каралып жаткан укук тармагынын коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн маанилүү аспектилерин аныктоодогу мааниси жөнүндөгү маселе эле. Талаш-тартышта аргумент катары тармактын аталышын анын негизги булагын чагылдыруу катары атоо сыяктуу формалдуу учурлар да кездешкен.

Коомдогу саясий уюштуруучулукка болгон көз караштардын негизинде 1980-жылдын аягында 1990-жылдын башында юридикалык илимде конституциялык-укуктук баалуулук түзүмү жөнүндө жаңы докторина калыптана баштаган. Акырындык менен мамлекеттик укуктук деп аталган аталыштан конституциялык укуктук аталыштагы окуу дисциплинасына өтүү процесси жүргүзүлгөн.

«Конституциялык укук» аталыштагы укук тармагын колдонууга массалык түрдө өтүүнүн шарты 1993-жылдын 5-

майында Кыргызстан Республикасынын он экинчи шайланган Жогорку Кеңешинин он экинчи сессиясында кабыл алынган Конституция менен тыгыз байланышта. Мында Кыргыз ССРнин Конституциясында колдонулган «мамлекеттик түзүлүш» деген термин 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган жаңы Конституциянын биринчи главасында «Конституциялык түзүлүштүн негиздери» деген аталышта болгон.

**Текшерүү үчүн суроолор жана тапшырмалар**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугуна укуктун тармагы катары түшүнүк бергиле жана анын өзгөчөлүгүн ачыктагылы.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун укук тармагы тутумундагы ордун аныктагыла.
3. Конституциялык-укуктук жөнгө салуунун методдорун белгилеп, алардын маанисин ачып бериңиз.
4. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укук илимине түшүндүрмө бергиле жана негизги милдеттерин белгилегиле.
5. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укук илиминин булактарын атагыла жана кыскача мүнөздөмө бергиле.
6. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укук илиминде колдонулуучу изилдөө методдорун атагыла жана аларга мүнөздөмө бергиле.

**1 - кейс – тапшырма:**

«Түндүк» ААКму жана «Кербен» ЖАКу коммерциялык жарнактарда Чүй облусунун герби менен гимнин колдонууга Сокулук районунун администрациясынан уруксат алышкан. Чүй облусунун прокурору тарабынан Чүй облусунун Уставынын бузулушу жөнүндө администрацияга сунуш киргизген, анткени Уставда герб Чүй облусунун символу катары сыпатталышы

жана мамлекеттик символ катары герб коммерциялык иштерде колдонулушу мүмкүн эмес.

*Бул жагдайда укуктун кайсы тармактары колдонулат?*

*Конституциялык укуктун жөнгө салуу предмети деген эмне?*

**2 – кейс – тапшырма:**

Абдуллов Н.К. аттуу жаран унаасын «Токтоого тыюу салынат» деген белгинин тушуна токтоткон. Унаа Мамлекеттик Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо инспекциясынын атайын кызматы тарабынан эвакуацияланган. Абдуллов Н.К. Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо инспекциясынын кызматкерлеринин аракеттерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинде кепилденген менчик укугун бузган жана мыйзамсыз деп эсептеген. Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик инспекциясы каршы пикирлерин келтирип, анда менчик укугун ишке ашыруу колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген чектерде жүргүзүлүшү керектигин белгилешкен. Жол кыймылына тоскоол болгон транспорт каражаттарын эвакуациялоону жүзөгө ашырууга Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик инспекциянын укугу колдонуудагы мыйзамдарда каралган.

*Административдик укуктан айырмаланып конституциялык укук менен жөнгө салынуучу укуктук мамилелердин объектиси эмне?*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясында менчик укугу кандай каралган?*

*Бул иш боюнча кандай чечим чыгышы мүмкүн?*

# 2-глава. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун тутуму

## 2.1. Кыргыз Республикасынын конституциялык-укугунун ченемдери: түшүнүгү, түрү, өзгөчөлүгү

Ар бир өлкөдө конституциялык укук тармагынын тутуму укуктук маданияттын салттарынын, конституциялык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүнүн жана деңгээлинин негизинде түзүлөт. Ошону менен бирге тармакты биргелештирүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү бар.

Конституциялык укук тигил же бул мамлекеттин укуктук тутумунун бир бөлүгү болуу менен өз кезегинде тутумдун бардык белгилерине ээ болгон жана элементтерге бөлүнгөн татаал тармактык мүнөзгө ээ.

Конституциялык укук (укуктун тармагы катары) - негизги жана ар кандай укуктук ченемдер. Бул ченемдердин жөнөкөй гана жыйындысы эмес, алардын ички уюшулган тутуму, биринчи элементи болуп эсептелген укук ченемдери өз ара байланышкан топтордон туруп, инстутуттарды түзөт жана аларды ишке ашыруу конституциялык-укуктук мамилелерге катышуучулардын же субъекттердин белгилүү курамы менен укуктук мамилелерди пайда кылат.

Конституциялык укук мазмуну боюнча ар түрдүү, укуктук мамилелердин субъекттилери жана укуктук жөнгө салуунун объектиси болгон олуттуу сандагы укуктук ченемдерден турат. Башка тармактарга салыштырмалуу конституциялык укуктун ченемдеринин түзүлүшү кыйла таталыраак, айтылып жүргөндөр менен катар ченем-принциптери, ченем-максаттары, ченем-декларациялары, ченем-милдеттери жана башка типтүү эмес ченемдер кездешет.

Конституциялык укук тармагында тутум катары үч элементтин түрүн белгилесек болот: түзүм түзүүчү, функционалдык жана формалдык.

**Түзүм түзүүчү элементтер** тармактын актуалдуу архитектурасын чагылдырат. Алардын курамы үч баскычтан турат: укуктун ченемдери - институттар – тармак алдындагылар. Укук тармагынын түзүмүнүн негизги элементтери болуп укуктук ченемдер саналат, алар белгилүү бир өзгөчөлүгү боюнча топтоштурулган, жөнгө салуу мамилелеринин түрү менен шартталган, комплекстерге бириктирилүүсү *институт болсо*, ал эми өз кезегинде, институттардын топтолуусу *тармак алдындагы* деп аталат.

**Функционалдык элементтер** тутумдун иш-аракетин мүнөздөйт. Тутумдун бул башталышынын негизги көрсөткүчү болуп укуктук ченемдердин, институттардын жана тармак алдындагылардын таасири астында калыптанган конституциялык-укуктук мамилелер.

**Формалдуу элементтер** укук ченемдерин камтыган конституциялык укуктун булактарында жана актылардын айрым түрлөрүндө чагылдырылган бүтүндөй институттар жана тармак алдындагы укук ченемдери.

Конституциялык укук тармагынын биринчи элементи – анын ченемдери.

**Конституциялык укук ченемдери** – бул ушул тармактын предметин түзгөн, коомдук мамилелерди жөнгө салган, конституциялык-укук мамилелеринин субъекттилеринин мүмкүн болгон жана уруксат берилген чектерин аныктаган жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелери.

**Конституциялык-укук ченемдеринин белгилери жана түрлөрү.** Конституциялык укук ченемдеринде жалпы укук ченемдерине тиешелүү болгон белгилер жана ушул укуктун тармагына гана тиешелүү болгон өзгөчөлүктөр кездешет.

Конституциялык укуктун ченемдерине жүрүм-турум эрежелеринин бул түрүнө мүнөздүү болгон юридикалык

ченемдердин бардык белгилери мүнөздөлөт. Бул сапаттар укук ченемдеринин жалпы белгилери деп аталат:

- жалпыга милдеттүү;
- мамлекет тарабынан түзүү;
- мамлекеттик кепилдиктер тутумунун жардамы менен ишке ашырууну камсыз кылуу;
- атайын мамлекеттик-укуктук каражаттар менен коргоо, анын ичинде мажбурлоо жолу менен ж.б.

Жалпы белгилер менен биргеликте конституциялык укук ченемдери конституциялык укук предметинин мүнөзүн аныктаган өзгөчө белгилерден турат.

Конституциялык укук ченемдеринин өзгөчөлүгү:

**1. Маанилүүлүк даражасы.** Мында ченемдер өзгөчө мааниге ээ жана өзүнүн табияты боюнча коомдогу эң маанилүү мамилелерди жөнгө салат. Алардын арасында мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн негиздери, инсан менен мамлекеттин ортосундагы өз ара мамилелердин негиздери сыяктуу фундаменталдык маанилүү мамилелер өзгөчөлөнүп бөлүнүп турат.

**2. Субъекттер.** Укуктук мамилелердин түрүнө карабастан, бардык укук колдонуучу субъекттерге арналган коомдук мамилелердин кеңири чөйрөсүн ченемдер жөнгө салат. Башкача айтканда, бир эле мезгилде конституциялык-укуктук мамилелердин субъекттери жарандык укуктун административдик-укуктук, эмгектик жана башка укуктук мамилелердин тараптары болушу мүмкүн.

**3. Атайын булактар.** Укук булактарында жогорку юридикалык күчкө ээ, өзгөчө актыда камтылган негизги, эң маанилүү ченемдер – Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Конституциялык – укуктун ченемдери декларация, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун токтому сыяктуу өзгөчө укуктук актыларда камтылган.

**4. Юридикалык күчү.** Конституциялык укуктун ченемдеринин олуттуу бөлүгү – Кыргыз Республикасынын

Конституциясында камтылган, эң жогорку юридикалык күчкө ээ.

**5. Ченемдердин түрлөрүнүн өзгөчөлүгү.** Конституциялык укукта укуктун башка тармактарына караганда укуктун жалпы жөнгө салуучу ченемдери көп. Салыштырмалуу, жалпы жөнгө салуучу укук ченемдеринин болуусу башкаларды жокко чыгарбайт, алардын негизинде конституциялык укуктун жалпы ченемдерин түшүндүрүүчү, конкреттештирүүчү жана иштеп чыгуучу ченемдердин кабыл алынуусун сунуш кылат.

**6. Ченемдер камтылган түзүүчүлүк (учредительный) мүнөздөгү көрсөтмөлөр.** Ченемдер, биринчиден, мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн түрүн аныктайт, экинчиден, алар башка бардык укуктук ченемдерди түзүү үчүн милдеттүү тартипти белгилейт: укук тутумун жана ченемдик-укуктук актылардын негизги формаларын, аларды кабыл алуунун жана жарыялоонун тартибин, мамлекеттик түзүлүш, мамлекеттик бийлик органдарынын тутумун, мамлекеттик органдардын компетенцияларын ж.б. аныктайт.

**7. Милдеттенмелеринин даражасы.** Адамдардын жана жарандардын укуктарын аныктоодо жана жөнгө салууда конституциялык укукта кеңири колдонулган укуктук жөнгө салуунун императивдик (милдеттүү) ченеми уруксат берүүчү (дозволение) ченем менен айкалышы.

**8. Түзүм.** Көбүнчө конституциялык укуктун ченеми гипотезаны жана диспозицияны, же бир гана диспозиция камтыйт. Кээ бир учурларда бардык үч элементти кездештирүү мүмкүн, анын ичинде санкцияны дагы.

**9. Ишке ашыруунун өзгөчө механизми.** Көптөгөн конституциялык-укуктук ченемдер үчүн ишке ашыруу конкреттүү укуктук мамилелердин эмес, жалпы мамилелердин же укуктук макамдын өзгөчө түрүнүн пайда болушун билдирет (Кыргыз Республикасындагы жарандык абал ж.б.).

**10. Субъекттердин өзгөчөлүктөрү.** Ченемдер коомдук мамилелерди жөнгө салуудагы атайын субъекттердин ортосунда багытталган:

- эл;
- мамлекет;
- мамлекеттик бийлик органдары;
- жергиликтүү жамаат.

**11. Укук ченемдеринин адеп ченемдери менен тыгыз байланышы.** Конституциялык-укуктук жөнгө салуунун гуманисттик багытын эске алсак адеп-ахлактык категорияларды колдонуу бир топ негиздүү. «Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаатоо - элдин ыйык салты» (Кыргыз Республикасынын Конституцияс 21-берене 2-бөлүк).

Конституциялык укукта жалпы мүнөздөгү **өзгөчө ченемдер** кездешет: ченем-декларациялары, ченем-аныктамалары, ченем-максаттары, ченем-принциптери, ченем-милдеттери, ченем-программалары, ченем-түшүндүрмөлөр, ченем-символдор.

Ченем-декларациялары Кыргыз Республикасынын Конституциянын преамбуласында; Конституциялык түзүлүштүн негиздерин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын «Конституциялык түзүлүштүн саясий негиздери» деп аталган 1-главасында камтылган. Ченем-декларациялары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинде «Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) - көз карандысыз, эгемен, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет» деп бекитилген. Ошондой эле ченем-декларациялары катары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесиндеги «Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет» деген ченем аталмакчы.

Ченемдер-принциптер Конституциянын жогоруда аталган бөлүмүндө камтылган Кыргыз Республикасында элдин эгемендиги, Кыргыз Республикасынын эгемендиги,

укук үстөмдүгү, укуктук, унитардык мамлекет, бийлик органдарынын бутактарга бөлүнүшү, Кыргыз Республикасында менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрүнүн бирдей деңгээлде таанылышы ж.б. (Конституциянын 1, 2, 4, 15- ж.б. беренелери).

Бул ченемдердин айрымдары башка, конкреттүү ченемдердин-принциптердин тутуму аркылуу чечмеленет. Мисалы, принциптин иштеши Кыргыз Республикасы унитардуу мамлекет катары Кыргыз Республикасынын чек арасындагы аймагы бүтүн жана кол тийгис принциптерине негизделет, Мамлекеттик башкарууну жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу максатында Кыргыз Республикасынын аймагы мыйзам менен аныкталуучу администрациялык-аймактык бирдиктерге бөлүнөт (Конституциянын 3-беренеси).

**Ченем-түшүндүрмөлөр жана ченем-аныктамалар** объекттин, предметтин, укук субъекттинин жана башкаларды жөнгө салган мамилелердин маанисин жана негизги мазмунун ачууга багытталган. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүндөгү «Кыргыз Республикасы» жана «Кыргызстан» деген түшүнүктөр бир маанини берүү менен ченем-түшүндүрмөсү камтылган. Мындай ченемдер конституциялык укук ченемдеринде сейрек кездешет жана көбүнчө өлкөнүн өнүгүшүнүн тарыхый, маданий, улуттук өзгөчөлүктөрүн чагылдырат.

Кээ бир жоболорду колдонуу убактысы жөнүндө ченем-түшүндүрүүлөрдүн өзгөчө категориясы бар. Мисалы, 2021-жылдын 5-майындагы № 59 «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы тууралуу баяндаса, 2,3,4,5,6,7,8-беренелери өлкөнүн жаңы баш мыйзамы күчүнө киргенге чейин кабыл алынган ар кандай ченемдик укуктук актыларды колдонуунун жана

аракетинин тартиби жөнүндө, иш-аракеттеринин тартиби жана мөөнөттөрү, Конституция кабыл алынганга чейинки шайланган жана түзүлгөн мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктары жана башкалар жөнүндө түшүндүрмөлөрдү камтыйт.

Конституциялык укуктун ченем тутумундагы өзгөчө ролду **ченем-аныктамалар** ээлейт, алардын жардамы менен негизги коомдук укуктук институттар, мекемелер, уюмдар, органдар жана башка категориялар жана конституциялык укуктун терминдери түшүндүндүрүлөт. Атап айтсак, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 51-беренесинде ченем-аныктамасы көрсөтүлүп Кыргыз Республикасынын жарандыгына түшүндүрмө берилген. Анда мындай дейт «адам менен мамлекеттин өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысынан турган туруктуу укуктук байланышы».

Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарында бир топ ченем-аныктамалар камтылган. Мисалы, 2011-жылдын 2-июлу № 68 "Кыргыз Республикасынын Президенттин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынан шайлоо, шайлоо укугу, шайлоо округдары, шайлоо комиссиялары жана башка түшүнүктөрдү берген ченем-аныктамаларды таба аласыз[5].

Конституциялык укукта көптөгөн ченем-максаттар, ченем-милдеттер, ченем-программалар кездешет. Алсак,

---

[5] Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы 2011-жылдын 2-июлу № 68 (КР 2011-жылдын 25-ноябрындагы № 221, 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2020-жылдын 30-июнундагы № 68, 2020-жылдын 11-ноябрындагы № 2, 2021-жылдын 15-июлундагы № 84, 2021-жылдын 26-августундагы № 103, 2022-жылдын 18-октябрындагы № 97 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык). Электронный ресур // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203244?cl=ky-kg.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренеси үй-бүлө - коомдун негизи экендигин гана аныктабастан, Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик саясатта «үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат» деген ченемди дагы камтыйт.

Конституциялык укукта дагы бир кызыктуу ар түрдүүлүктү – **ченем-символдорду** кезиктирүүгө болот. Кыргыз Республикасынын конституциялык укугунда ченем-символдор адатта ченем-аныктамалар менен айкалыштырып колдонулат. Мисал катары, 2004-жылдын 17-июлундагы № 91 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Аталган Мыйзамдын 3-беренеси боюнча «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу ортосуна кырк нуру тегиз чачыраган алтын түстөгү күн алкагынын, күн алкагынын ичине кыргыз боз үйүнүн кызыл түстөгү түндүгүнүн сүрөтү түшүрүлгөн тик бурчтуу кызыл кездемеден жасалган. Туунун эни анын узундугунун бештен үчүн түзөт. Нурлуу алкактын диаметри туунун энинин бештен үчүн түзөт. Күндүн жана нурлуу алкак диаметрлеринин катышы - бештен үчкө барабар.Түндүктүн диаметри нурлуу алкактын диаметринин жарымына барабар»[6].

Мамлекеттик гербдин сүрөттөлүшү бир эле учурда символдорду адабий чагылдыруу, алардын образдарына тарыхка, үрп-адаттарга байланыштыруу менен мүнөздөлөт жана коштолот.

**Конституциялык укуктун ченемдеринин түзүмү.** Көпчүлүк конституциялык-укуктук ченемдер укуктук ченемди түзгөн үч түзүмү менен мүнөздөлбөйт: гипотеза, диспозиция жана санкция. Эреже катары, ченемдин диспозициясын бузгандыгы үчүн каралган конституциялык укуктук санкциялар башка укук тармактарынын ченемдеринде камтылган. Буга байланыштуу конституциялык-укуктук ченемде, эреже катары, башка укук

6

ченемдерине шилтеме берилет. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-беренисинин 6-бөлүгүнө ылайык «…Билип туруп атайын мыйзамсыз жана негизсиз кармоо же камакка алуу аныкталган учурда кызмат адамдары жазык жоопкерчилигине тартылат». Демек бул жердеги конституциялык ченем Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине шилтеме берип жатат.

Конституциялык ченемдерде каралган эрежелерди бузгандыгы үчүн тийиштүү кылмыш-жаза жана административдик жоопкерчиликтерди Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде жана Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде көптөгөн санкцияларды табууга болот.

Түздөн-түз конституциялык укук ченемдеринде камтылган санкциялардын мисалдары:

- Кыргыз Республикасынын Президентин кызматтан четтетүү (73-берене Кыргыз Республикасынын Конституциясы);
- Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу (79-берене Кыргыз Республикасынын Конституциясы);
- Президент өз демилгеси менен Министрлер Кабинетинин иштеп жаткан курамын же мүчөсүн кызматтан кетирүүгө укуктуу (92-берене Кыргыз Республикасынын Конституциясы).

Конституциялык-укуктук жоопкерчиликтин ар кандай түрлөрү катары Конституциялык соттун чечимдери менен конституциялык соттун карамагына кирген актылардын конституциялык эмес деп табылышын да келтирүүгө болот. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын Конституцияга ылайык келүүсү тууралуу иштерди чечет[7].

**Конституциялык укуктун ченемдерин ишке ашыруу механизми** алардын негизинде башка ченемдик

[7] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Бишкек 2021. 32-бет.

укуктук актыларды кабыл алынуу камтыйт, иш жүзүндө алардын жоболору конституциялык-укуктук ченемдерди, ошондой эле башка тармактардын ченемдерин ишке ашырууну камсыз кылат. Ушуга байланыштуу конституциялык укуктун ченемдеринин ичинен көп сандаган шилтеме ченемдерин кезиктирүүгө болот. Көбүнчө Конституциялык мыйзамдарга же мыйзамдарга шилтеме жасалат. Мисалы, Кыргыз тили - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Мамлекеттик тилди колдонуу тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат (Конституциянын 13-беренеси 1-бөлүгү); Соттордун уюштурулушу жана иш тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат (Конституциянын 94-беренеси 4-бөлүгү); …көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын ишинин уюштурулушу жана тартиби, ошондой эле алардын көз карандысыздыгынын кепилдиктери конституциялык мыйзамдар менен аныкталат (Конституциянын 110-беренеси); ...Аскердик кызмат өтөөдөн бошотуунун же аны альтернативдик кызмат менен алмаштыруунун негиздери жана тартиби мыйзам менен аныкталат (Конституциянын 54-беренеси 2-бөлүгү); Интеллектуалдык менчик мыйзам менен корголот (Конституциянын 48-беренеси 4-бөлүгү).

Конституциялык мыйзамга же жөн эле мыйзам боюнча көпчүлүк шилтемелер Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-главасында, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктеринде камтылган. Шилтеме кылынган ченемдер Кыргыз Республикасынын Конституциясынын башка главаларында дагы каралган. Мисалы, Конституциянын 14-беренесинин 2-бөлүгүндө «Бишкек шаары - Кыргыз Республикасынын борбору. Бишкек жана Ош шаарлары республикалык маанидеги шаарлар болуп саналат. Республикалык маанидеги шаарлардын статусу мыйзам менен аныкталат».

Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Конституциялык мыйзамдарында жана мыйзамдарда шилтемелер актылардын башка түрлөрүнө дагы колдонулат.

Конституциялык-укуктук жөнгө салуунун гуманисттик багытын эске алуу менен **моралдык категорияларды колдонуу** толук негиздүү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын преамбуласында, 21-беренесинде, 54-беренеси, 65-беренесинде адеп-ахлахтык жана юридикалык ченемдердин колдонулушу белгиленген.

Преамбуланын мазмунунда адеп-ахлактык ченемдер жана категориялар мындайча берилген: «ата-бабабыздын наркын, салтын сактап, Айкөл Манастын осуяттарына таянып, биримдикте, тынчтыкта жана ынтымакта табият менен таттуу мамиледе жашоону улап»; «адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого жана урматтоого умтулууну ырастап»; «элдин эркиндиги үчүн курман болгон баатырларды эсте сактап»; «азыркы жана келечек муундардын алдында Мекен үчүн жоопкерчиликти түшүнүп…». Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 21-беренесинде «Мамлекет адам укугун жана эркиндигин кемсинтпеген наркты, үрп-адаттарды жана салттарды сактоо менен Кыргызстан элинин маданиятынын өнүгүүсүнө камкордук көрөт. Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызааттоо - элдин ыйык салты». Демек наркты, үрп-адаттарды жана салттарды сактоо конституциялык-укуктук коргоодо тургандыгы менен белгиленген. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 54-беренесинин 1-бөлүгүндө ата Мекенди коргоо - Кыргыз Республикасынын жарандарынын милдети гана эмес ыйык парзы катары дагы таанылган.

**Кыргыз Республикасынын конституциялык укук ченемдеринин классификациясы.** Конституциялык укуктун ченемдеринин өзгөчөлүктөрү алардын классификациясында ачыкталмакчы. Бардык конституциялык ченемдер көз карашынан, алардын негизги максаты, ролу жана укуктук жөнгө салуу механизиминдеги орду боюнча алганда бирдей. Классификация кабыл алынган критерийлерге ылайык ченемдерди кээ бир түрлөргө бөлүү

үчүн, алардын жөнгө салуучу сапаттарын жакшыраак изилдөө жана пайдалануу максатында тиешелүү белгилердин жыйындысын билдирет.

Конституциялык-укуктук ченемдер ар кандай негиздер боюнча бөлүнүшү мүмкүн.

1. Көрсөтмөлөрдүн укуктук табиятына жана милдеттүүлүгүнүн даражасына жараша төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:

- **императивдүү (милдеттүү) ченемдер** - буйрук берүүчү эреже жүрүм-туруму - мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу жоболор, Кыргыз Республикасынын жарандарынын милдеттери, ошондой эле милдеттенмелерди ишке ашыруу боюнча ар кандай аракеттерди аныктоо. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 9-бөлүгүнүн 1-2-пункттары боюнча Президент конституциялык мыйзамда каралган учурларда өзгөчө абал киргизүү жөнүндө эскертет, ал эми зарыл болгондо аны айрым жерлерде алдын ала жарыялабай туруп киргизет, ал жөнүндө Жогорку Кеңешке токтоосуз билдирет.

- **диспозитивдүү ченемдер** - жарандардын укуктары жана эркиндиктери белгиленген ченемдерде тигил же бул жүрүм-турумду тандоо мүмкүнчүлүгү берилет. Кыргыз Республикасынын жарандары аларга берилген укуктарды жана эркиндиктерди пайдалана алышат же алардан баш тарта алышат, бир эле учурда милдеттери болуп саналгандарды кошпогондо (мисалы, балдарды тарбиялоо укугу жана милдети).

**2. Функционалдык максаты боюнча төмөнкүлөргө бөлүнөт:**

- **материалдык ченемдер** - жүрүм-турум эрежелеринин мазмунун жөнгө салуу (иш-аракет жана аракетсиздик), башкача айтканда, эмне болушу мүмкүн же кылуу же кылбоо деген суроого жооп берет;

- **процессуалдык ченемдер** - жүрүм-турум эрежелерин ишке ашыруунун формаларын жана жол-жоболорун

аныктайт жана суроого жооп берет: мүмкүн болушунча кандай же зарыл иш-аракет же иш-аракетсиздик.

Конституциялык укукта материалдык ченемдердин үстөмдүгүнө карабастан, Конституциянын дээрлик бардык бөлүмдөрүндө процессуалдык ченемдер кездешет. Мисалы, Президентти кызматтан четтетүү (72-берене), Жогорку Кеңештин биринчи жыйналышы (76-берене), бир катар адамдын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу тартибин аныктаган беренелер (59-берене 3-бөлүг, 29-берене 3-бөлүг ж.б.). Процессуалдык мүнөздөгү айрым конституциялык ченемдерге мамлекеттик түзүлүш формасы дагы мүнөздүү (3-берене 2-бөлүг).

Конституциялык укукта материалдык ченемдердин басымдуу болушу анда камтылган процессуалдык ченемдердин маанилүүлүгүн төмөндөтпөйт. Мына ушулар аркылуу конституциялык укуктун материалдык ченемдерин ишке ашыруу камсыз кылынат.

**3. Укуктук жөнгө салуу ыкмасы боюнча** (укуктун тиешелүү коомдук мамилелерге тийгизген таасири) конституциялык укук ченемдери ыйгарым укуктуу, милдеттүү жана тыюу салуу ченемдерине бөлүнөт.

*Ыйгарым укуктуу ченемдер* - укуктук мамилелердин субъекттерине укуктук жеңилдиктерди берүү, башкача айтканда, укуктарды жана эркиндиктерди, ыйгарым укуктарды жана аларды ишке ашыруунун шарттарын аныктайт. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык:

- Ар бир адам ажыратылгыс жашоо укугуна ээ (25-берене);
- Ар бир бала анын дене-боюнун, акыл-эсинин, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу (27-берене);
- Ар бир адам жеке турмушунун кол тийгистигине, абийиринин жана ар-намысынын корголушуна укуктуу (29-берене);

- Ар бир адам Кыргыз Республикасынын аймагында эркин жүрүүгө, баруучу жана жашоочу жерин тандап алууга укуктуу (31-берене).

Ыйгарым укуктуу ченемдер адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, элдин укугун, конституциялык укуктун башка субъекттилеринин укуктары жана ыйгарым укуктары берилген укуктук жөнгө салууну түзөт.

*Милдеттүү ченемдер* - кандайдыр бир аракеттерди же аракетсиздикти жасоого мажбурлоо. Мисалы, ар бир адам мыйзамда каралган учурларда жана тартипте салыктарды жана жыйымдарды төлөөгө милдеттүү (Конституциянын 50-беренеси), коомдук жүрүш-туруш эрежелерин жана ченемдерин сактоо, коомдун кызыкчылыктарын урматтоо - ар бир адамдын милдети (Конституциянын 53-беренеси).

*Тыюу салуучу ченемдер* – тыюу салууларды белгилейт б.а. алар белгилүү бир аракеттерден (аракетсиздиктен) баш тартууну, укук ченемдерин колдонууда мыйзамсыз болгон фактыларды аныктайт. Атап айтсак, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 2-бөлүгүндө мындай деп белгиленген «мамлекеттик бийликти күч колдонуп басып алууга жана мыйзамсыз кармап турууга, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарын тартып алууга багытталган аракеттерге жол берилбейт. Мамлекеттик бийликти узурпациялоо - өзгөчө оор кылмыш». Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде ар бир адам ажыратылгыс жашоо укугуна ээ. Адамдын өмүрүнө жана ден-соолугуна кол салууга жол берилбейт. Эч кимдин өмүрү өзүм билемдик менен кыйылышы мүмкүн эмес.

"Тыюу салынган" деген сөз көбүнчө түз колдонулат. Алсак Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук

коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улуттар аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салынат.

**4. Иш-аракеттин убактысы боюнча төмөнкүдөй конституциялык укук ченемдер айырмаланат:**

**- туруктуу ченемдер -** колдонуу мөөнөтү чектелбейт**;**

**- убактылуу ченемдер -** белгилүү бир мезгилдерде гана колдонулган ченемдер. Мисалы, өзгөчө кырдаал же согуш кырдаалы учурунда колдонулган ченемдер ж.б.

**5. Конституциялык укуктун ченемдери колдонуу аймагы боюнча төмөнкүлөргө бөлүнөт:**

**- жалпы улуттук, жалпы мамлекеттик** – мамлекттин бүткүл аймагында колдонулат;

**- аймактык ченемдер** - айрым аймактардын деңгээлинде гана иштейт;

**- муниципалдык же жергиликтүү ченемдер -** жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде колдонулат.

**6. Юридикалык күчү боюнча.** Конституциялык-укуктук ченемдер, ченемдик укуктук актылар кандай ырааттуулукта жайгаштырылса ошондой болуп камтылат: жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдер (Конституцияда камтылган), юридикалык күчкө ээ болгон конституциялык мыйзамдардын, мыйзамдардын, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун токтомдорунун, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарынын жана башка мыйзам алдындагы актылардын ченемдери.

## 2.2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун институттары

**Конституциялык укуктун институттары.** Конституциялык укук башка юридикалык тармактар сыяктуу эле, институттар тутумунан куралат.

*Институт* – бул укук ченемдеринин топторго же комплекстерге түзүү жана коомдук мамилелердин кандайдыр бир түрүн жөнгө салган укуктук түзүлүш – укук тармагынын алдындагы тутум.

Конституциялык укукта институттар иерархиялык тартипте, алардын юридикалык касиеттери менен берилген ырааттуулукта жайгаштырылат.

Укук ченемдеринин ар бир тобунун юридикалык белгилеринин жыйындысы укук тармагынын элементинин сапатын берет. Укук тармагынын элементтеринин бардык укуктук касиеттерин аныктаган баштапкы негиз – алар тарабынан жөнгө салынган коомдук мамилелер чөйрөсү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында аныкталган негизги институттар төмөндөгүлөр:

- Конституциялык түзүлүштүн негиздери;
- адамдын жана жарандын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери;
- мамлекеттик бийлик органдары;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу;
- конституциялык укуктук жоопкерчилик;
- Конституцияны кабыл алуунун, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби.

Жогорудагы классификацияда аныкталган институттардын ар бири жөнгө салынуучу коомдук мамилелердин олуттуулугун, кеңдигин камтууну жана ар түрдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Өз кезегинде тутум алдында же институттар алдында деп бөлүүгө болот.

Коомдук мамилелердин эң кеңири жана ар түрдүү чөйрөсүндөгү институттарга конституциялык түзүлүштүн негиздери, адамдын жана жарандын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери, негизги ички түзүлүш менен мамлекеттик бийликтин тутуму сыяктуулар кирет.

Конституциялык түзүлүштүн негиздери коомдук түзүлүш жана мамлекеттик түзүлүштүн негиздери деген түргө же негиздер үч элемент түрүндө бөлүп берилген: конституциялык түзүлүштүн саясий негиздери;

конституциялык түзүлүштүн социалдык-экономикалык негиздери; коомдун руханий-маданий негиздери.

Адамдын жана жарандын укуктук абалынын негиздери төмөндөгүдөй институттар алдындагы ченемдерди камтыйт: жалпы принциптер; жеке укуктар жана эркиндиктер; саясий укуктар; экономикалык жана социалдык укуктар; жарандык; жарандын укуктары жана милдеттери; адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиктери.

Мамлекеттик бийлик тутумун түзгөн бөлүктү төмөнкүдөй тутум алдындагы бөлүктөргө бөлүүгө болот: Кыргыз Республикасынын Президенти; Кыргыз Республикасынын Мыйзам чыгаруу бийлиги; Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиги; Кыргыз Республикасынын сот бийлиги; Кыргыз Республикасынын атайын статусу бар мамлекеттик бийлик органдары.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутуму төмөнкүдөй институттар алдындагы түзүмдөрдөн турат: жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негиздери; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму. Башка градациялар да болуусу мүмкүн.

**Тармак алдындагы Кыргыз Республикасынын конституциялык укугунун түшүнүгү жана түрлөрү.**

***Тармак алдындагы*** укук – бул бир институттан же институттардын тобунан келип чыккан жана системалуу жаңы сапатка ээ болгон, келечектеги укуктун өз алдынча тармагы катары өнүгүүсү үчүн өбөлгө түзгөн укуктук түзүлүш.

Эгерде конституциялык-укуктук жөнгө салуунун предмети, ыкмасы институтту түзүүчү укуктук ченемдер жана укук булактары конституциялык укуктун алкагынан чыкпаса, анда тармак алдындагы укук көп учурда базалык тармактын алкагынан, чегинен чыгып кетет жана ал башка укуктун тармактары жана мыйзамдар менен тыгыз байланышта өнүгөт.

Тармак алдындагы укук менен институттун негизги айырмачылыгы мына ушунда, биринчисинин өнүгүү перспективасы келечекте өз алдынча укук тармагын калыптандыруу болуп саналат. Мисалы, муниципалдык укук менен болгон. Белгилүү бир мөөнөткө чейин муниципалдык укук конституциялык укуктун бир тармагы катары каралган, бирок бара-бара жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды иштеп чыгуу жана бул институтту өркүндөтүү менен ал укуктук тутум жергиликтүү өз алдынча башкарууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды чагылдырган өз алдынча комплекстүү тармак катары калыптанды. Бул тутум конституциялык гана эмес, ошондой эле административдик, финансылык, экологиялык жана башка бир катар укук тармактарынын ченемдерин камтыйт.

## 2.3. Конституциялык-укуктук мамилелер

Конституциялык укук мамилелери – конституциялык укуктун ченемдери менен жөнгө салынуучу мамилелер, анын мазмуну болуп тиешелүү укук ченемдеринде каралган өз ара укуктар жана милдеттер түрүндөгү укуктук мамилелердин субъекттеринин ортосундагы укуктук байланыштар саналат.

Конституциялык-укуктук мамилелердин түзүмү субъекттерди, объекттерди жана мазмунду камтыйт.

*Конституциялык-укуктук мамилелердин объекттери* болуп субъекттер кирген мамилелердеги аракеттер саналат, мисалы, мамлекеттик бийликти жүзөгө ашырууга катышуу, инсандын кадыр-баркы, коомдук бирикмеге мүчө болуу ж.б. Конституциялык укуктун өзгөчөлүгү анын ченемдери тигил же бул жол менен коомдук турмуштун дээрлик бардык чөйрөлөрүн – саясий, экономикалык, социалдык жана руханий-идеологиялык чөйрөлөрдү камтыганында.

Бул объекттилерди төмөнкүдөй бөлсө болот:

1) материалдык баалуулуктар;

2) материалдык эмес баалуулуктар;

3) руханий чыгармачылыктардын жыйынтыктары;

4) саясий-экономикалык баалуулуктар;

5) курчап турган жаратылыш баалуулуктары.

Конституциялык - укуктук мамилелердин объекттилери коомдо кездешкен реалдуу балуулуктар. Ушул баалуулуктарды керектөө жана коргоо маселелердин айланасында гана субъективдик укуктар жана милдеттер пайда болот.

Баалуулуктарга төмөнкүлөрдү багыттасак болот:

1. адамдын өмүрү, ден-соолугу;
2. менчиги;
3. эркиндиги, ар-намысы, кадыр-баркы;
4. үй-бүлөсү;
5. мамлекеттик жана коомдук коопсуздук;
6. мамлекеттик бийлик.

*Конституциялык укуктун субъекттери* конституциялык-укуктук мамилелерге катышуучулар саналат, алар белгилүү укуктарга жана милдеттерге ээ.

Субъекттердин классификациясы:

1) жеке адамдар (жарандар, чет өлкөлүктөр, жарандыгы жок адамдар, көп жарандыгы бар адамдар - калктын бул категорияларынын ар бири өзүнүн конституциялык укуктарынын чөйрөсүнө ээ);

2) социалдык жана улуттук жамааттар (бийликтин булагы болгон эл, өз тагдырын өзү чечүүгө укугу бар улуттар жана башка этностор, тоталитардык социализм өлкөлөрүндөгү таптар ж.б.);

3) мамлекет жана анын түзүүчү бөлүктөрү (областар, райондор, шаарлар, айыл аймактар ж.б.);

4)мамлекеттин негизги органдары (мамлекет башчысы Японияда император, Кыргыз Республикасында Президент ж.б.);

5) коомдук мүнөздөгү коомдук бирикмелер жана жарандардын топтору, б.а. саясатка катышкандар;

6) өкүлчүлүктүү органдардын депутаттары;

7) Элдик Курултайдын делегаттары:

8) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

*Конституциялык-укуктук мамилелердин мазмунун* субъективдүү укуктар жана юридикалык милдеттер түзөт. Субъективдүү укуктар - конституциялык-укуктук мамилелердин субъекттеринин мүмкүн болуучу жүрүм-турумунун чени, укуктук милдеттенмелери.

Конституциялык-укуктук мамилелер конституциялык укуктун ченемдери тарабынан жөнгө салынган коомдук мамилелерди же алардын конституциялык укуктун субъекттилеринин ортосундагы байланышты айтабыз. Анын өзгөчөлүгү укуктардын жана милдеттердин жалпылыгы, кенендиги менен түшүндүрүлөт. Конституциялык-укуктук мамилелер мамилекеттик бийликтин саясий уюштурулушунун укуктук жөнгө салынышын өз ичине камтыйт б.а. конституциялык укуктун тутумун пайда кылат.

Конституциялык укуктун системасы укуктук институттардан туруп төмөндөгүдөй тартипте жайгашкан:

1) Мамлекеттик жана коомдук түзүлүш;

2) Коомдогу адамдын укуктук абалы (жарандардын укуктары жана эркиндиктери);

3) Саясий көп түрдүүлүк жана көп партиялуулук;

4) Парламент;

5) Президент;

6) Жарандуулук ж.б.

Конституциялык – укуктук мамилелер турмуш жагдайына жараша ар кандай кырдаалдарда пайда болот, өзгөрүлөт, токтотулат. Мындай учур юридикалык факт деп аталат. **Юридикалык факт** – бул белгилүү бир жагдай б.а. укуктук ченемдер укуктук мамилелердин келип чыгышына, өзгөрүүсүнө, токтотулуусуна таасир бергени менен байланыштырган турмуштагы ар кандай жагдайлар. Бул фактылар көбүнчө укуктук ченемдердин гипотезасында жайгаштырылган жана экиге бөлүнөт:

1. *Окуялар* - адамдын эркинен тышкары болуп өткөн юридикалык фактылар (сел жүрүү, жер титирөө ж.б.). Бирок ушул фактылар эл жок ээн талаада өтсө юридикалык факты

болуп эсептелбейт жөн гана факт катары катталат. Кээ бир юристер окуяны адамдан көз каранды болбогон окуялар жана салыштырмалуу окуя же адамдын байкабай кылган аракеттеринен улам кырдаал көзөмөлдөн чыгып кеткен окуялар деп бөлүшөт.

2. *Кыймыл-аракеттер* - адамдын аң сезиминин тышкы көрүнүшү жана анын эркинен байланыштуу болгон абалда келип чыккан мыйзамдуу же мыйзамсыз кыймыл-аракеттер.

*Мыйзамдуу кыймыл-аракеттерге* юридикалык актылар, адармдардын ишмердүүлүгү, никеге туруу, арыздануулар ж.б.

*Мыйзамсыз кыймыл-аракеттерге* зыян келтирүү, кылмыш кылуу, келишимдерди бузуу, мыйзамсыз мүлккө ээ болуу ж.б.

## 2.4. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугунун булактары

**Конституциялык укук булактарынын түшүнүгү жана түрлөрү.** Укуктун булактарынын тутуму мамлекеттин мамлекеттик түзүлүш формасына жараша болот. Кыргыз Республикасы унитардуу мамлекет болгондуктан конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан гана кабыл алынат. Ал эми федеративдүү мамлекеттерде мындай мыйзамдар федеративдик деңгээлде гана эмес ага субъект катары кирген мамлекеттер тарабынан дагы кабыл алынышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасында конституциялык укуктун негизги булагы болуп конституциялык-укуктук ченемдерди камтыган ченемдик укуктук актылар саналат. Конституциялык укуктун булактары катары эсептелген ченемдик – укуктук актылар ар кандай жана алар бир нечелеген түрлөргө бөлүнүшү мүмкүн.

Укук булактары төмөндөгүдөй тартипте классификацияланат.

**1. Аймак боюнча аракеттер:**

- Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында колдонулган ченемдик-укуктук актылар;

- тиешелүү аймакта колдонулган ченемдик-укуктук актылар;

- жергиликтүү өз алдынчанын аймагында колдонулган ченемдик – укуктук актылар;

- эл аралык (мамлекеттер аралык) жамаатта – эл аралык укуктук актылар.

**2. Юридикалык күчү боюнча.**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасында эң жогорку юридикалык күчкө ээ мамлекеттин негизги мыйзамы;

- аймактын деңгээлинде эң жогорку юридикалык күчкө ээ жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уставдары;

**3. Кабыл алган субъекттилер боюнча:**

- эл тарабынан референдумда, мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу органы тарабынан кабыл алынган ченемдик – укуктук актылар;

- мыйзам чыгаруучулук мааниге ээ болгон сот бийлигинин чечимдери, өзгөчө мыйзамдарды чечмелеп берүү иштерин ишке ашыруу укугу берилген негиздер (Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту);

**4. Аракеттин убактысы боюнча:**

- туруктуу – бул мурунку укук булагы күчүн жоготуп окшош чөйрөдөгү мамилелерди жөнгө салуучу акт башка ченемдик укуктук акт кабыл алынганга чейин юридикалык күчкө ээ болуусун билдирет;

- убактылуу – мыйзам актынын өзүндө атайын каралган белгилүү бир мөөнөт менен чектелет.

Ченемдик актылар юридикалык күчкө ээ болуусу боюнча **мыйзамдар жана мыйзам алдындагы актылар** болуп ажыратылат. Мыйзам алдындагы актылар мыйзамдарга дал келүүсү зарыл.

**Конституциялык укук булактарынын тутуму.**

**Эл аралык укуктук актылар.** Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасы эл аралык чөйрөгө абдан терең интеграцияланган укуктук мейкиндикке ээ, бул алгач эл аралык укук ченемдерин камтыган актылар (келишимдер, резолюциялар, декларациялар ж.б.) Кыргыз Республикасынын конституциялык укугунун булагы катары таанылат.

Учурдагы конституциялык доктринага ылайык, Кыргыз Республикасы эл аралык укуктун ченемдерин анын ички укуктук тутумунун бир бөлүгү катары тааныйт, мамлекеттин бүткүл аймагына алардын түздөн-түз таасирин аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгү боюнча эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат.

Ата мекендик, анын ичинде конституциялык укуктун булактары катары эл аралык укуктук актыларга шилтеме мыйзамдарда жана сот органдарынын чечимдеринде болот. Алсак, 2007-жылдын 21-майында кабыл алынган № 70 «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесинде мындай деп белгиленген «Эгерде мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде Мыйзамда камтылгандан башка ченемдер белгиленсе, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мамлекеттер аралык келишимдердин ченемдери колдонулат»[8]. Кыргыз

---

[8] 2007-жылдын 21-майында кабыл алынган № 70 «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Электронный ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202103/50.

Республикасынын Конституциялык соту өз чечимдеринде эл аралык укуктук келишимдерге активдүү таянат.

Кыргыз Республикасынын укук системасында **«эл аралык укуктун жалпы таанылган принцибин»** эл аралык укуктун жалпы таанылган, фундаменталдык, императивдик ченеми катары түшүнүү керек. Эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери: атап айтканда, адам укуктарын жалпыга бирдей урматтоо принциби жана эл аралык милдеттенмелерди абийирдүүлүк менен аткаруу принциби.

Өз кезегинде **«эл аралык укуктун жалпы таанылган ченеми»** боюнча эл аралык коомчулук, жалпы мамлекеттер тарабынан кабыл алынган жана таанылган юридикалык жактан милдеттүү жүрүм-турум эрежесин түшүнүү зарыл.

Мындай эл аралык укуктардын ченемдерине укуктарды жана эркиндиктерди жөнгө салуучу ченемдер кирет. Ошону менен бирге белгилей кетүү керек, БУУ тарабынан 1948-жылы кабыл алынган «Адам укуктарынын жалпы декларациясы», БУУнун 1966-жылдагы «Адам укуктары боюнча эл аралык пактылары» сыяктуу универсалдуу, жалпы таанылган эл аралык укуктук документтерде камтылган адам укуктары боюнча ченемдер гана өзгөчө статуска ээ (Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт). Эгерде, мисалы, белгилүү бир конкреттүү кызыкдар адамдардын укуктары аныкталган качкындар боюнча келишимдер же соода келишими боюнча каралса бул макулдашуулар жалпы таанылган эмес болуп эсептелет.

Эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасы мүчө болуп курамына кирген айрыкча дүйнөдөгү, региондогу же континенттеги мамлекеттердин басымдуу же олуттуу бөлүгүн камтыган (БУУ, КМШ, Европа Кеңеши ж.б.) эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдардын принциптери жана ченемдери саналат.

Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери Кыргыз Республикасынын эл аралык мамилелеринин укуктук негизи болуп саналат[9].

**Кыргыз Республикасынын эл аралык келишими** - эл аралык мамилелер жаатындагы укуктар менен милдеттенмелерге карата бир же бир нече мамлекеттер, эл аралык уюмдар же эл аралык укуктун башка субъекттери менен Кыргыз Республикасынын тең укуктуу жана ыктыярдуу макулдашуусу болгон, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишим[10].

Эл аралык келишимдер эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясына (мындан ары - Конституция), Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана эл аралык келишимдердин өзүнүн жоболоруна ылайык Кыргыз Республикасы тарабынан түзүлөт, аткарылат, токтотула турат жана денонсацияланат.

Кыргыз Республикасы келишимдик ченемдерди катуу сактоону жактайт, эл аралык укуктун негизги принциби "pacta servanda sunt" - "келишимдерди урматтоо керек" - эл аралык милдеттенмелерди ак ниеттүүлүк менен аткаруу принцибине өзүнүн берилгендигин ырастайт. Кыргыз Республикасы башка мамлекеттер менен түзгөн келишимдери Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат. Эл аралык келишимдерди ратификациялоо жөнүндө чечим Жогорку Кеңеш тарабынан Мыйзам формасында (ратификациялоо жөнүндө Мыйзам) кабыл

[9] 2014-жылдын 24-апрелиндеги № 64 «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Электронный ресурс//http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205286/30.
[10]

алынат, ал кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык Президент тарабынан кол коюлат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган Кыргыз Республикасынын эл аралык келишиминин ченемдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына караганда жогорку юридикалык күчкө ээ, ал эми башка тартипте күчүнө кирген жана мыйзам формасын албаган эл аралык келишимдин ченемдери мыйзам алдындагы актыларга карата артыкчылыкка ээ. Бул жерден эл аралык келишимдин ченемдерин жокко чыгаруу же аларга карама-каршы келген мыйзам же мыйзам алдындагы акт кабыл алуу мүмкүн эмес. Мисалы, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык парламенттер аралык эл аралык келишимдер, ведомстволор аралык эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасы тарабынан ратификациялануууга жатпайт. Кыргыз Республикасы тарабынан түзүлүүчү жогорудагы көрсөтүлгөн эл аралык келишимдер аларга ылайык Кыргыз Республикасы тарабынан ратификациялануууга жаткан укуктук ченемдерди камтыбашы керек.

Кыргыз Республикасынын расмий жарыяланган эл аралык келишимдери, аларды колдонуу үчүн ички актыларды чыгарууну талап кылбаган жоболору Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат. Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин башка жоболорун ишке ашыруу үчүн тиешелүү мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен Кыргыз Республикасынын эл аралык келишиминин ортосундагы өз ара байланыш маселеси конституциялык ченемдер менен түздөн-түз аныкталбайт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Негизги мыйзамынын Эл аралык келишимдин ченемдери боюнча үстөмдүгү Кыргыз

Республикасынын Конституциясынын айрым беренелерин чечмелөөдөн келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктту боюнча Конституциялык сот Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен Кыргыз Республикасынын эл аралык келишиминин ортосундагы мамилелер жөнүндө жоболор «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган. Аталган Мыйзамдын 21-беренеси боюнча, эгерде эл аралык келишим Конституциянын айрым жоболорун өзгөртүүнү талап кылган эрежелерди камтыса, Кыргыз Республикасы үчүн анын милдеттүүлүгүнө макулдук жөнүндө чечим Конституцияда белгиленген тартипте тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин гана Мыйзам формасында кабыл алынышы мүмкүн.

Эл аралык келишим Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келиши керек өзүнөн өзү аны өзгөртө албайт же ага карама-каршы аракеттене албайт.

**Ченемдик укуктук акт.** Кыргыз Республикасынын бардык аймагында колдонулган ченемдик укуктук акт расмий документ катары эсептелет.

Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 2-беренесине ылайык **ченемдик укуктук акт -** ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (кызмат адамынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясынын чегинде же болбосо референдум аркылуу кабыл алынган (чыгарылган), укук ченемдерин (укуктук ченемдерди) белгилөөгө, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга багытталган, аныкталган формадагы расмий документ. Юридикалык күчү боюнча, алар белгилүү бир иерархиядан турат.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренеси боюнча ченемдик укуктук актылар төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

Конституция;

конституциялык мыйзам;

кодекс;

мыйзам;

Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы;

Жогорку Кеңештин токтому;

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому;

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын токтому;

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын токтому;

жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын токтомдору.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы конституциялык укуктун негизги булагы, анын ченемдери жогорку юридикалык күчкө ээ, конституциялык укук тармагынын негизги булагы катары өзгөчө орунду ээлейт.

Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ жана Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат[11]. Конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституциянын негизинде кабыл алынат.

**Конституция** - эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон жана эң маанилүү коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууда негиз болуучу принциптерди жана ченемдерди бекитүүчү, мыйзамдарды жана башка ченемдик

[11] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 6-берене. Бишкек 2021. 3-бет.

укуктук актыларды кабыл алуу үчүн укуктук негиз түзүүчү ченемдик укуктук акт[12].

Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылган конституциялык-укуктук ченемдер негизги болуп саналат, башкача айтканда, алар укуктун башка тармактарынын ченемдеринин мазмунун алдын ала аныктайт. Алардын негизинде укуктун башка булактары кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери мазмунунун кеңдиги менен айырмаланат, алар саясий гана эмес, экономикалык, социалдык, руханий жана маданий мамилелердин ар түрдүү спектрин жөнгө салат, ошондуктан ал юридикалык гана эмес, ошондой эле жалпы жарандык мааниге ээ.

Юридикалык күчү боюнча кийинки деңгээлдеги конституциялык укук булактарынын иерархиясында конституциялык мыйзамдар турат. Башка мыйзамдардан юридикалык күчү, жөнгө салуу предмети, кабыл алуу тартиби менен айырмаланат.

**Конституциялык мыйзам** – Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген тартипте жана анда белгиленген маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынуучу ченемдик укуктук акт[13].

Конституциялык мыйзам кадимки мыйзамга салыштырмалуу бир кыйла татаал тартипте кабыл алынат. 2022-жылдын 16-ноябрындагы № 106 «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 53-беренесинин 19-бөлүгү боюнча Конституциялык мыйзамдар

---

[12] 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 4-берене // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591/135.

[13] 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 4-берене // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591/135.

Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат.

Конституциялык укуктун эң кеңири таралган булактарынын бири - конституциялык-укуктук предметине байланыштуу ар кандай маселелер боюнча кабыл алынган мыйзамдар жөнгө салат жана конституциялык укуктун бардык институттарын камтыйт.

Булар, атап айтканда, конституциялык түзүлүштүн негиздери, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу ж.б.

Мыйзамдардын тизмеси - конституциялык укук булактары – Кыргыз Республикасынын Конституциясында так аныкталган эмес, бирок, мамилелердин белгилүү бир чөйрөсүн мыйзам менен жөнгө салууга шилтемени камтыган көптөгөн беренелерди таба аласыз.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык:

- Мамлекеттик башкарууну жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу максатында Кыргыз Республикасынын аймагы мыйзам менен аныкталуучу администрациялык-аймактык бирдиктерге бөлүнөт (3-берене 2-бөлүк);

- Чектелүүгө жаткан иш-чаралардын тизмеги, жеткиликтүүлүгү жана жайылтылуусу чектелген маалыматтардын тизмеги мыйзам менен белгиленет (10-берене 5-бөлүк);

- Бишкек шаары - Кыргыз Республикасынын борбору. Бишкек жана Ош шаарлары республикалык маанидеги шаарлар болуп саналат. Республикалык маанидеги шаарлардын статусу мыйзам менен аныкталат (14-берене 2-бөлүк);

- Ар бир адам ден соолугун коргоого жана медициналык камсыздандырууга укуктуу. Медициналык камсыздандыруу шарттары мыйзам менен аныкталат (43-берене 1-бөлүк).

Шилтеме жасалган мыйзамдар бир гана конституциялык укуктун булагы болуп саналбайт. Мисалы, Конституциянын 45-беренесинин 4-бөлүгү боюнча «аз камсыз болгон жана муктаж адамдарга мамлекеттик, муниципалдык жана башка турак жай фонддорунан же болбосо социалдык мекемелерден мыйзамда каралган негиздерде жана тартипте турак жай берилет». Шилтеме болгон мыйзам - конституциялык укуктун жана турак-жай укугунун булагы катары каралмакчы. Кыргыз Республикасынын Конституциянын 58-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык «ар бир адам мыйзамда белгиленген учурларда сот арачыларынын катышуусу менен ишинин сотто каралышына укуктуу». Бул маселелерди жөнгө салуучу мыйзам, ошол эле учурда конституциялык жана жазык-процессуалдык укуктун булагы.

Мыйзамдан кийинки юридикалык күчү боюнча конституциялык укуктун булактарынын түрү Кыргыз Республикасынын Президентинин ченемдик укуктук актылары эсептелет. Президент Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында аткарылышы милдеттүү болгон жарлыктарды жана тескемелерди кабыл алат[14].

Кыргыз Республикасынын конституциялык укугунун булактары конституциялык-укуктук ченемдерди камтыган Кыргыз Республикасынын Президентинин айрым актыларын гана камтыйт жана мындай актылар мыйзамдарга караганда аз. Табияты боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин актылары, өзгөчө анын жарлыктары мыйзамга жакын. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары жана тескемелери Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарга карама-каршы келбөөгө тийиш. Алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарга карама-каршы келиши

---

[14] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 71-берене. Бишкек 2021. 21-бет.

мыйзамда белгиленген тартипте сот тарабынан гана таанылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Президенти мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктайт. Бул ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары менен ар кандай доктриналар жана концепциялар бекитилет. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы ПЖ № 221 «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө» Жарлыгы.

Конституциялык укуктун булагы болуп саналган Кыргыз Республикасынын Президентинин ченемдик укуктук актыларынын олуттуу бөлүгү, мамлекеттин башчысы тарабынан конституцияда белгиленген ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда кабыл алынат.

Мамлекет башчынын өзгөчө ролу өзгөчө жана аскердик абалды киргизүүнү жөнгө салуучу актыларды кабыл алууда байкалат. Өзгөчө жана аскердик абалды киргизүүнү жөнгө салуучу актылар Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы түрүндө кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

Конституциялык укук булактарынын өзгөчө түрү катары, жогорку мыйзам чыгаруу органы тарабынан кабыл алынган – декларацияларга бөлүнөт – түзүүчү мүнөзгө ээ болгон документтер. Декларациялардын түзүүчү табияты болуусунун себеби алар адатта элдин атынан жарыяланат, анын эркин жана таламдарын билдирет. Алардын жоболору негизги же коомдук жана мамлекеттик түзүлүштөгү маанилүү өзгөрүүлөрдү камтыйт.

Юридикалык мааниси жана укуктук кесепеттери боюнча декларациянын жок дегенде эки түрү айырмаланат.

1) келечектеги конституциялардын мазмунун алдын ала аныктаган жана жаңы мамлекеттүүлүктүн башталышын белгилеген декларациялар. Мисал катары 1990-жылдын 15-декабрында Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети "Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү Декларациясы". Бул декларация өткөөл мүнөздөгү өзгөчө конституциялык актылардын ролун ойнойт. Тиешелүү конституция кабыл алынгандан кийин да, конституциялык укуктун булагы катары эсептелбесе дагы тарыхый документ катары маанисин сактап калууда.

2) мамлекеттин тигил же бул мамлекеттик же социалдык маселелерди жөнгө салуудагы концептуалдык маанилүү мамилесин аныктаган декларациялар. Алар конституциялык түзүлүштүн принциптерин, конституциялык-укуктук мамилелердин иштеши жана өнүгүшү үчүн концептуалдык мааниге ээ болгон жалпы мүнөздөгү ченемдерди түзөт.

Кыргыз Республикасынын конституциялык укугунун өзгөчө булагынын башка түрүнө **келишимдерди** атасак болот. Укуктун бул өзгөчө формасынын болушу биринчи кезекте Кыргыз мамлекетинин унитардык түзүлүшүнө байланыштуу. Кыргыз Республикасынын конституциялык-укуктук практикасында келишимдердин эки түрү бар - түзүүчү (мамлекетти түзүүчү) жана ыйгарым укуктарынын ажыратылышын аныктоо жөнүндө.

Түзүүчү же мамлекет түзүүчү биринчи типтеги келишимдин уникалдуу мисалы, 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишим, Кыргыз Республикасы тарабынан 2015-жылдын 8-майында кол коюлган. «2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге Кыргыз Республикасынын кошулуусу боюнча эл аралык келишимдерди ратификациялоо тууралуу» 2015-жылдын 21-майында № 111 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан

кабыль алынган[15]. Бул документке ылайык, катышуучу мамлекеттер суверенитетти жана мамлекеттүүлүктүн бардык зарыл элементтерин сактоо менен Союздук мамлекеттер ичинде ыйгарым укуктары менен биргеликте, макулдашуунун негизинде ишке ашырылат.

Конституциялык укуктун кийинки булагы болуп Конституцияда каралган маселелер боюнча кабыл алынган **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун** белгилемекчибиз.

Жогорку Кеңеш өз токтомдору менен парламенттин түзүмүн түзгөн ар кандай органдар (мисалы, комиссиялар жана комитеттер жөнүндө жоболор) жөнүндө жобону бекитет.

Конституциялык укуктун булактары катары **Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдерин** атасак дагы болот.

Конституциялык укуктун булагынын дагы бир түрү болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук жөнгө салуучу мүнөзгө ээ айрым **токтомдору** саналат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актылары мыйзам алдындагы актылардын түрүнө кирет. Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актылары токтомдор түрүндө кабыл алынат[16]. Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Президенттин жарлыктарынын, тескемелеринин жана тапшырмаларынын

---

[15] «2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге Кыргыз Республикасынын кошулуусу боюнча эл аралык келишимдерди ратификациялоо тууралуу» 2015-жылдын 21-майында № 111 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111154/10.

[16] 2021-жылдын 11-октябры № 122 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы, 7-берене, 1-бөлүг. Электрондук маалымат ресурсу// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112301/10.

негизинде жана аларды аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн аткарууга милдеттүү болгон токтомдорду чыгарат. Министрлер Кабинетинин токтомдору "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте күчүнө кирет жана расмий жарыяланууга жатат[17].

Ошондой эле конституциялык укуктун булагы болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Регламенти саналат. Азыркы учурдагы колдонуудагы Регламент Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы № 233 токтому менен бекитилген. Бул документ Министрлер Кабинетинин мыйзам чыгаруу ишине катышуу, Министрлер Кабинетинин Жогорку Кеңеш менен өз ара аракеттенүүсүн камтыган конституциялык-укуктук ченемдерден турат.

Конституциялык-укуктук жөнгө салуунун өзгөчө милдеттери **Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын актылары (токтомдору)** менен чечилет. Алардын жардамы менен шайлоо процессине карата инструкция берилет, шайлоо мыйзамдарын ишке ашыруунун айрым жоболорунун тартиби такталат, ошондой эле БКШнын ишин уюштуруунун тартиби жөнгө салынат.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ченемдик укуктук актылары** - конституциялык укук булактарынын кийинки тобун түзмөкчү.

---

[17] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы № 233 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Регламенти» (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-мартындагы № 153, 2022-жылдын 29-июлундагы № 402, 2022-жылдын 26-октябрындагы № 587 токтомдорунун редакцияларына ылайык). Электрондук маалымат ресурсу// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/158642/40.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги ченемдик укуктук актысы болуп жергиликтүү жамааттардын уставы саналат, ал тиешелүү аймакта жергиликтүү жамааттын ички жашоо-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин жөнгө салат, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин карайт, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелеринин тартибин, анын ичинде бюджеттик процесске жергиликтүү жамааттын катышуусун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин мыйзамдарда жөнгө салынбаган башка маселелерин аныктайт. Жергиликтүү жамааттардын уставдары тиешелүү жергиликтүү жамааттын жыйындарында (чогулуштарында) же курултайларында талкуулоонун жыйынтыктары боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынат (өзгөртүлөт, толукталат). Жергиликтүү коомдоштуктун уставы жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актыларын каттоо үчүн белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында милдеттүү каттоодон өтүүгө тийиш. Жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү жөнүндө ченемдик укуктук актынын көчүрмөсү расмий жарыялангандан кийин Ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн уставдын текстин тиркөө менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлөт[18].

Конституциялык укуктун булактары катары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун актыларына - өкүлчүлүктүү органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын атап айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бөлүмдөрүн, түзүмдүк

---

[18] 2021-жылдын 20-октябры № 123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 21-берене. Электрондук маалымат ресурсу// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112302/20?cl=ky-kg&mode=tekst.

жоболорун бекиткен айрым ченемдик укуктук актылары, алардын ишмердүүлүгүн жөнгө салган Регламенти, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жергиликтүү маанидеги маселелери жөнүндөгү Жоболор камтылмакчы.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары дагы өз ыйгарым укуктарынын деңгээлинде ченемдик укуктук актыларды кабыл алат. Мисалы, Жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актылары токтом түрүндө, кабыл алынат. Кабыл алынган актылар тиешелүү аймакта милдеттүү юридикалык күчкө ээ.

Айыл өкмөтүнүн атынан актыларды (чечимдерди) айыл өкмөтүнүн башчысы токтом түрүндө чыгарат, эгерде актылардын өзүндө башкача каралбаса, ал кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

## 2.5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Жалпы мүнөздөмө.

Конституция (кандай гана мамлекетте болбосун) мамлекеттин жана коомдук турмуштун юридикалык негизи, жогорку юридикалык күчкө ээ ченемдик укуктук акт болуп саналат.

Конституция жогорку деңгээлде бийликти уюштурууну, адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин, башкаруунун жана мамлекеттик түзүлүштүн формаларын жөнгө салат. Конституцияны коомдун модели, укуктук базасы катары кароого болот, анын чегинде бийликтин жана жарандык коомдун институттарынын иштөө механизмдери түзүлөт. Конституциянын ченемдери, жалпысынан алганда укуктун негиздери, жашоонун ар кандай аспектилерине таасирин тийгизет: мамлекеттик-саясий, экономикалык, социалдык жана руханий.

"Конституция" термини латын тилинен келип чыккан "constitutio" (түзүү, куруу). Биздин заманга чейинки 1-кылымдарда байыркы Рим мыйзамдарында кезигип,

мамлекеттик түзүлүштү, эрежелерди бекиткен императорлордун ар кандай актылары. Бул мезгилде Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ болбогон, мамлекеттин негизги актысы болуп эсептелбеген. Орто кылымдарда конституциялар феодалдардын артыкчылыктарын жана эркиндиктерин бекемдеген. Убакыттын өтүшү менен конституция түшүнүгү өнүккөн. Ошентип азыркы мааниде Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ мамлекеттин негизги мыйзамы, аны укуктук мамилелердин субъекттилери болуп эсептелген Президенттен баштап жөнөкөй жарандарга чейин сакташы абзел. Конституция укуктук түшүнүк катары конституциялык укук курсун изилдөө учурунда этияттыкты талап кылган көптөгөн сапаттарды камтыйт. Мындай типтеги конституциясы бар мамлекетти жана коомду түзүүгС багытталган умтулуулар биринчи жолу Америка континентинде саясий реалдуулукта чагылдырылган: АКШда 1787-жылы дүйнөдөгү биринчи жалпы улуттук конституция кабыл алынган. Биринчи европалык конституциялар Польшада кабыл алынган (акт 1791-жылдын 3-майында) жана Францияда (1791-жылдын 3-сентябрындагы акт).

Бара-бара мамлекеттин негизги мыйзамы катары конституцияны кабыл алуу идеясы бардык континенттерге тарай баштады. Азыркы учурда көпчүлүк өлкөлөрдө негизги ченемдик укуктук акт конституция деп аталган.

Конституция — мамлекеттин жөн гана башкы мыйзамы эмес, ал бүтүндөй коомдун иш-аракети менен өнүгүшүнө негиз боло турган мамлекеттик түзүлүштү, жашоо ыңгайын, баалуулуктар менен багыттамалардын системасын аныктаган, система түзүүчү касиеттерге ээ программалык документ[19].

[19] Судья Эмил Өскөнбаев: Эмне үчүн Конституцияга түзөтүүлөр мыйзам бузуу менен киргизилип жатат? Электрондук ресур https://ky.kloop.asia/2016/10/20/.

Конституция мамлекеттин жана коомдун башкы мыйзамы катары, улуттун негизги укук булагы катары өзгөчө белгилерге же касиеттерге ээ: коомдук-саясий; мыйзамдуу; саясий жана укуктук.

**Конституциянын коомдук-саясий касиеттеринин чагылдырылышы төмөнкү өзгөчөлүктөргө ээ:**

• конституцияны кабыл алуучу (түзүүчү) атайын субъект же кимдин атынан алынса. Конституция азыр адатта эл тарабынан же элдин атынан кабыл алынган акт;

• Конституциялык жоболордун уюштуруучулук мүнөзү. Конституциянын түзүүчү табияты анын көрсөтмөлөрү мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн табиятын аныктоочу негизги принцип катары аракеттенгенинен көрүнүп турат; алар мыйзамдар жана мыйзам алдындагы актылар үчүн негизги;

• конституциялык предметтин кенири жана бардыгын камтыган мүнөзүн жөнгө салуу. Саясий, экономикалык, социалдык, маданий жана руханий мамилелерди уюштуруу менен конституция системалык деңгээлде мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн моделин укуктук ченемдер менен чогултат.

Конституциянын негизги укуктук касиеттери:

• үстөмдүк жана жогорку юридикалык күч;

• бүткүл аймак боюнча түздөн-түз колдонуу;

• укук тутумунун өзөгүнүн ролу же укуктун негизги булагы;

• кабыл алуунун, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн татаал жол-жобосу;

• атайын укуктук коргоо.

Укуктук касиеттер аркылуу конституциянын укук тутумунун жана укуктук маданиятынын феномени катары негизги сапаттык мүнөздөмөлөрү ачылат.

**Конституция** (формалдуу юридикалык мааниде) өзгөчө жана жогорку юридикалык күчкө ээ болгон мыйзам. Конституцияга коом үчүн баалуу жана маанилүү нерселерди жөнгө салуучу орун ыйгарылгандыктан, ага башка укуктук

ченем актыларынын ичинен жогорку юридикалык даража берилет. Бул касиеттердин болушу бардык башка мыйзамдар жана башка укуктук актылар өлкөнүн конституциясына ылайык жана аны аткаруу үчүн кабыл алынат жана ага карама-каршы келбөөгө тийиш. Кандайдыр бир укуктук акт мазмуну же формасы боюнча конституцияга карама-каршы келсе жараксыз деп табылмакчы.

**Конституция түз аракеттеги ченемдик укуктук акт, ал бүткүл өлкө боюнча колдонулат.** Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык органдары, ошондой эле конституциялык көзөмөлдү жана контролду жүзөгө ашыруучу сот органдары жана укук коргоо органдары өз актыларын чыгарууда, түздөн-түз жетекчиликке алышат.

Конституциянын бардык ченемдеринин түз таасири анын жоболорун конкреттештирүүнү жокко чыгарбайт. Конституцияда коомдук жана мамлекеттик турмуштун айрым тармактарын жөнгө салуунун зарылчылыгы жөнүндө көптөгөн шилтеме ченемдерин табууга болот.

**Конституция** (укук түзүүчү ролу, б.а. укук тармактарынын жана мыйзам тармактарынын тутумун калыптандыруудагы мааниси) - укук тутумунун өзөгү жана негизги булагы. Конституциянын принциптери жана жоболору негизги ролду ойнойт укуктун бүткүл тутуму жана мыйзам чыгаруу тутуму үчүн, башкача айтканда, алардын мазмунун алдын ала аныктайт, ошондуктан жаңы конституцияны кабыл алуу же ага өзгөртүүлөрдү киргизүү мыйзамдардын тиешелүү жаңылануусун талап кылат.

Конституция негизги мыйзам катары өзгөчө болгондугунан улам кабыл алуунун, өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун татаал тартибине ээ. Мындай тартип Конституциянын бекемдик принцибин сактамакчы. Конституциянын бекемдик принцибин сактоо зарылдыгы өзгөчө орунду ээлейт, мунун мааниси анын ченемдери убакытка же кайсы бир башка (саясий, экономикалык, социалдык) таасирге карабай иштей турган Конституциянын

туруктуулугунда жана бекемдигинде жатат. Бул болсо мамлекетке негиз болгон түпкүлүктүү нерселер өзгөрбөшү керек деген сөз.

*Конституциянын бекемдиги* — Конституция мүмкүн болушунча узак убакыт бою мамлекеттин саясий, укуктук жана коомдук турмушунун негизги системасы бойдон калышы керек дегенди билдирет.

Конституциянын бекемдиги, башка өзгөчөлүктөрү менен катар, конституциялык укуктук жөнгө салууну андан азыраак юридикалык күчкө ээ болгон укуктук актылар менен жүзөгө ашырылуучу кадимки укуктук жөнгө салуудан бөлүп турат, мында Конституциядан айырмаланып, ченем актыларын мамлекеттин жана коомдун өнүгүш ыргагына жараша коркпой-үркпөй өзгөртө берсе болот.

Ушуну эске алып, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби дегеле жеңил, жөнөкөй жана тез болушу мүмкүн эмес, анан калса андан азыраак юридикалык күчкө ээ болгон укуктук ченем актысына түзөтүү киргизүүдөн жөнөкөйүрөөк болушу эч мүмкүн эмес.

Көптөгөн өлкөлөрдө конституциянын өзгөчө укуктук коргоо режими каралган. Конституцияны укуктук жактан коргоо түшүнүгүн кеңири жана тар мааниде кароого болот. Кеңири мааниде алганда, конституция мамлекеттик-укуктук механизм аркылуу ишке ашырылып, укуктун дээрлик бардык тармактары тарабынан камсыз кылынат. Тар мааниде коргоонун атайын конституциялык каражаттары төмөнкүлөрдү билдирет: конституциялык контролдоо жана көзөмөлдөө, ошондой эле конституциялык жоопкерчилик.

Конституцияны коргоого иш жүзүндө мамлекеттик бийликтин бардык бутактары жана мамлекеттик бийликтин бардык түрлөрү тартылган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66-беренесинин 3-бөлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти Конституциянын кепили болуп саналат жана Конституцияны коргоого

милдетүү экендиги тууралуу ант берет[20]. Мындан тышкары конституциялык контролдун (көзөмөлдүн) адистештирилген органдары түзүлмөкчү. Конституцияны укуктук коргоодо өзгөчө ролду конституциялык контролдоонун же көзөмөлдөөнүн адистештирилген соттук же квазисоттук органдары ойнойт, алар мамлекетте мыйзам чыгаруунун конституциялуулугун, конституциянын бузулушуна жол бербөө, актылардын карама-каршы келишин жараксыз деп табуу аракеттерин ишке ашырат. Кыргыз Республикасында Конституциялык контролду ишке ашырган адистештирилген сот бул Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту. Конституциялык сот конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, Конституциянын үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу максатында **конституциялык контролду** жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуп саналат[21]. Конституциялык сот тарабынан мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын же алардын жоболорунун конституциялык эместигин аныктоо алардын Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушун, ошондой эле, соттук чечимдерди кошпогондо, мыйзамдарга же алардын жоболоруна негизделген, конституциялык эмес деп таанылган башка ченемдик укуктук актылардын колдонулушун жокко чыгарат. Конституциялык соттун корутундусу менен конституциялык эмес деп таанылган, күчүнө кире элек эл аралык келишимдер колдонууга киргизилбейт жана колдонулбайт[22].

[20] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 66-берене. Бишкек, 2021. 18-бет.

[21] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 97-берене 1-бөлүк. Бишкек, 2021. 32-бет.

[22] Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы 2021-жылдын 15-ноябры

Конституциянын негизги **саясий-укуктук касиеттери** болуп мамлекеттин жана коомдун негизги мыйзамынын мыйзамдуулугу жана туруктуулугу саналат.

**Актынын легитимдүүлүгү** – бул документтин социалдык-укуктук негиздүүлүгүн жана коомчулуктан алгылыктуулугун баалоо боюнча тышкы жана ички макулдуктун биримдиги.

**Конституциянын легитимдүүлүгү** анын мыйзамда белгиленген тартипте же коом тарабынан таанылган тартипте кабыл алынышын билдирет; анын мазмуну, жок эле дегенде коомдун көпчүлүк бөлүгү же анын өкүлдөрүнүн көпчүлүгү тарабынан бекитилиши.

Конституциянын легитимдүүлүгү – негизги мыйзамдын сакталышынын, конституциялык мыйзамдуулуктун жана конституциялык укуктук тартиптин шарты, демократиялык бийликтин жана укуктук мамлекеттин негизи.

**Конституциянын туруктуулугу** анын туруктуулук, фундаменталдык мүнөзүн чагылдырат, убактылуу саясий жана социалдык-экономикалык конъюнктуралардын таасири астындагы тынымсыз өзгөрүүлөргө дуушар болбошу.

Конституциянын туруктуулугу коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсүндө адекваттуу өзгөрүүлөрдүн ар кандай зарылчылыктагы кечиктирилгис муктаждыктарды эске алуу менен жаңылануунун жана өркүндөтүүнүн толук өзгөрбөстүгүн, ийкемдүүлүктүн жоктугун билдирбейт. Жаңы коомдук муктаждыктарга жана тенденцияларга жооп берген конституция гана өнүгүүнүн, коомдун жана мамлекеттин туруктуулугун жана натыйжалуу иштешин, кайра куруулардын ийгилигин камсыз кылууга жөндөмдүү. Конституцияга көп сандаган өзгөртүүлөрдүн кириши өлкөнүн жаңы негизги мыйзамын кабыл алуу зарылчылыгына алып келиши мүмкүн. Өзгөрүүлөрдү ишке

---

№ 133. 52-берене 3, 5-бөлүктөр. Электрондук маалымат ресурсу //http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112318/10?cl=ky-kg&mode=tekst.

ашырууда жана жаңы Конституцияны кабыл алууда калктын консерватизми эске алынышы керек. Конституциянын кээ бир жоболоруна түзөтүүлөрдү киргизүүдө да, аны кабыл алуунун өзгөчө тартибин гана талап кылбастан, ошондой эле конституциялык жаңылануунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө калк жана коомчулук арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл.

Азыркы юриспруденцияда **конституцияларды классификациялоо** бир катар критерийлер боюнча жүргүзүлөт.

**Конституциялардын туюнтма формасы боюнча төмөндөгүдөй түрлөрү бар:**

- жазылган;
- жазылбаган.

**Жазылган конституция** – конституциялык маанидеги маселелерди комплекстүү түрдө жөнгө салган ченемдик укуктук акт. Жазылган конституция АКШнын Конституциясы сыяктуу бир гана акт болушу мүмкүн. Бирок, мазмуну боюнча бири-бирин толуктап турган жана формалдуу түрдө бирдиктүү конституциянын курамдык бөлүгү катары жарыяланган бир нече актылар (алардын бөлүктөрү) болушу мүмкүн. Ошентип, Франциянын азыркы Конституциясы 1958-жылдагы Конституцияны, 1789-жылдагы Декларацияны, 1946-жылдагы Конституциянын преамбуласын камтыйт.

**Жазылбаган конституция** – бул мыйзамдардын, сот актыларынын жана үрп-адаттардын жыйындысы (мисалы, Улуу Британиянын, Жаңы Зеландиянын конституциялары). Жазылбаган конституцияны түзгөн булактардын ар бири өз өлкөлөрүндөгү коомдук жана мамлекеттик турмуштун ажырагыс моделин бере албайт. Алар бир актынын же расмий актылардын жыйындысынын алкагында формалдуу түрдө өз ара байланышта эмес жана өзгөчө юридикалык күчтүн негизинде башка укуктук булактардан айырмаланбайт.

**Кабыл алуу субъекттери боюнча конституция-лардын түрлөрү:**

- берилген (октроированные);
- элден чыккан (элдик конституциялар).

**Берилген конституция** Катар Конституциясы сыяктуу мамлекет башчысынын (жогорку аткаруу бийлигинин) актысы менен күчүнө кирет.

**Элдик конституция** референдум, парламент, конституцияны кабыл алуу үчүн гана түзүлгөн жогорку бийлик органы (уюштуруу чогулушу, конституциялык чогулуш) тарабынан кабыл алынышы мүмкүн.

**Кабыл алуу жана өзгөртүү тартиби боюнча конституциялардын түрлөрү:**

- ийкемдүү;
- катаал.

**Ийкемдүү конституция** – бул мамлекеттин катардагы мыйзамдары сыяктуу эле кабыл алынган жана өзгөртүлгөн негизги мыйзам.

**Катаал конституция** – бул өлкөнүн кадимки мыйзамдарына караганда татаалыраак түрдө кабыл алынган жана өзгөртүлгөн негизги мыйзам. Конституцияга өзгөртүү киргизүүнү татаалдаштыруу ар кандай себептерден улам мамлекеттердин шарттарына байланыштуу: конституциянын өзгөрбөстүгүнө, анын туруктуулугун камсыз кылууга кызыкдар болгон коомдо саясий жана экономикалык жактан үстөмдүк кылган топтордун умтулуусу; коомдун, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу зарылчылыгы. Жазылган конституциялардын көбү кабыл алуу тартибинде катаал болот.

Конституциялык ченемдердин натыйжалуулугу жагынан конституциялар дагы эле **реалдуу (чыныгы) жана жасалма (ойдон чыгарылган)** болуп бөлүнөт.

**Чыныгы конституция** – бул анын көрсөтмөлөрү реалдуулукта камтылган, юридикалык жана иш жүзүндө дал келген конституция.

**Ойдон чыгарылган** конституция реалдуулукта жок же иш жүзүндө алардын конституциялык моделинен айырмаланган принциптерди жана институттарды бекитет. Жашоодо анын бардык жоболору реалдуу же ойдон чыгарылган конституцияны табуу кыйын. Ошондуктан айрым конституциялык ченемдерге жана институттарга реалдуулук же ойдон чыгарылгандык көз караштар менен баа берүү маанилүү.

**Конституциялык ченемдердин реалдуулугуна жараша конституциялардын түрлөрү:**

**Иш жүзүндө (фактические)** - коомдогу коомдук күчтөрдүн абалына ылайык келет, мамлекеттик бийликти ишке ашыруунун реалдуу тартибин чагылдырат.

**Юридикалык** - мыйзамда белгиленген тартипте кабыл алынган, тигил же бул өлкөнүн мамлекеттик, саясий, коомдук түзүлүшүнүн негиздери белгиленген колдонуудагы документ. Бирок иш жүзүндө мамлекеттик бийликти жүзөгө ашыруунун юридикалык конституция белгилеген ченемдерден айырмаланган тартиби болушу мүмкүн.

## 2.6. Кыргыз Республикасынын конституциялык өнүгүүсү

Кыргыз Республикасынын конституциялык өнүгүүсү анын тарыхы менен ажырагыс байланышкан. Республиканын конституциялык өнүгүшүнүн ар бир ырааттуу этабы таптар менен социалдык топтордун ортосундагы мамилелердин жаңы учурлары, экономиканын деңгээли, мамлекеттин функцияларын ишке ашыруунун масштабдары, республиканын ортосунда компетенциянын болушу, РСФСРдин жана ар түрдүү мезгилдерде анын курамына кирген ССР Союзунун мамлекеттик органдарынын ыйгарым укуктарын жана ишинин багыттарын мүнөздөйт. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн ар кыл этаптарында конституцияларды кабыл алуу сапаттык жаңы

көрүнүштөрдүн бардыгын чагылдыруу, мамлекеттик, чарбалык (чарбалык) жана социалдык-маданий курулуштун динамикасын камсыз кылуу милдетин койгон. Советтик мезгилде кабыл алынган ар бир Конституция, белгилүү болгондой, республиканын өнүгүшүнүн белгилүү бир этабын өзүнчө көрсөтөт. Жалпысынан алганда Кыргызстандын тарыхын жана анын саясий конституциялык-укуктук калыптануу жана өнүгүү жолун чагылдырат.

**Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын 1929-жылдагы Конституциясы.** 1924-жылы кыргыз эли автономиялуу область формасында советтик улуттук-мамлекеттик түзүлүшкө ээ болгон. Кыргыз автономиялуу областы советтик автономиянын формаларынын бири катары, кыргыз элинин улуттук-мамлекеттик түзүлүшүнүн формаларынын бири катары ошол учурдагы Советтик Кеңешдин негизинде түзүлгөн, пролетариат диктатурасынын негизинде келип чыккан. Ал улуттук суверенитетти камсыз кылуунун каражаты катары кызмат кылган Советтик Союздук республикасынын алкагында кыргыз элинин өз тагдырын өзү чечүүсүнүн саясий формасы болгон. Ал саясий мүнөздөгү институттарга жана белгилүү бир чектерде мамлекеттин функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн ыйгарым укуктарга ээ эле. Кыргыз автономиялуу областы өзүнүн территориялык чечимине жана территориялык үстөмдүктүн элементтерине, мамлекеттик бийликке, башкарууга, сотко ээ болгон жана СССРдин жогорку бийлик органында өзүнүн өкүлү орун алган. Иш кагаздары мамлекеттик мекемелерде, сот өндүрүшү жана мектептердеги окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз автономиялуу областы бир жылдан ашык убакыт жашаган. 1926-жылдын 1-февралында Кыргыз автономиялуу облусу Кыргыз АССРи болуп өзгөртүлгөн. Автономиялуу республиканын конституциясын иштеп чыгуу боюнча комиссия түзүлгөн. Конституциянын

долбоору эки жылдан ашык убакыт иштелип, каралып чыккан. Андан соң II Бүткүл кыргыз съездинин жыйынында каралып, өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин 1929-жылдын 30-апрелинде бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору 7 бөлүм, 16 глава жана 97 беренеден турган.

Кыргыз АССРинин Конституциясы (Негизги Закону) РСФСРдин жогорку мамлекеттик бийлик органдары тарабынан бекитилмек. Бирок объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү айрым себептерден улам Кыргыз АССРинин Конституциясы бекитилген эмес. Ошол кездеги РСФСРдин курамына кирген башка автономиялуу республикалардын (Дагестан, Крым, Карел, Башкыр, Татар, Чуваш, Казак, Бурят-Монгол, Якут) конституциялары да бекитилбеген.

РСФСРдин Конституциясынын негизинде кабыл алынган Кыргыз АССРинин Конституциясы РСФСРдин курамында кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүн укуктук жактан бекемдеди жана пролетариат диктатурасынын мезгилине, социализмдин негиздерин куруу мезгилине, кыргыз мамлекеттүүлүгү феодализмден социализмге өтүү мезгилинин маселелерин чечкен учур. Мына ушулардын бардыгы 1929-жылдагы Конституциянын өзгөчө белгилерин аныктады.

Конституция республиканын аймактык бөлүнүшүн, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жогорку органдарын — Советтердин Бүткүл кыргыз съездин, Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитетинин, Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумун, Эл Комиссарлар Совети (СНК) жана элдик комиссариаттар жана республиканын өз алдынча закон чыгаруу жагындагы укуктары белгилеген.

Мыйзам чыгаруу Конституциянын 82-беренесине ылайык Советтердин Буткул кыргыз съезди, Советтердин Борбордук Аткаруу Комитети, Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиуму жана Кыргыз АССРинин Эл

Комиссарлар Совети тарабынан ишке ашырылган. Конституцияда Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын бюджеттик укуктары жөнүндө атайын бөлүм болгон, анда анын республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүү, бекитүү жана аткаруу жагындагы ыйгарым укуктары аныкталган.

Кыргыз АССРи республикада сот адилеттигин өз алдынча ишке ашырууга укуктуу. Сот адилеттигин Кыргыз АССРинин Башкы соту жана эл соттору ишке ашырышкан.

Кыргыз АССРинин компетенциясын анын мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жогорку органдары — Советтердин Буткул кыргыз съезди, Кыргыз АССРинин Советтеринин Борбордук Комитети, анын Президиуму, Эл Комиссарлар Совети жана Эл Комиссариаттары ишке ашырышкан.

Кыргыз АССРиндеги жогорку бийликтин алып жүрүүчүсү Кыргыз АССР Советтеринин Борбордук Аткаруу Комитети тарабынан жыл сайын чакырылуучу Советтердин Буткул кыргыз съезди эсептелинген.

Советтердин Буткул кыргыз съезддеринин ортосундагы жогорку закон чыгаруучу, башкаруучу жана контролдоочу орган Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети болгон. Ал сессиялык негизде иш алып барып, сессиялар БАКнын президиуму тарабынан үч айда бир жолу чакырылып турган.

БАКнын сессияларынын аралыгындагы мезгилде республиканын жогорку мыйзам чыгаруучу, административдик жана контролдоочу органы Кыргыз АССРинин Борбордук шайлоо комиссиясынын биринчи сессиясында шайланган БАКнын Президиуму эсептелинген.

Кыргыз АССРи Россия Советтик Федерациясынын автономиялуу бөлүгү болгон. Демек, РСФСРдин мамлекеттик бийлигинин жогорку органдарынын бийлиги анын аймагына да тараган. Кыргыз АССРинин мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары өздөрүнүн күндөлүк

ишинде РСФСРдин Конституциясын жана законторун жетекчиликке алышкан.

Кыргыз АССРинин Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунда өз өкүлү болгон, ал Кыргыз АССРине тиешелүү маселелер боюнча РСФСРдин бардык борбордук органдарында кеңеш берүүчү добуш укугуна ээ эле; РСФСРдин жана СССРдин жогорку бийлик органдарын түзүүгө РСФСР Советтеринин съезддерине өзүнүн 12 делегаты жана СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин Улуттар Советине 5 делегаты аркылуу катышкан. Негизинен ошол учурдагы автономиялуу республика түрүндөгү мамлекеттүүлүк кыргыз эли үчүн жакшы роль ойногондугу белгиленген жана Кыргыз АССРин СССРдин курамында союздук мамлекетке айландыруу учун алгылыктуу шарттар жаралган.

**Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын 1937-жылдагы Конституциясы.** 1936-жылы 5-декабрда Советтердин кезексиз VII Бүткүл союздук съездинде СССРдин жаңы Конституциясы бекитилген (СССРдин биринчи Конституциясы 1924-жылы 31-январда кабыл алынган). Кыргыз АССРи союздук республикага өтүп, СССРдин курамына түздөн-түз кирген.

1937-жылдын 23-мартында Кыргыз ССРинин Советтеринин кезексиз V съезди Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорун жактырган. Кыргыз ССРинин 1937-жылдагы Конституциясы союздук конституциянын негизги принциптерине ылайык курулган жана ошону менен бирге Кыргызстандын улуттук республика катары өзгөчөлүктөрүн чагылдырган. Алар: коомдук түзүлүш жөнүндө, жогорку жана жергиликтүү бийлик жана башкаруу органдары жөнүндө, сот жана прокуратура жөнүндө, граждандардын негизги укуктары жана милдеттери жөнүндө, шайлоо системасы жөнүндө жана башка главаларды чагылдырган.

Кыргыз ССРинин Конституциясы 11 бөлүмдөн турган.

Конституциянын коомдук түзүлүш жөнүндөгү главасында кыргыз элинин тарыхый өткөн жолу менен байланышкан республиканын айрым белгилери чагылдырылган. Кыргыз ССРинин саясий негизин жумушчулар депутаттарынын Советтери түзгөн. Экономикалык негизи «союздук жана капиталисттик чарбалык системанын, ошондой эле уруулук мамилелердин жана колониялык эксплуатациянын, эмгек куралдарына жана каражаттарына жеке менчиктин жоюлушунун натыйжасында түзүлгөн чарбанын социалисттик системасы жана социалисттик менчик болгон.

Мамлекеттик түзүлүш жөнүндөгү главага ылайык Кыргыз ССРи унитардык мамлекет болгон.

Бул Конституция 1929-жылдагы Конституциядан айырмаланып, мамлекеттик бийлик органдарын жумушчу, дыйкан жана Кызыл Армия депутаттарынын Советтеринен жумушчу эл депутаттарынын Советтери деп атаган. Мындан тышкары, жаңы Конституция добуш берүү укугуна мурдатан болгон чектөөлөрдү жокко чыгарып, жашыруун добуш берүү аркылуу жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун демократиялык принцибин орноткон.

Мыйзамдардын туруктуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында мыйзам чыгаруу укугу Жогорку Советке гана берилген. Бардык башка мамлекеттик органдар эми мыйзам алдындагы актыларды гана чыгара алышкан.

Кыргыз ССРи СССРдин составында болуу менен өзүнүн мамлекеттик суверенитетин сактаган. Конституцияга ылайык республиканын Жогорку Совети мамлекеттик суверенитеттин ээси болгон. Ошондой эле ал республикада мыйзам чыгарууну жана жогорку контролду жүзөгө ашыруучу мамлекеттик бийликтин жогорку органы катары таанылган жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен 4 жылдык мөөнөткө шайланган. 1937-жылдагы Конституцияга ылайык, Эл Комиссарлар Совети мамлекеттик бийликтин жогорку административдик-аткаруучу органы болуп калды, ал

Жогорку Советтин алдында жооптуу жана ага отчёт берет, ал эми сессиялардын ортосундагы мезгилде — Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Президиумунун алдында.

Конституция жергиликтүү Советтерди түзүүнүн тартибине жана ишинин формасына түп-тамырынан бери өзгөртүү киргизди жана жергиликтүү мамлекеттик органдардын жаңы системасын аныктады. Жумушчулар депутаттарынын тийиштүү Советтери областтарда, райондордо, поселоктордо жана айылдарда мамлекеттик бийликтин органдары болуп калышты. 1937-жылдагы Конституцияга ылайык республиканын Жогорку Совети жумушчулар депутаттарынын областтык, райондук, шаардык, посёлоктук Советтери өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн акырына чейин мамлекеттик бийликтин түздөн-түз өкүлчүлүктүү гана эмес, туруктуу органдарына айланды.

Конституция Совет бийлигинин экономикалык негизин социалисттик чарбалык система жана өндүрүштүн куралдарына жана каражаттарына социалисттик менчик деп белгилеген.

Социалисттик менчиктин эки формасы болгон: мамлекеттик менчик (коомдук менчик) жана кооперативдик-колхоздук менчик (айрым колхоздордун жана кооперативдик бирикмелердин менчиги). Мамлекеттик менчик теориялык жактан социалисттик мамлекеттеги бүткүл элдин менчиги болгон. Мамлекеттик мүлккө төмөнкүлөр кирген: жер, анын жер асты, суу, токой, заводдор, фабрикалар, шахталар, транспорт, айыл чарба ишканалары (совхоздор), шаарлардагы жана өнөр жай борборлорундагы негизги турак-жай фондусу. Бардык мамлекеттик мүлк бирдиктүү фонд болгон, аны өз органдары аркылуу мамлекет гана башкармакчы.

Жарандардын конституциялык укуктарынын чөйрөсү жаңы укуктарды (мисалы, эмгекке болгон укук) камсыз кылуу жолу менен да, ошондой эле Конституцияга мурда колдонуудагы мыйзамдар менен жөнгө салынган укуктарды

(эс алуу укугу, карылык, ооруп калган жана майып болгон учурда материалдык жактан камсыз болуу укугу) киргизүү жолу менен кеңейтилген. Негизги укуктарды кеңейтүү менен бирге Конституция жарандардын негизги милдеттеринин чөйрөсүн, анын ичинде ар бир жарандын Конституцияны сактоого, мыйзамдарды сактоого, эмгек тартибин сактоого, мамлекеттик милдетке ак ниеттүүлүк менен мамиле кылууга жана башкаларга милдеттүүлүгүн көбөйттү.

СССРдин 1936-жылдагы Конституциясынын жана 1937-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясынын, ошондой эле башка союздук республикалардын конституцияларынын мазмуну жөнүндө ошол мезгилде дүйнөдөгү эң демократиялуу конституциялардын бири катары айтууга мүмкүндүк берген.

**1978-жылдагы Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясы.** 1936-жылдагы СССРдин Конституциясы өлкөдө социализмдин жеңишин камсыз кылды. Бирок, Совет мамлекети динамикалуу өнүгүүсүн улантты. Мамлекеттин турмушунун бардык тармактарында өнүгүү болуп өттү. Илим жана техника өнүгүп, өлкө дүйнөлүк мейкиндикте чоң ийгиликтерге жетишти. Белгилүү деңгээлде өнүгүү Кыргызстанга да мүнөздүү болгон. Кыргызстандын экономикасы индустриалдык мүнөзгө ээ боло баштады. Ал, кубаттуу өндүрүштүк база жана жогорку илимий-техникалык потенциал менен мүнөздөлүп, бул бүткүл союздук деңгээлде социалдык-экономикалык жана маданий татаал проблемаларды ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берген.

Мамлекеттин социалдык-экономикалык турмушундагы мына ушул өзгөрүүлөрдүн бардыгы өнүккөн социализмдин негиздерин бекемдеген жаңы конституцияны кабыл алуунун зарылдыгын алдын-ала аныктады.

1977-жылдын 7-октябрында тогузунчу чакырылыштагы СССР Жогорку Советинин кезексиз жетинчи сессиясы СССРдин жаңы Конституциясын кабыл

алган. Ошого жараша бардык союздук республикалардын, анын ичинде Кыргыз ССРинин конституциялары да кабыл алынды.

1978-жылы бүткүл элдик талкуудан кийин тогузунчу чакырылыштагы Кыргыз ССР Жогорку Советинин кезексиз сегизинчи сессиясы Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын жаңы Конституциясын кабыл алды.

Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы Конституциясынын өзгөчөлүгү мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын айкалышы катары советтик коомдун бүткүл саясий системасынын консолидациясы (мамлекеттик, КПСС, коомдук уюмдар, эмгек коллективдери) болуп саналып, алар аркылуу Кыргызстандын элинин суверенитети ишке ашат. Конституцияга биринчи жолу «Саясий система» деген глава киргизилди. Конституцияда КПСС совет коомунун жетекчи жана багыт берүүчү күчү, анын саясий системасынын ядросу катары мүнөздөлөт (1937-жылдагы Конституциядагыдай мамлекеттик жана коомдук уюмдар гана эмес). Кыргыз ССРинин Конституциясынын 6-статьясында биринчи жолу КПССтин коомдогу жетекчилик ролун ишке ашыруунун негизги багыттары чагылдырылган.

Мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүктүү органдарынын ролу күчөтүлгөн. Алар эл депутаттарынын Советтери деп аталып калган. Мындан тышкары Конституциянын 2-статьясы эл бийлигин ишке ашыруунун негизги формасы катары Советтердин ролун (ойдон чыгарылган болсо да) дароо көрсөтө тургандай негиздеген; ошондой эле Советтерге бардык башка мамлекеттик органдар контролдо жана отчёт бере тургандыгы белгиленген. Мындан тышкары Конституцияга биринчи жолу эл депутаты боюнча атайын глава киргизилген.

1978-жылдагы Конституциянын өзгөчөлүгү — мамлекет менен адамдын ортосундагы мамилелердин жөнгө салынуусу мурдагыга караганда кененирээк берилген. Мурда бекитилген адам укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиктери бир кыйла кеңейтилген. Бул

конституциялар адамдын социалдык укуктарынын эң кеңири спектрин бекиткендигин белгилей кетүү керек. Конституциялык деңгээлде жарандардын жаңы укуктары да бекитилген: саламаттыкты сактоого, турак-жайга, маданияттын жетишкендиктерин пайдаланууга, илимий-техникалык жана көркөм чыгармачылыктын эркиндигине, мамлекеттик органдарга жана коомдук уюмдарга алардын ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды берүүгө, иштеги кемчиликтерди сынга алууга жана башка укуктар.

Конституцияда Кыргыз ССРинин суверенитетинин укуктук кепилдиктери бекитилген. Кыргыз ССРи суверендүү мамлекет болуу менен өзүнүн мамлекеттик бийлигин өз алдынча ишке ашыруу үчүн бардык зарыл ыйгарым укуктарга ээ болгон. Конституцияда анын коомдук жана мамлекеттик турмуштун ар түрдүү чөйрөлөрүндө ыйгарым укуктары ар тараптан бекитилген.

**1993-жылкы Эгемен Кыргызстандын Конституциясы.** 80-90-жылдардын аягында бүткүл постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөрдө чоң өзгөрүүлөр боло баштаган. 1991-жылдын декабрында Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын жана Украинанын ортосунда Беловеж келишиминин түзүлүшү менен Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун биротоло ыдырап кетүү фактысы белгилүү болгон эле. 90-жылдарга чейин Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы Конституциясы демократиянын кээ бир негиздерин, принциптерин жана жоболорун декларативдүү түрдө болсо да, номиналдык түрдө жарыялоо менен коомдун жана тоталитардык типтеги мамлекеттин эң маанилүү принциптерин жана өзгөчөлүктөрүн жалпысынан чагылдырып, белгилүү бир өзгөртүүлөр менен колдонулган. Бирок, өлкөнүн тарыхый өнүгүүсүнүн объективдүү жүрүшү өлкөнүн жаңы Негизги Мыйзамын иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун зарылдыгын алдын ала белгилеген. Бул муктаждык төмөнкү факторлор менен шартталган: 1) СССРдин курамындагы союздук республикадан Кыргызстан

өз алдынча, көз карандысыз, эгемендүү мамлекетке айланган; 2) Коомдук түзүлүштүн негиздери — экономикалык, социалдык, саясий жана рухий негиздер өзгөрө баштаган; 3) Коомдук-саясий күчтөрдүн өз ара байланышы өзгөрдү, коом мурдагы тоталитардык "социализмди" четке кагып, демократиялык өнүгүү жолун тандап алды, жаңы мамлекеттик органдар жана мекемелер пайда болду, күчтүү бир партиялуу система көп партиялуу системага алмашты; 4) Өлкөдө марксизмдин-ленинизмдин идеологиялык монополиясына чекит коюлуп, идеологиялык плюрализм, жаңы коомдук баалуулуктар, нормалар жана идеалдар орун ала баштады. Өлкөнүн жаңы Негизги Законунун кабыл алынышынын алдында белгилүү мыйзам чыгаруу иштери жүргүзүлгөн. Буга, мисалы, бир катар принциптүү жаңы конституциялык документтерди кабыл алуу менен коштолгон: 1990-жылдын 15-декабрында Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин 1990-жылдын 15-декабрындагы 3-сессиясында кабыл алынган Кыргызстан Республикасынын Эгемендүүлүгү жөнүндөгү жана 1991-жылдын 31-августундагы Көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларациялары. Маңызы боюнча саясий-укуктук жана учредителдик документ катары, конституциялык масштабдагы актылардын катарын толуктай алган. Андыктан бул саясий актыларга мамлекеттин ошол кездеги укуктук өнүгүшүнүн илимий, саясий Конституциясы катары баа берилмекчи. Себеби ал учурда кабыл алынган Декларацияларга ылайык Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы Конституциясына өзгөртүүлөр киргизилип, мамлекеттин жаңы аталышы "Кыргыз Республикасы" деп жарыяланган.

1990-жылдын 27-октябрында он экинчи чакырылыштагы республиканын Жогорку Совети Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясынын (Негизги Законунун) долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссияны түзүү жөнүндө токтом кабыл алган. Жаңы Конституцияны иштеп чыгуу эки жылга созулган. 1992-жылдын 12-декабрындагы токтому

менен Конституциянын долбоору жалпы элдик талкуууга коюлган.

Үч айга созулган талкуунун жүрүшүндө келип түшкөн сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен Конституциялык комиссия Конституциянын долбоорун жыйынтыктап, Жогорку Кеңештин эки этапта – 1993-жылдын 12-19-апрелинде жана 3-8-майда өткөн 12-сессиясынын кароосуна коюлган.

Жогорку Кеңештин 1993-жылдын 5-майындагы 12-сессиясында көп күндүк кызуу талаш-тартыштардын жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы кабыл алынган.

Бирок, КР жаңы Конституциясы бир нече жолу өзгөртүүлөргө, толуктоолорго дуушар болду.

1996-жылдагы "реформа" өлкөдө жаңы конституциялык түзүлүштү негиздеди. Республика толугу менен парламенттик моделден кайтып, башкаруунун президенттик аралаш моделине өтүп, бийлик президенттик, аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бутактарынын арасындагы ыйгарым укуктары бөлүштүрүлгөн.

Тышкы саясат жана ички өнүгүүнүн негизги багыттарын аныктоо боюнча ыйгарым укуктар Жогорку Кеңештен өлкө Президентине берилди. Жалпысынан алганда Кыргыз Республикасынын Президентине 46 ыйгарым укук берилсе, парламентке 36 ыйгарым укук калтырылган.

1996-жылкы Конституциялык реформада Президенттин ыйгарым укуктары кеңейтилген: Президент Өкмөт мүчөлөрүн өзү дайындаган, жергиликтүү администрациялардын жетекчилерин жана элчилерди дайындаган.

Депутаттар өкмөттү кетире алган эмес, бирок Премьер-Министрге ишенбөөчүлүк көрсөтүүгө укуктуу болгон. Өкмөт башчы менен бирге бардык министрлер кетүү ченеми каралган.

Көп өтпөй эле 1998-жылдын 17-октябрында конституциялык реформа боюнча референдум өткөн. Референдумда 5 маселе болсо, анын үчөө парламенттин реформасына байланыштуу болгон. Өткөрүлгөн референдумдун негизинде Жогорку Кеңештин депутаттары кол тийбестик укугунан ажыратылып, Жогорку Кеңештин палаталарынын курамынын саны өзгөртүлдү (мыйзам чыгаруу жыйыны 60 депутат, алардын ичинен 15и партиялык тизме менен, эл өкүлдөр жыйыны 45депутат).

1998-жылы жарандардын жеке менчик укугуна байланыштуу өзгөртүүлөр дагы киргизилген. Жеке тараптар жер тилкелерге ээлик кылуу укугун алган. Мамлекет бул укуктарды сыйлоого милдеттенген.

Арадан көп убакыт өтпөй 2001-жылы кезектеги Конституциялык реформа жүргүзүлгөн. 2001-жылдын 24-декабры Кыргыз тили мамлекеттик тил катары, ал эми орус тили расмий тил катары кабыл алынып, этникалык азчылыктардын тилин сактоого кепилдик жана өз тилинде сүйлөө укугу берилген.

2003-жылы дагы бир конституциялык “реформа” болуп, ага байланыштуу 2005-жылдан тартып бир палаталуу парламент можаритардык негизде түзүлөрү аныкталган. Бул реформада Президенттин ыйгарым укуктары дагы кеңейтилип, эки мөөнөткө шайланууга, Өкмөттүн түзүмүн түзүп, Премьер-министрди дайындап, Башкы прокурорду, судьяларды, Улуттук Банктын төрагасын кызмат ордуна дайындап, же буларды кызматтан алуу укугу берилген. Улуттук коопсуздук кызматын түзүү жана жоюу укугуна ээ болгон.

2005-жылдын 24-мартындагы окуялардан кийин жана конституциялык реформалардын жаңы процессинин башталышы менен 2006-жылдын 8-ноябрында коомдук, саясий компромисстин негизинде Кыргыз Республикасынын Негизги мыйзамынын жаңы редакциясы кабыл алынган.

Ал Конституциялык кеңеш, Президент жана Жогорку Кеңеш тарабынан сунушталган үч долбоордун негизинде

иштелип чыккан. Ошондуктан бул документтин кемчиликтери арбын болгон. Бирок ага карабастан, бул редакцияда Президенттин аткаруу бийлигин түзүүдө жана көзөмөлдөөдө ыйгарым укуктары, аны менен кошо мыйзам чыгаруу процессине таасир этиши кыйла кыскарган.

Парламент 90 депутаттан туруп, алардын 50% партиялык тизме менен, 50% бир мандаттуу аймактардан шайлануусу каралган. Жаңы Конституция боюнча бир партия 50%дан ашык орун алган убакта Кыргыз Республиканын Өкмөтүн түзүү милдети каралган. Эгер эч бир партия 50%дан ашык орун албаса, анда премьер-министрди дайындоо милдети Президентке өткөн. Мисалы, премьер-министр кызматына бекигенден кийин, ал Өкмөттүн түзүмүн аныктайт жана аны Жогорку Кеңешке бекитүүгө жөнөтөт. Премьер-министр аны менен кошо Өкмөттүн курамын түзүп, аны Президентке бекитүүгө киргизген.

Бирок, Кыргыз Республикасынын конституциясынын жаңы редакциясынын кабыл алынышына карабастан бийлик менен оппозициянын келишпестиги уланган. Бул жагдай ушул эле жылы 30-декабрда өлкөнүн негизги мыйзамына жаңы өзгөртүүлөрдүн киргизилишине алып келген жана ага ылайык Президенттин аткаруу бийлигине кийлигишүүсү күчөгөн. Премьер-министрди тандоо мөөнөтү 14 күндөн 5 иш күнүнө чейин кыскарып, Өкмөттүн түзүлүшү 14 күндөн 7 күнгө чейин кыскарган.

Президент Өкмөттүн курамын жана анын түзүмүн бекитүү, өлкөнүн коргонуу жана коопсуздугуна караштуу мамлекеттик органдардын үстүнөн түздөн-түз башкаруу укугуна ээ болгондугу менен ал мурда кыскартылган ыйгарым укуктарын дээрлик калыбына келтирген.

2006-жылдын ноябрь жана декабрь айларында Баш мыйзамдын эки варианты кабыл алынган. 2007-жылы Конституциялык сот аларды жокко чыгарган.

2007-жылдын октябрында мурунку жылдардагы конституцияларга салыштырмалуу Президенттин укуктарын

бир топ күчөткөн жаңы конституция кабыл алынган. Бул конституция боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин аткаруу жана сот бийлигине болгон ыйгарым укуктары жана таасири калыбына келтирилип, андан дагы күчөтүлгөн. Мисалы, Президенттин түздөн-түз юрисдикциясына аткаруу бийлигинин негизги тармактары берилген. Алар: ички жана тышкы саясат (ИИМ жана ТИМ), коргоо жана улуттук коопсуздук (УКМК).

Конституцияда депутаттардын саны 90го чейин көбөйтүлүп, алар партиялар аркылуу шайланат деп жазылган.

Ошонун натыйжасында 2010-жылы кайгылуу окуялар орун алып, Кыргызстанда кайрадан саясый бийликтин алмашуусу орун алган. Мурдагы бийлик учурунда өлкөнүн өнүгүү жолун аныктоо, өнүгүүнүн стратегиялык документтерине кол коюу бир гана Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укугу болгон.

2010-жылы 27-июнда кабыл алынган Негизги мыйзамдын жобосуна ылайык, жаңы бийлик президенттик башкаруудан баш тартып, Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарын кеңейткен. Депутаттардын саны 120га чейин көбөйтүлгөн. Шайлоо системасы Конституциянын 70-беренесинин 2-пункту боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши пропорционалдык система боюнча шайланат» - деп белгиленген. Мамлекеттеги шайлоо системасынын негизги формасы аныкталган.

Өлкөнүн социалдык - экономикалык өнүгүшү боюнча программаларды бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн курамын түзүү боюнча парламенттин ыйгарым укуктары өлкөдө стратегиялык багыттарды өнүктүрүүгө, аларды иш жүзүнө ашырууга ыңгайлуу шарттарды түзөт деген ишеним Президенттик башкаруу формасынан парламенттик формага өтүүнү негиздеген. Президент мыйзамдарды демилгелөө укугунан ажырап, алты жыл бир мөөнөткө гана шайланган. Өкмөт Жогорку Кеңешке баш ийип калган.

2010-жылдын 27-июнундагы референдумдун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциясына киргизилген негизги өзгөртүүлөр жана толуктоолор 2007-жылдын 21-октябрындагы Конституциянын редакциясына салыштырмалуу кыйла натыйжалуу талданса болот. Бул салыштырууну Конституциянын үч негизги бөлүгү боюнча жүргүзүү максатка ылайык: конституциялык түзүлүш, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери, мамлекеттик механизмдин уюштурулушун жана иштешин аныктоочу жоболор.

Негизги мыйзамдагы олуттуу өзгөртүүлөр мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү: Президент, Парламент, Өкмөт. Маселен, жаңы Конституцияда Жогорку Кеңешке Өкмөттү түзүү боюнча кеңири ыйгарым укуктар берилген.

Бирок ошол 2010-жылдагы Конституция боюнча кээ бир эксперттер президенттик-парламенттик башкаруу формасына өткөндүгүбүздү белгилешет, анткени Президенттин колунда тышкы саясаттын багытын аныктоо, күч түзүмдөрүнүн үстүнөн кураторлук ишти жүргүзүү сыяктуу маанилүү функциялар калтырылган болчу. Конституциянын долбоорун иштеп чыгууда Президенттин ыйгарым укуктарын алсыратып, парламенттин ыйгарым укуктарын күчөтүү ниети болгон. Албетте, Президенттин бир катар ыйгарым укуктары кыскартылды, бирок бул кээ бир учурларда ыңгайсыздыкка алып келген. Демек, жаңы Конституциянын мазмунунда мамлекеттин ички жана тышкы саясатын аныктаган мамлекеттик бийликти табуу мүмкүн эмес, Президент Конституциянын, адам укуктарынын жана эркиндигинин гаранты эмес; Президент мамлекет башчысы, эл менен мамлекеттик бийликтин биримдигинин персоналы катары мыйзам чыгаруу демилгесине укуксуз ж.б.

2010-жылдын 10-октябрында Жогорку Кеңештин кезексиз V чакырылышынын курамына пропорционалдуу шайлоо системасы аркылуу шайлоо болуп өткөн.

2010-жылдын 10-ноябрында Жогорку Кеңеш өзүнүн алгачкы отурумун өткөргөн. Конституция боюнча шайланган Жогорку Кеңеш парламенттик коалициялык көпчүлүктү түзүү укугуна ээ болгон.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында Өкмөттү түзүүнүн деталдуу тартиби белгиленген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн тез арада түзүү максатында Конституцияда Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкерди Жогорку Кеңеш сунуштай турган мөөнөт белгиленген. Премьер-министрликке талапкер Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет. Бул мөөнөт 15 жумушчу күндү түзгөн.

2010-15-жылдар аралыгында иш алып барган 5-чакырылыштагы Жогорку Кеңештин тарыхында 5 жолу коалициялык көпчүлүк түзүлүп, коалициялык Өкмөттүн курамы бекитилген.

Конституцияда белгиленген тартипте Жогорку Кеңеш тарабынан Өкмөттү түзүүсү Өкмөттүн кыска мөөнөттүү иш-аракетинин ыктымалдыгын көрсөткөн. Себеби, фракциялардын коалициясы парламенттик көпчүлүк макамын жоготкон учурда Өкмөт отставкага кетиши керек, ал эми жаңы Өкмөт Конституцияда каралган тартипте жана мөөнөттө түзүлөт.

Өлкөнүн парламентине кезектеги шайлоо 2015-жылдын 4-октябрында өткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын VI чакырылышындагы Жогорку Кеңешинин депутаттары шайланган.

Ушул шайлоодо Кыргыз Республикасынын парламентаризминин тарыхында алгач ирет шайлоо процессинин жаңы модели иштелип чыгып, жүзөгө ашырылган. Ал шайлоочулардын идентификациясы жана шайлоочулардын добуштарын автоматтык түрдө саноону камсыз кылган заманбап технологиялык каражаттарды

колдонуу менен өткөрүлгөн. Өткөн шайлоо өнөктүгүнүн өзгөчөлүгү катары, биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандарын тизмеге киргизүү аркылуу жүргүзүлдү. Акыркы он беш жылдын ичиндеги парламентаризмдин өнүгүүсүндө туруктуу иштеп турган депутаттардын саны 2,6 эсе өскөн (45 депутаттан (1995-жыл) 120 депутатка чейин (2010-жыл). Депутаттардын санынын өсүшүнө байланыштуу аларды тейлеген кызматкерлердин саны да көбөйгөн. Алардын өсүү динамикасы депутаттардын бардык чакырылыштардагы санынын өсүшүнүн динамикасынан кыйла алдыда болгон.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына кезектеги өзгөртүүлөр 2016-жылдын 11-декабрында жалпы элдик референдум аркылуу киргизилген.

Өлкөнүн ичинде, дүйнө коомчулукта Кыргызстанда башкаруунун парламенттик формасы орнотулуп жаткандыгы белгиленген. Премьер-министр бир эле учурда парламент депутаты боло алат деген өзгөртүү менен ыйгарым укуктары кеңейген. Өзгөртүүлөргө ылайык, Премьер-министр парламентарийлердин өкүлү катары чечимге таасир эткен. Эгерде кызматтан кетсе, депутат катары ишмердүүлүгүн уланткан.

Ал эми 2020-жылы бийлик дагы бир ирет алмашылып Конституциянын жаңы редакциясын иштеп чыгуу демилгеси көтөрүлгөн.

Колдонуудагы Конституция 2021-жылдын 11-апрелиндеги өткөн жалпы элдик добуш берүүдө кабыл алынып 2021-жылдын 5-майынан тартып күчүнө кирген.

2021-жылкы баш мыйзам руханий-адеп-ахлактык ченемдерди, Конституциялык идентүүлүк маселелерин көтөрдү. Конституциялык идентүүлүк, руханий-адеп-ахлактык ченемдер улуттук баалуулуктардын жоболору катары орун алды.

Конституцияда адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого жана урматтоого умтулууну ырастаганы мамлекеттин милдети катары таануу; адамдын

укуктарын жана эркиндиктерин эң жогорку конституциялык баалуулук катары аныктоо принциптери белгиленген.

Баш мыйзамда мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарына карата бир катар жаңы ченемдер киргизилген. Мамлекеттик башкаруу толугу менен президенттик башкарууга негизделип, Президент аткаруу бийлигин жетектөөсү көрсөтүлгөн. Конституцияда Президент 5 жылдан эки мөөнөткө шайлана алары, Жогорку Кеңешке мыйзам долбоорлорун сунуштары, Министрлер Кабинетинин түзүмүн жана курамын аныктары, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын, анын орун басарларынын жана башка мүчөлөрүнүн кызматтан кетүү жөнүндө өтүнүчтөрүн жана аларды кызматтан кетирүү жөнүндө чечимди кабыл алары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын кызматка дайындап жана бошотору, Коопсуздук кеңешин түзөрү, ички жана тышкы саясатты аныктары, мыйзам демилгелөө укугуна ээ болору жана башка ыйгарым укуктары белгиленген.

Колдонуудагы баш мыйзам боюнча Жогорку Кеңеш 90 депутаттан турат жана 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Депутаттардын 54тү пропорцианалдык, ал эми 36сы можаритардык шайлоо тутумдары менен шайланмакчы.

Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына Бюджетти бекитип, анын аткарылышы тууралуу Министрлер Кабинетинин ар жылдык отчетун угуу, Президенттик шайлоону дайындоо, Президенттин сунуштамасы боюнча Улуттук Банктын төрагасын шайлоо, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын мүчөлөрүнүн экиден бирин президенттин сунушу менен, экиден бирин өзүнүн демилгеси менен шайлоо жана мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтан бошотуу, Акыйкатчыны (Омбудсменди) шайлоо жана мыйзамда каралган учурларда кызматтан бошотуу, аны жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү, Президенттин сунуштамасы менен Башкы прокурорду дайындоо,

бошотууга жана жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү кирет.

Жогорку Кеңеш өзүн өзү таркатуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Өзүн өзү таркатуу жөнүндө чечим Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси менен үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат (84-берене).

Жогорку Кеңеш Конституцияда каралган тартипте президентке каршы айып коёт жана президентти кызматынан четтетүү жөнүндө чечим кабыл алат (80-берене).

73-беренеге ылайык, президент Конституцияны жана мыйзамдарды бузгандыгы жана Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына, сот бийлик органдарынын ишмердигине мыйзамсыз кийлигишкендиги үчүн кызматтан четтетилиши ыктымал. Ал үчүн Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добушу, Башкы прокуратура менен Конституциялык соттун ырасталган корутундусу керек.

2021-жылдагы конституция боюнча аткаруу бийлик институтуна дагы көптөгөн өзгөрүүлөр кирген. Конституциянын 59-беренесинин 1-бөлүгү боюнча аткаруу бийлигин Президент жүзөгө ашырат. Министрлер кабинетинин түзүмүн жана курамын президент аныктайт. Министрлер Кабинети 2021-жылдын 11-октябрындагы № 122 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык “Президентке баш ийген жана отчет берген аткаруу бийлигинин жогорку коллегиалдуу органы болуп саналат”[23].

---

[23] 2021-жылдын 11-октябрындагы № 122 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы. Электрондук ресур // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112301/10?cl=ky-kg&mode=tekst.

Министрлер Кабинетинин курамы Министрлер Кабинетинин Төрагасынан, анын орун басарларынан, министрлерден жана мамлекеттик комитеттердин төрагаларынан турат. Министрлер Кабинетинин төрагасы - Президенттин администрация башчысы болуп саналат.

Министрлер Кабинети президентке гана отчет берет. Президент Министрлер кабинетинин жана аткаруу бийлигинин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарына жеке жооп берет.

Конституцияда сот тутуму боюнча дагы кыйла өзгөрүүлөр орун алган. Конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, Конституциянын үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу максатында конституциялык контролду жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту белгиленди.

Конституциялык соттун негизги ыйгарым укуктарына төмөндөгүлөр кирмекчи:

1) Конституцияны расмий чечмелеп берет;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын Конституцияга ылайык келүүсү тууралуу иштерди чечет;

3) Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берет;

4) мамлекеттик бийлик бутактарынын ортосундагы компетенциялар жөнүндө талаштарды чечет;

5) ушул Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө мыйзам долбооруна корутунду берет;

6) Президентке каршы айып коюунун белгиленген тартибинин сакталгандыгы жөнүндө корутунду берет.

Сот бийлигиндеги киргизилген дагы бир өзгөчөлүк Жогорку соттун судьялыгына карата киргизилген

талаптардын бири судьялык кызматта 5 жылдан кем эмес иш стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны боло алат.

Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын ичинен Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагалары Президент тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларынын орун басарлары Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларынын сунуштамасы боюнча Президент тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Жергиликтүү соттордун судьяларынын ичинен Жогорку соттун төрагасы жергиликтүү соттордун төрагасын жана алардын орун басарларын 5 жылдык мөөнөткө дайындайт.

2021-жылдагы конституциялык реформа прокуратура органдарынын ыйгарым укуктарына дагы өзгөртүүлөрдү киргизди. Кыргыз Республикасынын прокуратурасы мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзүү менен кылмыш куугунтуктоосун жүзөгө ашыруу функциясына ээ болду.

Конституциянын бешинчи бөлүмү боюнча жаңы конституцияны кабыл алуу принциптери дагы аныкталган.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Конституциялык-укуктук ченемдер, алардын өзгөчөлүктөрү, түрлөрү жана түзүлүшү.

2. Конституциялык-укуктук мамилелер (алардын мазмуну)

3. Конституциялык-укуктук мамилелердин субъекттери жана объекттери.

4. Конституциялык укуктун булактарынын түшүнүгү.

5. Конституциялык укуктун булактарынын түрлөрү жана аларга жалпы мүнөздөмө.

6. 1929-жылы КАССР Конституциясынын кабыл алынышына эмне себеп болгон?

7. 1929-жылдагы Конституцияда кандай өзгөчө жоболор бекитилген?

8. 1937-жылы Кыргыз ССРинин Конституциясынын кабыл алынышына эмне себеп болгон?

9. 1937-жылдагы Конституцияда кандай өзгөчөлүктөр бар?

10. 1978-жылдагы Конституциянын кабыл алынышы менен кандай жаңылыктар киргизилди?

11. 1991-жылдын 31-августундагы «Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө» Декларациянын мааниси эмнеде?

12. Советтик Социалисттик Республикасы жашап турганда Кыргызстан мамлекеттик суверенитетке ээ болгонбу?

13. 1993-жылкы Конституцияны кабыл алуу эмне үчүн зарыл болгон?

14. 1978-жылга салыштырмалуу 1993-жылдагы Конституцияда кандай кардиналдуу өзгөртүүлөр орун алган?

15. 1996-жылы 1993-жылкы Конституцияга кандай өзгөртүүлөр киргизилген?

16. 1998-жылы Конституцияга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор коомдук турмуштун кайсы тармактарына таасирин тийгизди?

17.2003-жылдагы конституциялык реформа кандай идеяларды көздөгөн?

18. 2006-жылдагы конституциялык реформанын себептери?

19. 2010-жылдын 27-июнундагы Конституцияны кабыл алуунун зарылчылыгы бар беле?

20. 2016-жылдын 11-декабрындагы жалпы элдик добуш берүүдөгү киргизилген өзгөртүүлөрдө Конституция кайсы институттар боюнча өзгөрүүгө дуушар болгон?

21. 2021-жылдын 11-апрелинде бүткүл элдик добуш берүүдө кабыл алынган жаңы Конституциянын өзгөчөлүгү эмнеде?

**1- кейс – тапшырма:**

2021-жылы аралаш шайлоо тутумун (мажоритардык-пропорционалдык) орноткон Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону жөнгө салган мыйзамдын ченеми Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун кароосунун предмети болгон. Тараптардын бири Кыргыз Республикасынын Конституциясы шайлоо тутумунун түрүн тикелей бекитпейт, ошондуктан Конституцияда конкреттүү укуктук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдер жок жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотундагы каралуучу маселенин предмети боло албайт деп ырастады. Экинчиси, КР Конституциялык Соту мыйзамдагы конкреттүү укуктук мамилелерди жөнгө салбаган ченемге, анын укуктук мазмунун аныктоочу ченем-принципке ылайык келишин текшерүүгө укуктуу деп белгиледе. Себеби көпчүлүк конституциялык ченемдер абстракттуу мүнөзгө ээ, ченемдер-принциптердин мүнөзү, ошондуктан аларды чечмелөө үчүн атайын орган – конституциялык сот адилеттигинин органы түзүлгөн деп каршы пикирин билдирди.

*Конституциялык жөнгө салуу методунун өзгөчөлүктөрү кандай?*

*Конституциялык укуктун ченемдери башка тармактардын ченемдеринен эмнеси менен айырмаланат?*

*Кайсы позицияны туура деп эсептейсиз жана эмне үчүн?*

**2 – кейс – тапшырма:**

Мамлекетте дин кызматкери жана алардын жактоочулары азыркы Конституциянын ордуна жаңы Конституциянын долбоорун референдумда жактырууну калкка сунуш кылышууда. Конституцияга «демократиялык

ислам республикасы» деп жарыялап, көптөгөн араб өлкөлөрүндөгүдөй эле (Египет, Иран, Сирия) исламды мамлекеттик дин катары орнотуу зарыл, ал эми укуктук мамлекеттин негизи катары – ислам укугу (шарият) деген пикирлерин айтышууда. Ошондой эле укуктук тартипти жөнгө салуунун негизи – ислам укугу (шарият) болуш керектигин билдиришти. Башкалары жалпысынан Конституциянын кабыл алынышына каршы чыгышат, анткени шарият Куран менен Сүннөттөн башка фундаменталдык мыйзамдардын болушун караштырбайт.

*Конституциянын функциялары кандай?*

*Конституциянын укуктук, идеологиялык жана социалдык функциялары эмнени түшүндүрөт?*

*Жогорудагы кырдаал боюнча сиздин пикириңиз.*

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшү

## 3.1. Конституциялык түзүлүштүн түшүнүгү

Ар бир мамлекет белгилүү өзүлөрүнө тиешелүү болгон негиздери менен айырмаланат, ал анын өзгөчөлүгүн билдирет. Мындай белгилер демократиялуу же тоталитардык, республика же монархия, федералдык же унитардык болушу мүмкүн. Бул белгилердин жыйындысы кайсы бир мамлекеттин жана коомдун түзүлүшү тууралуу кеп кылмакчы, алар мамлекеттин Конституциясында бекитилгенден кийин, анын конституциялык түзүлүшү болуп эсептелет.

**Конституциялык түзүлүш** (формалдуу юридикалык мааниде) – бул конституцияда бекитилген мамлекетти жана коомду уюштуруунун тутуму.

«Конституциялык түзүлүш» категориясы «мамлекеттик түзүлүш», «коомдук түзүлүш» түшүнүктөрүнөн айырмаланып мамлекеттин жана коомдун түзүмү конституцияны гана жетекчиликке албастан, ошондой эле конституционализмдин идеяларына негизделиши керектигин көрсөтөт.

Конституционализм – 1) конституцияда айкын чектелген башкаруу; башкаруунун конституциялык усулдарына жана конституцияга таянган саясий тутум; 2) конституциялык түзүлүштү орнотуунун зарылдыгын негиздөөчү саясий-укуктук теория[24].

Азыркы конституционализм (гуманитардык баалуулуктардын системасы катары) - мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн түзүмүнүн жана иштешинин идеяларынын (принциптеринин) жыйындысы, алардын болушу мамлекеттик бийликти жана коомдук турмушту

[24] Электрондук ресурс // https://ky.wikipedia.org/.

жүзөгө ашырууда гуманизмди, демократияны, өзүн-өзү башкарууну камсыз кылуу үчүн зарыл. Инсандын татыктуу жана эркин жашоосун камсыз кылуу, социалдык коргоо конституциялык деңгээлде адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кенендиги.

Конституционализмге негизделген конституциялык түзүлүштө мамлекеттик жана коомдук турмуш ушундай уюштурулган, анда мамлекет демократиялык укуктук мүнөзгө ээ; адам, анын укуктары жана эркиндиктери, ар-намысы жана кадыр-баркы эң жогорку деп таанылган баалуулук, жана аларды сактоо жана коргоо мамлекеттин негизги милдети; коомдун саясий жана социалдык системалары плюрализмге жана идеологиялык ар түрдүүлүккө негизделет.

Түзүмдүк жактан конституциялык түзүлүш эки кичи система менен көрсөтүлүшү мүмкүн: мамлекеттик жана коомдук түзүлүш. Эгерде конституцианализмдин идеялогиясы алардын маңызын түзсө, анда экөө тең конституциялык мүнөзгө ээ болот.

Конституцияда жана башка эң маанилүү ченемдик укуктук актыларда бекемделген конституционализмдин идеялары жашоодо, аларды тиешелүү укуктук актыларда жана мамлекеттеги конституциялык – укуктук мамилелерди түзүү тутумунда бекитүү жолу аркылуу ишке ашырылат.

Конституционализмдин негизги элементтери Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген моделди эске алуу менен адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери, элдик эгемендик, мамлекеттик эгемендик, бийликти бөлүштүрүү принциби, мамлекеттин демократиялык башкаруу формасы, укуктук мамлекет, идеялогиялык жана саясий көп түрдүүлүк, экономикалык либерализм, социалдык мамлекет, светтик мамлекет, унитардуу мамлекет, жергиликтүү өз алдынча башкаруу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшү төмөндөгүдөй бекитилген конституциялык ченемдердин жыйындысы менен аныкталынат:

1. мамлекеттик эгемендик, мамлекеттик жана коомдук турмушта бардык маселелерди чечүүдө Кыргыз Республикасынын бийлигинин толуктугу;

2. адамдын гумандуу укуктук статусу, анын укуктарынын жана эркиндиктеринин жогорку баалуулук деп таанылышы, мамлекеттин жана анын органдарынын негизги милдети аларды коргоосу жана таануусу, мыйзам алдында кандайдыр бир кырдаалга карабасатан теңдиги жана укуктарынын корголушу; Кыргыз Республикасынын жарандыгы;

3. укуктук жана Конституциянын үстөмдүгү, анын түздөн-түз аракети жана колдонулушу;

4. ички жана эл аралык укуктун өз ара биргелешүүсү, жалпы таанылган эл аралык ченемдерди сактоо;

5. мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү;

6. менчиктин көп түрдүүлүгү жана экономикалык ишмердиктин эркиндиги;

7. идеялогиялык көп түрдүүлүк жана саясий плюрализм;

8. жергиликтүү өз алдынча башкаруу.

Демек, **Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшү** конституционализмдин прогрессивдүү идеяларына негизделген, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана башка эң маанилүү ченемдик укуктук актыларда бекемделген, өлкөнүн негизги мыйзамынын жоболорун өнүктүргөн мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн биримдиги.

## 3.2. Кыргыз Республикасынын Конституциясында конституциялык түзүлүштү бекитүү

Конституциялык түзүлүш коомдо пайда болгон коомдук мамилелердин бирдиктүү тутумун түзөт.

Ошондуктан аны жөнгө салууда жана бекитүүдө баардык укуктун тармактары жана мыйзамдар катышат.

Конституциялык түзүлүштү жөнгө салган укук ченемдеринин ичинен эң маанилүү орунду Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери түзөт[25]. Мындай көз караш Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинде белгиленгендей Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ жана Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат. Конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституциянын негизинде кабыл алынат башкача айтканда Конституция башка ченемдик – укуктук актылар үчүн базалык акт болуп эсептелет.

Конституцияда же ченемдик – укуктук актылардын белгилүү бир тобунда жана үрп-адаттарда (жазылбаган конституция) бекитилген конституциялык түзүлүштүн баштапкы жоболору **конституциялык түзүлүштүн негизин** түзөт.

Конституциялык түзүлүштүн негиздери фундаменталдык саясий-укуктук баалуулуктарды, мамлекеттин жана коомдун түзүлүшүнүн конституциялык принциптерин көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын биринчи бөлүмү «Конституциялык түзүлүштүн негиздери» деп аталат жана Кыргыз Республикасынын уюштуруу жана иш-аракетинин негизги принциптерин бекитип, мамлекеттин жана коомдун башталгыч биримдигин орнотот.

Конституциялык түзүлүштүн негизинин жалпы өзгөчөлүгү төмөндөгүдөй белгилер менен мүнөздөлөт:

- негизги, фундаменталдуу, жалпы маанини билдирет;
- саясий – укуктук мүнөз;
- ченемдүүлүк жана жалпыга милдеттүүлүк;

---

[25] Сооданбеков С.С. Укушев М.К. Конституционное право Кыргызской Республики: (Общая и Особенная части). – Б.: 2001. С.117.

- Конституциянын башка жоболоруна жана ченемдик – укуктук актылардын башка түрлөрүнө карата укуктук үстөмдүүлүгү;

- колдонуудагы туруктуулугу;

- бүтүндүгү;

- жалпы кабыл алуу, идеологиялык мамилелердин эркиндиги.

**Конституциялык түзүлүштүн негиздерин** орнотуу анын инсан жана жарандык коом менен болгон мамилесинде мамлекетти уюштуруунун принциптерин аныктоодон башталат.

Бул принциптер Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-бөлүмүнүн мазмунун түзөт. Аларга төмөндөгүлөр кирмекчи:

- элдик эгемендик;

- адамдын, анын укуктары менен эркиндиктеринин жогорку баалуулугун таануу;

- конституциянын үстөмдүгү;

- эл аралык укуктун ченемдерин таануу;

- мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү;

- менчиктин көп түрдүүлүгү жана экономикалык ишмердиктин эркиндиги;

- идеялогиялык көп түрдүүлүк жана саясий плюрализм;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу.

**Конституциялык түзүлүштүн принциптери** – конституцияда белгиленген, коомдун жана мамлекеттин түзүлүшүн аныктоочу негизги идеялар жана алгачкы башталгычтар.

Конституциялык түзүлүштүн принциптери жалпы формада Кыргыз Республикасынын Конституциясынын биринчи бөлүмүндө бекитилген. Тагыраак айтканда, алар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кийинки бөлүмдөрүндө ачыкталып, кээ бир жоболору эки ирээт кепилдикти камтыйт (унитардуу мамлекет, бийликти бөлүштүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу ж.б.).

Мамлекеттин конституциялык түзүлүшүнүн негиздеринин олуттуусу адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кол тийбестиги жана ажырагыс принцибин таануу жана практикада ишке ашыруу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгилегендей, адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана алар ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык. Алар абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон деп таанылат[26].

Мамлекттин конституциялык түзүлүшүнүн негиздери бул мамлекеттин социалдык багыты менен ажырагыс байланышкан, анын негизги милдети мыйзамда бекемделген социалдык теңчиликтин жана адилеттүүлүктүн принциптерин ишке ашыруу болуп саналат.

Конституциялык түзүлүштүн негиздери өзүнөн өзү жарала бербейт. Алар жалпыланып келип мамлекетти түзөт, ошондуктан биргелешип гана каралышы керек. Бул принциптер бири-бирин толуктап жана оңдой алат. Демек, алардын бардыгы өз ара аракетте жана өз ара көз карандылыкта.

Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин бекитүү менен Конституция кыргыз мамлекеттүүлүгүн мүнөздөөчү бардык эмес, эң маанилүү коомдук мамилелерин жөнгө салат.

Бул мамилелерди жөнгө салуучу укуктук ченемдердин жыйындысы конституциялык укук тутумунда алдыңкы орунду ээлеген "Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздери" конституциялык-укуктук институтун түзөт[27].

---

[26] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 23-берене 1-бөлүг. Бишкек 2021. 7-бет.

[27] Борубашев Б.И. Основы Конституционного Строя Кыргызской Республики. Электронный ресурс // http://www.lib.krsu.edu.kg/uploads/files/public/2019.pdf.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Конституциялык түзүлүш деген эмне?

2.1991-жылдын 31-августундагы «Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө» Декларациянын мааниси эмнеде?

3. Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы Конституциясы менен 2021-жылдын 11-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Конституциясын салыштырып көрүңүз. Ушул актыларга ылайык өлкөдөгү башкаруу формасы боюнча өзүңөрдүн оюуңарды билдиргиле.

**1- кейс – тапшырма:**

Сабиров А.К. Россия Федерациясынын жараны, ал эми жубайы К.М. Сабировада Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар. 2021-жылы 22-мартта алардын кызы төрөлгөн.

*Алардын баласы кайсыл жарандуулукту алат? Бул маселе кантип чечилет?*

**2- кейс – тапшырма:**

Мыйзамдык актынын долбоорун коомдук угууда катышуучулардын бири: «Дин кызматчы жаңы эле сүйлөп, бул мыйзам долбоорунда эмнени жазуу керектигин үйрөттү. Сен, ыйман маселесин чечип, светтик мамлекеттин иштерине аралашпа, дин жана бардык диний ырасымдар мамлекеттен ажыратылган. Сиз коомдун эмес, дин жамаатынын өкүлүсүз, дин жарандык коомдун институту боло албайт».

*Светтик мамлекет деген эмне?*

*Светтик мамлекетте дин кандай болушу керек?*

*Конституцияны жана бул жагдайды жөнгө салган укуктук актыларды анализдеп, жарандын айткандары канчалык деңгээлде мыйзамга туура келээрин белгилеңиз?*

# 4-глава Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздери

## 4.1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнүн саясий негиздери

**Конституциялык түзүлүштүн саясий негиздери** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-бөлүмүндө белигиленгендей, мыйзамга баш ийген мамлекетте мамлекеттик бийликти ишке ашыруунун механизмин, бийлик органдарынын жарандардын өз укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруусуна байланыштуу өз ара мамилелерин мүнөздөгөн принциптер.

**"Саясат"** деген сөз грек тилинен келген polis, "мамлекет" дегенди билдирет.

Саясаттын негизги маселеси – бийликке болгон мамиле, элдин мамлекеттин иштерине катышуусу, анын милдеттерин жана функцияларын ишке ашырууга таасир этүү мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү маселелер.

Мамлекеттик бийликти ишке ашыруу, инсандын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу механизмине мамлекетте аракеттенген саясий күчтөрдүн катышы таасир этет. Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн саясий негиздери туруктуулукту, саясий күчтөрдүн балансысынын туруктуулугун жана улуттук ынтымакты сактоого багытталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленгендей конституциялык түзүлүштүн саясий негиздерине Кыргыз Республикасы - көз карандысыз, эгемен, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик, социалдык мамлекет сыяктуу негиздер белгиленмекчи.

Колдонуудагы Конституцияда мамлекет термини ар кандай сөз айкаштарында кездешет. Ал эми «мамлекет» деген эмне?

Мамлекет тууралуу ой-пикир байыркы улуу ойчулдардын калтырып кеткен жазмаларынан кездештирүүгө болот. Цицерон мамлекетти элдердин жалпы баштапкы укуктук жана жалпы кызыкчылыкка биригүүсү катары аныктаган. Арситотель мамлекетти жарандардын акыл-оюнун жана нравалык кызыкчылыгынын топтолушу катары түшүнгөн (мамлекет – бул элдин саясий жашоосун камсыз кылат)[28].

И. Кант айткан мамлекет – бул мыйзамга баш ийген элдердин биригүүсү. Ал эми белгилүү орус окумуштуусу Н.М. Коркуновдун айтымында «Мамлекет – бул эркин элдердин үстүнөн өз алдынча мажбурлоо бийлигин чагылдырган коомдук бирикме»[29]. Бул жердеги кеп кылынып жаткан аныктамалардан Цицерондун мамлекет тууралуу айткан сөзүнүн өнүгүүсү байкалууда. Бара-бара мамлекет түшүнүгү тереңдеп, так жана кеңири колдонула баштады.

Мамлекет (арабча мамлака, мамлакат - өлкө, хандык) - белгилүү бир коомду кучагына алган саясий уюм. Өз алдынча аймактык ээлиги, калкы жана аны башкаруу, коргоо, ошондой эле ага кызмат өтөө үчүн атайын түзүлгөн бийлик аппараты болот. Илимде же эл аралык укукта «мамлекет» түшүнүгүнүн бирдиктүү жана жалпы таанылган аныктамасы жок. Кийинки илимий адабиятта «баш ийүүгө аргасыз кылган атайын бийлик аппараты бар бир тап же жалпы элдин кызыкчылыгы жана эркин көздөгөн коомдук саясий бийликтин өзгөчө уюму» катары түшүндүрүлөт.

Орустун коомдук-саясий ишмери, Советтик Союздук коммунисттик партиясын жана Совет мамлекетин негиздөөчү, Совет өкмөтүнүн алгачкы жетекчиси В. И.

[28] Политология: Энциклопедический словарь. М., 1993. С.65.
[29] Коркунов Н.М. Лекции по общей теории права. СПб., 1984. С.235-241.

Лениндин аныктамасы боюнча мамлекет - «бир тап экинчи таптын үстүнөн эзип турган машина»[30].

Бириккен Улуттар Уюму боюнча мамлекет негизинен башка өлкөлөрдүн аны таанышына (б. а. дипломатиялык элчилик ачуу) жараша аныкталат. Мамлекеттин качан, кай жерде пайда болгону жөнүндө так маалымат жокко эсе, марксисттик көз караш боюнча мамлекеттин баштапкы формасы (эмгек куралынын өнүгүшү) алгачкы коомдо эле пайда болуп, бирок саясий ж. б. бийлик институттарынын жок болушу менен мүнөздөлгөн. Археологиялык казууларга караганда эң байыркы мамлекеттер адегенде Чыгыш (азыркы Кытай, Индия), Борбордук Азия жана Жакынкы Чыгышта (азыркы Ирак, Палестина ж. б.) пайда болгон. Бирок алардын байыртадан берки туруктуулугу сакталган жок; чек аралар дайым өзгөрүп (кеңейип-кыскарып), кээ бир мамлекеттер кыска гана убакыт өмүр сүргөн. Байыркы хунндардын империясынын ордуна Усун мамлекети, Түрк кагандыгы, Моңгол империясы, Жуңгар хандыгы, Кокон хандыгы, СССР ж. б. түзүлүп, кайра жоюлуп турган. Мамлекеттин башкы функциясы өз элинин жашоосун камсыздоо (өнүктүрүү) болгондуктан, ал коомдук-чарбалык иштерди аткаруу жана аймагын коргоону өз мойнуна алат. Ар бир мамлекеттин милдеттүү компоненттерине анын аймагы, калкы, мамлекеттик аппараты жана салык салуу тутуму кирет. Азыркы учурдагы мамлекеттин негизги белгилери катары (аймак жана элинен тышкары) конституция, аскердик доктрина, башкаруу аппараты (Президент, Министрлер Кабинети (өкмөт), парламент, сот), коомдук-экономикалык (акча системасы, салык жыйноо) ишмердүүлүк, мамлекеттик тил, мамлекеттик символдор ж. б. эсептелинип келүүдө.

В.Н. Хропанюкдун айтымында «Мамлекет өзүнүн бийлигин өлкөнүн бүткүл аймагына жана калкына тараткан,

---

[30] Ленин В. И. Полн. собр. соч., 5-е изд., Т. 39.М., 1958-65; Геллнер Э. Нации и национализм. М. 1991;

атайын башкаруу аппараты орун алган, бардыгы үчүн милдеттүү эрежени чыгарган жана эгемендикке ээ болгон коомдогу бирдиктүү саясий уюм»[31].

Мамлекет жөнүндөгү терминдин ар кандай түшүнүктөрүн талдап отуруп, практика жүзүндөгү зарылчылыкты эске алып, негизги мыйзам болуп эсептелген Конституциянын ченемдерине таянып анын ар тараптан алынган маанилүүлүгүнө жараша төмөндөгүдөй аспектилерин белгиленмекчибиз:

Биринчиден, Конституция бир гана мамлекеттин түзүлүшүн эмес жалпы коомчулуктун жашоо турмушунун калыптануу негиздерин аныктайт. Ошондуктан ал мамлекеттин жана коомдун негизги мыйзамы. Ошол эле учурда, мамлекеттин жарандык коомду басып алуусунун кепилдиктерин камтыйт, анткени мамлекеттин коомдук же жеке жашоого кийригишүү чектерин белгилейт;

Экинчиден, мамлекет жогорку мамлекеттик бийлик органдарынын тутуму болуп саналат;

Үчүнчүдөн, мамлекет коомдо өлкөнүн аймактык түзүлүшүн, калкын жана мамлекеттик бийлик органдарынын түзүлүшүн уюштуруунун белгилүү бир формасы катары эсептелет. Мамлекет бул жагдайда өзгөчөлөнгөн эл аралык жана мамлекеттик-укуктук субъект катары чыга алмакчы;

Төртүнчүдөн, мамлекет мамлекеттик бийлик органдарынын жыйындысы катары иш алып барат;

Бешинчиден, мамлекет коомдук бийликти уюштурууда Конституцияда жана мыйзамдарда көрсөтүлгөн негизде жалпы калк үчүн иш алып барат жана жоопкерчилик тартат;

Алтынчыдан, мамлекет азыркы Конституцияга ылайык укуктук тартипти гана сактоо үчүн эмес, өзүнүн жарандарынын материалдык муктажтыгы үчүн, өзгөчө социалдык жактан аялуу тараптардын укуктарын коргогон,

[31] Хропанюк В.Н. Теория государства и права. Электронный ресурс // https://www.gumer.info/bibliotek_Buks/Pravo/Hrop/03.php.

аларды ар тараптан колдоого милдетүү, жоопкерчиликтүү коомдук орган.

Демек, мамлекет тууралуу бир нечелеген маанидеги түшүнүктөргө шайкеш келүү менен, колдонуудагы Конституциянын негизинде мамлекеттүүлүк Кыргыз Республикасынын көп улуттуу элинин саясий формасы катары Конституциянын негизги принцибине кирери шексиз. Мындан тышкары, Конституциядагы ченемдердин күчү менен, анын мүнөзүнө, түзүлүшүнө, максаттарына, тиешелүү белгилерине, бийликтин уюштурулушу жана иш жүргүзүү принциптерине ээ болгон «Кыргыз Республикасы» - деп аталган конкреттүү мамлекет жөнүндө кеп болмокчу.

**Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемен мамлекет.** СССР Эл депутаттарынын 3-съезди өлкөдө 1990-жылдын март айында  Президенттик бийликти белгилеген. Президенттик бийлик өлкөдө өкмөттүн ишмердигин аныктаган жана анын ишин көзөмөлдөгөн. Мыйзам чыгаруучу жана сот бийликтеринин иштерин, эл чарбасын башкарууну, бюджеттик-финансылык системаны, эмгекке акы төлөө жана баалардын аныкталышын, мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөгөн. СССРде президенттик башкаруу формасынын түзүлүшү менен Казакстанда, Өзбекстанда ж.б. бир катар союздук республикаларда Президенттик башкаруу киргизилген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 1990-ж. 27-октябрындагы сессиясында альтернативдүү негизде Аскар Акаев Кыргызстандын тунгуч Президенти болуп шайланган.1990-жылы 15-декабрда Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети “Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик суверенитети жөнүндө Декларация” кабыл алып, Советтер Союзунун курамында эгемен өлкө катары жарыяланган[32].

Документте мындай деп белгилеген «Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик эгемендиги, бул республиканын мамлекеттик бийлигинин бүткүл аймагында

---

[32] Электронный ресурс//http://cbd.minjust.gov.kg.

үстөмдүгүн жана тышкы мамилелерде өз алдынчалыгын билдирет». Ошол учурдагы колдонуудагы 1978-жылкы Конституциядан айырмаланып Декларацияда эгемендиктин кепили катары төмөндөгүдөй жоболор киргизилген:

1. Кыргызстан Республикасынын Конституциясынын өз аймагындагы үстөмдүгү;

2. Эгемендүү республикалар Союзунун курамына кирген республикалардын мыйзамдарын ратификациялоо.

Декларациянын дагы бир өзгөчөлүгү укуктук мамлекеттин принциптеринин киргизилиши: мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигине бөлүнүшүнүн негизинде жүзөгө ашырылат, саясий турмуш плюрализм принцибинин негизинде ишке ашырылат .

Конституциянын 1-беренесинин 2-бөлүгүндө «Кыргыз Республикасынын эгемендиги чектелбейт жана бардык аймагында жайылтылат»[33] деп көрсөтүлгөн. Демек, эгемендик мамлекеттин касиети, анын бийлик органдары башка мамлекеттик бийлик органдарына көз каранды эмес жана өз бийлигин мамлекеттин бардык аймактарында жайылтат.

Эгемен мамлекет – бул өз алдынча мамлекет. Мындай мамлекет башка мамлекеттик бийликтен көз карандысыз, өзүнүн функцияларын өз аймагында жана андан тышкары эл аралык байланышта иш жүзүнө ашырат.

И.Д. Левин эгемендиктин белгилери катары буларды белгилеген бийликтин биримдиги; монополия же мажбурлоонун анын органдары тарабынан мамлекеттин колунда топтолушу; чексиз мамлекеттик бийлик; мамлекеттик бийликтин тышкы көз карандысыздыгы[34].

В.В. Горюнов мамлекеттик эгемендүүлүктүн касиеттери деп төмөндөгүлөрдү аныктайт:

---

[33] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Бишкек 2021. 3-бет.

[34] *Левин И.Д.* Суверенитет / предисл. д-ра юрид. наук, проф. С.А. Авакьяна. — СПб. : Юрид. центр Пресс, 2003.

1. Мамлекеттик бийликтин анын бүткүл аймагындагы үстөмдүгү;

2. мамлекеттик эгемендиктин элдердин эгемендигинен келип чыгышы;

3. мамлекеттик бийликтин башка мамлекеттердин бийлигинен көз карандысыздыгы;

4. эгемендиктин бөлүнбөстүгү;

5. мамлекеттик эгемендүүлүктүн анын бүткүл аймагындагы өзгөчөлүгү;

6. эгемендик укуктардын чексиздиги[35].

Эгемендикке бир нечелеген белгилер тиешелүү. Алардын катарында эгемендиктин чектелбегендик касиети. Бул белги Ж. Бодендин тушунда эле иштелип чыккан. Анын айтымында монархтын колунда эбегейсиз, чектелбеген жана абсолюттук бийлик болгон. Монарх ээлик кылган эгемендик бийлик башка субъекттердин арасында бөлүштүрүлбөгөн.

Жаңы доордогу саясий-укуктук ой жүгүртүүлөрдөгү өзгөрүүлөр эгемендиктин чексиздиги тууралуу айтылган мурунку түшүнүктөргө кыйла төңкөрүш жасай алды. Жаңы мезгилдин ойчулдарынын доктринасында бийликтин элге таандыктыгы жөнүндөгү, бийликтин эл алдындагы жоопкерчилиги жөнүндөгү, бийликтин үч бутакка бөлүнүүсү жана алардын тең салмактуулугу жөнүндөгү идеялар иштелип чыгарылды.

Окумуштуу Б.А. Кистяковский мындай деп белгилейт «Чектелген эгемендик, кичирейтилген эгемендик, жарым-жартылай же бөлүнгөн эгемендик, эгемендик түшүнүгүнө толугу менен карама-каршы, анткени алар мамлекеттик-укуктук кубулуштарды илимий көз караш менен түшүндүрүү үчүн жараксыз»[36].

---

[35] Горюнов В.В. Суверенитет Российской Федерации: сущность, содержание, гарантии : дис. …канд. юрид. наук. — Екатеринбург, 2007.

[36] Кистяковский Б.А. Философия и социология права / сост., примеч., указ. В.В. Сапова. — СПб. : РХГИ, 1999.

Юридикалык адабияттарда эгемендикти чектөө маселелери боюнча карама-каршылыктарды жоюу үчүн бир катар позициялар айтылган. Анын негизинде эл аралык укук эгемендикти чектөө эмес, аны ишке ашыруу шарттарын белгилеп келет[37]. Кыргыз Республикасынын Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгүндө «эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат»[38] деп берилген. Демек, эгемен мамлекет катары Кыргыз Республикасында, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери жана ченемдери укук тутумунун курамы жана ал Кыргызстандын эгемендигин чектебейт.

Мамлекеттик эгемендик эч качан чектелбейт. Мамлекеттик эгемендиктин чексиздигин саясий жана юридикалык касиеттер катары кароо зарыл.

Саясий мүнөздөгү чексиздикте мамлекеттик эгемендиктин ээси өзүнүн аткарып жаткан иш аракети тышкы чектөөлөргө эч бир байланышпайт.

Эгемендиктин юридикалык чексиздиги мамлекеттин аймагында эгемендиктен келип чыккан укук ченемдеринин үстөмдүгүндө каралат, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары үчүн укуктук жактан кандайдыр бир маанилүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бирок, бул учурда тиешелүү мамлекеттик орган өз компетенциясынын алкагында, мыйзам чегинде иш алып барат. 2021-жылдын 11-октябрындагы № 122 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 13-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык Министрлер

[37] Троицкая А.А. Государственный суверенитет: ограничение или трансформация содержания // Конституционное и муниципальное право. — 2006. — № 10.

[38] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Бишкек 2021. 5-бет.

Кабинети Конституцияны, мыйзамдарды жана Президенттин актыларын аткарууну камсыз кылат, Конституциянын, мыйзамдардын, Президенттин актыларынын, кайрылууларынын жана тапшырмаларынын негизинде жана аларды аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында аткарууга милдеттүү болгон токтомдорду жана тескемелерди чыгарат, алардын аткарылышын контролдоону камсыз кылат[39]. Демек, жогорудагы конституциялык мыйзамдын негизинде Министрлер Кабинети аткаруу бийлигинин жогорку коллегиалдуу органы болгондуктан мамлекеттин бардык аймагында эгемендиктин юридикалык чексиздик белгисинин мүмкүнчүлүгүнө ээ, бирок ал анын компетенциясынын алкагында гана ишке ашырылмакчы.

Эгемендиктин чектелбегендиги жана Кыргыз Республикасынын бардык аймагына жайылтылышы анын аныкталган мамлекеттик чек арасы менен белгиленет. Мамлекеттик чек ара деп жер үстүнөн өткөн сызык-чек жана андан өйдө тик чыккан аба катмарынын чеги менен (кургак жерде, сууда, жер астында жана аба мейкиндигинде) Кыргыз Республикасынын ичиндеги аймак эсептелет. Эгемендиктин негизги белгилери катары аныкталган мамлекеттик бийликтин анын бүткүл аймагындагы үстөмдүгү Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бирдиктерге бөлүштүрүү принцибинин негизинде уюштурулат.

Мамлекеттин эгемендиги өзгөчөлөнгөн **үч компонентте** берилет: мамлекеттик бийликтин үстөмдүгү, анын биримдиги жана көз карандысыздыгы.

**Мамлекеттик бийликтин үстөмдүгү** бул анын мамлекеттеги бардык укуктук мамилелердин түзүлүшүн

---

[39] 2021-жылдын 11-октябры № 122 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112301/10?cl=ky-kg&mode=tekst.

аныкташы, жарандардын, кызмат адамдарынын, коомдук бирикмелердин, мамлекеттик органдардын жалпы укуктук тартибин, укукка жөндөмдүүлүгүн, укуктарын жана милдеттерин белгилеши. Мамлекеттик бийликтин үстөмдүгү жалпы эл тарабынан кабыл алынган Конституцияда же мамлекеттик бийликтин жогорку органдары тарабынан кабыл алынган мыйзамдарда толугу менен камтылат.

Мамлекеттик бийликтин үстөмдүгү дегенибиз - бул бийликти жогору жагынан карай турган башка бийликтин жоктугу. Мамлекеттик бийлик башка бир бийликтин алдында эмес, өз ыйгарым укугунун негизинде жалпы мамлекеттик милдеттерди, калкынын жыргалчылыгы үчүн аткарат.

Мамлекеттик бийликтин үстөмдүгү жалпы эл тарабынан кабыл алынган Конституцияда же мамлекеттик бийликтин жогорку органдары тарабынан кабыл алынган мыйзамдарда толугу менен камтылат жана администрациялык-аймактык бирдикке жайылтылат. Алсак, 2021-жылдын 11-октябрында кабыл алынган № 122 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 17-беренесинин 4-бөлүгүндө Президенттин жарлыктары, тескемелери, Министрлер Кабинетинин токтомдору жана тескемелери, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тескемелери Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында министрликтер, мамлекеттик комитеттер, аткаруу бийлигинин башка органдары, башка мамлекеттик органдар, мекемелер жана уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары жана жарандар тарабынан аткарылууга милдеттүү деп каралган.

**Мамлекеттик бийликтин биримдиги** дегенибиз мамлекеттик органдарда бирдиктүү тутумдун болушу. Мамлекеттин функциясын ишке ашыруу үчүн жогорку мамлекеттик бийлик органдарынын, бардык ыйгарым укуктарын камтыган мамлекеттик органдардын

компетенцияларынын жыйыны мамлекеттик бийликтин биримдигинин юридикалык белгилерин түзөт.

**Мамлекеттик бийликтин көз карандысыздыгы** дегенибиз мамлекеттин башка мамлекеттер менен болгон мамиледеги өз алдынчалыгыбызды билдирет. Конституциянын 1-беренесинин 3-бөлүгүндө тек гана ушул белгини камтыган ченем киргизилген. Алсак, «Кыргыз Республикасы ички жана тышкы саясатты өз алдынча жүргүзөт». Көз карандысыз мамлекет катары экономикалык, социалдык, маданий, саясий багыттагы иш алып баруулардын бардыгы Кыргыз Республикасы жана анын органдары компетенцияларынын чегинде ишке ашыруу укугуна ээ.

Кыргыз Республикасы **көз карандысыз мамлекет** катары 1991-жылдын 31-августунан баштап эсептелген. 1991-жылы 23-августта Кыргызстандын демократиялык күчтөрү Жогорку Кеңештин кезексиз сессиясын чакыруу боюнча кайрылуу жасайт. Буга утурлай эле 27-августта Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети 31-августта кезексиз жыйынга чогулуу боюнча токтом чыгарат. Ошентип, 31-августта Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылыштагы депутаттары 6-кесексиз сессияга чогулушуп 1990-жылдын 15-декабрында кабыл алынган “Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик суверенитети жөнүндө Декларацияга” таянып, 1991-жылы 31-августа “Көз карандысыздык жөнүндө Декларация” кабыл алат да анын биринчи беренеси Кыргызстанды эркин, көз карандысыз мамлекет деп жарыялайт. Ошентип 1991-жылдын 31-августунда дүйнөнүн саясий картасында жаңы мамлекет, эгемендүү Кыргыз Республикасы пайда болгон. 1991-жылы Президенттин Жарлыгы менен “Көз карандысыздык жөнүндө Декларацияга” конституциялык мыйзам статусу берилет[40].

---

[40] Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР, 1990, №21, ст.318.

Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемен мамлекет катары берилген негизги идеялары 2021-жылдын 11-апрелиндеги референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылууда.

**Республикалык башкаруу формасы.**

Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемен мамлекет катары мамлекеттик бийлик органдарынын уюштурулуусун жана иш аракетинин тартибин аныктоонун башкаруу формасын өз алдынча бекитет.

Башкаруу формасы мамлекеттик-укуктук категория болуп саналат. Бул мамлекеттин формасынын бир элементи. Башкаруу формасы жөнүндөгү түшүнүктөр илимий адабияттарда ар кандай мааниде айтылат. Бул категориядагы түшүнүктөр боюнча алгачкы изилдөөлөр философтордун эмгектеринде жарыяланган.

**Башкаруу формасы** – мамлекеттик бийликтин жогорку органдарынын түзүмү, аларды түзүү тартиби жана алардын ортосунда компетенцияларды бөлүштүрүү.

Башкаруу формасы төмөнкүлөрдү түшүнүүгө мүмкүндүк берет:

- мамлекеттин жогорку органдары кандай түзүлөт жана алардын структурасы кандай;
- жогорку жана башка мамлекеттик органдардын ортосундагы мамилелердин негизинде кандай принцип жатат;
- жогорку мамлекеттик бийлик менен өлкөнүн калкынын ортосундагы мамиле кандайча түзүлөт;
- мамлекеттин жогорку органдарын уюштуруу жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга канчалык деңгээлде мүмкүндүк берет.

Көрсөтүлгөн белгилери боюнча башкаруу формалары монархиялык (жалгыз, мураскорлук) жана республикалык (коллегиялуу, шайлануучу) болуп бөлүнөт.

**Монархия** - бул мамлекеттеги жогорку бийлик жеке, бир адам тарабынан ишке ашырылып, эреже катары, бийлик мурастоо тартиби аркылуу өткөрүлүп берилет.

**Республика** (Республика – лат. res publica – мамлекеттик иш.) - бул мамлекеттик жогорку бийликти калк тарабынан белгилүү бир мөөнөткө шайланган шайлануучу органдар ишке ашырган башкаруу формасы.

Республикалык башкаруу формасынын жалпы белгилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- жалгыз жана коллегиялуу мамлекет башчысынын болушу;
- мамлекет башчысын жана мамлекеттик бийликтин башка жогорку органдарын белгилүү бир мөөнөткө шайлоо;
- мамлекеттик бийликти өз укугу менен эмес, элдин атынан ишке ашыруу;
- мыйзамда каралган учурларда мамлекет башчысынын юридикалык жоопкерчилиги;
- жогорку мамлекеттик бийликтин чечимдеринин мамлекеттин башка бардык органдар үчүн милдеттүүлүгү;
- мамлекеттин жарандарынын таламдарын артыкчылык менен коргоо, инсан менен мамлекеттин өз ара жоопкерчилиги.

Республикалык башкаруу формасынын азыркы таптагы формасы Афина мамлекетинде калыптанган.

Афина республикасынын башкаруу формасынын түзүмүндө келечекте бийликти бөлүштүрүүнүн элементтери көрүнүп турат: элдик чогулуш - мыйзам чыгаруучу орган; беш жүздөн турган кеңеш - аткаруу бийлиги; ареопаг - эң жогорку сот бийлиги.

Ошентип, башкаруу формасы азыркы этапта:

- мамлекеттик институттарды уюштуруу;
- мамлекеттеги жогорку бийлик институту.

Жалпы белгилери болгонуна карабастан, республикалар президенттик жана парламенттик болуп бөлүнөт. Өз алдынча түр катары, көрсөтүлгөндөр менен

катар эле кээде аралаш (жарым президенттик) республикалар да бөлүнөт[41].

Юридикалык илимде башка классификациялар кездешет. Ошентип, В.С. Нерсесянц мамлекетте бийликти бөлүштүрүү принцибин ишке ашыруунун ар кандай варианттарын кароо менен республикалардын эки түрүн – президенттик жана парламенттик деп ажыратат.

А.С. Автономов бардык республикаларды парламенттик, президенттик (дуалисттик), башкаруунун аралаш түрүндөгү (жарым президенттик) жана монократиялык республикаларга бөлөт[42].

Б.Э. Чиркин президенттик жана парламенттик башкаруу формасы менен бирге жарым-президенттик-жарым-парламенттик, супер-президенттик, президенттик-монократиялык жана аскердик-президенттик деп атайт[43].

Ошентип, башкаруунун республикалык формасынын негизги, классикалык модификациялары парламенттик республика жана президенттик республика, ал эми калган вариациялардын мындай көптүгү алардын тигил же бул түрү болуп саналат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

Америка Кошмо Штаттары азыр классикалык президенттик республика болуп эсептелет. Президенттик республика төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

- президентти шайлоонун парламенттен тышкаркы ыкмасы (тике же кыйыр шайлоо аркылуу);

- мамлекет башчысынын жана өкмөт башчысынын (аткаруу бийлигинин) функцияларын президент тарабынан ишке ашырылышы;

- бийликти бөлүштүрүү принцибинин болушу, анын негизинде тең салмактуулук системасынын орун алышы.

---

[41] Керимов ДА. Проблемы общей теории права и государства: Учеб. пособие. 2-е изд. — Тюмень, 2005. С. 592.

[42] Баглай М.В. Конституционное право Российской Федерации: Учеб. 6-е изд., изм. и доп. — М., 2007. С. 141.

[43] Чиркин В.Е. Конституция: российская модель. — М., 2004. С. 134.

Парламенттик республикаларга Германия, Италия, Австрия, Греция ж.б. кирет.

Парламенттик республиканын белгилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- президентти парламент (парламент тике же парламенттик негизде түзүлгөн орган) шайлайт;

- өкмөт парламент тарабынан түзүлөт жана анын алдында жооп берет;

- премьер-министр (өкмөт башчысы), эреже катары, парламенттик шайлоодо жеңген партиянын лидери болуп саналат жана келечекте өкмөттүн курамы парламенттик көпчүлүккө көз каранды;

- республиканын жетекчисинин актыларына каршы кол коюу институту иштейт.

Ал эми Кыргыз Республикасында башкаруу формасы кандай жолго коюлган?

Кыргыз Республикасы эгемен мамлекет, анын башкаруу формасы **«Республика»** болуп эсептелет.

Республикалык башкаруу формасында жогорку бийлик органдарынын түзүлүүсү демократиялык негизде, милдеттүү түрдө үч бийлик бутагына бөлүнүүсү менен мүнөздөлөт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесине ылайык Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бутактактарына бөлүнүү, алардын өз ара ырattуу иштөө жана аракеттенүү принциптери негизделген. Буга ылайык Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийлик органдары иш алып барууда.

Мындан тышкары президенттик жана парламенттик башкаруу формаларында каралган өзгөчөлүктөргө таяна турган болсок, азыркы Конституцияга ылайык, Кыргыз Республикасындагы башкаруу формасы президенттик башкаруу формасы экени талашсыз. Президенттик башкаруу формасы өлкөдөгү болуп өткөн саясий кырдаалдын жыйынтыгында кабыл алынган. 2020-жылдын 5-октябрында “эл” өлкөдө өткөн парламенттик шайлоону мыйзамсыз деп

табуу талабы менен нааразылык акциясын өткөргөн. Нааразылык акциясынын алкагында Кыргыз Республикасынын Президенти 2020-жылдын 15-октябрында отставкага кеткен.

2020-жылдын 10-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши “Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо үчүн референдумду (жалпы элдик добуш берүүнү) дайындоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алган.

“Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумду (жалпы элдик добуш берүү) дайындоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, 2021-жылдын 10-январына, жекшемби күнү Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында референдум дайындалып, добуш берүү бюллетенине төмөнкүдөй мазмундагы маселе чыгарылган[44]:

- президенттик республика;
- парламенттик республика;
- бардык варианттарга каршы.

2021-жылдын 10-январында Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо боюнча референдум өттү. 2021-жылдын 20-январында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жыйынында 10-январдагы Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумдун (жалпы элдик добуш берүү) жыйынтыктары жөнүндө протокол бекитилип, протоколго ылайык БШК “Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо үчүн референдумду (жалпы элдик добуш берүүнү) дайындоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык

[44] “Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу” КР мыйзамына кол коюлду. Электрондук ресурс //https://mfa.gov.kg/kg/.

референдумда (жалпы элдик добуш берүүгө) коюлган суроонун “президенттик республика” вариантына шайлоочулардын көбү добуш бергендигин билдирген.

Ошентип, 2021-жылдын 11-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Конституциясын кабыл алуу боюнча өткөрүлгөн референдумдагы конституциянын долбоору Кыргыз Республикасы «Президенттик башкаруу формасы» катары кабыл алынган. Жалпы элдик добуш берүүдө кабыл алынган конституция 2021-жылдын 5-майынан тарта күчүнө кирген. Демек, бүгүнкү күндөгү колдонуудагы Конституция боюнча Кыргыз Республикасы Президенттик башкаруу формасында.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында «Республикалык» башкаруу формасына тиешелүү болгон баардык белгилер камтылган. Конституциянын 67-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жогорку кызмат адамы болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайлана алат. Ушул эле берененин 2-бөлүгүндө бир эле адам эки мөөнөттөн ашык Президент болуп шайлана албайт деген ченем белгиленген. Демек, республикалык формага тиешелүү болгон белгилердин негизинде Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик органдарында жогорку кызмат адамы болуп саналган Кыргыз Республикасынын Президенти ыйгарым укуктары белгилүү бир мөөнөттө аяктап, бул кызмат ордуна башка адамдын шайлоо жолу менен келүүсү кепилденген.

**Кыргыз Республикасы демократиялуу мамлекет.**

Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгүнүн дагы бир көңүл бөлүүчү жери Кыргыз Респуликасынын демократиялуу мамлекет катары таанылышы.

Демократиялык мамлекетте бийликтин булагы катары расмий түрдө элдин эрки эсептелинет. Кыргыз Республикасынын Конституциясы демократиялык мамлекетке тиешелүү болгон бардык принциптерди өз ичине камтый алды. Алсак, эл бийлиги; тең укуктуулук;

мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүнүүсү; идеялогиялык жана саясий көп түрдүүлүк; маалымат массалык каражаттарынын көз карандысыздыгы; менчиктин көп түрдүүлүгү; жергиликтүү өз алдынча башкаруу.

**Эл бийлиги.** Кыргыз Республикасынын Конституция-сынын 1-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын эли эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болуп саналат. Мындан тышкары Конституциянын 2-беренесинде Конституциялык түзүлүштүн негиздерин өз алдынча аныктоо Кыргыз Республикасынын элинин эгемен укугу. Ошондой эле Кыргыз Республикасында элдик бийлик бийликтин толугу менен элге таандыктыгы менен мүнөздөлөт. Бүгүнкү күнү Кыргыз Республикасында эл бийлиги жарандардын түздөн – түз шайлоолорго, референдумдарга катышуусу менен ишке ашырылат. Мисалы, Кыргызстандын эли 2021-жылдын 24-январында демократиялык принциптерди ишке ашыруу максатында, Конституцияда каралаган мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы деген принципти жүзөгө ашыруунун негизинде, болуп өткөн референдумдун жыйынтыгы менен «Президенттик башкаруу формасын» тандап алды. Андан соң 2021-жылдын 11-апрелиндеги референдумда Президенттик башкаруу формасына ыкталган Кыргыз Республикасынын Конституциясын кабыл алышты. Бул болсо Кыргыз Республикасы демократиялуу мамлекет катары таанылган жана анын негизги белгилери катары эсептелген «эл бийлигинин» ишке ашырылышын айгинелейт.

Элди, мамлекеттик бийликтин эң жогорку ээси катары таануу элдик эгемендиктин түшүнүгүн, анын бийлигинин толук экендигин көрсөтөт.

Элдик эгемендик баардык бийлик элге, бир гана элге таандык экендигин билдирет. Эл өз бийлигин эч ким менен бөлүшпөстөн, кандайдыр бир социалдык топго көз карандысыз өз алдынча жана өз кызыкчылыгы үчүн ишке

ашырат. Элдик эгемендик бөлүнбөйт, ал бир гана субъект-Кыргызстандын көп улуттуу элине гана таандык. Андан башка бири дагы мамлекеттеги мамлекеттик бийликке ээ боло албайт. Мындай талаптарды камтыган укуктук ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 2-бөлүгүндө берилген. Ага ылайык «Кыргыз Республикасында элдик бийлик бийликтин толугу менен элге таандыктыгы принцибинде негизделген» деп берилген.

Демократиялык мамлекеттин шартында бийликти ишке ашыруу эл тарабынан мыйзамдаштырылат жана көзөмөлдөнөт. Элдик бийлик мамлекетти түзүүнүн формасы жана башкаруунун ыкмасы катары бийликке ээ болууну жана аны ишке ашырууну уюштуруу принциптеринде эл тарабынан мыйзамдаштырылуусу зарыл. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 3-бөлүгү боюнча Кыргызстандын эли өзүнүн бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын негизинде ишке ашырат.

**Мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүнүүсү.**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик тутумунун биримдиги бийликти бөлүштүрүү концепциясына негизделген.

Бийликтин бөлүнүүсү – бийликтин ыйгарым укуктарын мамлекеттик бийликтин бутактарына бөлүштүрүп берүү. Бул идея Аристотель жана Цицерон өздөрүнүн эмгектеринде белгилеп кеткен «аралаш башкаруу» идеясынан келип чыккан. Кийин Европада пайда болгон бийликтин бөлүнүү теориясын Ж. Локк негиздеп, Ш. Монтескье, А. Гамильтон, Ж. Мэдисон сыяктуу белгилүү философтор өнүктүрүшкөн. Философиялык-укуктук ойдун ээси аталган жогорудагы өкүлдөрдүн эмгектеринин аркасында бийликти бөлүштүрүү теориясы бүтүндөй азыркы

цивилизациянын мамлекеттик аппараттарынын иштөө практикасында өзүнүн ишке ашырылышын тапты.

Укуктук жана саясий практикада демократиялык укуктук мамлекет жөнүндө түшүнүк бийликти бөлүштүрүү принцибинен ажырагыс. Бул принцип мамлекеттик бийликти механикалык түрдө үч бутакка: мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бутагына бөлүү катары каралган. Бирок, ар бир мамлекет бийликтин бутактарын ажыратууга гана умтулбастан, бийлик органдарынын өз ара аракетине көңүл буруусу абзел.

Бийликти бөлүштүрүү идеясынын мааниси-бийликти кыянаттык менен пайдаланууга, аны монополиялаштырууга, бир бутактын чегинде топтолууга жол бербөө. Бирок, мындай натыйжага жетүүнүн конкреттүү жолдору ар кандай доорлордо жана ар кандай ойчулдардын пикиринде ар тараптуу сунуш кылынган[45].

Азыркы учурда бийликти бөлүштүрүү принцибинин мааниси жана мазмуну жагынан болбосун мамлекеттик бийликтин уюштурулушу жана иштөөсү төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтери конституцияга ылайык бөлүнөт;

2) укуктук жана уюштуруу-түзүмдүк механизмдер менен камсыз кылынган бийликтин бардык бутактарына коомдук (жарандык) контроль;

3) бийликтин ар бир бутагынын, ар бир органдын жана кызмат адамынын укук жана компетенция чектеринде оперативдүү ишинин көз карандысыздыгы жана өз алдынчалыгы;

4) конституция тарабынан берилген укуктан экинчи бийлик бутагы пайдалана албайт.

Мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийликтеринин өз алдынчалыгы абсалюттуу болбошу керек. Мамлекеттик

[45] Барнашов А.М. Теория разделения властей: становление, развитие, применение. – Томск, 2008. – С. 50.

бийлик органы катары бири-бири менен ыйгарым укуктарынын чегинде өз ара байланышта болуусу маанилүү. Мамлекеттик бийлик органдарынын уюштурулуусунда тең салмактуулук системасын пайдалануу керектигин алгачкылардан болуп Монтескө сунуштаган. Мантескөнүн теориясы боюнча бийликтин үч бутагы тең бири-бирин тең салмактуу алып жүрүү менен өзүлөрүнүн компетеницясынын алкагында көзөмөлсүз аракеттерди жасоого жол бербөө.

Конституциянын негизинде мыйзам чыгаруу бийлигин – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, аткаруу бийлигин Кыргыз Республикасынын Президенти жетекчилик кылуу менен Министрлер Кабинети, сот адилетүүлүгүн сот бийлиги жүзүгө ашырат.

Конституциянын 80-беренесинин 6-бөлүмүнө ылайык Жогорку Кеңеш Конституцияда каралган тартипте Президентке каршы айып коёт, Президентти кызмат ордунан четтетүү жөнүндө чечим кабыл алат; 89-беренесинин 6-бөлүмүнүн негизинде Жогорку Кеңеш республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетго канааттандырарлык эмес деген баа берет; 90-берененин 1-бөлүгүнө ылайык Министрлер Кабинетинин Төрагасы, анын орун басарлары жана Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү Жогорку Кеңештин макулдугу менен Президент тарабынан дайындалат.

Бийликти бөлүштүрүү принцибинин өзгөчөлүгү төмөнкүдөй:

- мыйзамдар мыйзам чыгаруучу (өкүлчүлүктүү) орган тарабынан гана кабыл алынат жана жогорку юридикалык күчкө ээ болушу керек;

- аткаруу бийлиги негизинен мыйзамдардын аткарылышын иш жүзүнө ашырат, ыйгарым укугунун чегинде гана ченем жаратуучу ишмердүүлүктү жүргүзөт жана компетенциясына кирген маселелер боюнча парламентке жоопкерчиликтүү;

- сот бийлиги көз карандысыз жана компетенциясынын чегинде өз алдынча иш алып барат;

- Үч бийликтин бири да бири-биринин укуктарына кийлигишпөөсү болбошу керек жана башка бийлик менен биригүүсүнө жол берилбейт;

- компетенция боюнча талаш-тартыштар конституциялык жол менен гана чечилиши керек жана мыйзамдуу жол-жоболор аркылуу, б.а. Конституциялык сот тарабынан (97-берене Кыргыз Республикасынын Конституциясы);

Ошону менен ал бийлик бутактарынын түзүлүүсүнүн ар кандай булактарын, мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарынын ар кандай мөөнөттөрүн жана мамлекеттик бийлик органдарынын ар кандай компетенцияларын камсыз кылат.

**Идеялогиялык жана саясий көп түрдүүлүк**. Демократия мамлекеттин саясий режими жөнүндө мамлекеттик бийлик органдарынын, институттарынын түзүлүү ыкмаларынын, жолдорунун жыйындысы катары каралды. Тагыраак айтканда, Кыргыз Республикасынын Конституциясы элди, бийликти үстөмдүк кылып алган катары эмес анда саясий жана идеялогиялык көп түрдүүлүк шарттарында саясий процесстерди уюштуруунун рационалдуулугун жана элдин саясий биримдигин камсыз кылуу.

Идеялогиялык жана саясий көп түрдүүлүк Конституциянын чегинде саясий процесстеги бардык социалдык-саясий же башка уюмдардын саясий аспектиге багытталган ишмердүүлүгүнө мүмкүнчүлүк түзүү үчүн таасир этүүнү билдирмекчи.

Коомдогу ар тараптуу түзүлгөн социалдык-саясий түзүмдөрдүн ишмердүүлүгүн легалдаштырууда саясий көп түрдүүлүк эл бийлигинин эффективдүүлүгүн жогорулатат, коомдук – саясий ишмердүүлүккө калктын калың катмарынын катышуусуна түрткү берет, саясий

оппозициянын легалдуу конституциялык ишмердүүлүгүн киргизет.

Демократиялык мамлекетте саясий көп түрдүүлүк принцибинин пайдасы толук түрдө бир гана конституциялык укуктук тартиптин алкагында ишке ашырылмакчы. Бул болсо, саясий көп түрдүүлүк принцибин ишке ашырууда коомдогу бардык социалдык-саясий институттардын түзүлүшү үчүн толук түрдө, жарандардын коомдук уюмдарга биригүү укугун кепилдөөдө так укуктук негиз жана биздин коомдогу конституциялык түзүлүштү коргоо экендигин билдирет.

Кеп мамлекеттин саясий жана социалдык системаларынын эң маанилүү элементтери жөнүндө болуп жатат, мында бул элементтер мамлекеттин, адамдын жана жарандын ар тармактуу ишмердүүлүгүн, укуктарды, эркиндиктерди жана алардын кызыкчылыктарын ишке ашыруу жана коргоону камтыйт.

Саясий көп түрдүүлүк принцибин ишке ашыруунун негизги шарты саясий партиялардын, коомдук саясий жашоого катышкан башка коомдук бирикмелердин укуктук статусун (макамын) мыйзамга киргизүү. Алар мыйзамдын негизинде укуктарга ээ болуп, алар үчүн мамлекеттин жана анын органдарынын бекитилген юридикалык милдеттери болуусу зарыл. Ушул учурларда гана жарандардын биригүүсү, демократиялык процессте мыйзамдаштырылган ар түрдүү ойлорду, позицияларды изденүүсүнүн активдүү катышуучулары боло алмакчы. Кыргыз Республикасында Конституциянын 8-беренесинин 1-бөлүгүндө адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын ишке ашыруу жана коргоо үчүн саясий партиялар, кесиптик бирликтер жана башка коомдук бирикмелердин түзүлүү мүмкүнчүлүгү белгиленген.

Саясий көп түрдүүлүктүн негизги элементтеринин бири саясий партиялар. **Партия** – бул бийлик үчүн күрөш жүргүзгөн же бийликти жүзөгө ашырууга катышкан саясий коомдук уюм. 1999-жылдын 12-июнундагы № 50 «Саясий

партиялар жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1-беренесине ылайык калктын белгилүү бир бөлүгүнүн саясий эркин жүзөгө ашырууга көмөк берүүчү жалпы саясий максаттары жана милдеттери бар жана мамлекеттик иштерди башкарууга, өздөрүнүн өкүлдөрү аркылуу катышкан, Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу бирикмеси саясий партия катары түшүндүрүлөт.

Демократиялык мамлекетте саясий тутумдун негизги элементи булуп партия эсептелет. Бүгүнкү күнү аларсыз мамлекеттик бийлик өз алдынча ишке ашырылбайт. Саясий топтордун атаандаштыгы, таасирдүү үй-бүлөөлөрдүн (Мисалы, АКШда – Кеннеди, Индияда Гандинин үй-бүлөлөрү) же белгилүү лидерлердин биригиши (В.И. Ленин, И.В. Сталин, У. Черчилль, Ф. Рузвельт и др.) көптөгөн кылымдар аралыгында саясий тарыхтын мүнөздүү, маанилүү өзгөчөлүгүн түздү.

Ар бир партия кандайдыр бир социалдык топтун кызыкчылыгы үчүн түзүлгөн. Акырыңдык менен жүрүп отуруп өзүлөрүнө жаңы катмардагы шайлоочуларды тарта баштаган. Жыйынтыгында ар кайсы социалдык топтордун тигил же бул кызыкчылыктарынын шайкеш келиши чоң бирикмени түзө алды. Ал эми коомдун катмары, алардын арасында таасирин көрсөтүп, бир нечелеген мезгилдер бою жардамын берип келаткан партиялар анын социалдык базасын түздү, ал эми добушун ар дайым берип келеткан шайлоочулар анын электораты.

Азыркы демократиялык коомдо партиянын негизги функциясы жарандык коомчулук, жарандар, мамлекет жана анын институттарына байланыш түзүүгө көпүрө болуп берүү аркылу кызмат өтөө. Саясий партиялар аркылуу ар кандай социалдык топтор өзүлөрүнүн саясий жана социалдык-экономикалык талаптарын билдирүүгө мүмкүнчүлүк алат. Ошентип алдын ала коомдогу саясий жагдайдын социалдык-экономикалык карама-каршылыктары ачыкталат, бийлик менен калктын

ортосундагы пайда боло турган конфликтерди өз учурунда чечкенге мүмкүнчүлүк түзүлөт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 2-бөлүгүндө «саясий партиялар коомдогу ар кандай социалдык катмарлардын жана топтордун көп түрдүү саясий эркин билдирүүгө көмөк көрсөтөт» деп белгиленген[46].

Саясий партиялар калктын белгилүү бир бөлүгүнүн саясий эркин ишке ашыруу максатында түзүлөт жана мамлекеттик башкаруу иштерине:

- Жогорку Кеңешке, мамлекеттик кызматтарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо үчүн өздөрүнүн талапкерлерин көрсөтүү;

- өкүлчүлүктүү органдарда фракцияларды түзүү түрүндө катышууну негизги максаты катары коюшат.

Мамлекет саясий партиялардын укуктарынын жана мыйзамдуу таламдарынын сакталышын, Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын өздөрүнүн уставдык милдеттерин аткарышы үчүн бирдей укуктук шарттарды түзүүнү кепилдикке алат.

Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүн кулатуу, күч менен өзгөртүү, эгемендүүлүгүнүн кедерин кетирүү жана анын аймагынын бүтүндүгүн бузуу, согушту, зордук-зомбулукту жана ырайымсыздыкты пропагандалоо, социалдык, расалык, улуттук жана диний чыр-чатакты жана кастыкты тутандыруу, Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнө каршы келген жана эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдерине коошпогон башка жосундарды жасоо максатын көздөгөн саясий партияларды түзүүгө жана алардын ишине жол берилбейт. Кыргыз Республикасынын аймагында чет мамлекеттердин саясий

---

[46] 1999-жылдын 12-июну N 50 «Саясий партиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/215?cl=ky-kg.

партияларын, ошондой эле алардын кичи бөлүмдөрүн түзүүгө жана алардын ишине жол берилбейт.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу.** Кыргыз Республикасында демокартиянын негизги элементтеринин катарына жергиликтүү өз алдынча башкаруу принцибин ишке ашыруу эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинде мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жана функцияларынын ажыратылышы принциби каралган. Ал эми Конституциянын 111-беренесинин 1-бөлүгү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарына жараша жоопкерчилик менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу демокартия менен тыгыз байланышта, себеби мамлекеттин формасы жана башкаруунун ыкмасы катары демократиянын негизинде саясий эркиндиктин идеялары, өзүн башкаруу, өзүн аныктоо принцибин таратуунун жыйынтыгында бир гана адамга же улутка эмес, аймакка жана башка жарандардын коомчулугунда пайда болуусу керек.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар тарабынан жүзөгө ашырылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан жарандардын түздөн – түз катышуусу аркылуу ашырышы мүмкүн же Конституциянын 111-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөндөй жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары аркылуу жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 112-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдары өкүлчүлүктүү органдардан жана аткаруу органдарынан турат.

**Кыргыз Республикасы унитардуу мамлекет.**

Конституциянын 1-беренесинин биринчи бөлүгүндө Кыргыз Республикасы унитардык мамлекет катары каралган.

Унитардык мамлекет дегенибиз өзүнүн түзүмүнө башка мамлекет же мамлекет сыяктуу түзүмгө ээ болбогон мамлекетти эсептейбиз. Көптөгөн окумуштуулар мындай түзүлүштөгү мамлекетти жөнөкөй мамлекет катары билишет.

Академик Г.С. Сапаргалиев унитардык мамлекеттин төмөндөгүдөй принциптерин аныктаган:

1) аймактык бүтүндүк;

2) мамлекеттик бийлик органдарынын бирдиктүү тутуму;

3) мамлекеттин жогорку бийлик органдары менен жергиликтүү бийлик органдарынын ыйгарым укуктарынын ажыратылышы;

4) ички жана тышкы эгемендиктин бирдиктүүлүгү;

5) бирдиктүү конституция жана жалпы мыйзамдуулук;

6) бирдиктүү улуттук укуктук тутум;

7) бир жарандуулук[47].

Кыргыз Республикасы аймактык түзүлүш формасы боюнча унитардык мамлекет катары саналгандыктан төмөндөгүдөй негизги белгилерди өзүнө камтыйт:

1. Мамлекетте бирдиктүү Конституциянын болушу. Анын ченеми өлкөнүн бардык аймагына эч кандай чектөөсүз, алынып салуусуз колдонулат;

2. Мамлекеттик жогорку бийлик органынын бирдиктүү тутуму (Президент – Мамлекет башчысы, Жогорку Кеңеш – Парламент) – алардын ыйгарым укуктары өлкөнүн бардык аймагына таркатылат. Мамлекеттик

---

[47]Сапаргалиев Г.С. Конституционное право: Учебник. Алматы, 2007. С. 209.

бийликтин жогорку органдарынын жана аларга баш ийген мамлекеттик бийликтин борбордук органдарынын функционалдык, предметтик жана аймактык компетенциялары кандайдыр бир аймактык органдардын ыйгарым укуктары менен мыйзамдуу да, иш жүзүндө да чектелбейт;

3. Бир жарандуулук – Кыргыз Республикасынын калкы бирдиктүү саясий таандыкка ээ. Бирдагы административдик-аймактык бирдикте өз жарандуулугуна ээ болуу мүмкүнчүлүгү болбойт;

4. Бирдиктүү укук тутуму – жергиликтүү башкаруу органдары тиешелүү административдик-аймактык бирдикте борбордук мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары колдонгон ченемдик – укуктук актыларды колдонууга милдеттүү. Алардын өзүлөрүнүн укук түзүүчү иш-аракеттери Кыргыз Республикаснын Конституциясында жана мыйзамдарында негизделген;

5. Бирдиктүү сот бийлигинин тутуму. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үчүнчү бөлүмүнүн төртүнчү главасынын 94-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын сот тутуму Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат. Сот тутуму сот бийлигинин ар бири үчүн бирдиктүү материалдык жана процессуалдык ченемдерди жетекчиликке алуу менен өлкөнүн бардык аймагында сот адилеттүүлүгүн ишке ашырат;

6. Кыргыз Республикасынын аймагы административдик – саясий өз алдынчалыкка ээ болбогон аймактык бирдиктерге бөлүнөт. «Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу» 2008-жылдын 25-апрелиндеги №65 Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1-беренесине ылайык «администрациялык-аймактык бирдик - бул мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тиешелүүлүгүнө жараша мамлекеттик башкарууну же өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу, өз ичине бир же бир нече калктуу конуштардын

жана башка калк отурукташпаган аймактарды камтыган, мыйзам тарабынан аныкталган аймактар»[48]. Бул административдик-аймактык бирдиктерде түзүлгөн жергиликтүү мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары мамлекеттик бийликтин борбордук органдарына кандайдыр бир деңгээлде баш ийишет. Алардын укуктук статусу (макамы) жалпы мамлекеттик укук тутумуна кирген укуктук ченемдер менен аныкталат.

Демек унитардык мамлекетте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын борбордук мамлекеттик аппарат тарабынан түз же кыйыр түрдө көзөмөл жүргүзүү.

**Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет.**

Укуктук мамлекет кандай гана коомдо, кандай гана жерде болбосун бир көз ирмемде эле пайда болуп калбайт. Укуктук мамлекет катары калыптанууга өнүгүүнүн узак жолун басып өтүү керек, ал үчүн кандайдыр бир экономикалык, социалдык, саясий жана руханий шарттардын болуусу абзел.

Укуктук мамлекет тууралуу айтып чыккандардын бири И. Кант экендиги баардыгыбызга белгилүү. И. Кант укуктук мамлекеттин өзүнчө белгилерин көрсөтөттү. Анын айтымында укуктук мамлекет биринчи кезекте инсанга кызмат кылат, анын таламдарын коомдогу ар кандай жамандыктардан, ыплас нерселерден коргоосу керек; мамлекет жана инсандын өз ара жоопкерчиликтеги байланышы; мамлекет табигый мыйзамга баш ийет; мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтерине бөлүнөт; бийликтин булагы эл эсептелинет. Бул жерден И. Кант бийликтин бөлүштүрүү принцибин эмес, алардын тең салмактуулугун баса белгилеген[49].

---

[48] 2008-жылдын 25-апрели N 65 Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/202276.

[49] Радько Т.Н. Теория государства и права: учеб. – 2-е изд. – М.: Проспект, 2009. С. 203.

**Укуктук мамлекет** – бул алгач демократиялык мамлекет. Мамлекеттин негизги белгилерин сактоо менен (башкаруу аппараты, эгемендик, салык чогултуу, аймактык уюштуруучулук) коомго таасир этүүнүн катаал, деспоттук методдорун четке каккан гумандуу мамлекет. Адамдын укуктары жана эркиндиктери мындай мамлекетте жогору таанылууга жана мыйзамдык жактан бекемделүүгө тийиш.

Укуктук мамлекеттин максаты жарандарынын укуктарын жана эркиндиктеринин кепилдигин бардык тармактарда камсыз кылуу. Буга бир шарт менен жетүүгө болот, эгерде жарандар өз кезегинде мыйзамга жана колдонуудагы институттун тутумуна жакшы мамилесин көрсөтсө. Укуктук мамлекет бардык жарандар үчүн бирдиктүү жана милдеттүү укуктук тартипти орнотууга умтулат. Укуктук мамлекетте бир гана мыйзамдуу түрдө шайланган орган мажбурлоо сыяктуу күчтү колдонууга укуктуу.

Өзүнүн түзүлүү жана бекемделүү процессинде укуктук мамлекет өз бийлигин бир гана жеке укуктардын жана эркиндиктердин мыйзамдаштырылган кепилдигин иштеп чыгып жана аны бекитпестен, өз кезегинде жарандык коомдун, анын негизги институттарынын, принциптеринин жана баалуулуктарынын нормалдуу иштешинин жана түзүлүшүнүн башкы кепилдигинин коргоочусу катары таанылган.

Укуктук мамлекеттин ажырагыс принциби болуп **укуктун үстөмдүгү** эсептелинет. Укуктун үстөмдүгү алгачкылардан болуп мыйзамдын үстөмдүгүн билдирет. Мыйзам демокартиялык укуктук принциптердин тең укуктуулугуна жана адилеттүүлүгүнө жооп бериш керек. Инсандын эркиндигин кемсинтүүчү мыйзамдардын кабыл алынышы коомдук мамилелердеги субъекттин мамлекет менен тең укуксуздугун белгилейт, укуктук мамлекеттин идеяларына карама-каршы чыгат. Мыйзам объективдүү укуктук мамилелерде өзүнүн эрки принциптер менен чектелгендигин түшүнсө, алардын негизинде

катышуучулардын эркиндиктери жана тең укуктары камтылса укуктук мамлекет ошол жактан башталмакчы. Мыйзамдын үстөмдүгүндө бийликтин бардык бутактары эч кыйшайуусуз мыйзамдарды аткаруусу керек. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөндөй мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей.

Мыйзам алдында бардыгы бирдей дегенибиз мамлекет болгон мүмкүнчүлүктөрү менен бардыгын бирдей кепилдикке алууга милдеттүүлүгү. Ошол себептен мамлекет жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин Конституцияда жана мыйзамдарда бекитилген тартипте камсыз кылат. Алсак, Конституциянын 59-беренесине ылайык ар бир кармалган адам кармалышынын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн дароо, кармалган учурунан 48 саат өткөнгө чейин сотко жеткирилүүгө тийиш. Эгерде адамды кармоого негиз жок болсо, ал адам дароо бошотулууга тийиш. Мыйзам үстөмдүгүндө мыйзамдардын жана мыйзам алдындагы актылардын так жана кыйшайуусуз аткарылышын талап кылган бардык бийлик органдарынын ишмердүүлүгүндөгү негизгилеринин бири болгон мыйзамдуулук принциби турат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында кандайдыр бир шарттарда укуктарга чектөөнүн коюлушу дагы каралган. Конституциянын 12-беренесине ылайык өзгөчө абал, өзгөчө кырдаал жана согуш абалы Конституцияда жана мыйзамдарда каралган учурларда жана тартипте киргизилсе укуктарга чектөө коюлуусу ыктымал. Мындай кырдаалга 2020-жылдын 24-марттындагы киргизилген өзгөчө абалды айта алмакчыбыз. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы ПЖ № 55 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын аймагында өзгөчө абал киргизилген. Өзгөчө абалдын киргизилишинин себеби 2020-жылдын 11-мартында Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму COVID-19 жаңы коронавирустук инфекциясынын

(мындан ары - коронавирустук инфекция) жайылышын пандемия катары жарыялаган, ал эми 2020-жылдын 18-мартынан 23-мартына чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында жарандардын коронавирустук инфекцияны жуктуруп алган 16 фактысы тастыкталган.

Жогорудагы Жарлыктын негизинде Бишкек шаарынын аймагында төмөнкүдөй өзгөчө чаралар, жарандардын укуктарын жана эркиндигин убактылуу чектөөлөр жана алардын кошумча милдеттери аныкталган:

1) коменданттык саат киргизилген;

2) жарандардын келип-кетүүсүнүн өзгөчө режими киргизилген;

3) айрым жарандарга белгиленген мөөнөткө өз үйүн (батирин), же болбосо обсервацияда же дарылануууда болгон жерди таштап кетүүгө тыюу салынган;

4) коомдук тартипти сактоого, стратегиялык объекттерди жана калктын жашоо-турмушун камсыз кылуучу объекттерди коргоого ички иштер жана коргоо маселелерин тескеген ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын бөлүктөрү тартылган;

5) оюн-зоок, спорттук жана башка массалык иш-чараларды, ошондой эле иш таштоолорду, чогулуштарды, митингдерди, көчө жүрүштөрүн, демонстрацияларды жана пикеттерди өткөрүүгө тыюу салынган;

6) аймактын жашоочусу болбой туруп коомдук тартипти бузгандар, анын ичинде чет элдик жарандар да алар туруктуу жашаган жерге же өзгөчө абал жарыяланган жерден тышкары жерге өздөрүнүн каражаттарынын эсебинен чыгарып жиберилүү ж.б. чектөөлөр каралган. Муну менен Конституциялык ченемдин аракети жалпы, негиздүү экендигин белгилемекчи.

Мыйзамдын үстөмдүгү коомдогу бардык жашоо, мамилелер тутуму, бийлик органдарынын ишмердүүлүгү, кызмат адамдары укуктук башталгычка негизделиши маанилүү, мыйзамдын өзү укуктук болуш керек башкача айтканда легитимдүү бийлик органдарынын кабыл алышы,

адам укуктарынын тармагы эл аралык стандартка дал келүүсү ж.б.

**Инсандын эркиндигинин, анын укуктарынын жана таламдарынын, ар-намысынын жана кадыр-баркынын кол тийбестиги, аларды коргоо жана кепилдик** укуктук мамлекетте маанилүү принциптердин бири. Укуктук мамлекет инсандын кызыкчылыгы эффективдүү ишке ашуусу үчүн инструмент катары иш алып бармакчы. Мыйзамдын күчү менен инсандын эркиндигин камсыз кылуу укуктук мамлекеттин өтө маанилүү функциясы.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында укуктук мамлекет катары өз ара мамилени мыйзам менен жөнгө салган ченемдер дагы кездешет. Мисалы, Конституциянын 5-беренесинде мамлекет жана анын органдары коомдун кайсы бир бөлүгүнө эмес, бүткүл коомго кызмат кылат. Ушуну улай эле, мамлекет, анын органдары, кызмат адамдары жарандардын алдында жоопкерчиликтүү, адамдын, анын жашоосун, ден-соолугун, жеке кол тийбестиги жана коопсуздугу, башка укуктары жана эркиндиктери, ар-намыс жана кадыр-баркы жогорку баалуулук кылып кароого, аларды ар кандай туура эмес иштерден коргоону камсыз кылууга милдеттүү. Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин толук, шартсыз, токтоосуз коргоо, бул чөйрөдөгү укук бузууларга бөгөт коюу жана бузулган абалды калыбына келтирүү мамлекеттин, анын бардык органдарынын жана кызмат адамдарынын милдети болуп саналат, ал эми жарандар өз кезегинде мамлекет алдында жоопкерчиликке тартылат жана анын таламдарын коргоону камсыздайт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандардын жеке, экономикалык, саясий, социалдык-маданий, руханий укуктарын жана эркиндиктерин кеңири чөйрөдө белгилеген, алардын кепилдигинин тизмесин камтыган.

**Мамлекеттин жана жарандардын өз ара жоопкерчилиги** укуктук мамлекеттин принициптеринин

бири. Ал мамлекет саясий бийликти алып жүрүүчү жана жаран мындай иштерге катышуучу катары нравалык негизди берет. Мыйзамдагы формага коомдун жана инсандын эркиндигин бекитүү менен мамлекет өзүнүн чечимдерине жана аракеттерине чектөө коюга эркин эмес. Мыйзамдын негизинде ал милдеттерди кабыл алып, жарандар менен болгон мамилесинде акыйкаттуулукту камсыз кылат. Мамлекет өзүнүн расмий өкүлдөрүнүн мамлекеттин жана анын органдарынын атынан жасалган аракеттери үчүн жоопкерчиликтин укуктук чектерин аныктайт. Укуктук мамлекет өзүнүн ишмердүүлүгүндө бир гана укуктук чектөө тутумун иштеп чыкпастан, өзүнө каралган милдеттерди аткарбагандыгы үчүн жарандардын алдында конституциялык, саясий, укуктук жана моралдык жоопкерчиликке тартылуу мүмкүнчүлүгүн дагы аныктоосу зарыл. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын эл алдындагы конституциялык-укуктук жана башка жоопкерчилиги принциби каралган. Белгиленген принциптин негизги максаты мамлекет менен жарандын ортосундагы жоопкерчилик. Мында мамлекеттин алдында жарандар гана жоопкерчиликке тартылбастан, мамлекет жана анын органдары жарандардын алдында жоопкерчиликке тартылуусу каралган. Конституцияда мамлекетти жана анын органдарын жоопкерчиликке тартуу жана аларды көзөмөлдөөнүн формасы катары шайлоо, референдум, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесинин 1-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Министрлер Кабинетинин ар жылдык отчету, Конституциянын 76-беренесинин 3-бөлүгүнө каралгандай Жогорку Кеңештин депутатын чакыртып алынышы ж.б. Мамлекетке жана анын органдарына ушундай жоопкерчиликтерди кароо менен жарандардын укуктары корголот жана ишке ашырылат, эки субъекттинин ортосунда

укуктук мамилелер орнойт. Мамлекет бул учурда өзүнүн жана кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракети үчүн жоопкерчиликке тартылат, жарандар мамлекеттин алдында өзүлөрүнүн кылган иши үчүн жооп берет.

**Кыргыз Республикасы светтик мамлекет.**

**Светтик мамлекет** – бул бир дагы дин расмий мамлекеттик дин катары кабыл алынбаган, бир дагы диний ырасымдар милдеттүү мамлекеттик деп эсептелбеген мамлекет. Ошол эле учурда «дин» термини универсалдуу, руханий баалуулуктардын жыйындысын, аларды кудайдан келип чыгышына негизделген ишенимдерди билдирет. Мындай мамлекетте дин, анын канондору жана догматтары, ошондой эле диний бирикмелер мамлекттик түзүлүшкө, мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын ишмердүүлүгүнө жана мамлекеттин башка тармактагы ишмердүүлүктөрүнө таасирин тийгизбейт. Мамлекеттин светтик мүнөздөгү белгиси церковтор, мечиттер, диний бирикмелер мамлекеттен тышкары камсыздалат.

Азыркы учурда дүйнө жүзүндө динди расмий түрдө кабыл алган мамлекеттер бар. Мисалы, Англияда протестант, Израилде – иудаизм, Сауд Аравияда, Пакистанда – ислам дини ж.б.

Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешмеге мүчө болгон мамлекеттердин өклдөрүнүн Венадагы кеңешмесинин корутунду документинде (1986-жыл) диний бирикмелердин өз алдынча чиркөө түзүмдөрү катары кеңири иштешин кепилдеген чаралардын тутуму белгиленген[50]. Бул документтин 17-беренесинде мындай деп баса белгиленет: «Катышуучу мамлекеттер дин тутуу же ишеним эркиндигине байланыштуу жогоруда аталган укуктарды ишке ашыруу мыйзам тарабынан белгиленген жана эл аралык укук боюнча жана эл аралык

[50] Протопов А.О. Религия и закон. Правовые основы свободы совести и деятельности религиозных объединений в странах СНГ и Балтии. Сборник правовых актов. - М.: Юриспруденция, 2002.- С.42-43.

милдеттенмелерине ылайык келген чектөөлөргө дуушар болушу мүмкүн экенин моюнга алышат»[51]. Бул эл аралык документтер БУУнун Уставына ылайык келет, анын 13-беренесинде мындай деп айтылат: "Башкы Ассамблея... расасына, жынысына, тилине жана динине карабастан, бардыгы үчүн адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин ишке ашырууга көмөктөшүү максатында изилдөөлөрдү уюштурат жана сунуштарды берет".

Кийин бул жана башка эл аралык жоболор Кыргыз Республикасынын Конституциясында светтик мамлекеттин концепциясын түзүү үчүн белгиленген. Кыргызстанда мамлекеттик-конфессиялык мамилелердин тутуму диний институттардын мамлекеттин саясий, укуктук жана административдик чөйрөсүнө кийлигишүүсүн чектөө жана мамлекеттик органдардын диний мекемелердин иштешине ашыкча кийлигишүүсүн, чектөөсүн жөнгө салат, диний негиздер боюнча сабырсыздыкты жана дискриминацияны жоюну белгилей кетүү керек. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери ар кандай диндин артыкчылыгын жана расмий макамын четке кагып, мамлекеттин жана анын институттарынын ишмердүүлүгү дүйнөгө болгон көз караашта нейтралдуу болуп, кандайдыр бир диний түшүнүктү баса белгилениши жана багытталбашы керектигин жөнгө салат. Мындан тышкары, мамлекет бардык диндердин өз ара түшүнүшүүсү жана өз ара кызматташуусу үчүн шарттарды түзмөкчү.

Кыргыз Республикасында светтик мамлекет катары дин жана бардык диний ырасымдар мамлекетте расмий түрдө кабыл алынбаган, диний бирикмелердин, дин жана ырасымдардын кызматчыларынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынган

---

[51] Сабиров А. Международные стандарты свободы религии //Материалы межд. науч.- практ. Конф: «Свобода вероисповедания и обеспечение межрелигиозного взаимопонимания в странах Центральной Азии». – Бишкек, 2004. – С. 34-45.

(Кыргыз республикасынын Конституциясынын 9-беренесинин 2,3 бөлүмдөрү). Бул принцип мамлекеттин жана диний бирикмелердин иш чөйрөлөрүн аныктайт жана анын уюмдары жана дин кызматчылары өз кезегинде, саясий бийликти ишке ашырууга жана мамлекеттин башка иштерине кийлигишүүгө укугу жок экендигин билдирет, диний уюмдар эч кандай мамлекеттик функцияларды аткарбайт, саясий партиялардын жана саясий кыймылдардын ишине катышпайт. Мисалы, Кыргыз Республикасынын «Референдум жөнүндөгү» конституциялык мыйзамынын 43-беренесинин 3-бөлүмүнүн 9-пунктунда референдумду өткөрүүдө референдумду демилгелөөчү топтор тарабынан түзүлүүчү фонддор диний уюмдардын кайрымдуулук каражаттарды берүүсүнө тыюу салынган.

Мамлекет конфессиялык нейтралдуу, өзүн эч кандай динге кошпойт жана жарандар үчүн милдеттүү болгон расмий идеология катары эч кандай диний идеологияны колдонбойт.

Кыргыз Республикасы көп улуттуу мамлекет, анда бир нече конфессиялардын болушун алдын ала белгилеген, анын коомунун руханий турмушунда дээрлик бардык дүйнөлүк диндер жана бир катар анча белгилүү эмес диний окуулар чагылдырылган. Бирок, айырмачылыктарга карабастан, бардык диндер жана диний уюмдар бирдей негизде болушу керек. Мамлекет кандайдыр бир сиңирген эмгегин жана жактоочуларынын санын эске алуу менен кандайдыр бир диний уюмга юридикалык мааниде артыкчылык бере албайт.

Демек, дин ар бир жарандын жеке иши, мамлекет жана анын органдары мыйзамда белгиленген негиз боюнча өз жарандарынын динге болгон мамилесин көзөмөлдөөгө укугу жок жана диний негизде иш кагаздарын жүргүзүүгө тийиш эмес. Ички тартип, диний ишмердүүлүк жана диний ырым-жырымдарды өткөрүү тиешелүү диндердин канондук мыйзамдары менен жөнгө салынат .

**Светтик мамлекет** деп эч кандай расмий, мамлекеттик дини жок жана бир дагы дин милдеттүү же артыкчылыктуу деп таанылбаган мамлекет эсептелет. Ошол эле учурда бул мамлекет кандайдыр бир дин үчүн чектөөчү же кемсинтүүчү эрежелерди белгилөөгө жол бербейт.

Мамлекеттин светтик мүнөзүнө анын диний уюмдар менен өз ара аракеттенүүсүнүн фактысы карама-каршы келбейт. Мындан тышкары мамлекет дин тутуу эркиндигин ишке ашырууну камсыз кылган мыйзамдарды чыгарат жана аны бузгандыгы үчүн жарандардын диний сезимдерин кемсинткен жоопкерчиликти белгилейт жана анын ишке ашырылышына кепилдик берет. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 34-беренесине ылайык ар бир адамга абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденген. Бир конфессиянын жактоочуларын башкаларды жактоого же жолдоого (прозелитизм) багытталган иш-аракетке, ошондой эле ушул багыттагы ар кандай мыйзамсыз миссионердик ишти жүргүзүүгө тыюу салынат. Ушул эреженин бузулушуна күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасы светтик мамлекет жана демократиялык мамлекет катары калктын жашоосундагы диний мамиле боюнча сабырдуулуктун жана толеранттуулуктун позициясын карманууда. Мамлекет дин туткан жана аны тутпаган жарандардын ортосунда, ар кандай диндерди туткан диний уюмдардын ортосунда өз ара сабырдуу жана бирин-бири сыйлаган мамилелер орношуна көмөк көрсөтөт. Диний уюмдар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышына мамлекеттик көзөмөл мамлекеттик бийлик органдарынын динге ишенгендердин диний сезимдерине урмат-сый менен мамиле кылуу принцибине негизделет.

## Кыргыз Республикасы социалдык мамлекет.

Соцалдык мамлекет жөнүндө туура маалымат алуу үчүн анын негизги белгилерин аныктоо керек. Бул болсо социалдык мамлекетти башка мамлекеттерден айырмалоонун өзгөчө мүнөзү.

1. Социалдык мамлекет эч бир шартсыз демократиялуу болууга тийиш. Социалдык мамлекетте эл демократиялык институттардын таасири астында адамдын жашоого, ден-соолукка, жакшы жашоого болгон табигый укуктарын камсыздоого карата мамлекеттик бийликке таасирлүү, аларды чара көрүүгө мажбурлоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу керек. Эң негизгиси демократиялык институттар аркылуу коомдогу социалдык талаш-тартыштарды чечүү боюнча демократиялык процедуралардын ишке ашышы мүмкүн.

2. Социалдык мамлекеттин функциясы социалдык багытка ээ болууга тийиш. Анын негизги жана негизги эмес функцияларынын ар бири тигил же бул даражада социалдык компонентти камтыйт. Албетте, социалдык деңгээл бардык функциялар үчүн бирдей болушу мумкун эмес. Бирөөсү улуттун саламаттыгын камсыз кылуу функциясы болсо, экинчиси, мисалы, укук тартибин, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо функциясы. Эгерде биринчи функцияны толугу менен социалдык деп эсептөөгө мүмкүн болсо, экинчисин ишке ашыруу боюнча мамлекеттин ишмердигинде социалдык чөйрөгө түздөн-түз тиешеси жок аракеттер болушу мүмкүн.

3. Социалдык мамлекетте калкты социалдык жактан коргоо жагында, калкка социалдык жардам көрсөтүүнү уюштурууда натыйжалуу башкаруу уюштурулушу керек. Бул үчүн атайын мамлекеттик, коомдук, муниципалдык органдар түзүлүүгө тийиш, алардын түздөн-түз максаты мамлекеттин социалдык функцияларын ишке ашыруу болуп саналат. Башкача айтканда, социалдык мамлекеттин ошондой эле мындай мамлекеттин алдында турган милдеттерди чечүүгө жана

анын максаттарын ишке ашырууга жөндөмдүү социалдык деп багытталган механизминин (аппараты) болуусу. Социалдык мамлекеттин механизми коомдо жана мамлекетте ишке ашырылып жаткан коомдук ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө эффективдүү жөнгө салууну, башкарууну жана контролдоону ишке ашырууга чакырылган. Мамлекеттин механизминин бардык звенолору социалдык багытка ээ болууга тийиш. Мыйзам чыгаруу иши өзгөчө мааниге ээ. Социалдык мамлекеттин милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон социалдык мыйзамдары бар, б.а. социалдык мыйзамдардын жоболорун практикалык ишмердигинде ишке ашырууга, алардын реалдуу ишке ашырылышын камсыз кылууга багытталган аткаруу жана сот бийликтери үчүн бекем укуктук негиз.

4. Социалдык мамлекет аны адамгерчиликтүү мамлекет катары мүнөздөгөн түрдүү социалдык программалардын болушу менен мүнөздөлөт, анын негизги максаты адамга кам көрүү. **Социалдык программалар** – бул социалдык чөйрөдөгү күтүлгөн (пландалган) милдеттердин жана иш-чаралардын долбоорлорунун бир түрү. Алар кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү болуп саналат. Программалар коомдук ишмердүүлүктүн конкреттүү багыттары боюнча кабыл алынат:

- билим берүүнү модернизациялоо программалары;
- ден соолукту чыңдоо программалары;
- майыптар жана пенсионерлер үчүн программалар

Бул программалардын бардыгы биринчи кезектегилер. Мамлекет өз жарандарына татыктуу жашоо акысыз камсыз кылуу үчүн эле эмес, калктын жаш кезинде да, карыганда да ыңгайлуу шарттарга ээ болууга мүмкүндүк берген, коомдо өзүн толугураак ишке ашырууга жашоо деңгээлин камсыз кылуу.

Коомдук менчик (мамлекеттик жана муниципалдык) социалдык мамлекетте маанилүү роль ойнойт. Жеке менчик ээлери төлөгөн салыктар социалдык мамлекеттин бардык көйгөйлөрүн чечүүгө жетишсиз. Көп мамлекеттердин

конституцияларында жеке менчик ээлери коомдук функцияларды аткаруу менен, алар конституциядагы милдеттерин аткарууга тийиш. Мындай жагдайлар азыркы мамлекеттердин дээрлик баардыгында болуп жаткан салык төлөөдөн качуунун көп сандаган фактылары менен далилденмекчи.

**Коомдук менчик** – бул жалпыга бирдей менчик, аны социалдык көйгөйлөрдү чечүү багытында жайгаштыруу оңой, биринчи кезекте коомдогу социалдык чыңалууну басаңдатууга, калктын кечиктирилгис керектөөлөрүн канааттандырууга кызыкдар болгон мамлекетке же муниципалитеттерге таандык. Демек, коомдук менчиктен түшкөн киреше жалпы муктаждыктарга, социалдык программаларды чечүүгө жумшалат. Коомдук менчик — бул мамлекеттин ишенимдуу потенциалы, анын болушу социалдык мамлекеттин ийгиликтүү өнүгүшүнүн жана жашоосунун кепилдиги болуп саналат. Албетте, мамлекеттик мүлк да салыктын эсебинен, өзгөчө ири жана жогорку кирешелүү жеке ишканалардан толукталууга тийиш.

5. Социалдык мамлекет калкты толук иш менен камсыз кылууга умтулушу керек. Жумушсуздарга төлөнүүчү жөлөкпулдар коомдогу, анын ичинде социалдык кырдаалга кандайдыр бир мамлекеттин аргасыз реакциясы болуп саналат. Ал эми социалдык мамлекет адаттагыдан айырмаланып, анда жаштар, майыптар, аялдар үчүн жумуш орундарын түзүү программалары; жаны адистиктерди ачуу программалары, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу программалары каралмакчы. Социалдык мамлекет – бул адамдын кесип тандоодо жана өзүнүн күчтүү жактарын колдонууда, өзүн толук кандуу инсан катары ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон мамлекет.

## 4.2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнүн экономикалык жана социалдык негиздери

Конституциянын 15-беренесинен башталган экинчи главасы Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн социалдык-экономикалык негиздерине арналган.

Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн экономикалык – социалдык негиздери коомдун татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылуу, рынок экономикасын чыңдоо жана өлкөдөгү ар бир адамдын өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү зарылчылыгында.

Экономикалык - социалдык конституциялык негиздер өлкөнүн социалдык-экономикалык саясатын ишке ашырууда көрүнөт. Алар адамдардын жыргалчылыгына байланыштуу мамилелерди жөнгө салуу, алардын материалдык жана руханий керектөөлөрүн канааттандыруу, ден-соолукту жана медициналык жардам көрсөтүү, ар бир адамга татыктуу жашоо шарттарын камсыз кылуу, экономикалык ишти эркин жүргүзүү үчүн чараларды түзүү, алардын укуктарын коргоону кепилдөө атаандаштыкты камсыз кылуу, теңдикти жана менчиктин кол тийбестигин кошо алганда, колдонулган менчик формаларындагы көп түрдүүлүктү камсыз кылуу үчүн зарыл.

Экономикалык тармактагы саясат мамлекет тарабынан өлкөнүн экономикасын эң жогорку деңгээлге жеткирүүгө байланышкан стратегиялык багыттарды иштеп чыгуудан жана координациялоодон көрүнөт.

Мамлекеттик жөнгө салууда эки негизги экономикалык метод бар: 1). Мамлекетке өзүнүн социалдык милдеттерин ийгиликтүү чечүүгө, ошондой эле коомдун өндүрүш күчтөрүн бир топ балансташтырып өөрчүтүү максатында улуттук кирешенин тиешелүү бөлүгүн кайра бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берүүчү мерчемдүү жана бир топ

эле катуу салык саясатын жүргүзүү; 2). Экономиканын артыкчылыктуу тармактарында чарба жүргүзүүгө зарыл кыйла жагымдуу шарттарды түзүү.

Стратегиялык жагынан Кыргыз Республикасы социалдык багыттагы рынок экономикасын тандап алды. Рынок экономикасынын социалдык багыттагы моделинде менчиктин формаларынын плюрализмине басым коюлуп Конституциянын 15-беренесинин 1-бөлүгүндө Кыргыз Республикасында менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрү бирдей деңгээлде таанылары жана корголоору белгиленген.

Адамдын «экономикалык эркиндиги» Кыргызстанда базар экономикасынын тутумун калыптандыруунун жана жеке ишкерликти өнүктүрүүнүн маанилүү аспектилеринин бири болуп саналат. Адамдын "экономикалык эркиндигин" көп кырдуу багытта экономикалык мамилелерди өнүктүрүү үчүн экономикалык ишмердүүлүктү тандоо эркиндигинин зарылдыгы катары, өзүнүн жыргалчылыгын жогорулатуу боюнча иш-аракеттердин эркиндиги жана ишкердиктин эркиндиги катары кароого болот. Ошентип, инсандын экономикалык эркиндиги негизинен экономикалык-укуктук категория катары каралат, б.а. инсандын экономикалык байгерчилиги, өндүрүү, бөлүштүрүү, алмашуу жана керектөөдө жигердүү ишмердүүлүк аркылуу өз кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү[52].

Мыйзамдар экономикалык эркиндиктин төмөнкү формаларын бөлүп көрсөтөт: алардын мүлкүнө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө, алардын ишинин натыйжалары, ишкердик ишинин эркиндиги б.а. мыйзамда белгиленген тартипте бул кызматта катталган адамдардын өз алдынча тобокелге салып, пайда алууга багытталган иш-аракети; тараптардын макулдашуусу боюнча товардын баасын

---

[52] Нечаев В.И., Михайлушкин П.В. Экономический словарь: Справочное издание. Краснодар: «Атри» 2011.

белгилөө эркиндиги; жеке чарба жүргүзүүчү субъекттин уюштуруучу-укуктук формасын жана анын ишинин мүнөзүн эркин тандоо; инвестициялык ишмердүүлүктүн эркиндиги, жеке жана юридикалык жактардын мүлкүн жана финансылык каражаттарын ыктыярдуу негизде ишкердик жүргүзүү үчүн акысыз тартуу; чарба жүргүзүүчү субъекттердин ак ниеттүүлүгүнүн презумпциясы жана башкалар.

Экономика деген сөз латын тилинен келип чыккан oeconomy, жана бул өз кезегинде грек тилиндеги (oíkos) терминдеринин биригишинен келип чыккан οἰκονομία (oikonomy), "үй", νόμος (nómos), "норма" дегенди билдирет[53].

Экономика – бул өндүрүш мамилелеринин ортосунда пайда болгон, материалдык байгерликти пайдалануунун, бөлүштүрүүнүн жана алмашуунун негизинде келип чыккан, коомдук өндүрүш жыйыны болуп саналат[54]. Демек, экономика - бул материалдык байлыктарды чыгаруу, аларды бөлүштүрүү, алмашуу жана керектөө боюнча коомдогу мамилелердин ортолук жыйындысы.

Экономика түшүнүгү коомдо аз ресурстарды, баалуулукка ээ товарларды өндүрүү үчүн кандайча колдонушат жана товарларды адамдар арасында кантип бөлүштүрөт деген түшүнүктү камтыйт.

Коомдук эмгектин бөлүнүшүнө карап, экономика өз-өзүнчө тармактардан, өндүрүштүн түрлөрүнөн жана комплекстеринен турат. Алгачкы звено болуп ишкана эсептелет. Бул көз караштан алып караганда, изилдөөнүн эки бөлүгү бар: биринчиси, бүтүндөй экономика жана экинчиси, – үй-бүлөлүк чарбачылыктардын жана фирмалардын иш алып баруусу.

Экономика негизинен эки тармак менен айырмаланат: микроэкономика жана макроэкономика.

---

[53] Электронный ресурс // https://ky.warbletoncouncil.org/economia-860.

[54] Микро жана макроэкономика. Окуу китеби – Б.: 2019. – 5 б.

Экономиканын бүтүндөй жөндөлүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн **макроэкономика** изилдейт, б. а. жалпы көрсөткүчтөрдү: улуттук дүң продуктуну, улуттук кирешени, мамлекеттик бюджетти, жумуш менен камсыз кылуу, жумушсуздук, баалардын жалпы деңгээлин караган экономикалык теориянын бөлүгү болуп эсептелет жана улуттук чарба бир бүтүн тутум катары изилденгендиктен, ал мамлекеттик саясаттын багыттарын аныктайт.

**Микроэкономика** – үй чарбачылыгы менен фирмаларды (ишканаларды) камтыган экономиканын негизи.

Экономиканын негизги жөнгө салуучу механизми болуп рынок тутуму, же батышта айтылгандай, баа түзүү тутуму эсептелинет. Сатуучулар жана кардарлар кабыл алган чечимдер рынок тутуму аркылуу ишке ашырылат.

**Рынок** – бул ар кайсы өлкөлөрдө өзүнүн өнүгүү деңгээли, модификациясынын өзгөчөлүктөрү, жетилүү деңгээли, тарыхый, социалдык белгилери аркылуу ажыратылган татаал жана көп түрдүү көрүнүш. Ошону менен бирге эле, рынок аныкталган бир белгилердин топтомуна ээ болгондуктан, ар кайсы өлкөлөрдүн рыноктук экономикасына мүнөздөмө берүү үчүн, бирдей эле терминдерди колдонууга болот. Жалпы белгилерге көңүл буруу зарыл, себеби, алар (ошол белгилер), биздин өлкөдө жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн мамлекеттеринде рыноктук экономиканын калыптанышы менен, көбүрөөк көрүнө баштап, бара-бара үстөмдүү болуп калат. Ошентип, рынок деген эмне? Рынок – бул акчанын жардамы менен, өндүрүш менен товар алмашуунун экономикалык мамилелеринин жыйындысы; экономикалык көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүнү камсыздаган чарба түзүүнүн формасы. Дагы бир мүнөздөмөнү мисалга алсак: рынок – адамдардын ортосундагы алып-сатуу аркылуу коомдук байланышынын формасы[55]. Америкалык окумуштуулардын мүнөздөмөсү

[55] Рыноктук экономика. – Т.2. – Ч.I. – М.,1992. С.69.

боюнча, рынок – жөнөкөй эле механизм, сатып алуучулар же сатуучуга талап коюучулар менен товарды же кызматты камсыздоочулар ортосундагы байланышты түзүүчү курал[56].

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы ПЖ № 221 Жарлыгынын негизинде "2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы" бекитилеген. Аталган стратегияда "Кыргызстандын жаңы экономикасы - бул жаңы муундагы ишкерлердин билимине жана демилгесине негизделген экономика болот".

Мамлекеттин экономикалык саясаты эмгек рыногунун чөйрөсүндөгү келечекте болуучу бардык чакырыктарды эске алуу менен туруктуу кирешелерди, өндүрүштүк жумуш орундарын түзүүгө, иш менен камсыз кылууга багытталат.

Кыргызстан ишкерлерге жагымдуу шарттарды түзүү, инновациялык жана жаратылышты сактоочу технологияларды колдонуу аркылуу атаандаштыкка жөндөмдүү санариптик экономиканы түзүү үчүн реформаларды жигердүү жүргүзөт. Өндүрүштө жана башкарууда маалыматтык технологияларды кеңири киргизүү өнүктүрүү саясатынын артыкчылыгы болот. Ар бир регион өлкөнү экономикалык өнүктүрүүгө татыктуу салым кошууга тийиш жана ар бир региондо элдин жашоосу үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт.

Акыркы жылдары креативдүү экономика дүйнөлүк экономиканын тез өнүгүп келе жаткан тармактарынын бири болуп калды. Кыргызстанда креативдүү экономиканы "жумшак инфраструктурага" жана билимге негизделген, узак мөөнөттүү капиталдык салымдарды талап кылбаган, калктын кирешесинин өсүшүнө жана калктын жумуш менен камсыз болушуна, экспорттун көбөйүшүнө жана инновациялык ишкердикти өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн экономиканын келечектүү тармагы катары каралууда.

---

[56] Макконнелл Р., Брю Л. Экономика. – Т.I, – М.: Республика, 1992. С.53.

Экономикалык[57] иштин мамлекеттик классификаторунда Кыргызстандын креативдүү экономикасынын сектору ишмердүүлүктүн 12 тармагында (басма иши, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (анын ичинде компьютердик оюндар), музыка, сүрөт, коммуникация, архитектура, жарнама, дизайн жана мода, искусство, кино, зергерчилик) жана креативдүү индустриянын тармактык адистешүүсүнүн 20 түрүн камтыйт.

2021-2023-жылдарга креативдүү экономиканы өнүктүрүү концепциясы өлкөнүн экономикасына креативдүү индустриялардын кошкон салымын талдоону, республиканын креативдүү индустриясынын потенциалын баалоону жана орто мөөнөттүү келечекте Кыргыз Республикасынын креативдүү экономикасынын өнүгүшүнүн көз караштарын белгилейт.

Концепция экономикалык саясаттын инновациялык багытын өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн негиздерди түптөөгө арналган.

Экономиканын негизги милдети - калктын керектөөлөрүн канааттандыруу, алардын жыргалчылыгын жогорулатуу жана адамзат тукумун узартуу. Калк үчүн товарларды жана кызматтарды өндүрүүчү ишканалар сергек экономиканын негизи болушу керек.

Мамлекеттин экономикалык саясаты жогорку экспорттук потенциалы бар, жумуш орундарын түзгөн жана элдин бакубаттыгын көтөргөн тармактарга багытталууга тийиш.

Конституция боюнча мамлекет экономикалык ишмердүүлүктүн эркин болушун кепилдике алат.

**Экономикалык ишмердүүлүк** – максаты менен түрүнө карабастан, юридикалык жана жеке жактар тарабынан жасалган баардык иш-аракеттердин түрлөрүн камтып турат.

---

[57] Электрондук ресур // http://mineconom.gov.kg/ky/post/6849.

Мыйзамда экономикалык ишмердүүлүк түшүнүгүнө карата берилген аныктаманын жоктугунан илимий адабияттарда анын мааниси талданып жана ачыкталган. О.М. Олейник "экономикалык ишмердүүлүк адамдын экономикалык чөйрөсүндөгү активдүү иш-аракетинин түрлөрүнүн бири, инсандын коомдук өндүрүшкө катышуусунун формасы жана жашоо шартын камсыз кылуу үчүн финансылык каражаттарды алуунун ыкмасы" – деп көрсөткөн[58].

Белоруссиянын окумуштуулары Вабищев С. С. жана Манковскийдин И.А. айтымдарында "Экономикалык ишмердүүлүк материалдык жана материалдык эмес байлыктарды түзүүгө багытталган, баалык мүнөздөгү ишмердүүлүк эсептелинет". Демек, экономикалык ишмердүүлүк жөнүндө берилген аныктамаларда карама-каршылыктар жок, алар бири-бирин толуктоодо.

Ар бир эгемендүү мамлекет калкынын бакыбат жакшы жашоодо жошоосунун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн өзүнүн улуттук экономикасын түзөт.

**Улуттук экономика** - бул тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө иштелип чыккан кайсы бир мамлекетке таандыктыгы менен өз ара байланышкан өнөр жай тармактарынын жыйындысы.

Улуттук экономиканы макроэкономикалык теория көз карашынан алганда төрт макроэкономикалык теманы камтыйт: тиричилик сектор, бизнес-сектор, мамлекеттик сектор жана сырткы секторун.

**Тиричилик сектор** бул жеке менчикти камтыган өндүрүштүн себептери, ал жалпысынан сатуудан түшкөн кирешелерди керектөө жана сактоо үчүн колдонулат.

**Мамлекеттик сектор** - бул мамлекеттин туура өнүгүшүнө кепилдик берүү максатында анын саясатын, мыйзамдарын жана программаларын жүзөгө ашырууга жана

[58] Предпринимательское (хозяйственное) право : в 2 т. / отв. ред. О. М. Олейник. М., 1999. Т. 1. С. 16.

башкарууга арналган мамлекеттик мекемелердин жалпы жыйындысы.

Мамлекеттик сектор мамлекеттик бийликтин административдик бөлүнүштөрүнөн тартып, мамлекеттин көзөмөлүндөгү институттардын, агенттиктердин жана компаниялардын жыйындысына чейин, улуттук, аймактык жана жергиликтүү деңгээлдегилердин баардыгы эсептелет.

Мамлекеттик сектордун маанилүү функцияларынын катарына төмөнкүлөрдү киргизсек болот:

- Улуттук суверендүүлүктү коргоо;
- Жалпы жыргалчылыкка жетишүүгө кепилдик берген мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана башкаруу;
- Мамлекеттин ресурстарын улуттун муктаждыгына жараша башкаруу;
- Мамлекеттик кызматтарды түздөн-түз же кыйыр түрдө бөлүштүрүү жана башкаруу боюнча натыйжалуу саясатты илгерилетүү.

**Сырткы сектор** - өлкөнүн чегинен тышкары чет өлкөлүк мамлекеттик мекемелердин жана башка катышуучуларынын жыйнагы.

Улуттук экономика коомдун өнүгүшүнүн натыйжасы болуп саналат. Улуттук экономиканын белгилери болуп: жалпы экономикалык мейкиндик; бирдиктүү акча бирдиги жана каржы тутуму; ченемдик-укуктук акт менен жөнгө салынган бирдиктүү экономикалык тутум.

Бүгүнкү күнү Кыргызстан улуттук экономиканы колдоону максат кылуу менен атаандаштыкка жөндөмдүү экономиканы түзүүдө. Ал инновациялык жана жаратылыш үнөмдөөчү экологиялык таза технологияларды колдонууга, диверсификацияланган, тең салмактуу жана инклюзивдик, жагымдуу инвестициялык чөйрөсү бар экономикага багыт алган. Экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү эмгектин региондук жана дүйнөлүк бөлүнүшүндө өлкөнүн атаандаштык артыкчылыктарын эсепке алуу менен

инновациялык социалдык - экономикалык өнүктүрүүгө өтүүнүн эсебинен камсыз кылынат.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын бири болуп эсептелет. Ошондуктан санарип трансформация шартында ар бир өлкөнүн экономикасы мамлекет тараптан тийиштүү өзгөрүүлөрдү жана жөнгө салуу аракетин талап кылат.

Алгач «Санарип экономика» деген терминдин өзүн түшүнүп алуу зарыл. Дүйнөлүк банк 2016-жылы төмөнкүдөй редакцияны сунуштайт: "**Санариптик экономика** - бул тездетилген экономикалык өнүгүүнүн жаңы парадигмасы, анын фундаменталдык негизи реалдуу убакыт режиминде маалымат алмашуу болуп саналат ... бул санариптик маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууга негизделген экономикалык, социалдык жана маданий мамилелер тутумунун жыйындысы"[59].

Бириккен Улуттар Уюмунун Соода жана өнүктүрүү боюнча конвенциясы (ЮНКТАД) эң кыска аныктамалардын бирин сунуштайт: «**санариптик экономика** – бул товарларды жана кызматтарды өндүрүүдө жана соодалоодо санариптик технологияларды кеңири колдонуу»[60].

**Санарип экономика** – бул жөн гана ишканалардын жана уюмдардын жумуш процессин жеңилдетүү үчүн электрондук системаларды колдонуу гана эмес, өндүрүш кубаттуулугун көбөйтүү, модернизациялоо, максималдуу жыйынтык алуу жана инновациялык жаңы бизнес-долбоорлорго чыгуу.

[59] Цифровая экономика. Учебник для вузов / Под ред. И. А. Хасаншина. Хасаншин И.А., Кудряшов А.А., Кузьмин Е.В., Крюкова А.А. 2019 г. 288 стр.

[60] Хоменко Е.Б. Цифровая экономика: актуальные вопросы теории и практики // Вестн. Удм. ун-та. Сер. Экономика и право. 2021. Т. 31, вып. 1. С. 45-52.

Санариптик технологиялардын негизинде санариптик платформалар, санариптик экономика экосистемалары курулууга тийиш.

**Санарип платформасы** – бул көптөгөн башка платформаларга, колдонуучуларга жана алардын Интернетине жеткиликтүү кызматтардын топтомун камсыз кылуу үчүн ачык интерфейси бар маалымат системасы.

**Санариптик экономиканын экосистемалары** - жаңы технологиялык продуктыларды түзүү үчүн уюмдардын, бийлик органдарынын жана жарандардын, алардын санарип платформаларынын, практикалык интернет кызматтарынын туруктуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуучу уюмдардын өнөктөштүгү. Экосистема маалымат агымын уюштуруу жана санариптик платформаларга жана колдонуучуларга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан.

Өлкөбүздүн Конституциясы Кыргызстанды социалдык мамлекет деп жарыялады жана бул өз кезегинде мамлекеттин социалдык саясатынын негизги милдети адамдын татыктуу жашоосун жана эркиндигин камсыз кылуу экенин көрсөтүп турат. Дал ушул ченемден улам **конституциянын социалдык негиздери** келип чыкмакчы.

Социалдык мамлекеттин эң маанилүү белгиси анын активдүү социалдык саясаты болуп саналат. Социалдык саясат мамлекеттин жалпы саясатынын бир бөлүгү, бирок ал коомдун ички көйгөйлөрүнө багытталган. Негизги максаты коомдун мүчөлөрүнүн, ар кандай социалдык топтордун, бүтүндөй коомдун жана бул топтордун ортосундагы материалдык руханий баалуулуктар боюнча маселелердеги мамилелерди жөнгө салуу, жыргалчылыкка жетишүү жана коомдун бардык мүчөлөрүнүн жашоосун жакшыртуу. Кыргыз Республикасы социалдык мамлекет катары, анын саясаты адамдын эркин өнүгүшүн, татыктуу жашоосун камсыз кылуучу шарттарды түзүүгө багытталган. Социалдык саясат экономика менен тыгыз байланышта. Эффективдүү экономикалык саясатсыз социалдык саясатта оң натыйжаларга жетишүү мүмкүн эместиги чындык.

Адамдын көптөгөн социалдык укуктары экономикалык жактан күчтүү мамлекеттин, адамдын материалдык жана руханий керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн жетиштүү ресурстарга ээ мамлекеттин шарттарында гана ишке ашырылышы мүмкүн (жакшы пенсия, сапаттуу медициналык тейлөө, билим берүү, жумушсуздук боюнча жогорку пособие, жакшы төлөнүүчү эмгек акы ж.б.)

Социалдык саясат коомдук уюмдарды жана мамлекеттик органдарды социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө экономикалык жетишкендиктерди сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланууга жана жарандарга адилеттүү мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө багытталган. Демек, мамлекеттин социалдык саясатынын негизги максаты – социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуу, материалдык жыргалчылыкты камсыз кылууда жана руханий керектөөлөрдү канааттандырууда бардык жарандарга бирдей шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.

Мамлекет социалдык мүнөздөгү милдеттерди өзүнө алат. Конституциянын 19-беренесинин 1-бөлүгүндө мамлекет элдин бакубат жашоосуна жана аны социалдык коргоого камкордук көрөөрү белгиленген. Демек, биринчиден, Кыргыз мамлекети элдердин эмгегин жана ден-соолугун коргойт; эмгек акынын эң аз өлчөмүн жана *жашоо минумунун өлчөмүнөн төмөн эмес жашоо деңгээлин кепилдикке алат.* Конституциянын 20-беренесинин 1-бөлүгүндө үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турары жазылган. Ал эми Конституциянын 44-беренесинин 1-бөлүгү боюнча Кыргыз Республикасында улгайган, ооруган, майып болгон жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон, багар-көрөрүнөн ажыраган учурларда мыйзамда каралган тартипте жана учурларда мамлекеттин эсебинен социалдык камсыз кылуу кепилденген.

Конституциянын социалдык негиздери катары билим берүү, саламаттыкты сактоо, илим жана маданият эркин жана мамлекет тарабынан колдоого алынары белгиленген.

Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-беренесинин 3-бөлүгүндө каралгандай ар бир адам мамлекеттик билим берүү уюмдарында мектепке чейинки, жалпы негизги, орто жалпы жана баштапкы кесиптик билимди акысыз алууга укуктуу. 43-берененин 2-бөлүгүнө ылайык мамлекет ар бир адамды медициналык жактан тейлөө үчүн шарт түзөт жана саламаттык сактоонун мамлекеттик, муниципалдык, жеке жана башка мекемелерди өнүктүрүү боюнча чараларды көрөт.

Конституциянын 43-беренесинин 1-бөлүгүндө ар бир адамдын ден-соолугун коргоо жана медициналык камсыздандыруу укугу белгиленген. Медициналык камсыздандыруунун шарттары мыйзам тарабынан аныкталат. Жарандардын ден-соолугун коргоо Кыргыз Республикасынын социалдык мамлекет катары негизги милдеттеринин бири болуп саналат, ал саясий, экономикалык, укуктук, социалдык, маданий, илимий, экологиялык, медициналык, санитардык-гигиеналык чаралардын комплексинен турат, жана эпидемияга каршы мүнөздөгү, ар бир адамдын физикалык жана психикалык саламаттыгын сактоого жана чыңдоого, ден-соолугунан ажыраган учурда ага медициналык жардам көрсөтүүгө багытталган.

Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги принциптери болуп: жарандардын саламаттык сактоого болгон укугунун сакталышы; социалдык адилеттүүлүк, теңчилик, медициналык-санитардык жана санитардык-профилактикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү; ден-соолугу бузулган учурда жарандарды социалдык жактан коргоо; саламаттык сактоонун калктын керектөөлөрүнө, медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн комплекстүү интеграцияланган тутумунун түзүлүшүнө жана менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарынын иштеши үчүн бирдей шарттарды түзүүгө ылайык өнүктүрүү; Мамлекеттик кепилдиктердин программасынын алкагында

саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык мекемелеринин жаатынан жарандардын акысыз пайдаланышы; саламаттык сактоо маселелерин чечүүгө калктын, коомдук уюмдардын активдүү катышуусу; жарандардын өз саламаттыгын, балдардын, ата-энелердин жана тегерегиндегилердин саламаттыгын сактоо жана чыңдоо үчүн жоопкерчилиги; медициналык-санитардык жана санитардык-профилактикалык иш-чараларды өткөрүүнүн илимий негиздүүлүгү; саламаттык сактоонун профилактикага багыт алуусу, калкты сергек жашоо ыңгайына калыптандыруу; жарандардын саламаттыгын сактоодо жана чыңдоодо мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылбагандык үчүн мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жактардын жана кызмат адамдарынын жоопкерчилиги; медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү жооптуу адамдардын, анын коопсуздугун жана сапатын камсыз кылбагандык үчүн жоопкерчилиги саналат.

Жогорудагы экономикалык жана социалдык тармактардын укуктук жактан жөнгө салынуусун эске алуу менен Кыргыз Республикасы социалдык багыттагы рынок экономикасы аркылуу иш алып барууда.

**Социалдык багыттагы рынок экономикасы** - бул адамдын эң зарыл керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган экономика. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын жарандары эң зарыл буюмдарга, тамак-ашка, кийим-кечеге жана турак-жайга гана керектөөлөрүн эмес, билим алууга, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууга болгон керектөөлөрүн дагы канааттандырууга умтулат. Мындан тышкары жарандар социалдык жактан корголушунун, эмгекке жарамдуулугун жоготкон учурда социалдык жактан камсыз болуунун өнүгүшүнө, өзүнө татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылууга умтулат. Ошондуктан Кыргыз Республикасы өзүнүн жарандарынын керектөөлөрү менен экономикалык өнүгүүнү аныктоого

тийиш. Керектөөлөрдү, өзгөчө социалдык керектөөлөрдү канааттандыруу шартында гана жарандар өндүрүмдүү эмгектин мүмкүнчүлүктөрүнө жана стимулдарына ээ болот. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 42-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленгендей ар бир адам эмгек эркиндигине, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого, коопсуздуктун жана гигиенанын талаптарына жооп берген эмгек шарттарына жана эмгекти коргоого, мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбогон эмгек акы алууга укуктуу.

Социалдык багыттагы саясатта мамлекет жарандарынын кызмат акыларын эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө жараша көбөйтүп, кирешелерди билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо тармактарын өнүктүрүүгө жумшап, социалдык жактан камсыз кылууну ишке ашырат. Мамлекеттин социалдык тармактагы саясаты инсандын социалдык жактан корголушун, өндүрүшкө алардын түздөн-түз катышканына-катышпаганына карабастан коомдук бардык мүчөлөрү үчүн татыктуу турмуш шартын камсыз кылуу.

Социалдык саясат, биринчиден, ар кандай объективдүү себептерден улам толук эмгектене албагандардын татыктуу турмуш деңгээлин камсыз кылуу максатында, ошондой эле адамдардын өндүрүшкө кошкон салымдарына карабастан социалдык керектөөлөрдү бөлүштүрүүнү көздөйт. Экинчиден, мамлекет саламаттыкты сактоо, маданият, билим берүү, илим, турак-жай куруу иштерине, транспорт менен байланыштын так иштешине зарыл каражаттарды бөлөт.

Бүгүнкү күнү Кыргыз Республикасы эгемен мамлекет катары **экономикалык жана социалдык** тармактары боюнча өнүгүү багытын аныктоо зарылчылыгын белгилеп келүүдө. Мындай багыттар улуттук программаларда чагылдырылат.

**Улуттук программа** – бул узак мөөнөттүү, Кыргызстанды келечекте өнүккөн өлкөлөрдүн катарына

кирүүсүнө түрткү берген, элдердин укуктары, эркиндиги жана коопсуздугу коргоого алынган, алардын жашоосу үчүн ыңгайлуу, көп тилдүү жана ички жан дүйнөсү менен өзүнө тарткан, мыйзамдуулукту сактаган, билим берүү деңгээли жогору, айлана-чөйрөсүнүн тазалыгы, коомдук туруктуулугу, бакубат өлкөнүн эл аралык бедели, экономикасынын туруктуу өсүшү жана инвесторлордун кызыгуусун артыра алган, көз карандысыз мамлекеттик саясаттын максатын, артыкчылыктарын жана инструменттерин аныктоого арналган стратегиялык документ болуп саналат.

Отуз жыл аралыгында Кыргызстанды өнүктүрүүгө багыт алган улуттук программалардын көбү кабыл алынды. Алар экономика, социалдык, маданият, жаштар ж.б. багыттарды камтыган документтер эле. Булардын иш жүзүндө канчалык деңгээлде ишке ашырылгандыгын тарых тастыктап келүүдө. Бүгүнкү күнү Кыргыз Республикасы өзүнүн тарыхынын маанилүү этабында турган мезгилин эске алып, өлкөнү саясий туруктуу, экономикасы кубаттуу жана социалдык жактан жоопкерчиликтүү мамлекет катары узак мөөнөткө өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеш тарабынан “2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы” кабыл алынып Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы ПЖ № 221 Жарлыгы менен бекитилген[61]. Анда өлкөнүн келечеги, коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн - руханий жана саясий, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрдү өнүктүрүүнүн максаттарына жетүүнүн жолдору жана негизги принциптери камтылган. Ошондой эле стратегиялык көз карашты ишке киргизүү үчүн орто мөөнөттүү биринчи кезектеги кадамдар аныкталган.

[61] Улуттук стратегиянын убадасы жана убарасы. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_politics_strategy_2018/29430240.

Өлкөдөгү болуп өткөн соңку окуялардан кийин 2040-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын алкагында, Туруктуу өнүгүү максаттарынын "артта эч кимди калтырбоо" деген негизги милдеттенмесине басым жасап жана адамга багытталган өлкөнү өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү стратегиялык максаттарына таянып, уланмалуулук принцибин сактоо менен жарандардын бакубаттыгын арттырууга багытталган “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы” (мындан ары - Программа) иштелип чыгып 2021-жылдын 12-октябрындагы ПЖ № 435 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген.

## 4.3. Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнүн руханий жана маданий негиздери

Мамлекеттин укук түзүмүнүн негизги булагы болгон Конституция улуттун тарыхый саясий-укуктук тажрыйбасына таянган, элдин укуктук ан-сезиминин денгээлине ылайыкталган, реалдуу турмуштун талабына жооп берген документ.

«Ата-бабабыздын наркын, каада-салтын сактап», деген сөздөр Кыргыз Республикасынын Конституциясынын бул маанилүү жобосу укук тутумунун, адам укугунун булагы катары кыргыз элинин үрп-адатын, каада-салтын, маданиятын расмий түрдө тааныйт.

Кыргыз Республикасында улуттук-маданий кайра жаралуу байкалууда, бул жалпы маданий-тарыхый өткөндүн, улуттук баалуулуктардын жана кызыкчылыктардын негизинде элдин консолидациясын билдирет. Элдик үрп-адаттарды расмий таануу практикасына таянып, Кыргыз Республикасынын Конституциясында мындай деп айтылат: «Мамлекет адам укугун жана эркиндигин кемсинтпеген наркты, үрп-

адаттарды жана салттарды сактоо менен Кыргызстан элинин маданиятынын өнүгүүсүнө камкордук көрөт» (21-берене 1-бөлүм), «Мамлекет Кыргызстан элинин тарыхый, материалдык жана руханий мурастарын коргойт» (21-берене 3-бөлүм).

«Нарк– бул белгилүү бир коомдо (же жерде) тарыхый калыптанып калган жүрүм-турум эрежелери»[62]. Каада-салттар укуктук жана укуктук эмес болуп бөлүнөт. Укуктук нарк мыйзамда чагылдырылган, корголгон, ошону менен юридикалык күчкө ээ болгондуктан ушундай аталат.

Кыргыз элинин наркы көп кылымдар бою өркүндөтүлүп, коомдун кызыкчылыгына жооп бербеген эскирген нарктар тарыхый-укуктук өнүгүү процессинде жаңылары менен алмашылган. Нарк коомдук мамилелердин өнүгүшүнө жараша жаңыланып, өзгөрүп турган. Кантсе да кыргыз макалында «адат-адат эмес, жөн-адат» деген сөздөр кездешпей койбойт[63].

Салт (лат. traditio - берүү, айтуу) - иш-аракеттин жана жүрүм-турумдун формалары, ошондой эле аларды коштогон идеялар, каада-салттар, адаттар, көндүмдөр, эрежелер, баалуулуктар тарыхый жактан өнүккөн жана муундан муунга өтүп келген. Каада-салттар коомдук мамилелерди жөнгө салуучу ролду аткарган жана алардын коомдук маанисин жана жеке кызыкчылыгын кайра-кайра ырастаган ишмердүүлүк формаларынын негизинде калыптанган.

Кыргызстан элдеринин адам укуктарына жана эркиндигине шек келтирбеген, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жаткан үрп-адаттары, каада-салттары көптөгөн муундардын акылмандыгы жана тажрыйбасы,

---

[62] Большой юридический словарь / под ред. А.Я.Сухарева, В.Е. Крутских. – 2-е изд., перераб. и доп. – М.: ИНФРА-М, 2004. – 704 с. (Сер. «Библиотека словарей ИНФРА-М»). С.388

[63] Пословицы и поговорки кыргызского народа: из собрания акад. К.К. Юдахина / сост. Д. Давлетбекова; вступ. ст. Т.К. Ахматова, М.А. Рудова. – Бишкек: Илим, 1997. – 232 с. С. 13

аларды сактоо мамлекеттин маанилүү миссиясы болуп саналат.

Үй-бүлөнү коргоо, ата, эне бала сыяктуу баалуулуктар кыргыз коммчулугунда кылымдардан бери келе жаткан нарктуу түшүнүк. Ата, эне жана бала деген ыйык сөздөр жаткан ушул үч түшүнүк комуздун үч кылы сыңары өз ара айкалыша жаңырып, эл турмушунун бардык тарабын бирдей камтып, кыргыз элинин кылымдаган акыл-ой кеменгерлигин толук чагылдырып көрсөткөн туу дөөлөттөр болгон. Мына ушул дөөлөттөр Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинде бекитилген. Анда мындай деп белгиленген "Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат". "Ата-аска зоо, эне мөлтүр булак, бала шам чырак". Чынында, ар бир ата-энеге балдары жанып күйгөн шам. Мунун мааниси өтө терең. Анткени бала, ата-эненин үмүтү, алардын атын өчүрбөй жашоого шам сыңары күйүп жол ачмакчы.

**Ата** – үй-бүлө кыйынчылыктарын, балдардын азап-тозогун жүктөп бараткан кербен сыяктанат, ал ошол эле кезде коом, көпчүлүк менен өз үй-бүлөсүн туташтырып турган руханий да, материалдык да көпүрө.

Атанын балага болгон мамилеси ичкенге тамагын, кийгенге кийимин алып бериш үчүн жан үрөп иштеп жаткандыгы өзү эле аны абдан жакшы көрөрүн далилдейт. Ата баласы менен жакшы пикирлеше алышы үчүн аларды уга билиши керек. Ачууга алдырып жибербей, дайыма сабырдуу болуп укканга умтулуусу эң маанилүү.

Ошондой эле аталар баласын дайыма мактап турушса, баласын тарбиялоо бир топ жеңил болот. "Жакшы сөз жылаанды да ийнинен чыгарат" дегендей, балага карата атасынын мактоосу баланын ички дүйнөсүн билүүгө өтө чоң өбөлгө түзмөкчү. Ата балага ой дүйнөсүн, адамдын эмгеги менен жаралган нерселерди, мыйзамдуулукту, тартипти, саякат жана жоруктарды чагылдырган сөз түркүмдөрү менен пикир алмашып туруусу манилүү.

Аял - эне – үйдүн кожойкеси. Аял затына карата демократиялуу мамиле кыргыз элиндеги кыз баланы тарбиялоо, ага карата сый мамиле ата-бабалардын салтында сакталган. Кыз балага карата назик сезимде болуу, бапестөө, барктоо өңдүү камкордуктарга бөлөнгөн. «Кыздын кырк чачы улуу» - деп кыргыздарда кыз балдарды өтө сыйлаган. Тестиер чагынан колдон келсе, тезек тердирбеген, отун алдырбаган, чий-куурай ордурбаган. «Кыздын көзү кызылда» - деп кооз кийим-кечектерди оболу кызга ыроологон. Кыздын улуу устуканы-малдын төшү болгон. Күмүштөн ат жабдык токулган, жорго мингизген. Кундуз тебетей кийгизген. Мунун баары кыз баланы аздектеп чоңойтуу, дегеле аял затынын кийинки турмуштагы оор түйшүгүн жеңилдетүү сыяктуу ой-толгоолор менен коштолгон.

Үй-бүлөдөгү эң чебер жана акылман – бул **эне.** “Аял үйдүн куту, турмуштун туткасы” – деп бекеринен айтылбаса керек. Эне – бул дүйнөдөгү эң кымбат, эң ыйык асыл зат. Ал – үй-бүлөнүн куту, жашоонун башкы каарманы, тилеги, нур чачыраткан жарыгы, жанып турган жылдызы, айтор, бардык жакшылыкты өзүнө камтып турган мээримдүү, боорукер, балдарына болгон сүйүүсү чексиз, жан дүйнөсү назик жан. Энени урматтап сыйлай билүү – биздин ыйык милдет. Эненин мээрими балага дем берип, ыйманын ысык кылып турган. “Мээр” деген нерсеге эне жакын болгон. Ошол үчүн айтылат “энеңе мээриң керек, атага дээриң” керек деп.

Эненин балага болгон сүйүүсү, энеге болгон жакындыгы көп жагынан адамдын өмүр бою анын ички, эмоционалдык жана психологиялык дүйнөсүн сактоо жана камсыз кылуу милдетин аткарат, ал эми эненин тарбиялоодогу ролуна баа берүү кыйын. Эненин көңүл буруусунун жетишсиздиги менен баланын өнүгүүсү ар дайым психикалык, физикалык, интеллектуалдык, эмоционалдык жактан кечигет.

Адистердин айтымында “Бала 2 жашка чейин ата-энесинин, өзгөчө апасынын мээримин жетиштүү деңгээлде

алышы керек. Бул анын келечектеги инсандык жана адамдык мүнөздөрүнүн калыптанышына чоң таасир берет. Балага да, чоң адамдай мамиле жасоо маанилүү. Баланын айткандарына эч качан көңүлкош жооп бербөө керек»[64].

**Балалык** - бойго жетпегендердин укуктук абалы. Ар бир бала анын дене-боюнун, акыл эсинин, ички руханий, ыймандык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу. Дал ушул үй-бүлөдөн баланын эрте жашынан жашоого болгон багыты жана келечеги түптөлөт.

Үй-бүлөнүн абалы, анын бакубатчылыгы түздөн-түз мамлекеттин өнүгүү келечеги жана социалдык коопсуздугу менен байланышта. Оор турмуштук кырдаалга кабылган үй-бүлө мамлекеттин колдоосу жок, ал кырдаалдан чыга албайт. Бүгүнкү күндө үй-бүлөдөгү ыңгайсыз жагдайларды, социалдык жетимчилик жана зөөкүрдүктөн балдарды коргоо көйгөйлөрүн чечүү,үй-бүлөдө баланы сактоону камсыздаган үй-бүлөнү социалдык коргоону чындоо келечектүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинде (5-берене) Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын жобосуна ылайык баланын эң мыкты таламдары аныкталган.

Үй-бүлө институтун өнүктүрүү, бекемдөө, колдоо, үй-бүлөнүн бакубатчылыгын жогорулатуу, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыздоо максатында 2018-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо боюнча программасы бекитилген .

Программанын негизги максаты болуп, үй-бүлө институтун бекемдөө жана өнүктүрүү, үй-бүлөнүн байгерчилик деңгээлин жогорулатуу, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыздоо эсептелет.

---

64 Өлкөгө балдардын укугун коргоо боюнча социалдык кызмат керек//https://maralfm.kg/archives/510332.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылган руханий негиздердин бири катары балдардын ата-энесине жасаган урмат-сыйы. Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгү “атаны, энени урматтоо жана камкордук көрүү – балдардын ыйык парзы” деген ченемди белгилеген.

Адамдын аброю жана чөйрөсүндөгү орду ага болгон урмат жана сый менен өлчөнөт. Урмат анын чыныгы татыктуулугун белгилесе сый ага жараша мамилени аныктайт. Тагыраак айтканда урматка жараша сый көрсөтүлөт.

Ата-эненин үй-бүлөдөгү ордуна башка эч кимдин даражасы жетпейт жана алардын урматы да эң жогору турат. Демек, алар башкаларга көрсөтүлбөгөн сыйга татыктуу. Ата-эненин урматы – эң оболу алардын аброюн коргоо жана ага сөз тийгизбөө менен камсыздалат. Уулу же кызы уят кылса ата-эненин аброюна доо кетип, эл алдында бети жер карап, сөзгө сөлтүк боло баштайт. Жарыгы өчүп, куту кетет. А негизи ата-эне дайым уулу менен сыймыктангысы келип, уулу жөнүндө бирөөдөн жакшы сөз укканы умтулат. Издегени чыгып, уулу тууралуу жакшы кеп укса ата мардайып, көкүрөгүн керип басып калат. Эне айыл аралап мактанып чыгат. Андан ары уул ата-энесин бапестеп бакса, астейлеп караса – алардын аброю сакталат. Баркы көтөрүлөт. Уул дайым ата-энесинин аброюна кам көрүүсү зарыл. Ошондуктан, ал ата-энесинин кемчилигин жашырат, жакшылыгын жарыялайт. Алар тууралуу бирөөлөргө жаман сөз айтпайт. Аларга дайым жакшы мамиле жасайт, башкалардын көзүнчө аларга өзгөчө сыпайылык кылат. Уулунун урматтаганын көргөн бөтөндөр ал ата-энеге батынып сүйлөгөндөн корунуп турат. Ата-эне кандай гана кырдаал болбосун уулдун сыпайы жана аяр мамилесине татыктуу жана уул аларга жылмайып гана сүйлөгөнү – аларга болгон урматынын белгиси.

Бүгүнкү тарыхый кырдаалдын талабы – демократиялык адептүүлүктү туу тутуп, өнүгүүгө багыт

алган күчтүү социалдык мамлекет орнотуу, ошол мамлекет жарандардын бийик руханий-адеп-ахлактык, нарк-насилдик баалуулуктарын калыптандырууну, интелектуалдуулук, дене-тарбиялык, жан-дүйнөлүк жактан аруу ак-дил коомду курууну негизги милдети катары түшүнүүсү.

**Руханий-адеп-ахлактык баалуулуктар** – адамдардын бири-бирине, үй-бүлөгө жана коомго болгон мамилелериндеги мээримдүүлүк жана кастык, жалган жана чындык критерийлерине негизделген негиз болуучу ченемдер жана принциптер.

Руханий-адеп-ахлактык тарбиялоо элдин салттуу баалуулуктарына, билимине жана тажрыйбасына, ошондой эле жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделет.

Улуу жазуучу Ф.М. Достоевский төмөнкү осуяттында «Улуттук көрөңгөсүз, элдик аңызсыз эч нерсе өспөйт жана эч кандай мөмө болбойт. Ар кандай мөмө-жемиш өсүш үчүн өзүнүн топурагы, өзүнүн климаты, өзүнүн тарбиясы болуш керек. Бутуңдун алдыңдагы бекем кыртышсыз алдыга ийгиликтүү жылуу мүмкүн эмес» деген пикирин калтырган[65].

Салттуу үй-бүлөөнүн негизги милдети – ата-бабалардын улуу мурасына таянуу менен, эли-жерине, коомго пайда келтире турган интелектүү мекенин сүйгөн чыныгы патриотторду тарбиялоо жана өстүрүү.

Кыргызстан элдеринин адам укуктарына жана эркиндигине шек келтирбеген, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жаткан үрп-адаттары, каада-салттары көптөгөн муундардын акылмандыгы жана тажрыйбасы, аларды сактоо мамлекеттин маанилүү миссиясы болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 21-беренеси руханий-маданий негиздерди толуктап туруусу менен айырмаланат. Мында “Улууларды урматтоо,

---

[65] Акматалиев, А. Балдарга арналган салт жана ырым жырымдар [Текс] / А. Акматалиев. – Бишкек, 2000. – 123 б.

кичүүлөрдү ызааттоо - элдин ыйык салты” деген кыргыз элинин улуу баалуулуктарынын бири бекитилген.

Улууларды сыйлоо кыргыз коомунун маданиятынын ажырагыс бөлүгү, салты. Улууларды сыйлоо салты илгертен келе жатат, дейт эл даанышмандыгы: «Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан жакшылык көрөсуң»[66]. Улууларды сыйлоо салттарын сактап, Кыргыз Республикасынын ар бир жараны келечекке кам көрөт, жалпы Кыргызстандын көп улуттуу элинин өнүгүшүнө жагымдуу шарттарды түзүүдө.

Конституциянын бул ченеми ачарчылыкты, согуш жылдарын, репрессияларды татыктуу башынан өткөргөн, эмгектин жана күжүрмөн эрдиктин, патриоттуулуктун жана Мекенге болгон чексиз сүйүүнүн көптөгөн үлгүлөрүн көрсөткөн улуу муундун өкүлдөрү экенин коомчулуктун аңдап түшүнүүсүнө негизделген. Кыргызстандын элинин адаттан тыш бай маданий жана материалдык компонентин сактап калган улуу муун болгон. Ошентип, мамлекет улуу муундарга эң ыңгайлуу шарттарды түзүп, аларга кам көрүү милдетин алат.

Ошондой эле Конституциянын 21-беренесинин 3-бөлүгү “Мамлекет Кыргызстан элинин тарыхый, материалдык жана руханий мурастарын коргойт” деп белгилеген.

**Тарыхый мурас** маданий мурастын бир бөлүгү болуп саналат. Маданий мурастарды сактоо жөнүндө камкордук анын жоголушуна же туура эмес пайдаланылышына жол бербөөчү конкреттүү иш-чараларды аткарууну билдирет. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 285-беренесинде каралгандай мыйзамга ылайык өзгөчө баалуу жана мамлекет тарабынан корголуучу маданий баалуулуктарга таандык болгон маданий баалуулуктардын менчик ээси бул баалуулуктарды чарбасыздык менен күткөн

[66] Пословицы и поговорки кыргызского народа: из собрания акад. К.К. Юдахина / сост. Д. Давлетбекова; вступ. ст. Т.К. Ахматова, М.А. Рудова. – Бишкек: Илим, 1997. – 232 с. С. 27.

учурда, ал баалуулуктарды жоготуу же маанисин кетирүү коркунучу туулса, бул баалуулуктар соттун чечими боюнча менчик ээсинен сатып алуу же ачык соодада сатуу жолу менен алынып коюлушу мүмкүн. Маданий баалуулуктарды сатып алууда менчик ээсине анын наркы тараптардын макулдашуусу боюнча, ал эми талаш-тартыш болгон учурда - сот тарабынан белгиленген өлчөмдө төлөнөт. Мүлк ачык соодада сатылган учурда менчик ээсине ал сооданы өткөрүүгө кеткен чыгымдарды чыгарып салгандан кийин сатуудан түшкөн акча берилет[67].

Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 26-июлу № 91 «Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренесинде элдин турмушундагы тарыхый окуяларга, коом менен мамлекеттин өнүгүшүнө байланышкан тарых жана маданият эстеликтери, материалдык жана руханий чыгармачылыктын тарыхый, илимий, көркөмдүк же башка дөөлөттөргө ээ болгон чыгармалары тарыхый-маданий мурас болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын субъекттери менчигиндеги тарых жана маданият эстеликтери мамлекет тарабынан корголот[68].

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Унитардык мамлекеттин өзгөчөлүктөрү кандай?
2. Кыргызстандагы өкүлчүлүктүү жана түз демократиянын негизги институттары кайсылар?
3. Укуктук мамлекеттин маңызы эмнеде?
4. Светтик мамлекет деген эмнени билдирет?
5. Социалдык мамлекет деген кандай мамлекет?

---

[67] Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси 1996 жылдын 8-майы № 15, 185-берене. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/4/695?cl=ky-kg&mode=tekst.

[68] Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 26-июлу № 91 «Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренеси//http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/254.

**1 - кейс – тапшырма:**

Кыргызстандын жараны Асанов мусулманчылыкка терең ишенет. Беш маал намаз окуп, жыл сайын Рамазан айынын орозосун кармап, Меккеге зыяратка барууга даярданып келет. Асановдун эки уулу бар, биринин жашы 10до экинчиси 12де. Алардагы динди катуу карманып жалпы билим берүү мектебинен баш тартышып, медересеге бара башташкан.

*Асановдун үй-бүлө мүчөлөрүнүн аракети мыйзамдуубу?*

*Учурдагы кырдаалга укуктук баа бериңиз.*

**2 - кейс – тапшырма:**

Ат-Башы районунун эли жергиликтүү курултайда аларга ташылып келинүүчү товарлардын сапатын жөнгө салуу максатында Торугарт – Эркештам бажы чек арасын өзүбүз көзөмөл жүргүзөбүз деген чечимди кабыл алышты. Негиз катары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 4-бөлүгүн жана 2-беренесинин 2-бөлүгүн белгилешүүдө. Мамлекеттик органдар бул аракеттерди конституцияга каршы келе тургандыгын белгилешти.

*Бул маселе кандай чечилет?*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдеринин негизинде аргументтерди келтириңиз.*

# 5-глава Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын конституциялык укуктары, эркиндиктери жана милдеттери

## 5.1. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын тутуму

Мыйзамдуулуктун принциптерине негизделген адамдын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө конституциялык жобо демократиялык мамлекеттин милдети адамдын ажырагыс жана ар бир адамга туулгандан бери таандык болгон укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жана коргоо болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүнүн 1-главасында көрсөтүлгөн конституциялык ченемдер эл аралык укуктук принциптерге, анын ичинде Адам укуктарынын жалпы декларациясына[69] (1948-жылдын 10-декабрында, Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган жана ратификацияланган) жана Европа Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча конвенциясына (Рим шаарында 1950-жылдын 4-ноябрында түзүлгөн)[70] толугу менен дал келет. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын үстөмдүгүнүн принциптерине негизделген абсолюттук укуктар адамдын ажырагыс укуктары болуп саналат.

Ушуну менен катар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүнүн 1-главасында саналган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери универсалдуу мүнөзгө б.а. жалпы мүнөзгө ээ. Ушуну эске алуу менен алар Кыргыз Республикасында гана

[69] Всеобщая декларация прав человека от 10 декабря 1948 года.

[70] Конвенция о защите прав человека и основных свобод, разработанное и подписанное в 1950 году и вступившее в силу 3 сентября 1953 года.

эмес, бүткүл дүйнө жүзүндө таанылат жана сакталышы керек.

**Адам укуктары** деп материалдык, социалдык, руханий-маданий керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган жүрүм-турумдун мыйзам тарабынан корголгон чарасын айтабыз.

Бул — адамдын өзүнүн жаратылышынан келип чыккан мүмкүнчүлүк, ага берилген баалуулуктарды жеке жана коомдук таламдарда да пайдалануу.

Мында биринчи кезекте коопсуз, эркин жашоонун эң маанилүү артыкчылыктарынан жана шарттарынан пайдалануу, өзүн социалдык-биологиялык жана руханий жаралуучу катары ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга басым жасалат.

Кыргыз Республикасы адам укуктары боюнча эң маанилүү делген бардык эл аралык келишимдерди ратификациялаган, ошондой эле аларга Кыргыз Республикасы кошулган, анын негизинде биздин жарандар адам укуктарын коргоонун эл аралык механизмдерин пайдалана алышат.

Адам укуктарынын концептуалдык негиздери эки негизги баалуулукту аныктай турганы бардыгына маалым: биринчиси – эң маанилүү адамдык ар-намыс, б.а. татыктуу жашоо жана экинчи баалуулук – теңдик – бардык адамдар бирдей. Ошондуктан дүйнөдө адам укуктарынын кеңири колдоого алынышын камсыз кылуу, адамдардын адамдык кадыр-баркы менен жашашы эң башкы приоритеттердин бири болуп саналат.

Адамдын укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасында Конституцияга ылайык мыйзам жана сот тарабынан ар кандай кол салуулардан, анын ичинде мамлекеттин өзү тарабынан жасалган кол салуулардан корголо тургандыгын да белгилей кетүү керек. Мунун баары мамлекет менен жарандын ортосунда такыр башка мамилелерди курууну болжолдойт жана биринчи планда адамдын эң жогорку баалуулугу, анын укуктары менен

эркиндиктери жана милдеттери аксиологиялык концепцияга ылайык укуктарга ээ адам турат. Ушуга байланыштуу мыйзамдуулук жана укук тутуму коомдук мамилелердин негизи болуп калат, б.а. адамдын башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузбастан өз укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруусу – түпкүлүгүндө сот жана мыйзам алдында бардыгынын тең укуктуулугу. Ошол эле учурда адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча мыйзамдык ченем, эгерде ал коюлган максаттар боюнча колдонулбаса жана аны камсыз кылуунун жана коргоонун натыйжалуу механизмдери болбосо, мааниси жок, ал декларация бош бойдон калышы мүмкүн.

Мамлекет өзүнүн юрисдикциясындагы бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин корголуусун камсыз кылат. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары, процессуалдык ченемдер жана механизмдер, ошондой эле саясий чечимдер мамлекетте адам укуктарын ишке ашыруунун негизги факторлору. Демек, адам укуктары мамлекеттин конституциялык жана мыйзам чыгаруу түзүлүшүнүн ажырагыс бөлүгү. Ал эми адамдын ажырагыс укуктары болуп саналган укуктарын сактоо, коргоо жана аткаруу мамлекеттин милдети. Ушуларды эске алуу менен, адам укуктары боюнча эң орчундуу документ 1948-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясы. Бул Декларациянын статусу жарандык жана саясий укуктарды, ошондой эле социалдык, экономикалык жана маданий укуктарды камтыган кадыресе эл аралык укуктун юридикалык жактан милдеттүү болуп саналган документ.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренеси боюнча эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес. Конституциялык ченемдин мындай негизи мамлекетке укуктук, экономикалык,

идеологиялык, саясий жана уюштуруу чараларынын тутуму аркылуу бардыгына бирдей укуктарды түзүү милдети, б.а. ар бир инсан коомдун башка мүчөлөрү менен тең укукта реалдуу мүмкүнчүлүктөргө ээ боло турган социалдык чөйрөнү түзүүдө. Бул жерде мамлекет тиешелүү конституциялык функцияны ишке ашыруу үчүн милдеттүү субъект.

Чындыгында этникалык, расалык, теги же өңүнүн түсү боюнча басмырлоо адам укуктарын бузуу болуп саналат, б.а. расалык дискриминация. Ошол эле учурда дискриминацияга жол бербөөнүн негизги принциби этникалык, расалык жана улуттук азчылыктардын укуктарынын мыйзам алдында бирдейлиги, ошондой эле мыйзам алдында коргоо укугу бирдей экендиги. Эл аралык укукка келсек, анда билим берүү, ишке орноштуруу, саламаттыкты сактоо, турак-жай, ошондой эле мамлекеттик кызматтарга жетүү сыяктуу чөйрөлөрдө расалык дискриминацияга тыюу салынган. Бул маселелер чөйрөсүндөгү терс көрүнүштөргө туруштук берүү катары расалык дискриминацияга каршы күрөшүүнүн бир катар жолдору бар, бул негизинен мамлекеттин басмырлоого каршы улуттук мыйзамдары, мисалы, адамдын ар-намысын коргогон мыйзамдар. Ошондой эле, эмгек ишмердүүлүгүнүн ар кандай аспектилеринде басмырлоого тыюу салынган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту тарабынан каралган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесин конституциялык эмес деп таануу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечими. Кайрылууну кароонун негизги себеби, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талашка түшкөн ченеми Конституцияга ылайык келер-келбесин аныктоо.

«Натыйжада Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасынын чечими менен бул берене мамлекеттик административдик кызмат орундарын

ээлеген мамлекеттик кызматкерлердин укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылуусуна тыюу салуу бөлүгүндө Конституцияга каршы келет деп табылды”[71]. Кызматтан бошотуу, которуу, мажбурлап иштен бошонтуу убактысы үчүн акы төлөө, тартиптик жазаларды колдонуу жөнүндө талаш-тартыштарда алар сотко кайрылууга укуктуу. Кошумчалай кетсек, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 56-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасында адамдын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгарган же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине карата адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери мыйзам түрүндө мыйзамдык деңгээлде гана чектелиши мүмкүн деген принципти белгилейт. Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын ден-соолугун жана адеп-ахлагын коргоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл болгон өлчөмдөрдө, ошондой эле укуктарды азайткан же жокко чыгарган мыйзамдарды кабыл алууга тыюу салынат.

**Жарандын укуктары** - бул керектөөлөрдү канааттандырууга багытталган, белгилүү бир мамлекет менен туруктуу укуктук мамилелерде турган мыйзам менен корголгон адамдын жүрүм-турумунун жана кызыкчылыктарынын чарасы.

Ошентип, жарандын укуктары жарандык фактыга байланыштуу адамдын белгилүү бир мамлекетке таандыктыгы. Мисалы, добуш берүү укугу, саясий партияларга биригүү укугу, референдумга катышууга, мамлекеттик иштерди башкарууга ж.б.у.с.

---

[71] Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасынын чечими 2013-жылдын 26-ноябры № 18-р http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/9623/10?cl=ky-kg&mode=tekst.

Конституциянын 51-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык **Кыргыз Республикасынын жарандыгы** - адам менен мамлекеттин өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысынан турган туруктуу укуктук байланышы.

4. Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ болуу негиздерине жана тартибине карабастан Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык бирдей конституциялык укуктарга, эркиндиктерге жана милдеттерге ээ. Жарандык мамилелердин чегинде адамдардын социалдык, расалык, улуттук, тилдик, диний таандыктыгына карабастан бирдей макамынын принцибин орнотуу менен толукталат, ага ылайык Кыргыз Республикасынын бардык жарандары бири-бирине тең.

Кыргыз Республикасынын жарандыгынын принциптери аны алуу жана токтотуунун негиздерин, ошондой эле жарандык маселелерин кароонун тартибин

алдын ала аныктап, Кыргыз Республикасынын жарандыгын түзүүнүн баштапкы чекити болуп саналат.

## 6.2. Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуунун негиздери жана тартиби

Кыргыз Республикасынын жарандыгы, аны алуу үчүн негиздерине карабастан, бир жана бирдей болуп саналат. Бул жарандардын туулгандыгы боюнча жарандыкка ээ болгондугуна же башка негиздер боюнча алгандыгына карабастан бирдей укуктарга ээ экендигин жана Кыргыз Республикасынын жарандарын ар кандай укуктар менен милдеттерди пайда кылган кандайдыр бир топторго же категорияларга бөлүүгө болбойт дегенди билдирет.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган кыргыздар башка мамлекеттин жарандыгына ээ болгонуна карабастан Кыргыз Республикасынын жарандыгын жөнөкөйлөтүлгөн тартипте алууга укуктуу. Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуунун тартиби жана шарттары мыйзам тарабынан аныкталат.

Этникалык кыргыздарга жөнөкөйлөштүрүлгөн жарандыкты берүү Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик колдоо жана жардам көрсөтүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири. Ушуга байланыштуу этникалык кыргыздардын, ошондой эле туруктуу жашоо үчүн келген жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууну каалаган башка этникалык кыргыздардын Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибин камсыз кылуу биринчи кезектеги милдет. Жогорудагы милдетти ишке ашыруу үчүн 2007-жылы “Тарыхый мекенине кайтып келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Этникалык кыргыздарга жарандык алуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибин киргизүү зарылчылыгы белгилүү жагдайлардан

улам өз мекенинен тышкаркы жерде калган мекендештерибиздин оор социалдык-экономикалык абалы жана мамлекетибиздин этникалык кыргыздарга өз укуктарын жоготпоого шарт түзүүгө умтулуусу менен шартталган.

Натыйжада көптөгөн этникалык кыргыздар Кыргызстандын аймагында чет элдик паспорттун жоктугунан мыйзамдуу статуска ээ эмес жана республиканын жарандыгын алууда кыйынчылыктарга дуушар болушат.

Бул категория төмөнкүлөрдөн турат:

- чыгарылган өлкөнүн улуттук паспортторунун жарактуулук мөөнөтү бүткөн же аяктоо алдында турган адамдар, анын ичинде СССРдин паспорту бар адамдар;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жок адамдар (жоголгон, бузулган, алынбаган ж.б.);
- республиканын аймагында жашаган жана 18 жашка толгон, бирок ар кандай себептер менен паспорттору жок же Кыргыз Республикасынын жарандыгын ала элек адамдар;
- ата-энеси Кыргыз Республикасынын жарандыгын алганга чейин Кыргыз Республикасында төрөлгөн жана бойго жеткен адамдар.

Жарандыкка болгон адамдын укугу ажырагыс маанилүү укуктардын бири, ар бир мамлекеттин ичинде да, эл аралык байланышта да инсандын укуктук статусунун негизи. Ал 1948-жылдагы Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 15-беренесинде камтылган: «Ар бир адам жарандык алууга укуктуу”. Жарандык идеясы теңдик жана элдик суверенитет идеялары менен тыгыз байланышта экендиги белгилүү. Жарандык аркылуу гана мамлекет менен инсандын ортосунда мейкиндик жана убакыт боюнча бекем жана туруктуу укуктук мамилелер пайда болуп, адамга жана мамлекетке алардын өз ара укуктарынан жана милдеттеринен келип чыккан бардык артыкчылыктарды толук пайдаланууга укук берет. Белгилүү бир мамлекеттин жарандыгынын негизинде инсан мамлекеттин ичинде да, эл

аралык байланышта да бул жарандыгы кепилденген укуктардын максималдуу көлөмүн пайдалана алат. Жарандык институту кош социалдык-укуктук функцияны аткарат: адам укуктарын коргоонун каражаты жана жолу болуу менен, ал ошол эле учурда мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо институту катары да иштейт. Ар бир мамлекет суверенитет принцибин жетекчиликке алып, өз функцияларын аткарууну камсыз кылуу максатында аймактагы адамдан белгиленген жүрүм-турум эрежелерин жана милдеттерди аткарууну талап кылат. Адам үчүн мамлекеттин жарандыгына ээ болуу ага бул мамлекеттин юрисдикциясын толук кеңейтүүнүн, анын укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуунун жана аны башка адамдардын мыйзамсыз аракеттеринен коргоонун кепилдиги болуп кызмат кылат.

Дүйнөлүк практикада жарандыкты туулган жери боюнча аныктоонун эки негизги жолу бар: жарандыкты туулган жери боюнча аныктаган “топурак принциби” жана жарандык ата-эненин жарандыгы менен аныкталган “кан принциби”[118]. Мисалы, АКШда “топурак принциби” колдонулат. Тарыхый жактан алганда, аны киргизүүнүн себептери бул өлкөгө иммигранттардын көп агымы менен байланыштуу, алар АКШнын “чыныгы” жарандары менен бирдей статуска ээ боло алышпайт, бирок Американын жеринде туулуп-өскөн иммигранттардын балдары толук АКШ жарандары, алар басмырланбаш керек.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында айрым аспектилерде “топурак принциби” эске алынат, бирок биринчи кезекте ал баланын ата-энесинин экөөнүн тең Кыргыз Республикасынын жарандыгына бирдей ээ болушунун алдын ала аныктоочу маанисинен келип чыгат.

---

[118] Чиркин В.Е. «Конституционное право»: Учебник. - М.: Юристъ, 1997. С. 121.

Жарандык мыйзамынын 12-беренесинде мындай деп айтылат: Бала туулган учурда анын ата-энеси Кыргыз Республикасынын жараны болсо туулган жерине карабастан бала Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат. Мыйзам ошондой эле баланын экинчи ата-энеси жарандыгы жок адам болгондо же экинчи ата-энеси, түз кеп кыла турган болсок, жок болгон учурда Кыргызстандын жарандыгына артыкчылык берилет. Башкача айтканда, «эгерде ата-энесинин бири төрөлгөндө Кыргыз Республикасынын жараны болсо, экинчиси жарандыгы жок адам болсо, бала төрөлгөн жерине карабастан Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат».

Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору мамлекеттик маанидеги документтер жана Кыргыз Республикасынын менчиги болуп саналат жана алардын ээлери Кыргыз Республикасынын коргоосунда болот.

Кыргыз Республикасынын жарандарын улуттук паспорттор менен камсыз кылуу системасы Кыргыз Республикасынын жарандарынын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоого жана ишке ашырууга көмөктөшүүгө, өлкөнүн улуттук коопсуздугун чыңдоого багытталган.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору Кыргыз Республикасынын жарандарынын инсандыгын ырастоочу жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандык экендигин ырастоочу документтер болуп саналат.

## 6.3. Кыргыз Республикасынын жарандыгынын токтотулушу

Кыргыз Республикасынын жарандыгы төмөнкүдөй учурларда токтотулат:

1) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда;

2) Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо;

3) «Жарандык жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда каралган тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралган башка негиздерде.

Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган адамдын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуусу ал адамдын өз эрки менен билдирген негизде Жарандык жөнүндө Мыйзамдын 26-беренесинде каралган учурлардан тышкары, жалпы тартипте жүзөгө ашырылат.

Чет мамлекеттин аймагында жашаган адамдын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуусу ал адамдын өз эрки менен билдиргендигинин негизде Жарандык жөнүндө Мыйзамдын 25-беренесинде каралган учурлардан тышкары, жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте жүзөгө ашырылат.

Ата-энесинин бирөөсү Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ болгон, ал эми экинчиси чет өлкөнүн жараны болуп саналган же жалгыз атасы же энеси чет элдин жараны болгон баланын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуусу эки ата-эненин же болбосо жалгыз атанын же эненин арызы боюнча жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын жаранына төмөнкүдөй учурларда Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгууга жол берилбейт:

1) мамлекет алдында аткарылбаган милдеттенмелери же Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык же жеке адамдардын кызыкчылыктарына байланышкан мүлктүк милдеттенмелери бар болсо;

2) кылмыш-жазык иши боюнча же ага карата мыйзам күчүнө кирген иш боюнча жана соттун айыптоо өкүмүн аткарууга жаткан иши боюнча айыптуу катары Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары тарабынан жоопко тартылган болсо.

**Жарандыкты жоготуу** деп адам менен мамлекеттин ортосундагы өз ара укуктардын жана милдеттердин,

жоопкерчиликтин болушу менен туюнтулган ошол укуктук байланыштын жоголушу түшүндүрүлөт.

Кыргыз Республикасынын жарандыгы төмөнкү учурларда **жоготулат**:

1) эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо боюнча расмий милдеттерди аткаруу учурларын кошпогондо, адамдын чет мамлекеттин аскердик же чалгындоо кызматына кирүүсүнүн; террорчулук же экстремисттик кылмыштарды жасоо шыктарын жана көндүмдөрүн алууга багытталган даярдыктан Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жакта өтөөсүнүн; чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу кагылыштарга же согуш аракеттерине катышуусунун кесепетинде.

2) эгерде Кыргыз Республикасынын жарандыгы алдынала жалган маалыматтарды же бурмаланып жасалган документтерди көрсөтүүнүн натыйжасында алынган болсо.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Жарандыктын түшүнүгү, принциптери жана мыйзамдык жөнгө салынышы.
2. Укуктар жана эркиндиктер үчүн жарандыктын мааниси кандай?
3. Жарандык укук эмнени билдирет?
4. Кыргыз Республикасынын жарандарынын милдеттери кандай?
5. Кайсы адамдар жарандык алуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибине укуктуу?
6. Чет өлкөлүк жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктук абалынын айырмачылыктары.

**1 – кейс – тапшырма:**

Сиз Жогорку Кеңештин Аппаратынын Юридикалык бөлүмүнүн башчысысыз. Сизге корутунду берүү үчүн Кыргыз Республикасынын жарандары кош жарандуулукка ээ боло турган болсо кылмыш жоопкерчилигине тартуу жөнүндөгү Мыйзам долбоору келип түшөт.

*Кош жарандуулук деген эмне?*

*Бул тууралуу сиздин бере турган корутундуңуз кандай болмокчу?*

**2 – кейс – тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын жараны С. Жаныбеков 1998-жылдын 30-январында Өзбекстан Республикасынын Бухара облусунун Навои шаарында жашап жаткан мезгилинде 26 грамм баңги затын сатуу максатын көздөбөстөн алган. Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун аныктамасынын негизинде 1999-жылдын 3-ноябрында С. Жаныбековдун Өзбекстан Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 216-беренесинин 6-бөлүгү боюнча жасаган кылмыш ишин башка мамлекеттин аймагында жасагандыгы үчүн Өзбекстан Республикасынын соту тарабынан кароо боюнча өзүнчө өндүрүшкө бөлүп караган.

*Сот Кыргыз Республикасынын жаранын башка мамлекеттин аймагында жасаган кылмышы үчүн аны кылмыш жоопкерчилигине тартуу максатында ал мамлекетке өткөрүп берүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуубу?*

*Эгерде ошондой болсо, экстрадициялоонун шарттары кандай болушу керек?*

**3 – кейс – тапшырма:**

Бишкек шаарындагы Медициналык Академиянын аспирантурасында окуп жаткан чет элдик жаран Пол Сингерге аспирантураны аяктагандан кийин Кыргызстанда калып иштөөсү тууралуу сунуш айтылды. Буга байланыштуу ал Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууну чечти.

*Кандай негизде жана кандай жолдор менен Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууга боловрун белгилегиле?*

**4 – кейс – тапшырма:**

Мамлекетке чыккынчылык кылгандыгы үчүн сот жаран Чынаевди эркинен ажыратуу жөнүндө өкүм чыгарган жана эркиндигинен ажыратылган мөөнөткө жана андан кийин беш жылга жарандыктан ажыратуун тууралуу Токтом кабыл алган.

*Соттун чечими Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана "Жарандык жөнүндө" мыйзамынын көз карашынан алганда мыйзамдуубу?*

*Мыйзамдуу же мыйзамдуу эмес десеңиз ченемдик – укуктук актылардын негизинде далилдеңиз.*

# 7-глава. Кыргыз Республикасындагы шайлоо укугу жана шайлоо тутуму

## 7.1. Кыргыз Республикасынын шайлоо укугунун жана шайлоо тутумунун түшүнүгү

Шайлоо укугу жана шайлоону уюштуруу тутуму - мамлекеттүүлүктүн алгачкы принциби, демократияны ишке ашыруу үчүн зарыл элементтер.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлуккө ээ болгон күндөн тарта, мамлекеттүүлүктүн принциптерин жетекчиликке алуу менен бир нечелеген шайлоолорду, шайлоо менен биргеликте тарыхый оор кырдаалдарды башынан өткөрдү. Себеби Кыргыз Республикасынын Конституциясы демократиянын бардык принциптерин камтыган, укуктук мамлекетти карай негизделген, эгемендүү элдин эркин, мүдөөсүн билдирген. Ошентип Кыргыз Республикасынын Конституциясы шайлоону уюштурууга жана өткөрүүгө тиешелүү негизги жоболорду камтыйт жана эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана өлкөнүн бүткүл аймагында түздөн-түз колдонулат.

Конституцияда мамлекеттик бийликти уюштуруунун саясий формасы катары демократия менен жарандардын мамлекеттик иштерди башкарууга түздөн-түз катышуусун камсыз кылуучу институт катары шайлоолордун өз ара мамилелеринин конституциялык-укуктук формуласы белгиленген. Бул конституциялык түзүлүштүн негиздерине тиешелүү жана жарандардын саясий укуктарына жана эркиндиктерине, коомдун мамлекеттик укуктук субъектисине тиешелүү жоболор, аларга ылайык Кыргыз Республикасында бийликтин бирден-бир булагы болуп өз бийлигин түздөн-түз, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жүзөгө ашырган көп улуттуу эл. Эл бийлигинин эң жогорку жана түздөн-түз ашыруунун

көрүнүшү катары референдум жана шайлоо институттарынын конституциялык мүнөздөмөсү негиз болуп саналат. Саясий демократияны жана шайлоо укугун калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн конституциялык негиздери жана аны камсыз кылуучу мыйзамдар да Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үстөмдүгүн, мамлекеттик бийлик тутумунун биримдигин камтыйт.

Шайлоо менен демократия бири-бирине көз каранды болгону менен, бирдей категориялар эмес. Демократиялык, эркин, ачык жана атаандаштыкта шайлоо – бул коомдук, саясий жана укуктук институттардын узакка созулган эволюциясынын натыйжасы.

*Шайлоо* - азыркы саясий коомдордо мамлекеттик бийликти уюштуруунун жана иштешинин эң маанилүү институту. Алар профессионалдык ишмердүүлүк тармагында жана чөйрөсүндө жаңы көйгөйлөрдү түзмөкчү.

Ата мекендик коомдук-саясий практика үчүн мамлекеттик органдарга демократиялык саясий атаандаштыкта мезгил-мезгили менен шайлоолор сыяктуу демократиянын институтуна кызыгуу табигый көрүнүш.

Шайлоонун социалдык баалуулугу – бул жарандардын саясий жактан өзүн-өзү ырастоосунун, жарандык коомдун саясий өзүн-өзү уюштуруусунун, анын автономиясын камсыз кылуунун, жарандарга жана алардын саясий бирикмелерине шайлоодо мыйзамдуу түрдө таанылган мамлекеттик бийликтин субъекттиси болуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуунун маанилүү учурларынын бири болуп саналат. Албетте, шайлоо укугунун субъекттиси болуунун формалдуу укуктук мүмкүнчүлүгү чындап эле анын аракетериндеги мүмкүнчүлүктүн бар болуусун билдирбейт. Бул үчүн коомдук процесс жана институт, саясий-укуктук баалуулук жана жарандык саясий аң-сезимди тарбиялоо механизми катары жарандардын жана алардын бирикмелеринин мамлекеттик бийликти калыптандырууга, жарандардын алдында жоопкерчиликтүү жана алар тарабынан башкарылууга реалдуу жана толук кандуу

катышуу тажрыйбасын өнүктүрүү максатында шайлоонун бар экендигинде.

Шайлоо демократиясынын азыркы түшүнүгү жана шайлоо мыйзамдары мурда иштелип чыккан идеялардан жарандардын саясий эркине негизделген жана алардын шайлоо процессине катышуусун жөнгө салуучу мамлекеттик-укуктук институттардын тутуму катары айырмаланат. Жаңы шайлоо укугу саясий ротацияны жана үзгүлтүксүз өткөрүлүүчү шайлоолордун жыйынтыгы боюнча бийликти өткөрүп берүүнү камсыз кылуунун юридикалык аракеттеринин, эрежелеринин жана процедураларынын таасири боюнча олуттуу тармакты түзөт.

Демократиялык жактан өнүккөн мамлекеттердин шайлоо укугу укуктук категория катары коомдук мамилелерди, субъекттердин ишин (жүрүм-турумунун принциптерин жана эрежелерин) жөнгө салуучу мыйзамдык жана башка ченемдик укуктук актыларда негизделген укуктук ченемдердин тутуму болгон коомдук укуктун институту болуп саналат.

Азыркы шайлоо укугу, негизинен, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин иштелип чыккан белгилүү бир эл аралык укуктук стандарттарга ылайык келиши керек. Бул укуктар эл аралык уюмдардын көңүл буруусунун предмети болуп, көп өтпөй тигил же бул мамлекеттин ички ишинен мамлекеттер аралык маанидеги маселеге айланды.

Бул укуктардын эң негизгилери эл аралык укуктук актыларда бекитилген. 1948-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясында мындай деп айтылат: «Элдин эрки бийликтин негизги күчү болушу керек; бул эрк жалпы жана бирдей шайлоо укугунда, жашыруун добуш берүү менен же шайлоо укугунун эркиндигин камсыз кылуучу башка эквиваленттүү формаларда өткөрүлүүгө тийиш болгон мезгил-мезгили менен жана бурмаланбаган шайлоолордо чагылдырылышы керек». Ал БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1966-жылы кабыл алынган Жарандык жана

саясий укуктар боюнча эл аралык пакт менен кайталанат, анда *«тикеден-тике же эркин тандалган өкүлдөр аркылуу мамлекеттик иштерди жүргүзүүгө катышууга; жалпы жана бирдей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен жана шайлоочулардын эркин билдирүүсүн камсыз кылуучу чыныгы мезгилдүү шайлоолордо добуш берүүгө жана шайланууга»*[119] ар бир жарандын укугу жарыяланган.

Шайлоо укугунун мазмуну мамлекет тарабынан мыйзамдык ченемдер түрүндө берилген принциптер, жоболор жана кепилдиктер болуп саналат. Аларга ылайык жарандар, саясий партиялар, шайлоо комиссиялары, ыйгарым укук берилген башка органдар тарабынан, шайлоо кампаниясынын ар кандай этаптарында укуктук мамилелердин башка субъекттери тарабынан шайлоолорду даярдоого жана өткөрүүгө, иш-аракеттер жасалат, шайлоо өткөрүлөт жана чечимдер кабыл алынат.

Шайлоо укугунун мазмуну болуп ошондой эле шайлоону жүзөгө ашыруунун этаптары, тартиби, эрежелери жана жол-жоболору жана компетенттүү органдар тарабынан шайлоочуларды каттоо, шайлоочулардын тизмелерин түзүү, шайлоо округдарын, шайлоо участокторун, талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү, добуш берүү жана анын жыйынтыктарын чыгаруу жана башка маселелер жөнүндө чечимдерди кабыл алууну жөнгө салуучу жоболор саналат. Ошондой эле шайлоо укугунун мазмуну шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузган адамдардын жоопкерчилигин, шайлоонун айрым катышуучуларынын субъективдүү шайлоо укуктарын калыбына келтирүүнү караган жоболордон турат.

---

[119] Международный пакт о гражданских и политических правах Принят резолюцией 2200 A (XXI) Генеральной Ассамблеи от 16 декабря 1966 года. Электронный ресурс // https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

Шайлоо укугу жалпы эле жарандардын шайлоого катышууга мамлекет тарабынан кепилденген укугу катары да каралат. Активдүү жана пассивдүү шайлоо укугу болуп бөлүнөт.

**Активдүү шайлоо укугу** – жарандардын мыйзамда белгиленген жаш куракка жеткенде мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоодо чечүүчү добушка ээ болууга тике же кыйыр укугу.

**Пассивдүү шайлоо укугу** – жарандардын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шайлануучу органдарына шайлануу укугу.

Конституцияда аныкталган шайлоо тутумуна талдоо жүргүзүү менен  шайлоо тутуму деген эмне?

Укук илиминде шайлоо тутуму кеңири жана тар мааниде каралат.

**Кеңири маанидеги шайлоо тутуму** деп мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы шайлоолорду уюштуруу жана өткөрүү процессиндеги пайда болгон коомдук мамилелердин жыйындысы. Бул шайлоо күнүн белгилөөдөн баштап добуш берүүнүн жыйынтыгын жарыялаган аралыктагы процесстер.

**Тар маанидеги шайлоо системасы** - бул добуш берүүнүн жыйынтыгынын негизинде талапкерлердин арасында мандаттарды бөлүштүрүү ыкмасы.

Шайлоо системасы берилген добуштарды депутаттык мандаттарга бөлүштүрүүдөгү тартиби боюнча добуштардын талапкерге же партияга берилиши боюнча төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт:

- мажоритардык шайлоо тутуму;
- пропорционалдык шайлоо тутуму;
- аралаш шайлоо тутуму.

***Мажоритардык шайлоо тутуму*** боюнча талапкер шайланыш үчүн өзү көрсөтүлүп жаткан округтан же жалпы өлкө боюнча шайлоочулардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болушу зарыл.

Мажоритардык шайлоо тутуму Англия, Франция, АКШ, Япония, Индия ж.б. мамлекеттерде активдүү колдонулат.

Мажоритардык шайлоо тутуму принциптери союз мезгилинде айылдык деңгээлден жалпы союздук деңгээлге чейинки депутаттарды шайлоо өнөктүгүндө колдонулуп келген. Мисалы, СССРдин эл депутаттары 1937-1938-жылдардагы, 1989-жылы СССРдин эл депутаттарынын биринчи съезди жана Кыргыз ССРнин 12-чакырылышындагы Жогорку Советтин – легендарлуу парламентинин депутаттары шайланган. Андан кийинки эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилдер аралыгында Жогорку Кеңештин 1чи жана 3чү чакырылышындагы депутаттар шайланган.

Мажоритардык шайлоо тутумунун артыкчылыктары катары төмөндөгүлөрдү эсептесек болот:

- мажоритардык шайлоо тутуму бул универсалдуу. Муну менен жеке бир адамды же мамлекеттик бийликтин коллективдүү түзүмдөн турган органдарынын шайлоосу өткөрүлөт;

- мажоритардык шайлоо тутумунда конкреттүү талапкерлер көрсөтүлөт, атаандаштык көрсөтүлгөн талапкерлердин ортосунда жүргүзүлөт. Шайлоочу талапкерлердин жеке өзгөчөлүгүнө карап туруп добуш берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат;

- мажоритардык шайлоо тутуму партияга мүчө болуп кирбеген жаран талапкер катары шайлоого катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот жана утуп чыгышына реалдуу шарт түзүлөт;

- шайлоочулар тарабынан берилген мандат талапкерди кандайдыр бир партиялык системага болгон көз карандысыздыгын жогорулатат. Бул жерден бийликтин булагы **эл** (шайлоочу), ал эми кандайдыр бир партиялык түзүлүш эмес экендиги ачык белгиленет.

Шайлоо тутумунун кийинки формасы бул ***пропорционалдык шайлоо тутуму.***

Пропорционалдык шайлоо тутумунда мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү бийликтин өкүлчүлүк органдары партиялык тизме аркылуу түзүлөт.

Пропорционалдык шайлоо тутуму он тогузунчу кылымда саясий партиялардын пайда болуусу жана алардын өнүгүүсү менен бирге түптөлгөн.

Бүгүнкү күнү пропорционалдык шайлоо тутуму өзгөчө парламенттик башкаруу формасына ээ болгон мамлекеттерде активдүү өнүгүп келүүдө. ПШСда депутаттык мандаттарды бөлүштүрүү саясий партиялардын шайлоого катышуусунун натыйжасында жүргүзүлөт. Бул учурда саясий партиялар талапкерлердин партиялык тизмесин түзүү жолу аркылуу шайлоого катышышат. Партиялык тизме жабык же ачык формада болушу мүмкүн.

**Жабык түрүндө** түзүлгөн тизме боюнча шайлоочулар конкреттүү талапкерге эмес саясий партия тарабынан түзүлгөн партиялык тизмеге добуш беришет.

**Ачык түрдөгү** тизмеде саясий партиянын тизмесине кирген бардык талапкерлердин аты жөнү жарыяланат. Мындай учурда шайлоочулар добуш берүүнүн ыкмасына жараша же партия үчүн жалпы же бир талапкерге добуш беришет.

Шайлоодо саясий партиялардын тизмеси ачык түзүлгөндө шайлоочу кимди шайлап жаткандыгы тууралуу кеңири маалымат алуу укугуна ээ болот. Муну менен шайлоочу конкретүү талапкерди жана саясий партияны тандап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат. Шайлоодогу добуш берүүнүн ыкмалары кумулятивдик ватум же преференция тутумдары аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

*Кумулятивдик ватум* тутуму көп мандаттуу шайлоо тутумунда сейрек кездешет. Мында шайлоочу белгилүү бир округтан канча депутат шайланыш керек болсо ошончо добушка ээ болот. Бул жерде шайлоочу ээ болгон добуштарын бир эле талапкерге берүү же бир нечелеген талапкерге бөлүштүрүп берүү укугуна ээ боло алат.

*Преференция* (артыкчылык, жогору баалоо) системасында шайлоочу, шайлоо бюллетенине кирген талапкерлердин ичинен кимисине артыкчылык көрсөтө ала тургандыгын, талапкердин фамилиясын белгилөө аркылуу билдирүү укугуна ээ боло алмакчы. 2011-жылдын 2-июлунда кабыл алынган №68 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 31-беренесинин 8-пунктунун 8-2-пунктчасына ылайык Жогорку Кеңештин депутаттарын бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоодо шайлоо бюллетенинин экинчи бөлүгүндө шайлоочу өзү тандаган тиешелүү талапкердин катар номерине тийиштүү бир чарчыга белги коюу менен добуш берет.

Ошондой эле 2011-жылдын 2-июлунда кабыл алынган №68 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 60-беренесинин 2-пунктуна ылайык «Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү укугуна шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күнгө юстиция органдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөн же кайра каттоодон өткөн **саясий партиялар** ээ болот» деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын 4,5,6-чакырылыштарынын депутаттары жалпы республикалык шайлоо округунун негизинде партиялык тизме менен депутаттык мандатка ээ болушкан.

***Аралаш шайлоо тутумун*** киргизүү сунушу башкача айтканда можаритардык шайлоо тутумун колдонууда биз демократия деген сөздүн түпкү маңызын баалай жана сактай алабыз. Мажоритардык жана пропорционалдык шайлоо тутумдарынын артыкчылыктарын сактап калууга умтулуу акыркы мезгилде кеңири жайылган аралаш шайлоо

тутумдарынын пайда болушуна алып келди. Демократия бул «эл бийлиги». Ал эми эл бийлиги түздөн-түз эл тарабынан конкреттүү талапкерге добуш берүү жолу аркылуу шайланган, бир саясий партиянын кызыкчылыгын эмес жалпы элдин кызыкчылын, жүгүн өз мойнуна алуу менен, жоопкерчиликке ээ болгон өкүлдөрдүн болуусу мамлекеттин өсүп өнүгүүсүнө шарт түзө алмакчы. Аралаш шайлоо тутуму боюнча Германиянын парламенти Бунтестаг, Россия Федерасиясынын парламенти Мамлекеттик дума ж.б. ушул сыяктуу мамлекеттерде парламенттик шайлоолор өткөрүлүп келүүдө.

Колдонуудагы шайлоо мыйзамы боюнча Кыргыз Республикасындагы шайлоо тутуму аралаш шайлоо тутумун түзүүдө. Жогорку Кеңештин 54 депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдык тутумда, 36 депутаты бир мандаттуу шайлоо округу аркылуу мажоритардык тутум боюнча шайланат[120].

## 7.2. Кыргыз Республикасынын шайлоо укугунун принциптери

Азыркы шарттарда шайлоо укуктарынын принциптери Кыргыз Республикасындагы мыйзамдык жөнгө салуудагы айрым айырмачылыктар менен төмөнкүлөрдү камтыйт: жалпыга бирдей, тең, тикелей шайлоо укугу, жашыруун добуш берүү.

*Жалпыга бирдей шайлоо укугу.* Кыргыз Республикасынын 18 жашка чыккан жараны шайлоого, ал эми Конституцияда жана шайоо тартибин жөнгө салган конституциялык Мыйзамда белгиленген жашка жеткенде -

[120] 2011-жылдын 2-июлу № 68 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203244/90?cl=ky-kg&mode=tekst.

мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын жарандары тегине, жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, майыптыгына, билимине, кызматтык жана мүлктүк абалына, тутунган динине, саясий жана башка ишенимдерине карабастан шайлоого, шайланууга укуктуу.

Бул принцип соттун өкүмү боюнча психикалык жактан оорулууларды жана эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалган адамдарды шайлоого катышууга тыюу салууларды мыйзамдарда белгилөөгө карама-каршы келбейт. Башкача айтканда сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого, шайланууга укуксуз.

Соттолгондугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган адамдар Президенттин кызматына жана Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланууга укуксуз.

Бирок жалпы шайлоо укугу, өзгөчө пассивдүү шайлоо, жаш куракка гана эмес, жарандыкка, туулган жерине, жашаган жерине жана башка факторлорго да тиешелүү бир катар кошумча шарттар же квалификациялар менен чектелет.

Шайлоого катышуу укугу өлкөнүн жарандарына гана берилет, бирок жашап турууга уруксаты *(жарандык ценз)* бар жарандыгы жок адамдарга берилбейт.

Кээ бир учурларда добуш берүүгө пассивдүү укукка туулгандыгы (теги боюнча ценз) боюнча жарандар гана ээ.

Шайлоонун мүнөзүнө карабастан, шайлануу укугун ишке ашыруу үчүн шайлоо өтүп жаткан аймакта белгилүү бир мөөнөткө жашоо талап кылынат (жашоо талабы боюнча ценз).

Жарандар конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптарды сактоодо шайлоого жана шайланууга өз укуктарын ишке ашырышат.

*Тең шайлоо укугу.* Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасында шайлоого тең негиздерде катышат. Бул принцип ар бир жаранга башка жарандар сыяктуу эле шайлоонун жыйынтыгына таасир этүүгө мүмкүнчүлүк берүүдөн турат.

*Тикелей шайлоо укугу.* Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз өкүлдөрүн түздөн-түз шайлайт.

Шайлоонун *кыйыр түрү* дагы кездешет. Кыйыр шайлоо өкүлчүлүктүү органдын же жалгыз шайлануучу органдын мүчөлөрүн шайлоочулар - тиешелүү органга шайлоо өткөрүү үчүн атайын шайланган адамдар шайлай тургандыгын билдирет.

Жогорудагылардан тышкары *көп баскычтуу шайлоо укугунун* түрү кездешет. *Көп баскычтуу шайлоонун* жүрүшүндө алгач орган шайланат, андан кийин башка деңгээлдеги орган шайланат.

*Жашыруун добуш берүү.* Кыргыз Республикасында шайлоодо добуш берүү, жарандардын эркин билдирүүлөрүн кандайдыр бир көзөмөлдөө мүмкүндүгүн болтурбайт, жашыруун болуп саналат.

Добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

Биздин өлкөдө жашыруун добуш берүү бюллетендер аркылуу өткөрүлөт, анда талапкерлердин фамилиялары көрсөтүлүп, шайлоочу өзү добуш берген талапкердин фамилиясын белгилейт.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 7-пунктунда белгиленгендей шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан атайын жабдылган кабинада же башка адамдардын болушуна жол берилбеген атайын жабдылган жерде

толтурулат. Атайын жабдылган кабина же атайын жабдылган жер шайлоо бюллетенин толтурууда добуш берүүчүнүн эркин билдирүүсүнүн жашыруундуулугун жана добуш берүүчүнүн аракеттерине шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жана байкоочулардын көзөмөл жүргүзүүсүн камсыз кылууну эске алуу менен орнотулушу же даярдалышы керек. Добуш берүү үчүн үкөктөр добуш берүү үчүн атайы жабдылган эң жакынкы кабинадан бир жарым метрден ашпаган аралыкта, добуш берүү үчүн жайда турган адамдар бюллетендеги белгини көрүп биле албай тургандай жайгаштырылууга тийиш.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Шайлоо деген эмне?

2. Шайлоолор демократиянын кандай формасына кирет?

3. Субъективдүү шайлоо укугу менен объективдүү шайлоо укугунун ортосунда кандай айырма бар?

4. Кандай шайлоо тутумдары бар?

5. Шайлоо тутуму партиялык системага таасирин тийгизеби?

**1 –кейс – тапшырма:**

Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б. Асановго карата кылмыш иши козголгондугуна байланыштуу, ошондой эле ал аны көрсөткөн шайлоо бирикмесине кирбегендиктен аны каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган.

*Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими мыйзамдуубу?*

*Эгерде мыйзамдуу десеңез аны негиздеп бериңиз?*

**2 –кейс – тапшырма:**

БШКга кайрылган А. Жаныбеков өзү жашаган Ош шаарында КР Президентинин кызмат ордуна талапкер болуу

ниетин билдирген адамдардын сүрөттөрү түшүрүлгөн көрнөк-жарнактар шайлоо өнөктүгү башталганга чейин эле илингендигин белгиледи. Катында А. Жаныбеков комиссиянын алдына төмөндөгүдөй суроолорду койгон:

*Шайлоо алдындагы үгүт иштери башталганга чейин шаарга бул көрнөк-жарнактардын коюлушу шайлоо алдындагы үгүт иштеринин эрежелерин бузууга жатабы?*

**3 –кейс – тапшырма:**

Президентти шайлоонун жүрүшүндө жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлү участкалык комиссиянын төрагасынан шайлоочулардын тизмелери, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын реестри менен таанышууну өтүнөт. Ошол эле учурда ал маалымат эркиндигинин конституциялык укугуна токтолот. Участкалык комиссиянын төрагасы андан баш тартты.

*ММК өкүлүнүн дооматынын мыйзамдуулугуна баа бериңиз.*

*Комиссиянын төрагасынын баш тартуусу мыйзамдуу болдубу, эгерде анын аракетинен шайлоо мыйзамдарын бузууну көрсөңүз, анда ал эмнеде чагылдырылган?*

*Баш тартуу үчүн төрага кайсы мыйзам актыларын негиз кылуусу керек?*

**4 –кейс – тапшырма:**

Ноокат шайлоо округунун депутаты шайлоочуларды кабыл алуу боюнча депутаттык милдетин аткаруу максатында кабыл алуу бөлмөсүн жылытуу үчүн отун сатып алганына байланыштуу депутаттык маянасын көтөрүүнү талап кылды. Депутаттын сыйлыгы, анын пикири боюнча, чыгашалардын ордун толтуруу мүнөздө болууга тийиш, ал эми бул компенсациянын өлчөмү белгиленген эмгек акыда түзүлбөстөн депутаттык ишти жүзөгө ашырууга жумшалган иш жүзүндөгү чыгымдарга жараша болууга тийиш.

*Депутаттык милдеттерин аткаргандыгы үчүн депутатка сыйлык берүүнүн мүнөзү кандай?*

*Мамлекеттик органдар депутатка шайлоочуларды кабыл алуу бөлмөсүн гана берүүгө милдеттүүбү же бул бөлмөнү жылытуу үчүн мамлекеттин эсебинен отун да бериши керекпи?*

**5 –кейс – тапшырма:**

Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин биринчи орун басары А.Усенов мамлекеттик кызматкер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча үгүт иштеринин жүрүшүндө райондун жарандары менен жолугушуу уюштурду, шайлоочуларды белгилүү бир партия үчүн добуш берүүгө шыктандыруу максатында. Кырдаалдын өзгөчөлүгү – А.Үсөнов добуш берүүгө чакырган тиешелүү партиянын курамында жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы Э.Асановдун өз уулу болгондугу болду.

*Жогорудагы жагдайда баяндалган мамилелер кайсы укук ченемдери менен жөнгө салынат? Жоопту тап.*

*Жогоруда баяндалган жагдайда кандай жагдайлар юридикалык мааниге ээ?*

*Бул жагдайда кызмат адамдары тарабынан кандай мыйзам бузуулар бар?*

# 8-глава. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик тутуму

## 8.1. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликтин түшүнүгү жана өзгөчөлүгү

Биринчиден, мамлекеттик бийлик тутуму кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негиздерин, адам укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруунун, Кыргыз Республикасынын эл аралык аренага жигердүү катышуусунун ишенимдүү жана эффективдүү инструменти болуп санала тургандыгын белгилей кетүү керек. Конституциялык укуктун көйгөйлөрүн кароодо мамлекеттик бийлик органдарын камтыган укуктун бул тармагынын фундаменталдык институттарынын бири өзгөчө белгиленет. Бул институт мамлекеттик бийликтин тутумун, мамлекеттик органдардын түрлөрүн, аларды түзүүнүн жана ишинин принциптерин бекитүүчү ченемдерден турат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жалпысынан мамлекеттик бийликтин жана анын мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарынын, ошондой эле тиешелүү бийликти жүзөгө ашыруучу органдардын статусу абдан так аныкталган. Колдонуудагы Конституциянын «Конституциялык түзүлүштүн негиздери» деп аталган биринчи бөлүмүндө мамлекеттик бийликтин, ошондой эле бул бийликти жүзөгө ашыруучу органдардын мүнөзүнө жана статусуна тиешелүү бир катар принципиалдуу жоболорду камтыйт. Конституциянын 2-беренесинин 3-бөлүгүндө «Кыргыз Республикасынын жарандары өзүнүн бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда (бүткүл элдик добуш берүү), ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат» деп

белгиленген. Бул ченем демократияны ишке ашыруунун үч багытын түзөт:

а) түз (түз) демократия түрүндө;

б) мамлекеттик бийлик органдары аркылуу;

в) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу.

Бул маселени кароодо принципиалдуу мааниге 4-берене ээ болмокчу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында маанилүү принцип жарыяланган. «Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик төмөнкүдөй принциптерге негизделет:

- бүткүл эл тарабынан шайланган Президент жана Жогорку Кеңеш өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгү;

- мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бутактарына бөлүнүшү, алардын өз ара ырааттуу иштөөсү жана аракеттенүүсү;

- өз ыйгарым укуктарын элдин таламдары үчүн гана жүзөгө ашырууда мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ачыктыгы;

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын жана функцияларынын ажыратылышы;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат адамдарынын коррупция үчүн шарттарды түзгөн аракетине (аракетсиздигине) тыюу салуу;

- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын эл алдындагы конституциялык-укуктук жана башка жоопкерчилиги.

Ошентип, Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик органдарынын статусу Кыргыз Республикасынын Конституциясында, конституциялык мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда аныкталат.

Кыргыз Республикасынын азыркы Конституциясында "мамлекеттик бийлик органы" жана "мамлекеттик орган"

деген терминдердин ортосунда карама-каршылыктар жок, анткени кеп бир эле типтеги кубулуштар жөнүндө болуп жатат. Кошумчалай кетсек, Кыргыз Республикасынын Конституциясында «органдар» термини ар кандай варианттарда жана сөз айкаштарында колдонулат. Мисалы, мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтери сыяктуу органдардын түрлөрү аныкталган. Конституцияда “мамлекеттик органдар”, “жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” деген терминдер да бар.

*Мамлекеттин органы* – мамлекеттик аппараттын түзүмдүк бөлүгү, ал ыйгарым укуктарга ээ жана мамлекеттин айрым милдеттерин жана функцияларын аткаруу үчүн материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөрү бар мамлекеттик кызматчылардын командасынан турат. Мамлекеттин органы – мамлекеттин функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн мыйзамда белгиленген тартипте түзүлүүчү мамлекеттин аппаратынын (механизминин) бир бөлүгү. Уюштуруучулук-башкаруучулук мааниде мамлекеттик орган – бул мамлекеттик аппараттын түзүмдүк бөлүгү, ал ыйгарым укуктарга ээ болгон жана мамлекеттин белгилүү бир милдеттерин жана функцияларын аткаруу үчүн материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөрү бар мамлекеттик кызматкерлердин жамаатынан турат. Негизинен, мамлекеттик органдар мамлекеттик институттар, бирок алардын ар бири эле мамлекеттик орган эмес, мамлекеттик бийлик органы эмес. Мисалы, кадрлар бөлүмдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын уюштуруу бөлүмдөрү жана башка кээ бир көмөкчү, функционалдык-штаттык кызматтар жана бөлүмдөр.

Мамлекеттик институттарды мамлекеттик органдар катары классификациялоо үчүн орган катары түзүүчү белгилердин жыйындысы болушу зарыл.

Мындай жалпы өзгөчөлүктөрдүн катарына төмөнкүлөр кирмекчи:

1) *Мамлекеттик орган (уюм, мекеме) мамлекеттик аппараттын (механизмдин) ажырагыс жана ошол эле*

*учурда уюштуруу жагынан өзүнчө өз алдынча бөлүгү болуп саналат.* Мамлекеттин органы болуу жана ошол эле учурда ажырагыс бөлүгү катары мамлекеттик аппараттын курамына кирбөө мүмкүн эмес.

Мамлекеттик аппаратты жалпысынан мамлекеттик мүнөзгө ээ болгон органдардын, звенолордун жана институттардын жыйындысы катары аныктоого болот. Бирок, бул аппараттын эки компоненти бар:

а) укуктук статусу боюнча мамлекеттин орган болуп саналган мекеменин органдары;

б) звенолор жана бөлүмдөр, алар аталган аппараттын курамына кирсе да, бирок мамлекеттик органдар эмес, тиешелүү өз алдынча мамлекеттик органдардын ички, көмөкчү бөлүмдөрү (Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана аткаруу бийлигинин башка органдарынын кадрлар, финансы, маалымат бөлүмдөрү) гана саналат.

2) *Мамлекеттин органы өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда мамлекеттин атынан жана анын тапшырмасы менен иш алып барат.* Мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген өзгөчө тартипте түзүлөт. Мамлекеттик бийлик органынын өзгөчө белгиси болуп анын түзүмү, Кыргыз Республикасынын Конституциясында, конституциялык мыйзамдарында жана башка мыйзам актыларында бекитилген ички уюштурулушу саналат. Органдын түзүмүнө кирген ички көмөкчү түзүмдүк бөлүмдөр дайыма эле ушундай укуктук мүнөзгө ээ боло бербейт, алар мамлекеттин атынан жана анын тапшырмасы менен иш алып барышпайт, алардын функцияларынын чөйрөсү ачыктан-ачык чектелет.

3) *Мамлекеттик орган өзүнүн компетенциясын түзүүчү мамлекеттик ыйгарым укуктарга ээ.* Мамлекеттик бийлик органдарынын (Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, соттор)

компетенциялары Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен аныкталат.

Мамлекеттик бийликтин болушу төмөнкүлөрдү билдирет: биринчиден, мамлекеттик бийлик органы ар бир адам үчүн милдеттүү болгон чечимдерди кабыл алууга укуктуу экендиги; экинчиден, анын чечимдеринин милдеттүүлүгү мамлекеттик мажбурлоо чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылынат.

4) *Кыргыз Республикасынын Конституциясында аныкталган мамлекеттик бийликтин милдеттерин жана функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик орган түзүлөт - ал өз ыйгарым укуктарын мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырат;*

5) Мамлекеттик орган органдын бул түрүнө мүнөздүү болгон уюштуруу-укуктук ыкмаларды колдонот (мисалы, мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу (өкүлчүлүк) органдарынын ишинин уюштуруу-укуктук формасы болуп сессиялар, парламенттик угуулар, парламенттин пленардык жыйындары, комитеттердин жана комиссиялардын жыйындары жана башкалар саналат. Кыргыз Республикасындагы соттор өз ишмердүүлүгүн – сот адилеттигин кылмыш-жаза, жарандык, административдик жана конституциялык сот өндүрүшү түрүндө ишке ашырат).

Ошентип, *мамлекеттик орган* - бул мамлекеттин функцияларын ишке ашырууга катышкан, анын атынан жана анын тапшырмасы менен иш алып барган, мамлекеттик бийликке ээ болгон жана ошол эле учурда салыштырмалуу өзүнчө, тиешелүү компетенцияга жана түзүмгө ээ, өзүнө мүнөздүү (мамлекеттик аппараттын бөлүктөрү) иш-аракетинин уюштуруу-укуктук формаларын колдонгон өз алдынча мамлекеттик аппараттын ажырагыс бөлүгү.

## 8.2. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик органдарынын тутуму

Мамлекеттик органдын тутуму – мамлекеттик бийликтин органы – бийликти бөлүштүрүү принцибинин негизинде түзүлгөн жана иштеген мамлекеттик орган. Мамлекеттик бийликтин органы – бул көп улуттуу эл өз бийлигин жүзөгө ашыруучу курал (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренеси), ошондой эле мамлекет өзүнүн объективдүү мүнөздүү функцияларын жүзөгө ашырат.

Бийликти бөлүштүрүүнүн конституциялык принцибине ылайык мамлекеттик бийлик органдары мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүштүрүүнүн негизинде түзүлгөн. Органдардын бул топторунун ар бири мамлекеттик бийлик органдарынын бир түрү (түрдүү) болуп саналат. Бардык мамлекеттик бийлик органдарына мүнөздүү жалпы өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бул түрлөрдүн ар бири белгилүү бир өзгөчөлүктөргө ээ.

*Мыйзам чыгаруу органдары* (мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүктүү органдары) – шайлоо жолу менен түзүлүүчү өкүлчүлүк жана мыйзам чыгаруучу институттар.

*Аткаруу бийлик органдары* дайындалган органдар болуп саналат. Бул органдар ишке ашырып жаткан иш-аракеттердин негизги өзгөчөлүгү анын Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын ишке ашырууга багытталган практикалык уюштуруучулук мүнөзүндө. Мындан тышкары, бул органдар мыйзамдарды ишке ашырууга багытталган ченемдик жана жеке (административдик) укуктук актыларды чыгаруудан турган ченемдик-укуктук, мыйзам чыгаруу ишин да жүзөгө ашырышат жана бул органдардын катарына - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, министрликтер жана башка аткаруу бийлигинин органдары кирет.

Мамлекеттик бийлик органдарынын өзгөчө түрүн *сот органдары* түзмөкчү б.а. соттор. Сот бийлигинин жана анын органдарынын (сотторунун) эң маанилүү өзгөчөлүгү бул бийликтин ишинин мазмунун түзгөн сот адилеттигин жүзөгө ашыруу болуп саналат. Мыйзамдуулукту жана укук тартибин чыңдоого, кылмыштуулукка жана башка укук бузууларга жол бербөөгө багытталган жана конституциялык түзүлүштүн негиздерине, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерине, Конституцияда бекемделген башка демократиялык институттарга кол салуулардан коргоого багытталган.

Демек *мамлекеттик бийлик органдарынын тутуму* – бул мамлекеттик жана улуттук өзгөчөлүктүн функциялары жана алардын өзүнчө түрлөргө бөлүнүшү менен аныкталган мамлекеттик бийлик органдарынын жыйындысы.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик органдары ар түрдүү жана бир катар негиздер боюнча ар кандай түрлөргө бөлүнөт.

**Бийликти бөлүштүрүү тутумундагы орду боюнча** мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот органдарын бөлүүгө болот.

**Бийлик иерархиясындагы органдардын орду боюнча төмөнкүлөргө бөлүнөт:** *эң жогорку* (Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту); *борбордук* (министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор); *аймактык* (жергиликтүү мамлекеттик администрация, министрликтердин аймактык бөлүмдөрү ж.б.).

**Курамын түзүү ыкмасы боюнча:** *шайланган* (Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши); *шайлоо боюнча дайындалган* (Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы ж.б.); *мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдардын жана эмгек*

*мыйзамдарынын негизинде түзүлөт* (министрликтер, ведомстволор).

**Иштин баштапкы ченемдик негиздери боюнча** төмөнкүлөргө бөлүнөт: *конституция тарабынан белгиленген* (мамлекеттик бийликтин жогорку органдары); Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин актылары менен белгиленет (министрликтер, ведомстволордун).

**Эрк билдирүү ыкмасы боюнча:** *бир башкаруучулук* (бир кишилик, министрликтер); *коллегиалдуу* (өкүлчүлүктүү (мыйзам чыгаруучу) органдар, Министрлер Кабинети, шайлоо комиссиялары).

Бардык органдар **компетенциясынын көлөмү боюнча** *жалпы компетенциядагы органдарга* (өкүлчүлүктүү (мыйзам чыгаруучу) органдар, мамлекет башчысы, Министрлер Кабинети) *атайын компетенциядагы органдарга* (министрликтер, ведомстволор, Эсептөө палатасы) бөлүнөт.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Мамлекеттик бийликтин тутумун кайсы органдар түзөт?

2. Мамлекеттик органдарга аныктама бериңиз?

3. Мамлекеттик бийлик органдарын уюштуруунун принциптери кандай?

4. Мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердигинде жетекчиликке ала турган негизги принциптердин тизмесин бериңиз?

5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жогорку бийлик органдарынын тутумунун схемасын тарткыла.

6. Бийлик органдарындагы тең салмактуулук принциби тууралуу презентация даярдоо.

**1 – кейс – тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен Кыргыз Республикасынын Президентинин ортосунда

“аткаруу бийлик органдарынын тутуму” жана “аткаруу бийлик органдарынын түзүмү” конституциялык түшүнүктөрүнүн мазмуну боюнча талаш-тартышты жаратты. Бул түшүнүктөрдү чечмелөө үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин аткаруу бийлигин түзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары аныкталуусу керек.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине белгилегендей, “аткаруу бийлик органдарынын тутумуна” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети кирет, анын тартиби конституциялык мыйзамда белгиленген, ошондой эле түзүлүшү жана иштеши башка аткаруу бийлик органдары мыйзам менен белгиленмекчи.

“Аткаруу бийлик органдарынын түзүмү” түшүнүгү Жогорку Кеңеш тарабынан ар бир жеке аткаруу бийлигинин ички түзүмү катары чечмеленет. Дал ушул ички уюштуруучулукту Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Министрлер Кабинетинин Төрагасы көрсөтөт.

*"Аткаруу бийлик органдарынын тутуму" жана "аткаруу бийлик органдарынын түзүмү" түшүнүктөрүнө Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту кандай түшүндүрмө берет? Бул маселеге жараша болгон өзүңүздүн пикириңизди негиздеңиз.*

**2 – кейс – тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жыйынында уурдалган автоунааларды өткөрүү фактыларын аныктоо максатында Кыргыз Республикасынын аймагына чет өлкөдөн келген автоунааларды көзөмөлдөө функциясын Ички иштер министрлигине жүктөө чечими кабыл алынды. Кыргыз Республикасынын Президенти Ички иштер министринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомун жокко чыгарды, анткени Ички иштер министрлиги түздөн-түз Президентке баш ийет жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууга милдеттүү эмес.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 89, 90-беренелеринин негизинде Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу автотранспорт каражаттарынын өтүшүн көзөмөлдөө жөнүндө бул жобону кабыл алып, министрлер кабинети кайрадан бекитти.

*Кыргыз Республикасынын Президенти менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын ортосундагы талашты кандай негизде чечүүгө болот?*

*Аткаруу бийлик органдарына жетекчилик кылуу жаатында Президенттин ыйгарым укуктары кандай?*

# 9-глава. Кыргыз Республикасынын Президенти

## 9.1. Кыргыз Республикасынын Президентине конституциялык-укуктук мүнөздөмө

Президент мамлекет башчысы, эң жогорку кызмат адамы болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигин жетектейт. Юридикалык адабияттарда "президенттик институт" түшүнүгү өзгөчөлөнүп турат. Бул институт конституциялык-укуктук мүнөзгө ээ.

Президенттин институту 150дөн ашуун мамлекетте орун алган. Президент латын тилинен president – алдыда отурган деген маанини билдирет. Мындан тышкары эл тарабынан шайланган Президент Конституциянын негизинде ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктайт, адамдын жана жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепили болуп саналат.

Б.Э. Елисеев президенттик институтту «интегралдык-укуктук институт» катары аныктайт, анын максаты мамлекеттик бийлик институттарынын ишин координациялоо болуп саналат[121].

Т.Е.Каллагов президенттик институтту "президенттик бийликтин иштешин жөнгө салуучу конституциялык ченемдерге негизделген мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндөгү президенттин ыйгарым укуктарынын жыйындысы" деп эсептейт[122].

Формасы боюнча мамлекет башчысы жеке адам (жеке адам) же жамааттык (мамлекеттик аппараттын органы түрүндө) болушу мүмкүн. Кыргыз Республикасында бир гана Президент (жеке адам) мамлекет башчысы болуп

[121] Дегтев Г.В. Становление и развитие института президентства в России: теоретико-правовые и конституционные основы .-М.: Юрист, 2005.-С.26.
[122] Каллагов Т.Э. Конституционное право Российской Федерации.Курс лекций.-М.: Волтерс-Клувер, 2010.-С.27.

саналат. Эл менен мамлекеттик бийликтин биримдигинин гаранты катары адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин кол тийбестигин камсыз кылат, Президент бийликтин бардык бутактарынын макулдашып иштешин жана мамлекеттик бийлик органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигин камсыздайт.

СССР Эл депутаттарынын 3-съезди өлкөдө 1990-жылдын март айында Президенттик бийликти белгилеген. Президенттик бийлик өлкөдө өкмөттүн ишмердигин аныктаган жана анын ишин көзөмөлдөгөн. Мыйзам чыгаруучу жана сот бийликтеринин иштерин эл чарбасын башкарууну, бюджеттик-финансылык системаны, эмгекке акы төлөө жана баалардын аныкталышын, мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөгөн. СССРде президенттик башкаруу формасынын түзүлүшү менен Казакстанда, Өзбекстанда ж.б. бир катар союздук республикаларда Президенттик башкаруу киргизилген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 1990-ж. 27-октябрындагы сессиясында альтернативдүү негизде өткөрүлгөн Президенттик шайлоо Кыргызстандын тарых барактарында алгачкы Президенттик институтту бекиткен[123].

2021-жылдын 11-апрелинде референдумда (жалпы элдик добуш берүү) кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен күчүнө кирген Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасындагы башкаруу формасы Президенттик башкаруу формасы. Президенттик республика мамлекеттик органдардын тутумунда Президенттин олуттуу ролу, анын колунда мамлекет башчысынын жана өкмөт башчысынын (Министрлер Кабинетинин) ыйгарым укуктарынын айкалышы менен мүнөздөлөт. Жалпы республикалык шайлоолордун жыйынтыгында тиешелүү добушка ээ болуу менен элдин жогорку өкүлү катары мамлекет башчысы

[123] Электронный ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205081?cl=ru-ru

мамлекеттин эгемендүүлүгүн, көз карандысыздыгын коргоо, республиканын негизги принциптерин ишке ашыруу, мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн коюлган максаттарга жетүү жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген руханий, адеп-ахлактык жана башка баалуулуктарды ишке ашыруу.

Президенттин конституциялык - укуктук макамы ар кайсы мамлекеттерде ар башкача мүнөздөлөт. Кээ бирлеринде Президент мамлекет башчысы болуп саналат жана эч кандай бийлик бутагына кирбейт (Россия, Казакстан, Италия, Венгрия), башкаларында Президент мамлекет башчысы болуу менен бирге, аткаруу бийлигин дагы башкарат (АКШ, Мексика)[124].

Президентке мүнөздүү болгон төмөнкү негизги өзгөчөлүктөрдү белгилейбиз:

- Президент шайланган кызмат адамы;
- Президент мамлекет башчысынын функцияларын аткарат;
- Президент же аткаруу бийлигинин башчысы болуп саналат, аткаруу бийлигинин чечимдерин иштеп чыгууга катышат, мыйзамдарды кабыл алууну демилгелейт, мамлекеттик бийлик тутумунда арбитр катары чыгат;
- Президент эч кимге баш ийбейт жана башка органдарга көз каранды эмес;
- Президент мыйзамдарда белгиленген чектөөлөрдү сактоого жана мыйзамдарды бузбоого милдеттүү;
- Президент өлкөнүн учурдагы саясий иштерине жогорку жетекчиликти жүзөгө ашыруу менен олуттуу саясий таасирге ээ .

Президент - республикалык же аралаш башкаруу формасы бар өлкөлөрдө белгиленген мөөнөткө шайлануучу, мыйзам боюнча ыйгарым укуктар менен чектелген (көбүнчө өлкөнүн Конституциясы менен) мамлекет башчысы.

[124] Сахаров Н.А. Институт президенства в современном мире.-М.: Юрид. Литература, 1994, -С.8.

Президенттик республикаларда президент кыйыр же түз шайлоо аркылуу парламенттен тышкары шайланат.

Мисалы, АКШда, Түркияда, Колумбияда штаттын шайлоо тутуму (кыйыр шайлоо) аркылуу президентти шайлай турган шайлоочулар коллегиясы бар. Түз шайлоого (жалпы улуттук) мисал катары Россия, Аргентина, Казакстан, Кыргызстан ж.б.

Кыргыз Республикасынын Президенти үчүн маанилүү функция болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кепилдики ролу саналат. Президенттин мамлекет башчысы катары негизги максаты – жарандардын конституциялык укуктарын коргоо, Кыргыз Республикасынын эгемендигин, анын көз карандысыздыгын жана мамлекеттин бүтүндүгүн коргоо үчүн бардык зарыл чараларды колдонуу. Президент мыйзамдуу негизде эң кеңири мажбурлоону колдонууга чейин чараларды көрүүгө укуктуу эле эмес, жөн гана милдеттүү. Кепилдиктин функциясы Президенттен парламенттин ишмердүүлүгүнө кийлигишпей, сот тутумунун натыйжалуулугуна жана башка ыйгарым укуктарды ишке ашырууга дайыма кам көрүүнү талап кылат[125].

Кыргыз Республикасынын Президенти Конституциянын гаранты болуу менен бирге мамлекеттин ички жана тышкы саясатын аныктайт. Мамлекеттик бийликтин биримдигин, мамлекеттик органдардын координациясын жана өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат.

Президент ички жана эл аралык мамилелерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгат, өлкөнүн эгемендигин жана аймактык бүтүндүгүн коргоо боюнча чараларды көрөт.

Президент эл аралык мамилелерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгып, башка мамлекеттердин башчылары менен түз байланыштарды (анын ичинде чет мамлекеттерге мамлекеттик сапарлар, чет мамлекеттердин

---

[125] Баглай М.В. Конституционное право Российской Федерации: Учебник / М.В.Баглай - М. : Юр.Норма, НИЦ ИНФРА, 2017.

башчыларын өз өлкөсүндө кабыл алуу, алар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, өз ара кызыкчылыктарды аныктоо, кызматташтыкты орнотуу, таасирдүү мамлекеттерге баруу аркылуу, эл аралык уюмдар жана алардын борборлорунда сөз сүйлөт) түзөт, башка мамлекеттердин мамлекет жана өкмөт башчылары менен ар кандай байланыш каналдары аркылуу системалуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт, эл аралык маанилүү жолугушууларга жеке өзү катышат ж.б. Президент башка өлкөлөрдүн мамлекет жана өкмөт башчылары менен принципиалдуу маселелерди жеке өзү сүйлөшөт. Президенттин уруксаты боюнча дипломатиялык сүйлөшүүлөр ал дайындаган адамдар же өкүлдөр тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн. Ал жеке өзү Кыргыз Республикасынын атынан маанилүү эл аралык келишимдерге кол коет, бул үчүн эл аралык укуктун ченемдерине ылайык, Президент эч кандай ыйгарым укук берүүчү документке муктаж эмес. Президент ошондой эле белгилүү бир адамга (көбүнчө делегациянын башчысы) келишимге кол коюуга ыйгарым укук бере алат, бирок бул үчүн бул адам мамлекет башчысынын атынан тиешелүү документке ээ болушу керек.

2021-жылдагы Конституциянын 66-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык “Президент – Кыргыз Республикасынын мамлекет башчысы, эң жогорку кызмат адамы жана аткаруу бийлигин жетектейт”[126]. Демек, Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин Президент ишке ашырат (КР Конституциясынын 89-беренесинин 1-пункту) ал Министрлер Кабинетинин түзүмүн жана курамын аныктоого укуктуу (КР Конституциясынын 70-беренеси 1-бөлүгү 1-пункту). Анын бул конституциялык укугу 2021-жылдын 11-октябрындагы № 122 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын

[126] Конституция Кыргызской Республики от 5 мая 2021 года Принята референдумом (всенародным голосованием) 11 апреля 2021 года.

конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 5-бөлүгү менен бекитилген[127]. Министрлер Кабинетинин түзүмү Министрлер Кабинетинин ишинин жүрүшүндө Президент тарабынан өз демилгеси боюнча же Министрлер Кабинетинин Төрагасынын сунушу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн. Министрлер Кабинетинин түзүмүнө министрликтер жана мамлекеттик комитеттер кирет.

Министрлер Кабинетинин курамына Министрлер Кабинетинин Төрагасы, анын орун басарлары, министрлер жана мамлекеттик комитеттердин төрагалары кирет.

Президент бийликтин аткаруу бутагынын ишине жетекчилик кылгандыктан жана Министрлер Кабинети ага баш ийгендиктен, тиешелүү түрдө Министрлер Кабинетинин Төрагасы Президенттин Администрациясынын жетекчиси болуп саналат.

Президент Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктчасына ылайык, Министрлер Кабинетинин Төрагасын, анын орун басарларын жана Министрлер Кабинетинин башка мүчөлөрүн Жогорку Кеңештин макулдугу менен дайындайт. Президенттик башкаруу формасы Конституцияда консолидацияланганына карабастан, анда, эреже катары, Президентке Министрлер Кабинетинин курамын түзүү укугу берилген, Конституция Жогорку Кеңешке Министрлер Кабинетинин курамын түзүүгө катышуу укугун берет. Конституциядагы мындай ченем мамлекеттик бийликтин үч бутакка бөлүштүрүү принцибин ишке ашырууну жана алардын макулдашылган өз ара аракеттенүүсүн ачыктайт.

**Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын кызматка дайындайт жана бошотот.** Конституциянын 93-беренесине ылайык, тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында аткаруу

---

[127] Конституционный закон Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» от 11 октября 2021 года № 122.

бийлигин жергиликтүү мамлекеттик администрация ишке ашырат. Жергиликтүү мамлекеттик администрацияны уюштуруу жана ишмердүүлүгү "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 Мыйзамы менен аныкталат[128].

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин натыйжалуу камсыз кылуу максатында Президент Президенттин Администрациясын түзөт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 7-майындагы № 134 "Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жөнүндө" Жарлыгынын негизинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын базасында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы түзүлгөн, ал Кыргыз Республикасынын Президентине түздөн-түз баш ийген, Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин, ошондой эле ыйгарым укуктарын Президент аныктоочу Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысынын жана Кыргыз Республикасынын Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ишин камсыз кылган мамлекеттик орган болуп эсептелет.

Президенттин Администрациясы Президенттин жана Министрлер Кабинетинин ишин маалыматтык-талдоочулук,

---

[128] Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2021-жылдын 20-октябры № 123 // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112302/10?cl=ky-kg&mode=tekst.

укуктук, протоколдук, уюштуруучулук, документтик жана башка жагынан камсыз кылат.

Президент Коопсуздук Кеңешин түзөт жана анын ишин жетектейт. **Коопсуздук кеңеш** Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү жүзөгө ашыруучу, конституциялык кеңеш берүүчү орган болуп саналат. Коопсуздук кеңеши Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүн, эгемендигин, көз карандысыздыгын жана аймактык бүтүндүгүн азыркы мезгилдин чакырыктарынан жана коркунучтарынан коргоого, анын узак мөөнөттүү келечекке туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталган тышкы жана ички саясат маселелери боюнча чечимдерди иштеп чыгат.

**Мамлекеттик катчыны кызматка дайындайт жана бошотот.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы № 400 Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Мамлекет катчысы жөнүндө жобо бекитилди[129].

Ушул Жобого ылайык Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Кыргыз Республикасынын Президентине түздөн-түз баш ийген Кыргыз Республикасынын кызмат адамы болуп саналат.

Мамлекеттик катчынын негизги милдеттери төмөнкүлөр:

– Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмасы боюнча этностор аралык жана конфессиялар аралык ынтымак, коомдун маданий жана руханий өнүгүүсү, билим берүү жана илим маселелери боюнча программалардын, долбоорлордун аткарылышын контролдоо;

[129] Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы жөнүндө ЖОБО Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы ПЖ № 400 Жарлыгы менен бекитилген// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/430673/10?cl=ky-kg&mode=tekst

– коомдук ырашкердикти жана саясий туруктуулукту орнотуу, коомдун бардык топторунун жана катмарларынын кызыкчылыктарын эске алуунун жана бириктирүүнүн негизинде коомду консолидациялоо жана руханий адеп-ахлактык кайра жаралуу боюнча концептуалдуу мамилелерди иштеп чыгуу;

– маданий жана руханий өнүгүү, билим берүү жана илим маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандардын жана коомдук институттардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу;

– мамлекеттик жарандык кызматчынын жана муниципалдык кызматчынын этикасынын негиздерин иштеп чыгууга катышуу жана алардын аткарылышын контролдоону камсыздоо.

**Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү кызматка дайындайт жана бошотот.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы балдарды эң маанилүү баалуулук деп жарыялап, өлкөнүн мамлекеттик-укуктук өнүгүүсүндөгү маанилүү этап болуп саналган Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу кызмат ордун бекитти.

Кыргыз Республикасынын Балдар укуктары боюнча ыйгарым укуктуу органынын негизги милдеттери болуп биздин өлкөдө жана өлкөдөн тышкары жүргөн балдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоону камсыз кылуу, механизмдерин ишке ашыруунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана талдоо, балдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын сактоо жана коргоо, балдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын бузуунун алдын алуу, аларды калыбына келтирүүгө көмөктөшүү, кароосуздуктун жана өспүрүмдөр арасындагы укук бузуулардын алдын алуу боюнча иш-чараларга катышуу, эл аралык уюмдар менен кызматташуу; балдардын укуктарынын бузулушу боюнча жарандардын кайрылууларын кароо жана башкалар.

Конституциянын 70-беренесинде бекитилгендей Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарынын катарына төмөндөгүлөрдү дагы атамакчыбыз:

- Конституцияда каралган учурларда Жогорку Кеңешке шайлоону дайындайт; Конституцияда каралган тартипте жана учурларда Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат.

- жергиликтүү кеңештерге шайлоолорду дайындайт; мыйзамда каралган тартипте жана учурларда жергиликтүү кеңештерди таркатат; жергиликтүү кеңештерге мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындайт;

- өзүнүн демилгеси же кеминде 300 миң шайлоочунун же Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн демилгеси менен референдум дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат. *Кыргыз Республикасынын референдуму* (мындан ары - референдум) - конституциялык мыйзамдын, мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актынын долбоору, ошондой эле мамлекеттик маанидеги башка маанилүү маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын (мындан ары - референдумдун катышуучуларынын) жалпы элдик добуш берүүсү[130].

- Жогорку Кеңешке мыйзам долбоорлорун киргизет.

- мыйзамдарга кол коёт жана элге жарыялайт; мыйзамдарды каршы пикири менен Жогорку Кеңешке кайтарат.

- элге, Жогорку Кеңешке, Элдик Курултайга өлкөдөгү абал жана мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттары боюнча жыл сайын кайрылуу жасайт.

- Жогорку Кеңешке жыл сайын өзүнүн ишмердүүлүгү боюнча маалымат берет;

---

[130] Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы 2016-жылдын 31-октябры № 173// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/111452.

- Жогорку Кеңештин жана Элдик Курултайдын жыйналышында чыгып сүйлөөгө укуктуу;

- Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин сунушу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке сунуштайт;

- Конституцияда жана конституциялык мыйзамда каралган учурларда Судьялар кеңешининин сунушу боюнча Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларын кызмат ордунан бошотуу үчүн Жогорку Кеңешке сунуштайт;

- Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин сунушу боюнча жергиликтүү соттордун судьяларын дайындайт;

- Конституцияда жана конституциялык мыйзамда каралган учурларда Судьялар кеңешининин сунушу боюнча жергиликтүү соттордун судьяларын бошотот.

- Судьялар кеңешининин сунушу боюнча Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын ичинен 5 жылдык мөөнөткө Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларын кызмат ордуна дайындайт; Конституцияда жана конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларын кызмат ордунан бошотот.

- Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларынын сунушу боюнча Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын арасынан 5 жылдык мөөнөткө Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларынын орун басарларын дайындайт.

- Жогорку Кеңештин макулдугу менен Башкы прокурорду дайындайт; мыйзамда каралган учурларда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмесинин макулдугу менен Башкы прокурорду кызматтан бошотот; Башкы прокурордун сунушу боюнча анын орун басарларын кызматка дайындайт жана бошотот.

- Улуттук банктын төрагасынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерди Жогорку Кеңешке киргизет; Улуттук банктын төрагасынын сунушу боюнча Улуттук банктын төрагасынын орун басарларын жана башкарма мүчөлөрүн дайындайт, мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтан бошотот.

- Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын курамынын жарымына талапкерлерди шайлоо жана кызматтан бошотуу үчүн сунуштамаларды Жогорку Кеңешке киргизет.

- Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин кызмат ордуна шайлоо жана кызматтан бошотуу үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке киргизет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча Президент Конституцияда жана мыйзамдарда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыра алуусу тууралуу укуктар дагы каралган.

## 9.2. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун тартиби жана ыйгарым укуктарынын токтотулушунун негиздери

Кыргызстан башкаруу формасы боюнча республика болгондуктан, мамлекет башчысы – Президент шайлануучу адам болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун шайланат. Президенттин кызматы шайланган адам катары республиканын эгемендүүлүккө ээ болушу менен дээрлик бир мезгилде орнотулган. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 1991-жылдын 31-августундагы № 567-XII Указы менен «Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө кирген. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону жөнгө салган ушул Мыйзамдын 1-беренеси “Кыргыз

Республикасынын Президентин Кыргыз Республикасынын жарандары шайлайт" деп белгиленген[131].

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары» 2011-жылдын 2-июлунда № 68 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык мыйзамды кабыл алды. Бул конституциялык мыйзам кабыл алынганга чейин Президентти шайлоо боюнча укуктук актылар бир нече жолу өзгөрүлүп, ар кандай ченемдик –укуктук актылар менен жөнгө салынып келген. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан 1999-жылдын 29-майында № 40 "Кыргыз Республикасындагы Шайлоо кодекси" кабыл алынып колдонууга киргизилген «Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүн жоготкон.

2011-жылдын 2-июлундагы кабыл алынган колдонуудагы "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Бул шайлоолор республиканын жарандарынын шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашыруусуна негизделет. Эч ким жарандарды шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоо, ошондой эле өз эркин билдирүү максатында аларга таасир этүүгө укугу жок[132].

---

[131]Закон Республики Кыргызстан «О выборах Президента Республики Кыргызстан». Постановление Верховного Совета Республики Кыргызстан от 31 августа 1991 года № 567-XII.

[132] Конституционный закон Кыргызской Республики «О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики» от 2 июля 2011 года N 68.

Конституциялык Мыйзамдын 48-беренесине ылайык, «Кезектеги Президенттик шайлоо ал шайланган Президенттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаган жылдын октябрынын үчүнчү жекшембисинде өткөрүлөт жана Жогорку Кеңеш тарабынан белгиленген мөөнөттөн кечиктирбестен шайлоо күнүнө 4 ай калганда дайындалат.

Президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо Конституцияда каралган учурларда Президенттин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып бир жумадан кечиктирбестен Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалат жана ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып 3 айдын ичинде өткөрүлүүгө тийиш. Ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү бул учурда төрттөн бирине кыскартылат.

Эгерде Жогорку Кеңеш Конституциялык мыйзамдын 48-беренесинин 1 жана 2-бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн мөөнөттө Президентти шайлоону же мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындабаса, Президентти шайлоо же мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалды деп эсептелет. Мындай учурларда шайлоо дайындалган күн шайлоону дайындоо мөөнөтү аяктаган күндөн кийинки күн болуп саналат.

Борбордук шайлоо комиссиясы конституциялык Мыйзамдын 48-беренесинин 4-бөлүмүндөгү көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыкканда, шайлоону өткөрүү күнү дайындалган болуп эсептелгенден тартып 2 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына Президентти шайлоону же мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүүнүн күнүн расмий жарыялайт жана конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттө шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат.

Конституциянын 68-беренесинде Президентке тиешелүү болгон талаптар дагы каралган. Ал тараптардын катарында шайлоого коюлуучу цензder. Дүйнөлүк Конституциялык практикада президенттик кызматка талапкерлерге шайлоо цензтеринин жашы; жарандык;

мүлктүк; билими; жашоо талабы; гендердик; расалык; кызматтык; тил билүүсү ж.б түрлөрү колдонулат.

Мүлктүк, расалык, гендердик квалификациялар дайыма басмырлоочу жана шайлоо укугунун азыркы демократиялык принциптерине туура келбейт. Шайлоо цензеринин башкалары өз алдынча басмырлоочу болуп эсептелбейт, бирок дискриминациялык максаттарда колдонулушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Президентине карата конституциялык талаптар анчалык деле көп эмес, бирок бул мамлекет башчысын шайлоого демократиялык мамиленин белгиси, алар Президент шайлана турган адамдардын чөйрөсүн кеңейтүүгө салым кошот.

Конституцияда Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерге төмөнкүдөй талаптар белгиленген:

1. *Жарандык ценз.* Конституцияда Кыргыз Республикасынын Президенти болуп башка мамлекеттин жарандыгы жок Кыргыз Республикасынын жараны гана шайлана ала тургандыгы белгиленген.

*2. Жашоо талабы (ценз оседлост)* (белгилүү бир мезгил ичинде өлкөдөгү жалпы жашоо талабы).

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны Президент болуп шайлана алат.

*3. Жаш курагынын чеги* (президенттикке талапкерлер үчүн Конституцияда бекитилген төмөнкү жана жогорку курак чеги).

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президенти болуп 35 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат.

*4. Мамлекеттик тилди билүү* – сабаттуу окуу жана жазуу, өз оюн оңой, кыйынчылыксыз айтуу, мамлекеттик тилде эл алдында сүйлөй билүү. Бул талап "Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили" деп Кыргыз

Республикасынын Конституциясынын 13 – беренесине негизделген. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамдын 51-беренесине ылайык Президенттин кызмат ордуна талапкер Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген, мамлекеттик тилди билүүнүн деңгээлин аныктоо тутумунун талаптарына ылайык "Ортодон жогору" деңгээл катары мүнөздөлүүчү, карым-катыштын бардык чөйрөлөрүндө кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн коммуникативдик компетенциянын деңгээлинде мамлекеттик тилди билүүгө тийиш.

*5. Мыйзамда белгиленген талаптарга жооп берген, улуттук өнүктүрүү программасын сунуштаган жана шайлоочулардын 30 миңден кем эмес кол тамгасын чогулткан ар бир адам Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер болуп каттала алат.*

Президенттикке талапкер шайлоочулардын 30 000ден кем эмес колтамгасы менен колдоого алынууга тийиш.

Президенттикке талапкердин кол коюу баракчалары тигил же бул талапкердин көз карашын, программасын колдогон жана белгилүү бир электораттын бар экендигин күбөлөндүрөт.

Кандай гана мамлекет болбосун президенттик шайлоо маанилүү саясий жана укуктук окуя. Анын алдында мамлекеттик органдардын, саясий партиялардын, жарандардын, массалык маалымат каражаттарынын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин эбегейсиз даярдык иштери жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, аймактык жана участкалык шайлоо комиссиялары камсыз кылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана Президентти шайлоонун натыйжаларын аныктоо участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде жүргүзүлөт. Участкалык шайлоо комиссияларынын

протоколдорунун негизинде аймактык шайлоо комиссиялары өз жыйналыштарында өз аймактарындагы шайлоонун жыйынтыктарын чыгарат жана документтерди токтоосуз Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо күнүнөн кийин 20 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен Президентти шайлоонун натыйжаларын аныктайт. Эгерде добуш берүүнүн жыйынтыктарына конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте даттанылган учурда, шайлоонун натыйжаларын аныктоо алар сот тарабынан биротоло каралганга чейин токтотулуп турат.

Кыргыз Республикасынын Президенти 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Ал экинчи беш жылдык мөөнөткө шайлана алат, бирок бир эле адам катары менен экиден ашык мөөнөткө шайланышына жол берилбейт.

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо абсолюттук көпчүлүктүн мажоритардык системасы боюнча өткөрүлөт, шайлоого катышкан бардык шайлоочулардын жарымынан көбүнүн добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет[133]. Эгерде талапкерлердин бири да абсолюттук көпчүлүктү жеңе албаса, б.а. шайлоого катышкан бардык шайлоочулардын жарымынан көбүнүн добушун алган эмес болсо, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын кыйла көп добушун алган эки талапкер боюнча кайра добуш берүүнү дайындайт. Кайра добуш берүүдө добуштардын көбүрөөк санын алган талапкер шайланды деп эсептелет.

Мамлекеттердин басымдуу көпчүлүгүндө мамлекет башчысы катары кызматка киришүүнүн эң маанилүү жана милдеттүү элементи болуп Президенттин ант берүүсү саналат, ал президенттик бийликтин легитимдүүлүгүн ырастайт.

---

[133] Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы 2011-жылдын 2-июлу № 68 49-берене // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203244?cl=ky-kg.

**Президентин ыйгарым укуктарынын токтотулушунун негиздери**.

Эл аралык практикада президенттин ыйгарым укуктарын токтотуу учурлары 4 топко бөлүнөт:

1) мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү, бийликти мураскерге өткөрүп берүү жана кепилдиктерди сактоо максатында президенттин демилгеси боюнча кызматтан кетүү;

2) саясий кризистин, чыр-чатактын же төңкөрүштүн кырдаалында кызматтан конституциялык түрдө четтетүү коркунучу астында отставкага кеткенде;

3) президент каза болгондо;

4) ээлеген кызматынан бошотуу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 72-беренесинин 1-бөлүгүндө Президенттин ыйгарым укуктары төмөнкүдөй учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн:

1) анын арызы боюнча отставкага кеткенде;

2) Конституцияда каралган тартипте кызматынан четтетүү;

3) оорусуна байланыштуу ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу мүмкүн болбосо;

4) ал каза болгон учурда.

Кыргыз Республикасынын Президенти Конституциянын 73-беренесинде каралган учурларда кызматынан бошотулушу мүмкүн:

- Конституцияны жана мыйзамдарды бузгандыгы үчүн;
- Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына, сот бийлигинин органдарынын ишине мыйзамсыз кийлигишкендиги үчүн.

Президентти кызматтан четтетүү үчүн ага каршы айып коюу жөнүндө Жогорку Кеңештин чечими депутаттардын жалпы санынын жарымынан кем эмесинин демилгеси боюнча Жогорку Кеңеш тарабынан түзүлгөн атайын комиссиянын корутундусу болгондо Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добушу

менен кабыл алынышы керек, ал Башкы прокуратурага жана Конституциялык сотко жиберилет.

Президенттин аракеттеринде кылмыштын белгилери болгону жөнүндө Башкы прокурордун корутундусу менен ырасталган Жогорку Кеңеш тарабынан коюлган айыптоонун жана айып коюунун белгиленген тартиби сакталгандыгы жөнүндө Конституциялык соттун корутундусунун негизинде Президент кызматтан четтетилиши мүмкүн.

Президентти кызматтан четтетүү жөнүндө Жогорку Кеңештин чечими Президентке каршы айып коюлгандан кийин үч айлык мөөнөттөн кечиктирилбестен, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынышы керек. Эгерде бул мөөнөттө Жогорку Кеңештин чечими кабыл алынбаса, коюлган айып четке кагылды деп эсептелет.

Кызматтан четтетүү алыскы жана жакынкы өлкөлөрдө ар кандай тартипте ишке ашырылат. Алсак, АКШда импичмент парламент тарабынан жарыяланат. Өкүлдөр палатасы бир катар процедуралардан өтүшү керек: биринчиден, дооматтарды Өкүлдөр палатасынын Соттук комитетинде кароо үчүн добуш берүү; экинчиден, эгерде Комитет импичмент үчүн негиз бар экендигин аныктаса, айыптоо корутундусу жазуу жүзүндө берилет. Андан кийин Комитет аны бекитет жана көпчүлүк добуш менен Өкүлдөр палатасынын добушуна коет.

Ошондой эле импичментти Сенатта (Жогорку палата) бекитүү зарыл. Ал жерде (чынында Сот) угуулар уюштурулат.

АКШнын Сенатында айыптоо стандарттык европалык процесстегидей прокуратура тарабынан эмес, Өкүлдөр палатасы тарабынан колдоого алынат. Сенаторлор, чындыгында, сот арачылары болуп калышат. Алар чечим (өкүм) чыгарышат, мында импичментти бекитүү үчүн 3/2нин добушу керек.

АКШ Конституциясынын 4-бөлүмүнүн 2-беренесине ылайык, президент, вице-президент жана АКШнын бардык жарандык чиновниктери мамлекетке чыккынчылык, паракорлук же башка оор кылмыштар жана укук бузуулар үчүн импичмент аркылуу кызматтан алынышы мүмкүн.

Президенттин ыйгарым укуктарынын токтотулушунун кийинки себеби анын ооруп калгандыгына байланыштуу. Эгерде ооруп калгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президенти өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга мүмкүн болбосо, Жогорку Кеңеш ал тарабынан мамлекеттик медициналык комиссияга берген корутундунун негизинде кызматтан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим кабыл алат. Бул үчүн депутаттардын жалпы санынын кеминде 3/2 добушу керек. Ошол эле учурда комиссия ооруп калгандыгына байланыштуу өз милдеттерин так аткара албагандыгын белгилемекчи.

Президенттин ыйгарым укуктарын токтотууга анын өлүмү негиз болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясында анын ыйгарым укуктары Президент тарабынан мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин Төрагасы жүзөгө ашырат (74-ст. 1-ст.); эгерде ал Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга мүмкүн болбосо, Президенттин ыйгарым укуктарын Министрлер Кабинетинин Төрагасы жүзөгө ашырат.

## 9.3. Кыргыз Республикасынын Президентинин актылары: түшүнүгү жана түрлөрү

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесинде бекитилгендей Президент Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында аткарылышы милдеттүү болгон жарлыктарды жана тескемелерди кабыл алуу аркылуу өз ыйгарым укуктарын ишке ашырат.

**“Жарлык”** деген термин мамлекет башчынын жазуу жүзүндөгү буйругу, буйруктары дегенди билдирет.

Мыйзам алдындагы актылардын жана Президенттин буйруктарынын иерархиясында жарлыктар маанилүү орунду ээлейт, мамлекеттик органдардын арасында тиешелүү ченемдик актылардын иерархиясы бар.

“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Конституциялык Мыйзамда: “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети мамлекеттик аткаруу бийлигинин жогорку органы болуп саналат” деп белгиленген, анда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясынын 66-беренесине ылайык, Президент мамлекет башчысы, Кыргыз Республикасынын эң жогорку кызмат адамы жана аткаруу бийлигин жетектейт. Президент жогорудагы ыйгарым укуктарына ылайык жарлыктарды жана тескемелерди чыгарат. Жарлыктар мыйзам алдындагы актылар болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин **Жарлыгы** - Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан өз компетенциясынын чегинде кабыл алынган чечим. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары жана тескемелери милдеттүү түрдө Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында аткарылат. Алар Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана башка мыйзамдарга каршы келбеши керек.

Жарлыктар жана тескемелер ченемдик жана ченемдик эмес болушу мүмкүн.

Жарлыктар Кыргыз Республикасынын Конституциясынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынан кийинки эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана ченемдик укуктук мүнөзгө ээ. Тескемелер, эгерде мыйзамда башкача каралбаса, ченемдик эмес мүнөздөгү акт катары аларга кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

Президенттин жарлыктары расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында күчүнө кирет жана

жарандар, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, аткаруу бийлигинин башка органдары, башка мамлекеттик органдар, уюмдар жана мекемелер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары жана тиешелүүлүгүнө жараша милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Германиянын, Франциянын мамлекеттеринин жана Россия Федерациясынын Президенттеринен айырмаланып, Кыргыз Республикасынын Президентинин макамы кандай?
2. Президенттин парламент менен мамилеси кандай?
3. Президент кандай актыларды кабыл алат жана алар кандай юридикалык күчкө ээ?
4. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызматтан кетүүсүнүн негизин белгилеңиз?
5. Парламент кандай учурларда Кыргыз Республикасынын Президентине импичмент жарыялай алат?

**1 – кейс – тапшырма:**

Баткен облусунун аймагында жүргүзүлгөн контртеррордук операциянын жүрүшүндө КР Президенти КР Куралдуу Күчтөрүн колдонуу буйругун берген. Президенттин жарлыгы мыйзамсыз чыккандыктан ошол учурда аскердик кызматты өтөп жүрүп, оор жаракат алып, анын кесепетинен майып болуп калган жоокерлердин бири, эмгекке жарамдуулугун жоготкондугу үчүн компенсация катары материалдык компенсация талап кылган. Анын пикири боюнча Куралдуу Күчтөрдү колдонуу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендигин жана анын аймактык бүтүндүгүн коргоо үчүн аскердик абал жарыяланганда гана мүмкүн. Бул учурда согуштук абал жарыяланган эмес.

*Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн жетектөө жана аларды ички чыр-чатактарда пайдалануу боюнча Президенттин ыйгарым укуктары кандай?*

*Мындай чечимдер кандай кабыл алынышы керек?*

**2 – кейс – тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын атынан Тышкы иштер министри Ооганстан менен терроризмге каршы биргелешип күрөшүү боюнча эл аралык келишим түздү. АКШ жооп катары Кыргыз Республикасын террордук уюмдарды колдогон өлкөлөр менен кызматташып жатат деп айыптады. Америкалык дипломатиянын таасирине моюн сунуп, Кыргызстандын тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктоо боюнча өзүнүн конституциялык ыйгарым укуктарына таянган Кыргыз Республикасынын Президенти Ооганстан менен келишим түзүүнү мыйзамсыз деп таанып, анын токтотулгандыгын жарыялады. Ооганстан өз кезегинде түшүндүрмө берүүнү талап кылды, анткени келишим түзүлгөндө Тышкы иштер министрин уруксатсыз адам катары кароого негиз жок болчу.

*Тышкы жана ички саясаттын багыттарын аныктоодо президенттин кандай ыйгарым укуктары бар?*

*Президенттин Тышкы иштер министринин аракетин мыйзамсыз деп таанууга укугу барбы?*

*Бул иштин чечилиши үчүн Конституцияда Кыргыз Республикасынын Президентинин өлкө ичинде жана анын чегинен тышкары Кыргыз Республикасынын атынан чыгат деп белгилеген ченемдин маанисин кандай түшүнөсүз?*

**3 – кейс – тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын кызмат ордуна сунушталган талапкер Асанов К.М. Жогорку Кеңеш тарабынан 3 жолу четке кагылгандан кийин Президент Жогорку Кеңешти таратпай, парламенттик фракция лидерлери менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, жыйынтыгында жаңы талапкерди сунуштады. Ал Жогорку Кеңеш тарабынан колдоого алынып жактырылды.

*Кыргыз Республикасынын Президенти бир эле талапкерди Жогорку Кеңештин бекитүүсүнө үч жолу сунуштоого укугу барбы?*

*Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын кызмат ордуна төртүнчү талапкерди бекитүүгө укуктуубу же таркатууну талап кылышы керекпи?*

*Өз позицияңызды колдоо үчүн колдонуудагы мыйзам актыларына шилтеме кылуу менен юридикалык аргументтерди бериңиз.*

**4 – кейс – тапшырма:**

Эки мамлекеттик кызматкер талашып жатат, биринчиси «Мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызмат тутумунда негизги орунду КР Президенти ээлейт» деп билдирүүдө, экинчиси анын айтканына карама-каршы пикирин билдирүү менен «КР Президенти мамлекеттик кызмат тутумуна кирбейт» деп жооп берүүдө.

*Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызмат тутумундагы ролу кандай?*

*Эки мамлекеттик кызматкердин билдирүүсү боюнча сиздин ой-пикириңиз?*

# 10-глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши

## 10.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине конституциялык – укуктук мүнөздөмө

Жогорку Кеңеш - Кыргыз Республикасынын парламенти - мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук функцияларын жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүктүү орган.

"Парламент" сөзүнүн этимологиясы ар кандай, бирок мааниси боюнча жакын түшүндүрмөлөрдү берет. Бир көз караш боюнча, «парламент» термини эки латын тилинин айкалышынын натыйжасында пайда болгон көптүк түрдөгү сөздөр: "париум" ("тең") жана "lamentum" ("даттануулар", "кайгылар"). Ошентип, тең укуктуу адамдардын наразычылыктарын айтууга мүмкүнчүлүгү бар жерди билдирет. башка көз караашта, "парламент" деген термин пайда болот французча "parler" ("сүйлөө") жана "ment" сөздөрүнөн («пикир»), бул «бир пикирди билдирүү же берүү үчүн чогулган адамдардын "чогулушу" же "кеңеш"дегенди билдирет[134]. Юриспруденцияда бул термин мамлекеттик бийликтин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруучу (мыйзам чыгаруучу) органы.

Азыркы мезгилде өлкөлөрдүн басымдуу көпчүлүгүндө парламент мамлекеттин эң маанилүү институту катары каралат. Мунун ар кандай аттары болушу мүмкүн (элдик, мамлекеттик ассамблея, конгресс, мажлис жана башкалар же парламенттин өзү), бирок ал салттуу түрдө өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу жана контролдоо функцияларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик бийликтин органы катары

---

[134] Сопельцева Н.С. Иммунитеты в конституционном праве РФ. — Челябинск, 2004.

түшүндүрүлөт. Парламенттин өзгөчөлүгү жана өзгөчө макамы анын мыйзам чыгаруучу жана өкүлчүлүктүү бийлик органы катары кош укуктук табияты менен алдын ала аныкталган. Парламенттин дал ушул сапаттары анын учурдагы укуктук жөнгө салуу негизинде макамын аныктайт.

Кыргыз парламентинин өзүнчө саясий институт катары пайда болушу 80 жылдарга таандык. Бул тарыхый мезгилдин ичинде улуттук парламентаризмдин өнүгүүгө кошкон салымын парламенттин ар бир чакырылышы киргизген. Ар бир жаңы курам мыйзам чыгарууну өнүктүрүүнүн жаңы этабы болуп саналат. Ар бир этап менен мыйзамдарды өркүндөтүү процесси уланат. Дээрлик сексен жыл аралыгында топтолгон тажрыйба, азыркы эл өкүлдөрүнүн ишин курууга олуттуу негиз болуп калды.

Өнүгүүнүн эгемен мезгилинде Кыргыз парламентинин жетинчи жолку чакырылышы болуп турат. Алардын ар биринин ишмердүүлүгү коомдо өз ордун табып, ар бир мезгилдин агымына жараша оң бааланып келүүдө. Ошол эле учурда парламент объективдүү дагы жана субъективдүү дагы критикага кабыл болбой койгон жок.

Тарыхта парламенттин ыйгарым укуктарына биринчи кезекте мыйзамдарды кабыл алуу, бюджетти бекитүү, өкмөттү суроо-талап түрүндө көзөмөлдөө, анын ишмердүүлүгүн талкуулоо, отчетун угуу маселелери кирет.

Кыргызстанда эгемендиктин алгачкы жылдарында мыйзам чыгаруу бийлиги беш жылда бир шайлануучу, 350 депутаттан турган Жогорку Кеңешке таандык болгон. Ушул Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин 12-чи чакырылышы «легендарлуу парламент» аталып Эгемен Кыргызстандын расмий түрдө туңгуч Жогорку Кеңеши болуп эсептелген. Бул орган 1990-жылы февралда шайлангандыктан мөөнөтү бүткүчө иш жүргүзмөк. Бирок, 1993-жылдын 5-майында Конституцияны кабыл алгандан кийин бийликтин башкы эшелонунда саясий оюндар күч алып, мамлекеттик бийликтин бутактарында кризистик абалдар түзүлгөн.

Кризис өзгөчө мыйзам чыгаруучу бийликте курчуган. 1994-ж. сентябрда парламент экиге бөлүнгөн. Анткени депутаттык корпустун көпчүлүгүн аткаруу жана сот бийлигинин тармактарында иштегендер түзгөн. Алар өздөрүнүн депутаттык кол тийбестик укугун жоготуудан чочулашып жаңы Конституциянын негизинде 1993-ж. бийликтин бардык бутактарына шайлоо жүргүзүүгө каршы болушкан. Ошол эле депутаттар 1994-ж. 13-сентябрында өздөрүнөн депутаттык укуктарын өткөрбөй туруп Жогорку Кеңештин ишине катышуудан баш тартышкан. Ушул аркылуу алар парламенттин ишин ичинен токтотууга аракет жасашкан. Натыйжада Кыргызстан парламентсиз калган. Бул учурда коом мыйзамсыздыктан тажап, саясий жана экономикалык реформалар жаңы закондорго өзгөчө муктаж болуп турган. Ошол кезде өкмөт да юридикалык жактан отставкада болуп, формалдуу гана иштеп жаткан. Сот бийлиги реформалана элек болчу. Бардык бийликти Президент өзү жүргүзө баштаган. Мына ушундай кырдаалда Президент Аскар Акаев республикада саясий туруктуулукту камсыз кылуу, Борбордук шайлоо комиссиясын түзүү жана кош палаталуу парламент түзүү боюнча референдум өткөрүү жөнүндө Указ чыгарган. 1994-ж. 22-октябрында өткөн референдумда эл эки палаталуу парламентти түзүүгө макулдугун берген. 1995-ж. февралда эки палаталуу Жогорку Кеңешке шайлоолор болуп өткөн. 28-мартта Жогорку Кеңештин эки палатасынын: Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Эл өкүлдөр жыйынынын биринчи сессиясы иштей баштаган. Мамлекеттик бийликтин кризиси, мурдагы парламенттин тарап, жаңы эки палаталуу Жогорку Кенештин түзүлүшү Кыргызстандын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү талап кылган. Ушуга байланыштуу 1996-ж. 10-февралда Республикада референдум өткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бул боюнча Кыргыз Республикасы башкаруунун парламенттик формасынан

президенттик башкарууга өткөн. Президентке кенири укуктар берилген. Ал боюнча Президент Өкмөттүн түзүмүн аныктап, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен Республиканын Премьер-министрин дайындаган, ал эми Премьер-Министрдин сунушу боюнча өкмөттүн мүчөлөрүн, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен Кыргызстандын Башкы Прокурорун, Республиканын Улуттук Банкынын Башкармасынын төрагасын ж. б. дайындаган. Жогорку Кеңеш эки палатадан: туруктуу иштөөчү 35 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жана сессиялык жол менен иштөөчү 70 депутаттан турган Эл өкүлдөр жыйыны. Эки палатанын депутаттары тең 5 жылга шайланышкан. 1995-жылдан 2000-жылга чейин депутаттар Жогорку Кеңешке мажоритардык тутум аркылуу шайланган. Ал парламент эки палатадан турган — Мыйзам чыгаруу жыйыны жана Эл өкүлдөр жыйыны.

2000 —2005-жылдар аралыгында Кыргызстанда экинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңеш өз ишин жүзөгө ашырган. Анын курамын 105 депутат түзгөн. 1998-жылдагы үчүнчү конституциялык реформанын жүрүшүндө шайлоо тутумуна өзгөртүүлөр киргизилген жана кыргыз парламентинин палаталарынын сандык курамы кайрадан каралган. Эми Мыйзам чыгаруу жыйыны 60 депутаттан туруп, алардын 15и партиялык тизме боюнча шайланган. Эл өкүлдөр жыйыны 45 депутаттан турган[135].

2005-ж. февраль айында Кыргыз Республикасынын бир палаталуу Жогорку Кеңешине шайлоолор болуп өткөн. Бул шайлоолордун жүрүшү саясий кырдаалдын курчушуна алып келген. Мамлекеттик бийликтин жаңыланышы болгон. 2005-жылдын 10-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти К. С. Бакиев шайланат 2005-ж. 6-октябрында «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча Президенттин Указы

---

[135] Электрондук ресурс //https://ky.wikipedia.org/wiki/.

чыккан жана Конституциялык кеңешменин курамы түзүлгөн. 2007-жылдын сентябрь айында Конституциянын жаңы долбоору жалпы элдик талкууга коюлган. 2007-жылдын 21октябрында өткөн жалпы элдик референдум Кыргыз Республикасынын Конституциянын жаңы долбоорун жактырган.

2007-жылдын 22-октябрь күнү Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен бийлик бутактары ортосунда өз ара кызматташуу жана аракеттенүү болбогондуктан деген негизде 2005-жылы шайланган өлкөнүн парламенти, үчүнчү чакырылыштагы Жогорку Кеңеш мөөнөтүнөн мурда таркатылган жана анын ордуна 2007-жылы 16-декабрда өткөн шайлоодо партиялык тизменин негизинде курамы 90 депутаттан турган жаңы Парламент шайланган. Парламенттеги 90 орундун 71ин «Ак жол» партиясы, 11ин Социал-демократиялык партия, ал эми 8 орунду Кыргызстан коммунисттик партиясы ээлеген.

2007-2010-жылдар аралыгында иштеген Жогорку Кеңештин төртүнчү, кезексиз чакырылышы пропорционалдык шайлоо тутумунун негизинде шайланган.

Ошентип, 2010-жылдагы окуяга чейинки Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жетишкендиктер да, кемчиликтер да болгон татаал жолду басып өткөн.

Парламенттин бешинчи чакырылышы 2010-жылдагы апрель окуясынан кийин шайланган. 2010-2015-жылдар аралыгында иштеген Жогорку Кеңештин чакырылышына 120 депутат кирген. Алар пропорционалдык системанын негизинде шайланган.

Президент парламентти тарата албады, бирок Жогорку Кеңеш аны кызматтан кетирүү укугуна ээ болгон. Өкмөт парламенттин алдында жооп берген. Жогорку Кеңеш Өкмөттү отставкага кетирүү мезгилинде Президент бир гана жолу куткарып алуу укугуна ээ болгон.

2015-жылы Жогорку Кеңешке алтынчы чакырылыштын кезектеги шайлоосу өткөрүлүп, депутаттар пропорционалдык тутум менен шайланып келишкен. Бул

жолку чакырылыштагы депутаттар 2010-жылдагы Конституциянын негизинде шайланышкан. Депутаттардын жалпы санын 120 депутат түзгөн.

2020-жылдын 4-октябрындагы болуп өткөн парламенттик шайлоо кайрадан Кыргыз Республикасындагы мыйзам чыгаруу бийлигине карата болгон өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Шайлоонун жыйынтыгы боюнча элде нааразычылык пайда болуп, анын жыйынтыгында өлкөдө бийлик алмашуу болуп өткөн. 2020-жылдын 4-октябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоо участкаларындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылган (КР БШКнын 2020-жылдын 6-октябрындагы № 249 токтому). Ошондой эле мамлекеттик башкарууну өзгөрткөн Баш мыйзам реформасы жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн конституциялык реформанын алкагында 2021-жылы 11-апрелде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы кабыл алынды. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 76-беренесине ылайык Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын парламенти мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук функцияларын жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүктүү орган болуп саналат. Жогорку Кеңеш 90 депутаттан турат жана 5 жылдык мөөнөткө шайланат.

Ушул конституциялык ченемди ишке ашыруу максатында 2021-жылы 28-майда Ведомстволор аралык жумушчу топтун чечими менен шайлоо тутумдарынын эки модели (бирдиктүү шайлоо округу боюнча ачык тизмелер менен пропорциялык тутум жана аралаш шайлоо тутуму) боюнча мыйзам долбоорлору тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин кароосуна киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан жабык партиялык тизмелер менен аралаш (туташ) шайлоо

тутумун караган “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилген.

Жогорку Кеңеште талкуулоонун жүрүшүндө мыйзам долбооруна преференциялык добуш берүү менен аралаш (туташ) шайлоо тутумун караган өзгөртүүлөр белгиленген.

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы Жогорку Кеңеш тарабынан 2021-жылы 28-июлда кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 26-августта кол коюлган (КРдин 2021-жылдын 26-августундагы № 103 Мыйзамы) жана расмий жарыяланган күндөн тартып б.а. 2021-жылы 27-августта (“Эркин Тоо” газетасынын 2021-жылдын 27-августундагы № 91 жарыяланды) күчүнө кирди.

Кабыл алынган мыйзамда Жогорку Кеңештин 90 депутатын шайлоо үчүн жаңы шайлоо тутуму – аралаш (туташ) тутум киргизилген:

54 депутат пропорциялык тутум боюнча бирдиктүү шайлоо округунда шайланат;

36 депутат мажоритардык тутум боюнча бир мандаттуу шайлоо округдарында шайланат.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

пропорциялык тутум боюнча – саясий партияларга;

мажоритардык тутум боюнча – саясий партияларга жана өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

“Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө” Кыргыз

Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-августундагы № 370 ПЖ Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо дайындалган.

Бул жолу парламенттин 36 депутаты бир мандаттуу округдан шайланса, 54 депутаты партиялык тизме менен шайланды. Мурдагыдай партияга эле добуш берип коюу болбостон, электорат партиянын ичиндеги талапкерлердин өзүнө жакканына добуш берүү мүмкүчүлүгү түзүлгөн. Ошентип, жетинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңеш пропорционалдык тутум боюнча "Ата-Журт Кыргызстан», «Ишеним», «Ынтымак», «Альянс», «Бүтүн Кыргызстан», «Ыйман нуру» саясий партиялардан турат.

Конституциялык укук илиминде парламенттин функцияларын ар кандай кылып айтып жүргөндүгү белгилүү. Ю.А. Тихомиров парламенттин беш функциясын белгилейт: мыйзам чыгаруучу, өкүлчүлүк, конституциялык, ички уюштуруучулук, контролдук[136]. И.А. Макаров үч функцияны бөлүп көрсөтөт: мыйзам чыгаруучу, өкүлчүлүлүк, контролдук[137]. Ал эми колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына таяна турган болсок, анда Жогорку Кеңеш үч негизги функцияны аткарат: мыйзам чыгаруу, өкүлчүлүктүү жана контролдук. Үч функция Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 76-беренесинен келип чыгмакчы.

Парламенттин ишмердүүлүгүнүн эң негизгиси мыйзам чыгаруу бийлигин ишке ашыруу. Башкача айтканда, Жогорку Кеңешке мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгү – мыйзамдарды кабыл алуу, Конституцияга өзгөртүүлөрдү

---

[136] Тихомиров Ю.А. Теория компетенции. М.: Юримформцентр, 2001. 355 с.

[137] Макаров И.А. Процедуры реализации принципа законности в деятельности законодательных (представительных) и высших исполнительных органов государственной власти субъектов Российской Федерации // Юридический мир. 2008. №11. С. 65-69.

жана толуктоолорду киргизүү жана башка функциялар жүктөлгөн.

Мыйзам чыгаруу бийлиги – мамлекеттик бийлик бутактарынын бири, анын негизги функциясы мамлекеттин мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

Д.Локк белгилегендей, «мыйзам чыгаруу бийлиги сөзсүз түрдө жогорку болууга тийиш, калган бийлик, алардын кайсы бир мүчөлөрү же коомдун бөлүктөрү андан келип чыгат жана ага баш ийет»[138].

Бирок, мыйзам чыгаруу органынын үстөмдүгү бийликти толугу менен ээлеп алуусун билдирбейт жана билдирүүгө мүмкүн эмес, себеби мамлекеттик бийликтин ээси бир гана эл. Ал өзүнүн ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн белгилүү бир шарттарда жана белгилүү бир мөөнөткө өзүнүн өкүлдөрүнө өткөрүп берет.

Мыйзам чыгаруу - КР ЖК депутаттарынын негизги ыйгарым укуктарынын бири жана уюштуруучулук жол-жоболордун татаал тутуму, анын натыйжасы мыйзамды түзүү болуп саналат.

Демократиясы калыптанып калган өлкөлөрдө да кесипкөй юристтер парламенттин бир катар ишин сынга алышкан. Аларга, мисалы, төмөнкүлөр кирет: тар социалдык топтордо кызыкчылыктар үчүн парламентте лоббирлөө; парламенттин процедураларынын жайлыгы; депутаттардын кесипкөйлүгүнүн жоктугу; аткаруу бийлик органдарынын мыйзам долбоорлорунун негизги массасын иштеп чыгуудагы фактысы; жеке карьера куруу максаттарында парламенттин ыйгарым укуктарын пайдалануу ж.б.

Бирок, бардык кемчиликтерине карабай, парламент ошентсе да чоң мааниге ээ, анткени ал бийлик институттарынын тутумунда талкуунун болушун алдын ала аныктайт жана башкаруучу элитадагы саясий чечимдерин

---

[138] Локк Д. Избранные произведения. М., 1962. Т. 2. - С. 86.

кабыл алынуусунда оппозициянын кандайдыр бир таасири бар.

Мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу органы катары парламенттин табияты эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана коомдук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдарды кабыл алуу, өзгөртүү жана жокко чыгаруу аркылуу ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

Мыйзам чыгаруучу орган катары парламент үч касиетке ээ:

Биринчиден, бул өзгөчө тартипте маанилүү коомдук мамилелерди жөнгө салуучу жана эң жогорку юридикалык күчкө ээ ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу;

Экинчиден, феодализм доорундагы монархтын алдындагы кеңеш берүүчү органдардан же Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган Элдик Курултайдан айырмаланып мамлекеттик бийликти ишке ашыруу ыйгарым укуктарынын болушу. Ошол эле учурда ченемдик – укуктук актыларга аткаруу бийлигине карата парламенттин контролдук ыйгарым укуктарын кеңейтилиши менен дагы аныкталат;

Үчүнчүдөн, азыркы парламент туруктуу иштеген депутаттардан турган орган.

Мыйзам - Жогорку Кеңеш тарабынан белгиленген тартипте кабыл алынган жана тиешелүү чөйрөдөгү эң маанилүү коомдук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук акт[139]. Мыйзамды кабыл алуу процедурасы татаал жана көп убакытты талап кылган процесс. Кээ бир изилдөөчүлөр үч этапты бөлөт: ченемдик актынын долбоорун даярдоо (алдын ала этап), ченемдик актыны талкуулоо жана кабыл алуу (негизги этап) жана ченемдик актыны колдонууга киргизүү (чечүүчү этап)[140]. Кыргыз

---

[139] Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫН караңыз.

[140] Уголовное право Российской Федерации. Общая часть / Под ред. А. С. Михлина. М., 2004. С. 34.

Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламентине ылайык мыйзам долбоорлору үч окууда каралат жана кабыл алынат. Мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда Жогорку Кеңеш төртүнчү окууну өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Кабыл алынган мыйзамдын мамлекеттик жана расмий тилдердеги акыркы тексти кол коюу жана жарыялоо үчүн 14 календардык күндүн ичинде Президентке жөнөтүлөт.

Эгерде мыйзамдын өзүндө же аны колдонууга киргизүүнүн тартиби жөнүндө мыйзамда башкача каралбаса, мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет[141].

Парламенттин табиятынын экинчи компоненти – бул мамлекеттик бийликтин бирден-бир **өкүлчүлүктүү органы.**

Өкүлчүлүк институттарынын келип чыгышы окумуштуулар байыркы грек шаар-полистеринде элдик жыйындар болгондугун белгилешет. Демек, мамлекеттин түзүлүш тарыхында өкүлчүлүктүү мүнөздөгү мамлекеттик (муниципалдык) органдардын ар кандай түрлөрү болгондугу байкалат. Маселен, Югославияда парламенттин өкүлчүлүгүн түзүү жолу палаталарды профессионалдык негизде камсыздоо аракети менен жүргүзүлгөн.

Ошого карабастан мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүктүү органын түзүүнүн негизги механизми жашыруун добуш берүү менен жалпы, эркин, тең укуктуу, түз шайлоолорду өткөрүү. Бул принциптер мамлекеттин ички мыйзамдарында жана эл аралык укукта өзүнүн ченемдик ордун табат[142].

Парламенттик өкүлчүлүк жарандык келишимдеги башка субъекттерден айырмаланып өкүлчүлүк объектисинин ачыктыгын белгилей кетүү маанилүү. Мыйзам чыгаруучу орган коомдук кызыкчылыкты канчалык

---

[141] Жогорудагы мыйзамды караңыз.

[142] Невинский В.В. Демократия, выборы и избирательное право в ФРГ : учебное пособие. — Барнаул, 1993.

деңгээлде тиешелүү мыйзамдарда чагылдырып коргогондугу үчүн жооп берет.

Жогорку Кеңештин мамлекеттин жогорку өкүлчүлүктүү органы катары аныкталышы парламент эл өкүлчүлүгүнүн жападан жалгыз расмий органы экенин билдирет.

Кыргыз элинин тарыхында демократиялуу, өкүлчүлүктүү органдын болгондугу жана анын өнүгүү жолдору кандай болуп өткөндүгүн баарыбыз жакшы билебиз. Тарых барактарындагы ар кандай түзүлүштөгү өкүлчүлүктүн формалары Кыргыз Республикасындагы парламенттик органды өнүктүрүүнүн уюткусу боло алды. Бул мезгилдер аралыгында өкүлчүлүктүү орган катары улуттук Курултай, Жыйын, Аксакалдар Кеңеши ж.б. эсептелинген. Бул органдар элдин эркин билдирүүлөрү, элдик бийликтин негизи катары бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Тагдырдын оор учурларында, элдин турмушунда жалпы элдик курултай негизги чечимдерди кабыл алган жогорку орган болуп келген[143].

Ошондой эле Кыргыздар көчмөн эл болгондугу, көчмөн маданиятына таандык болушу ички жашоо инстинкттерин өнүктүрүү, инновацияларды кабыл алуу, элдин жаңылануруга умтулуусу сыяктуу сапаттарын аныктайт. Ушунун негизинде азыркы Кыргызстандагы парламентаризмди тынымсыз трансформациялоо процесстери терең тарыхый тамыры бар, акыркысы идеалдуу болуп калуусун билдирбейт аны барган сайын өнүктүрүү керек.

Азыркы парламент мамлекеттин бийлик органдарындагы өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруу сапаттарын бириктирген уникалдуу институт. Парламенттин ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун реалдуулугу жана

[143] Курманов З.К. Парламентаризм в Кыргызстане: особенности, проблемы, достижения // Центральная Азия и Кавказ. 2013. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/ (дата обращения: 10.12.2017).

натыйжалуулугу конституциялык-укуктук илим тарабынан сунушталган «парламентаризм» терминин мүнөздөөгө багытталган. Парламентаризм концепциясы мыйзам чыгаруучуга өлкөдөгү өкүлчүлүк институттарынын укуктук макамын жөнгө салуу боюнча туура багытты аныктоодо жетекчилик кылууга жөндөмдүү.

Жогоруда биз Кыргыз Республикасынын парламентинин мыйзам чыгаруу жана өкүлчүлүктүү функцияларына мүнөздөмө бералдык. Үчүнчү функциясы катары Жогорку Кеңештин **контролдук функциясы.** Жогорудагы биз караган авторлор дагы парламенттин контролдук функциясы тууралуу кеп кылышкан. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин контролдук функциясы анын аткарган ыйгарым укуктарына ылайык маалыматтык контроль, санкциялоочу контроль жана бюджеттик-финансылык контроль сыяктуу формалардан турат.

Практика жүзүндө ишке ашырылып жаткан парламенттик контролдун негизги эки тибин бөлүп караса болот: депутаттар тарабынан түздөн-түз ишке ашырылуучу контроль жана атайын органдар же түзүмдөр тарабынан жүргүзүлүүчү контроль.

Депутаттык контролдун биринчи тиби атайын процедуралардын жардамы менен ишке ашырылат. Алардын катарына парламенттин жыйынында аткаруу бийлик органдарынын маалыматтарын, отчетторун же билдирүүлөрүн угуу, өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда болуп жаткан кырдаал боюнча депутаттык териштирүүлөрдү жүргүзүү, Президентке импичмент жарыялоо.

Экинчи тиби атайын, туруктуу иштөөчү органдарды, түзүмдөрдү жана институттарды түзүү менен байланыштуу болгон парламенттик контроль. Мисалы, бюджеттик-финансы каражаттарын контролдоо үчүн Эсептөө палатасы, адамдын жана жарандардын укуктарын коргоо үчүн Акыйкатчы институту ж.б.

Бүгүнкү күнү колдонуудагы 2022-жылдын 16-ноябрында кабыл алынган № 106 “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алтынчы бөлүмү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин контролдоо жол-жоболорун бекиткен. Анда Жогорку Кеңештин ар жылдык отчетторду кароосу (100-берене), "Министрлер Кабинетинин сааты" жана "Министрлер Кабинетинин күнү" (18-глава), Парламенттик териштирүү, парламенттик суроо-талап, депутаттык суроо-талап (19-глава), Комитеттер мыйзамдардын жана Жогорку Кеңештин чечимдеринин аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырышы (20-глава), Парламенттик угуулар (21-глава)[144].

## 10.2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 59-беренесине ылайык Жогорку Кеңештин депутаттары 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Жогорку Кеңештин 54 депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдык тутум менен шайланат. Жогорку Кеңештин 36 депутаты бир мандаттуу шайлоо округу боюнча мажоритардык тутум менен шайланат.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

- пропорционалдык тутум боюнча - саясий партияларга;

---

[144] “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2022-жыл 16-ноябрь №106. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112437/10?cl=ky-kg&mode=tekst.

- мажоритардык тутум боюнча - саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга[145].

Конституцияда Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайлоо күнү 25 жашка толгон жана шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жараны шайлана ала турганы белгиленген. Бул ченем Жогорку Кеңештин шайлоосуна ат салышып жаткан адамдарга белгилүү бир цензти белгилейт.

Шайлоо укугу адатта активдүү жана пассивдүү шайлоо укугу болуп бөлүнөт.

Жарандардын пассивдүү шайлоо укугу - Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлануу укугу[146].

Пассивдүү шайлоо укугун ишке ашыруу үчүн, атап айтканда, Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайлануу үчүн төмөнкүлөр зарыл: биринчиден, Кыргыз Республикасынын жарандыгынын болушу, башкача айтканда, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлигин койгон адам Кыргыз Республикасынын жараны болушу керек. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Жогорку Кеңешке шайлана алышпайт. Экинчиден, жаш курагына чектөө каралган, башкача айтканда, 25 жашка толгон адам гана Жогорку Кеңештин депутаты боло алат жана бул куракка шайлоо күнүнөн кечиктирбестен жетиши керек. “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамында жаш курактын чегинен тышкары дагы бир кошумча талап – жогорку кесиптик билиминин болушу каралган.

---

[145] Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы 2011-жылдын 2-июлу № 68 //http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203244?cl=ky-kg.

[146] Ушул мыйзамды караңыз.

Соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте алып салынбаган адамдар Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланууга укуксуз.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү шайлоо дайындалган күндөн тартып башталат жана шайлоо күнүнө 45 календардык күн калганда аяктайт.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү укугуна юстиция органдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөн же кайра каттоодон өткөн саясий партиялар ээ болот. Аткаруу бийлигинин саясий партияларды мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү иш милдеттерди жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы каттоодон өткөн саясий партиялардын тизмесин түзөт жана шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирбестен, ар бир саясий партиянын жетекчисин көрсөтүү менен, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары расмий жарыялануучу булактарга тизмени жарыялоону камсыз кылат жана ошол эле мөөнөттө көрсөтүлгөн тизмени Борбордук шайлоо комиссиясына жиберет. Талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө чечим саясий партиянын съездинде жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

Пропорционалдык тутум боюнча шайлоо саясий партия 54 талапкерден ашпаган санда талапкерлердин тизмесин саясий партиядан көрсөтөт.

Талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия төмөнкү өкүлчүлүктү эске алууга милдеттүү:

- бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайыздан ашпоосун, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн аял жана эркек талапкерлердин тизмесиндеги кезектешүү айырмасы үч позициядан ашпоосун;

- 35 жаштан ашпаган талапкерлердин 15 пайыздан кем болбоосун, мында алардын ичинен кеминде 3 талапкер алгачкы 25 талапкердин тизмесине киргизилиши керек;

- ар кандай этносторго таандык талапкерлердин 15 пайыздан кем болбоосун, мында алардын ичинен кеминде 3 талапкер алгачкы 25 талапкердин тизмесине киргизилиши керек;

- кеминде 2 талапкердин – ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардан болуусун, мында булардын бири биринчи 25 талапкердин тизмесине киргизилиши керек.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү шайлоо округдарынын тизмеси расмий жарыяланган күндөн тартып башталат жана добуш берүү күнүнө чейин 45 календардык күн калганда аяктайт.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн, конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзөт.

Саясий партиялардан бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү ар бир талапкер талапкерлиги добушка коюлган шайлоо округун көрсөтүү менен съезддерде жүзөгө ашырылат. Депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү боюнча саясий партиянын съездине Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү катышууга укуктуу. Саясий партиялар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бирден ашык эмес талапкерди көрсөтүүгө укуктуу. Талапкерди көрсөтүү жөнүндө чечим жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди депутаттыкка көрсөтүү талапкердин өзүнүн ушул шайлоо округу боюнча талапкерлигин добушка коюу ниети жөнүндө арызын Борбордук шайлоо комиссиясына берүү жолу менен жүргүзүлөт. Мында талапкер жеке каражаттарынан Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине

мыйзамдарда көрсөтүлгөн эсептик көрсөткүчтүн миң эселенген өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төгөт.

Талапкер бир шайлоо округунда гана көрсөтүлүшү мүмкүн.

Депутаттыкка талапкер шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте өздүк шайлоо фондун түзөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен, шайлоо округу боюнча ар бир талапкер, ар бир саясий партия жана талапкерлердин тизмесиндеги ар бир талапкер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын саноону жүргүзөт.

Шайлоо округу боюнча депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүдөн төмөнкү саясий партиялар, талапкерлердин тизмеси чыгарып салынат:

1) жалпы республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 пайыздан азын алган;

2) ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 0,5 пайыздан азын алган.

Талапкерлеринин тизмеси үчүн жалпы республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 5 жана андан көп пайызы; ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 0,5 жана андан көп пайыздык добушка ээ болгон саясий партиялар, мыйзамда каралган усул боюнча аныкталуучу депутаттык мандаттарды алышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жаңыдан шайланган Жогорку Кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктары алар ант берген күндөн тартып башталат.

Жогорку Кеңештин депутаты ант бергенден кийин Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын төрагасы ага белгиленген үлгүдөгү күбөлүктү жана төш белгини тапшырат.

Катышкан депутаттардын ант берүү жол-жобосу аяктагандан кийин жаңы чакрылыштагы Жогорку Кеңештин биринчи жыйыны өз ишин аяктайт.

## 10.3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын конституциялык-укуктук макамы

Депутаттын конституциялык-укуктук макамы түшүнүгү, проблемасы, анын түзүмү жана бул түзүмдүк элементтердин мазмуну дагы эле дайыма кылдат көңүл буруууну жана кароону талап кылгандардын бири. Бул депутаттын конституциялык-укуктук макамы белгилүү бир деңгээлде өкүлчүлүктүү демократияда эл өкүлүнүн ролун жана ордун аныктайт өкүлчүлүк демократиянын идеясы менен түшүндүрүлөт. Бул жагынан Н.В.Витрук белгиленгендей: «Депутаттын укуктук статусу депутаттык милдетин аткарып жаткан жарандын укуктук абалынын өзгөчө түрлөрүнүн бири»[147]. Бул өзгөчө макам "жарандын коомдо жана мамлекетте өзгөчө ишмердүүлүгү менен байланышкан (жалпы жарандыктан айырмаланып), тиешелүү атайын ченемдер менен жөнгө салынат» деген позиция болуп саналат. Депутаттын конституциялык-укуктук макамы деталдуу жөнгө салуу «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын макамы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аркылуу ишке ашырылат[148].

Жогорку Кеңештин депутаттары парламентарий болуу менен өзгөчө конституциялык-укуктук статуска ээ, бул аларга өз функцияларын аткаруу үчүн зарыл болгон

---

[147] Витрук Я. В. Структура правового статуса депутата (вопросы теории) // Закон о статусе депутата на практике (материалы науч.-практ. конф.). Ярославль, 1976. С. 20-23.

[148] 2008-жылдын 18-декабры № 267 «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202483/130?cl=ky-kg&mode=tekst.

конкреттүү укуктарды, милдеттерди жана артыкчылыктарды берет. Парламентарийлердин статусунун эң маанилүү белгилери болуп иммунитет, индемнитет жана кызматтарды айкалыштырууга жол берилбестиги саналат.

Парламентарийлер имунитетке ээ, бул алардын кол тийбестигин жана мандатты аткарууга түздөн-түз байланышпаган аракеттери үчүн куугунтуктоодон корголушун билдирет. Имунитет жеке артыкчылык эмес, депутаттын ишмердүүлүгүнүн кепилдиги. Кол тийбестик депутат жасаган укук бузууну жокко чыгарбайт, аны кылмыш жоопкерчилигине тартуу (камакка алуу) учурун гана кийинкиге калтырат. Депутаттык кол тийбестик абсолюттук эмес. Парламентарийлерди кылмыш куугунтугуна, жеке эркиндигин чектөөгө, жеке тинтүүгө, тинтүүгө, санкциясыз камакка алууга, эреже катары, анын жыйналышынын жүрүшүндө тиешелүү палатанын макулдугусуз камакка алууга болбойт (Франция, Германия) же Палатанын атайын органы же Палатанын сессиясы жок учурда анын жетекчиси (Франциядагы парламенттин тиешелүү палатасынын бюросу, Улуу Британиядагы тиешелүү палатанын президенти). Бирок башка учурлардан өзгөчөлөнүп депутат кылмыш болгон жерден кармалганда жол берилет[149]. Парламенттик имунитет парламентарийдин ыйгарым укуктарынын бүткүл мөөнөтүнө (Германия, Италия, Испания) же парламенттик сессиянын (АКШ, Улуу Британия, Франция, Япония) мөөнөтүнө гана жайылтылат.

Парламентарийдин индемнитетинин эки мааниси бар: биринчиден, бул депутаттын сый акыга, анын ичинде эмгек акысына, иш сапарынын чыгымдарынын ордун толтурууга, жардамчыларды жана башка көмөкчү персоналды кармоого, почта жана башка байланыш каражаттарын пайдалануу укугу катары түшүндүрүлөт; экинчиден, парламенттин депутаттарынын мындай артыкчылыгын билдирет, бул

[149] Баглай М.В., Лейбо Ю.И., Энтин Л.М. и др. Конституционное право зарубежных стран: учебник. - М.: Норма, 2018. С. 325 – 326.

алардын депутаттык милдеттерин аткарууга байланышкан билдирүүлөр жана аракеттер үчүн жоопкерсиздигинде турат. Добуш берүү учурунда айткан пикири, ээлеген позициясы жана депутаттын статусуна туура келген башка аракеттери үчүн, анын ичинде депутаттык ыйгарым укуктардын мөөнөтү аяктагандан кийин депутат кылмыш же административдик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн эмес. Бул жобо депутат (депутаттык милдеттерин аткарууда да) эл алдында кемсинткен же жалаа жапкан жана мыйзамда жоопкерчилик каралган башка тартип бузууларга жол берген учурларга жайылтылбайт.

Жогорку Кеңештин депутаты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык партиялык тизмелер боюнча жана бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган, Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген мыйзам чыгаруу жана башка ыйгарым укуктарды Жогорку Кеңеште жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктар берилген, 25 жаш курагынан кем эмес Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат.

Жогорку Кеңештин депутатынын кызмат орду Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку саясий мамлекеттик кызмат оруну болуп саналат.

Жогорку Кеңештин депутаты беш жылга шайланат.

Жогорку Кеңештин депутаты конституциялык мыйзамда каралган тартипте жана учурларда чакыртылып алынышы мүмкүн.

Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары Конституцияда жана Мыйзамда каралган мөөнөтүнөн мурда токтотуу учурларынан тышкары, Жогорку Кеңештин тийиштүү чакырылышынын ыйгарым укуктарынын токтотулушу менен бир учурда токтотулат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине ылайык Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулат:

1) депутаттык ыйгарым укуктарын токтоткондугу жөнүндө жазуу жүзүндө арызын бергенде;

2) жарандыктан чыкканда, башка мамлекеттин жарандыгын алганда;

3) депутаттык мандатты чакыртып алганда;

4) башка ишке өткөндө же депутаттык ыйгарым укуктарды аткаруу менен айкалышпаган ишин таштабаганда;

5) шайлоолор жараксыз деп табылганда;

6) туруктуу жашоо үчүн Кыргыз Республикасынын чегинен чыгып кеткенде;

7) депутат сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылганда;

8) ага карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

9) бир сессиянын ичинде Жогорку Кеңештин жыйналыштарында жүйөлүү себепсиз 10 жумуш күнү жок болгондо;

10) анын дайынсыз жок болгондугун же өлгөндүгүн жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

11) депутат каза болгондо.

Көрсөтүлгөн негиздер боюнча Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу буга негиздер пайда болгон күндөн тартып 30 календарлык күндөн кечиктирилбестен кабыл алынган Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын чечими менен жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында Жогорку Кеңештин биринчи жыйналышы өткөрүлгөн күндөн тартып мурдагы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктары токтотулаары белгиленген. Ошентип, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 18-декабрындагы № 267 Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, Жогорку Кеңештин

депутатынын ыйгарым укуктары Конституцияда жана Мыйзамда каралган мөөнөтүнөн мурда токтотуу учурларынан тышкарыда Жогорку Кеңештин тийиштүү чакырылышынын ыйгарым укуктарынын токтотулушу менен бир учурда токтотулат б.а. жаңы шайланган Жогорку Кеңештин биринчи жыйыны болгон күндөн тартып.

Жогорку Кеңештин депутаты депутаттык ишмердигине байланыштуу айткан ой-пикирлери же Жогорку Кеңештеги добуш берүүнүн жыйынтыктары үчүн куугунтукка алынышы мүмкүн эмес. Депутатты кылмыш жасаган жеринен кармаган учурларды кошпогондо, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен гана аны жазык жоопкерчилигине тартууга жол берилет. Жогорку Кеңештин депутатына кылмыш-жаза иши Башкы прокурор тарабынан гана козголушу мүмкүн.

Жогорку Кеңештин депутаты илимий, педагогикалык жана башка чыгармачылык иштерди аткара алат.

Жогорку Кеңештин депутаты бир эле учурда башка мамлекеттик же муниципалдык кызматта тура албайт, ишкердик ишти жүзөгө ашыра албайт, коммерциялык уюмдун жетекчи органынын же байкоочу кеңешинин курамына кире албайт.

Жогорку Кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарынын мезгилинде окуу жана башка аскердик жыйындарга чакыруудан бошотулат.

Жогорку Кеңештин депутаты эгерде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын аймагында шугулданып жаткан чет өлкөлүк коммерциялык эмес бейөкмөт уюмдардын башкаруу органдарынын, камкорчулук кылуучу же байкоочу кеңештеринин, башка органдарынын, ошондой эле алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрүнүн курамына кире албайт.

Жогорку Кеңештин депутаты шайлоочулар менен байланышып турууга, шайлоочулардын кайрылууларын кароого, ошондой эле жарандарды кабыл алууга милдеттүү.

Депутат өзүнүн ишинде жалпы таанылган моралдык ченемдерди карманууга, өзүнүн кадыр-баркын сактоого, башка депутаттардын, башка кызмат адамдарынын жана жарандардын ар-намысын жана кадыр-баркын сактоого, Жогорку Кеңешке, шайлоочуларга жана бүтүндөй мамлекетке шек келтире турган аракеттерге, билдирүүлөргө жана жоруктарга жол бербөөгө тийиш.

Жогорку Кеңештин депутаты эл шайлаган адам катары элдин жана мамлекеттин коргоосунда турат. Өз мандатынын бүткүл мөөнөтүнүн ичинде Жогорку Кеңештин депутаты кызматтык милдетин аткарууда болгон деп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Жогорку Кеңештин депутаты туруктуу иштеген Жогорку Кеңеште өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат. Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү жалпы жана үзгүлтүксүз эмгек стажына, мамлекеттик кызмат стажына, адистиги боюнча иш стажына эсептелет. Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарынын конституциялык мөөнөтү аяктагандан кийин анын үзгүлтүксүз эмгек стажысы сакталат.

Депутат мыйзам долбоорлору менен иштөө боюнча атайын адабияттар, керектүү маалыматтык материалдар жана мезгилдүү басылмалар менен камсыз болот.

Жогорудагы каралган Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги депутаттын ыйгарым укугунан келип чыккан конституциялык – укуктук статусунун түзүмү.

Депутаттык ыйгарым укуктардын түзүмү, мазмуну жана көлөмү, депутаттык иштин кепилдиктери жана жоопкерчилиги элдик өкүлчүлүктөгү жарандын конституциялык укугун аныктайт.

Ошентип, депутаттын конституциялык-укуктук статусу элдик өкүлчүлүк чөйрөсүндөгү жарандын

конституциялык-укуктук абалынан келип чыккан системалык интеграцияланган көрүнүш, маңызы депутаттык мандаттын саясий-укуктук мүнөзү менен аракеттенген анын курамдык элементтеринин түзүмдүк биримдигинде көрүнүп турат.

## 10.4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин түзүмү

Жогорку Кеңештин ички түзүмүнө, андагы түзүлгөн органдар кирет.

Парламенттерде көйгөлүү маселелерди натыйжалуу талкуулоо үчүн комитеттер деп аталган туруктуу органдар түзүлөт, алар депутаттардын өздөрүнөн түзүлөт жана алардын мөөнөтү аяктаганга чейин ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып турушат. Парламенттин бүткүл курамынын чечими үчүн комитетте иштеп чыгуу стадиясынан өтмөйүнчө бир дагы мыйзам долбоору дээрлик кабыл алынбайт. Мамлекеттик иштин белгилүү бир тармагын кесипкөйлүк жактан жакшы билген депутаттардын тар курамын камтыган комитеттер белгилүү бир компетенцияга ээ жана бүткүл парламенттин ишин бир топ жеңилдетет. Комитеттер парламенттик фракциялардын аздыр-көптүр пропорционалдуу өкүлчүлүгүнүн негизинде түзүлөт. Кандай комитеттер түзүлөт, алардын жалпы саны канча, болжолдуу курамы, эреже катары, парламенттин депутаттары тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө мыйзамга ылайык Жогорку Кеңештин комитети өзүнө таандык болгон маселелер боюнча мыйзам долбоорлорун алдын ала карайт жана ушул Регламенттин талаптарын сактоо менен алар боюнча чечимдерди кабыл алат. Жогорку Кеңеш комитеттердин санын, аларды жүргүзүү маселелерин аныктайт, ошондой эле алардын курамын түзөт. Комитеттердин курамы фракциялардын лидерлеринин сунуштамалары боюнча, алардын тең

салмактуу өкүлчүлүгүн эске алуу менен түзүлөт. Жогорку Кеңештин тармактык комитеттери өздөрүнүн карамагындагы маселелер боюнча Жогорку Кеңештин контролдоо функциялары жөнүндө мыйзамга ылайык, бийликтин аткаруу органдарында мыйзамдардын жана Жогорку Кеңештин чечимдеринин аткарылышын контролдойт.

Жогорку Кеңештин комитеттеринин курамынын эң аз санын 5 депутат түзөт. Комитеттин мүчөлөрү комитеттин жыйналыштарына катышууга милдеттүү. Комитеттин жыйналышы анын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү катышканда укук ченемдүү болот. Комитет чечимди комитеттин катышкан мүчөлөрүнүн санынын көпчүлүгү менен кабыл алат. Фракция ар бир комитетте өзүнүн өкүлчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү, мында бир комитеттеги анын өкүлдөрүнүн саны чечүүчү добушу бар 4 мүчөдөн ашпоого тийиш. Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган депутаттар комитеттерде өздөрүнүн өкүлдөрүн аныкташат.

Депутат Регламенттин 27-беренесинин 6-бөлүгүнүн жана 32-беренесинде көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, бир гана комитетте турат. Бардык комитеттерде анын мүчөлүгүн камсыз кылууга саны мүмкүнчүлүк бербеген фракциянын депутаттары, фракциянын сунушу боюнча чечүүчү добуш укугу менен эки комитетте турушат. Мында бул фракциянын комитеттин курамындагы мүчөлөрүнүн саны чечүүчү добуш берүү укугу бар бир мүчөдөн ашпашы керек.

Депутат кеңеш берүүчү добуш укугу менен, өзү мүчө болуп саналбаган комитеттердин ачык жыйналыштарына катышууга укуктуу. Аппараттын эксперттик жана лингвистикалык кызматтарынын корутундусу жок мыйзам долбоорлорунан жооптуу комитет тарабынан алдын ала кароосуна жол берилбейт.

Эгерде каралуучу маселелердин мүнөзү жабык жыйналыш өткөрүүнү талап кылбаса, комитеттин

жыйналышы ачык өткөрүлөт. Жабык жыйналышка комитет тарабынан чакырылган адамдар катышууга укуктуу.

Президент, Министрлер Кабинетинин Төрагасы, алардын Жогорку Кеңештеги өкүлдөрү, Акыйкатчы (Омбудсмен), Улуттук борбордун Координациялык кеңешинин төрагасы комитеттин ачык жана жабык жыйналыштарына катышууга укуктуу. Комитеттин ачык жыйналышына эксперттер, кызыкдар адамдар, ошондой эле Жогорку Кеңеште аккредиттелген жалпыга маалымдоо каражаттары катышууга укуктуу. Комитеттин жыйналышына талапкер катары Жогорку Кеңеш тарабынан каралууга жаткан адамдар чакырылышы мүмкүн.

Жогорку Кеңештин комитети өзүнө таандык болгон маселелер боюнча:

1) мыйзам долбоорлорун алдын ала карайт жана Регламенттин талаптарын сактоо менен алар боюнча чечимдерди кабыл алат;

2) Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына таандык болгон мамлекеттик кызматка шайлоо, дайындоого, жактыруу макулдук берүү жана бошотуу маселелери боюнча корутундуларды карайт жана берет;

3) Жогорку Кеңештин токтомдорунун долбоорлорун Жогорку Кеңештин жыйналышына киргизет;

4) мыйзам долбоорун Министрлер Кабинетине, Акыйкатчыга (Омбудсменге), ошондой эле көз карандысыз эксперттик уюмдарга корутундуларды жана сунуштамаларды берүү үчүн жиберүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу;

5) парламенттик угууларды өткөрөт;

6) мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, жарандардан жана менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактардан расмий документтерди жана башка материалдарды суратып алат;

7) Жогорку Кеңештин жыйналышында парламенттик суроо-талап жиберүү жөнүндө маселени демилгелейт;

8) мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу жана аткаруу бийлик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мыйзамдардын жана Жогорку Кеңештин чечимдеринин аткарылышын контролдоону жүзөгө ашыруу боюнча жумушчу топторду түзөт;

9) жооптуу комитетке республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоорунун тиешелүү бөлүмдөрү боюнча корутундуларды жиберет;

10) алар күчүнө киргенден 6 ай өткөндөн кийин алардын карамагындагы кабыл алынган мыйзамдардын мониторингин жүргүзөт;

11) каралып жаткан маселени башка комитетке берүү жөнүндө Төрагага сунуш киргизет;

12) көчмө, ошондой эле Жогорку Кеңештин башка комитеттери менен биргелешкен жыйналыштарды өткөрүү жөнүндө чечимдерди кабыл алат;

13) мамлекеттик органдардын жетекчилерин угат;

14) концепциясын, максатын жана милдетин кыскача баяндоо менен, Министрлер Кабинетине мыйзам долбоорун иштеп чыгуунун зарылдыгы жөнүндө сунушун (мыйзам чыгаруу сунушун) жиберүүгө укуктуу;

15) өз ишине адистерди, көз карандысыз эксперттерди жана жарандык коомдун өкүлдөрүн тартууга укуктуу;

16) иштин сессиялык планынын негизинде Төрагага кийинки жылга Жогорку Кеңештин бюджетинин долбооруна карата сунуштарды киргизет;

17) өз ишин уюштуруу маселелерин өз алдынча чечет;

18) Жогорку Кеңештин контролдоо функциялары жөнүндө мыйзамга ылайык аткаруу бийлик органдарында мыйзамдардын жана Жогорку Кеңештин чечимдеринин аткарылышын контролдойт;

19) Регламентте жана башка ченемдик укуктук актыларда каралган башка маселелерди карайт.

Мыйзам долбоорлорун кароонун натыйжалары боюнча Жогорку Кеңештин комитеттери корутунду түрүндө чечим кабыл алат.

Жогорку Кеңештин азыркы 7-чакырылышында төмөнкү комитеттер түзүлдү:

- Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитети;
- Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитети;
- Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитети;
- Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитети;
- Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети;
- Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети;
- Социалдык саясат боюнча комитети;
- Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитети.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде, Жогорку Кеңеш айрым маселелерди изилдөө жана депутаттык иликтөө жүргүзүү үчүн убактылуу комиссияларды түзөт.

Комиссия түзүү жөнүндө сунушту фракциялар же комитеттер киргизүүгө укуктуу, ал Координациялык Кеңеш тарабынан каралууга жатпайт. Фракциялардын сунушу боюнча, алардын Жогорку Кеңештеги өкүлчүлүгүнүн тең салмактуулугун эске алуу менен курамы 5 депутаттан кем эмес болгон комиссия түзүлөт. Эгерде фракция комиссиянын курамына төрагалык кылуучу белгилеген мөөнөттө өзүнүн өкүлдөрүн сунуштабаса, Жогорку Кеңеш алардын катышуусуз эле комиссияны түзөт. Комиссия түзүү жөнүндө токтом төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) комиссиянын аталышын;

2) комиссия кароо үчүн түзүлгөн максаттарды, милдеттерди, маселелердин чөйрөсүн;

3) жеке курамын;

4) анын иштөө мөөнөтүн;

5) иштин натыйжалары жөнүндө баяндама берүүнүн мөөнөтүн;

6) комиссияны уюштуруу жана материалдык-техникалык камсыз кылуу маселелерин.

Комиссиянын иштөө мөөнөтү ал түзүлгөн күндөн тартып 3 айдан ашышы мүмкүн эмес. Комиссиянын иштөө мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечим Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынат. Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин 4 ай калганда комиссия түзүүгө жол берилбейт. Төмөнкүлөр комиссиянын төрагасы жана анын орун басары болуп шайланышы мүмкүн эмес:

- комитеттердин төрагалары;
- бир фракциянын мүчөлөрү.

Кызыкчылыктардын карама-каршылыгы болгондо депутат комиссиянын курамы шайланганга чейин өз талапкерлигин алып коюуну билдирүүгө милдеттүү. Эгерде комиссиянын ишинин жүрүшүндө депутатта кызыкчылыктардын карама-каршылыгы пайда болсо, ал комиссиянын курамынан чыгуу жөнүндө арызын комиссиянын төрагасына берүүгө милдеттүү, бул жөнүндө фракциянын лидерине билдирет. Комиссиянын чыгып кеткен мүчөсүнүн ордун ээлөө ошол эле фракциянын өкүлдөрүнүн ичинен жүзөгө ашырылат. Комиссиянын төрагасынын же анын орун басарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, Төраганын орун басарынын ыйгарым укуктарын токтотуу үчүн белгиленген негиздерде жана тартипте жүзөгө ашырылат.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Парламент деген эмне?
2. Парламенттин негизги функциялары кайсылар?
3. Жогорку Кеңеш кандай актыларды кабыл алат?
4. Парламенттин түзүмдөрү кандай?

5. Парламенттин негизги ыйгарым укуктары кандай?

6. Жогорку Кеңештин төрагасынын укуктук статусуна мүнөздөмө бериңиз?

**1 – кейс – тапшырма:**

Депутаттар тобу тарабынан иштелип чыккан токтом долбоору КР ЖКнын кароосуна киргизилди. Долбоордо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттерине бүткүл КР ЖКнын атынан чечим кабыл алуу укугун берүү менен ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат. Түшүндүрмө катта мындай практика дүйнөнүн көптөгөн парламенттеринде бар экени, комитеттер жана комиссиялар, эреже катары, жалпы праламенттин партиялык курамын чагылдыра тургандыгы белгиленген. Комиссиялар тарабынан токтомдордун каралышы жана кабыл алынышы квалификациялуу чечимдерди кабыл алууга жана парламенттин ишин оптималдаштырууга мүмкүндүк берет.

*Азыркы мезгилде КР ЖКнын жумушчу органдарынын милдеттери, аларды түзүүнүн тартиби жана ыйгарым укуктары кандай?*

*Регламентке сунушталып жаткан өзгөртүүлөр долбооруна өз пикириңизди билдириңиз?*

**2 – кейс – тапшырма:**

Депутаттарды шайлоодо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши компетенттүү курамда түзүлгөн жок, анткени көп сандагы шайлоо участкаларында шайлоо жараксыз деп табылган. Бирок ошол шайланган депутаттар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйындарына катышуудан тышкары, башка формада депутаттык ишмердүүлүк жүргүзө алат деп эсептеп, иштөөгө уруксат берүүнү талап кылышкан. Алардын оюу боюнча, жалпы эле органдын түзүлбөгөнү алардын шайланган депутат катары укуктук макамына таасир этпейт.

*Депутаттардын талаптары тууралуу сиздин оюнуз?*

*Учурдагы кырдаалга укуктук баа бериңиз.*

**3 – кейс – тапшырма:**

А.К. Акматов аттуу жаран «Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча (никеге туруу курагын 14 жаштан белгилөө жөнүндө) добуш берүүнүн жыйынтыгын кайра кароо талабында төмөнкү жагдайларды эске алуу менен сотко кайрылган.

Ал добуш берген “Альянс” партиясынын шайлоо программасында партия нике курагын төмөндөтүүгө каршы деген пункт бар болчу. Бул анын аталган партияга добуш берүүгө түрткөн жагдайлардын бири болгон, анткени бул пункт анын ишенимине шайкеш келген. Бирок добуш берүүнүн жыйынтыгынан көрүнүп тургандай, “Альянс” партиясынын тизмеси боюнча шайланган айрым депутаттар “макул” деп добуш беришти.

*Императивдик мандаттан эркин мандат деген эмне?*

*Саясий партия шайлоо өнөктүгү учурундагы жарыяланган позициясы добуш берүү учурундагыдан айырмалангандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылышы мүмкүнбү?*

# 11-глава. Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу процесси

## 11.1. Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу процессинин түшүнүгү жана принциптери

Мыйзам чыгаруу процесси, ар кандай юридикалык процесс сыяктуу эле, эки мааниге ээ:

1) иштин тартиби (мында мыйзамды түзүү);

2) иштин өзү. Ал мыйзам чыгаруучу орган тарабынан, же кайсыл бир учурларда референдум жолу менен жүзөгө ашырылат. Мыйзам чыгаруу - бул кененирээк түшүнүк, анткени ал айрым учурларда жөнгө салынбаган иш-чараларды камтыйт жана мыйзамдын өзүн түзүү менен эле чектелбестен, анын натыйжалуулугун баалоону жана кийин мүмкүн болгон оңдоолорду камтыйт.

Мыйзам чыгаруу процессин төмөнкүчө аныктоого болот:

а) процесстик этаптардан, жол-жоболордон жана аракеттерден турган мыйзамдарды түзүү процесси;

б) мамлекеттик иштин өзгөчө түрү, анын натыйжасы мыйзамдын жаралышы;

в) мыйзамды даярдоо, кароо, кабыл алуу жана колдонууга киргизүү процессинде пайда болгон коомдук мамилелерди бириктирүүчү жана жөнгө салуучу конституциялык-укуктук нормалардын жыйындысы болуп саналган конституциялык-укуктук институт.

**Мыйзам чыгаруу процесси** - конституцияда жана тиешелүү ченемдик укуктук актыларында бекитилген мыйзам чыгаруу органынын мыйзамдарды түзүү боюнча ишинин тартиби.

*Мыйзам чыгаруу процесси* – бул парламенттин мыйзамды кабыл алуудагы ирееттүү иш-аракети, ал бир катар кезектеги этаптарды камтыйт: мыйзам долбоорун киргизүү,

мыйзам долбоорун кароо, мыйзамдарды кабыл алуу, мыйзамдарга кол коюу жана жарыялоо.

Мыйзам чыгаруу процесси анын формалдуу мазмунун чагылдырган мыйзам чыгаруунун процессуалдык жагы катары гана эмес, коомдун укук тутумунун турукташтыруучу фактору катары да маанилүү.

«Мыйзам чыгаруу процессинин» булагын үч топко бөлүүгө болот:

1). юридикалык - ченемдик укуктук актылар;

2). теориялык - окуу китептери, монографиялар, диссертациялар, илимий макалалар, баяндамалар, билдирүүлөр, конференциянын материалдары, соттун чечимдерине рецензиялар жана сын-пикирлер;

3) эмпирикалык - укуктук ченемдер ишке ашыруу практикасы.

Өзгөчө орунду укуктук булактар ээлейт, аларга Кыргыз Республикасынын Конституциясы, конституциялык мыйзамдары ж.б. кирет.

Мыйзам чыгаруу процесси мамлекеттин башка ишмердүүлүгү сыяктуу эле атайын мыйзам менен деталдуу түрдө жөнгө салынат. Аны сактоо ар бир жаңы кабыл алынган мыйзамды коомдук мамилелерди жөнгө салуучу катары таануунун зарыл шарты болуп саналат.

Мыйзамды түзүү процессин туруктуу ченемдик жөнгө салуу төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) ченемдик актынын формасын жана мазмунун даярдоонун сапаттык деңгээли;

2) ар кандай социалдык топтордун таламдарын максималдуу жогорулатуу максатында ар кандай саясий күчтөрдүн пикирлерин кеңири тартуу;

3) мыйзам жаратуу процессинде мамлекеттик бийликтин жогорку органдарынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалуу механизмдери.

Мыйзам чыгаруу процесси белгилүү принциптерге – фундаменталдык идеяларга негизделет, аларды ишке ашыруу анын сапатын жана натыйжалуулугун камсыз

кылат. Ар бир демократиялык мамлекеттегидей эле Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу процессинин принциптери төмөнкүлөрдү камтыйт:

**а) мыйзамдуулук принциби**, бул мыйзам чыгаруунун тартибине мыйзамда белгиленген талаптарды так сактоону, укуктук ченемдердин жана актылардын иерархиясын так кароону, мыйзам актысын кабыл алган органдын компетенциясын сактоо талабы. Кеп мыйзамдуулук принциби жөнүндө болуп жатат, ал туура, так белгиленген процедураларды сактоо менен кабыл алынган ченемдик актылардын гана мыйзамдуулугун талап кылат. Мыйзам биринчи кезекте форма, ал жок болгон учурда биз ээнбаштыктын туткунунда калабыз. Анткени, формалдуу түрдө мыйзам чыгаруучунун эрки эч кандай чектөөлөрдү билбейт – ал каалаган мыйзамдарды кабыл ала алат. Ошондуктан мыйзам чыгаруучуну процедура менен тизгиндөө абдан маанилүү. Мыйзамдуулук принцибин сактоо мыйзам чыгаруу демилгесин киргизүүдөн мыйзамды жарыялоого чейинки бардык этаптарда мыйзам чыгаруучунун эркин калыптандырууга коомго түздөн-түз таасир этүүгө мүмкүндүк берет.

б) **демократиялык принцип** - калктын мыйзам чыгарууга катышуусун чагылдырган, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда жана кабыл алууда коомдук пикирди эске алуу, аларда кабыл алынган ченемдердин таасири тийе турган адамдардын ой-пикирин жана каалоолорун чагылдыруу. Демократиялык принцип элдин чыныгы умтулууларын жана эркин иш жүзүнө ашырууга мүмкүндүк берет. Жалпы элдик добуш берүү (референдум) ченемдик укуктук актыга эң жогорку юридикалык күч берүүнүн жолдорунун бири болуп саналат. Бирок, элдик добуш берүү кыйла кымбат процедура, ошондуктан ал көбүнчө чоң күчтөрдүн жана каражаттардын катышуусун талап кылбаган чакан мамлекеттерде колдонулат. Демек, референдум менен катар демократиялык коомдо мыйзам долбоорунун мыйзам чыгаруу органында талкууланышынын

ачык болушу, аны эркин сынга алуу, альтернативдүү варианттардын бири.

в) Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасында бийлик **саясий көп түрдүүлүктүн жана көп партиялуулуктун** негизинде курулат деп жарыялайт. Бийликтин эң маанилүү компоненти болгондуктан мыйзам чыгаруу процесси толугу менен ушул принципке баш ийет. Саясий көп түрдүүлүк принциби парламентте көрсөтүлгөн ар кандай саясий көз караштардын ээси мыйзам чыгаруу процессинде өз пикирин билдирүүгө укуктуу экендигин билдирет.

г) **ачыктык принциби** - компетенттүү органдардын мыйзам чыгаруу иши бардыгы үчүн ачык жана жеткиликтүү формада ишке ашырылууга тийиш экендигин билдирет. Ачыктык принциби мыйзамдарды кабыл алуунун жана даярдоонун бүткүл процессин баш ийдирүүдө. Мыйзам чыгаруу жол-жоболорунун «айкындуулугу» гана лоббирлөөнүн терс кесепеттеринен качууга мүмкүндүк берет.

д) **профессионалдуулук принциби**, ага ылайык мыйзам чыгаруу практикасы анын субъекттеринин кесиптик даярдыгын, юридикалык техниканын атайын ыкмаларын жана каражаттарын колдонууну талап кылат. Ал ченемдик укуктук актынын негизги жоболорун берүүнүн логикалык ырааттуулугун, текстте ички карама-каршылыктардын болбошун, ченемдик материалдын компакттуулугун, мыйзам тилинин түшүнүктүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн, ченемдик укуктук актынын тактыгын жана аныктыгын камсыз кылууга тийиш. Юридикалык техниканы туура колдонуу мыйзам чыгаруучунун эркин так билдирүүнү, ченемдик актыларды практикалык иште максаттуу пайдаланууну камсыздайт, мыйзамдын эффективдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт.

е) мыйзам чыгаруучунун ишиндеги маанилүүлүгү боюнча башкарлардан кем эмес принцип **коллегиялуулук** болуп саналат. Мыйзамдын жаралуу процессинде чечим

жалгыз кабыл алынбайт. Кыргыз Республикасынын Парламенти - Жогорку Кеңеш - Төрага да, Жогорку Кеңештин комитетинин төрагасы да мыйзам долбоорлорун даярдоого карата жалгыз чечим кабыл алууга укугу жок. Бүгүнкү күндө бардык чечимдер фракциянын, комитеттин же пленардык жыйындын деңгээлинде болсун, депутаттардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

## 11.2. Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу процессинин этаптары

Мыйзам чыгаруу процессинин этаптарынын саны жана ошого жараша айрым процедуралардын айкалышы боюнча ар кандай пикирлер бар. Бул маселеге арналган кээ бир эмгектерде, мисалы, алардын экөө гана өзгөчөлөнөт: мыйзам долбоорун даярдоо жана элдин эркин мыйзамга расмий түрдө орнотуу.

Анын этаптарынын мазмунун түзгөн мыйзам чыгаруу процессинин жол-жоболору көпчүлүк өлкөлөрдө конституциялардын, башка мыйзамдардын жана ченемдик актылардын нормалары менен жөнгө салынат.

Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндө мыйзам чыгаруу процессинин укуктук негизи өлкөнүн негизги мыйзамы – Конституция болуп саналат. Ушул эле принцип мыйзам чыгаруу ишинин субъекттерин, ошондой эле мыйзам чыгаруунун жалпы маселелерин аныктаган Кыргыз Республикасынын Конституциясында да белгиленген.

Кээ бир изилдөөчүлөр мыйзам чыгаруу процессиинин үч этабын бөлүп карашат: ченемдик актынын долбоорун даярдоо (алдын ала этап), ченемдик актыны талкуулоо жана кабыл алуу (негизги этап), жана ченемдик актыны колдонууга киргизүү (чечүүчү этап)[150]. Башка юристтердин

---

[150] Кочетков А.В. Стадии законодательного процесса как формы проявления правовой политики // Правовая политика и правовая жизнь. 2003. №4. С. 153-162.

пикиринде алты этап кездешет: болжолдоо жана пландаштыруу; мыйзам долбоорун иштеп чыгуу боюнча сунуштарды киргизүү; концепцияны иштеп чыгуу жана мыйзам долбоорун даярдоо; долбоорду атайын жана коомдук талкуулоо; кароо жана кабыл алуу; мыйзамдын жарыяланышы жана анын күчүнө кириши[151].

Практика жүзүндө иштеген юристтердин этаптары кыйла көп, бул парламенттин күнүмдүк кабыл алган эрежелерине жана саясий тутумдун өзгөчөлүктөрүнө жараша болсо керек.

Бирок, бул маселеге арналган концептуалдык мүнөздөгү эмгектерге жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы каралган ченемдерге таянуу менен мыйзам чыгаруу процессинин төрт негизги баскычын бөлүп көрсөтмөкпүз:

1) мыйзам долбоорун же мыйзам сунушун киргизүү (мыйзам чыгаруу демилгеси);

2) мыйзам долбоорун парламенттин комитеттеринде (комиссияларында) кароо (мыйзам долбоорун талкуулоо);

3) мыйзамды кабыл алуу;

4) мыйзамды жарыялоо.

***Мыйзам чыгаруу демилгеси***, жогоруда айтылгандай, мыйзам чыгаруу процессинин негизги этаптарынын бири. Ар бир мамлекетте мыйзам долбоорун парламентке сунуштоо каалоосу көптөгөн органдарга, уюмдарга жана кызмат адамдарына мүнөздүү, бирок алардын баары өз каалоосун аткарса, мыйзам чыгаруучу органдын ишине тоскоол болмок, ошондуктан Конституцияда жана мыйзамдарда мыйзам долбоорлорун парламентке расмий түрдө киргизүүгө укугу бар субъекттилердин чөйрөсү так көрсөтүлгөн. Мындай укуктун парламентке жөнөкөй кайрылуудан айырмасы, ал автоматтык түрдө кабыл алынган

[151] Законодательный процесс. Понятие, институты, стадии: Науч.-практ. пособие / Отв. ред. Р.Ф. Васильев. М., 2000.

мыйзам долбоорун белгиленген тартипте парламенттин кароосуна кирүү милдетин пайда кылат.

Парламенттин бул мыйзам долбоорун кабыл алынган тартипте кароону баштоо милдетине негиз берүүчү мыйзам долбоорун парламентке киргизүү **мыйзам чыгаруу демилгеси** деп аталат.

Мыйзам чыгаруу демилгеси укугу мыйзам долбоорлорун мыйзам чыгаруу органына киргизүү мүмкүнчүлүгү, б.а. мыйзамдардын алдын ала тексттери.

Мыйзамдын долбоору (мыйзам долбоору) - мыйзам чыгаруу демилгесинин субъекттери тарабынан Жогорку Кеңештин кароосуна расмий киргизилген ченемдик укуктук актынын долбоору.

Ага ылайык мындай мыйзам долбоорлорун кароого кабыл алуу жөнүндө маселени талкуулоо мыйзам чыгаруу органынын милдети болуп саналат. Конституцияга ылайык, мыйзам чыгаруу демилгеси укугу 10 миң шайлоочуга (элдик демилге); Президентке; Жогорку Кеңештин депутаттарына; Министрлер Кабинетинин Төрагасына; өзүнө тиешелүү маселелер боюнча Жогорку сотко; Элдик Курултайга; өзүнө тиешелүү маселелер боюнча Башкы прокурорго таандык (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 85-беренеси).

Элдик демилгени жүзөгө ашырууда мыйзам менен белгиленген тартипте жөндөмсүз деп табылган, ошондой эле соттун өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратылган жайларда кармалган жарандар катыша албайт.

Элдик демилге тартибинде мамлекеттик чек араны өзгөртүүгө, республикалык бюджетти түзүүгө, мунапыс жана ырайым кылуу, эл аралык мамилелер, согуш же өзгөчө абал киргизүү маселелериндеги мыйзам долбоорлорун киргизиле албайт.

Мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңешке **Президент тарабынан өз демилгеси боюнча** *киргизилет.*

Мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңешке «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган документтерди тиркеп, Президент же Министрлер Кабинетинин Төрагасы кол койгон коштомо кат менен киргизилет.

Коштомо катта мыйзам долбоорун Жогорку Кеңешке киргизүүдө министрлердин, мамлекеттик комитеттин төрагасынын, аткаруу бийлигинин башка органдарынын, башка мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, башка кызмат адамдарынын атынан мыйзам долбоору боюнча расмий өкүл дайындалат.

Расмий өкүл мыйзам долбоорун кароодо Жогорку Кеңештин жана анын комитеттеринин жыйналыштарына белгиленген тартипте катышат. Расмий өкүлдөрдү алмаштырууга Президент кол койгон каттын негизинде гана жол берилет.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» 2008-жылдын 18-декабрындагы № 267 Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 9-беренесинин 1-бөлүмүнүн 1-пунктуна ылайык **Жогорку Кеңештин депутаты мыйзам чыгаруу демилгеси** тартибинде мыйзамдардын, долбоорлорун Жогорку Кеңешке киргизет.

Депутаттар тарабынан киргизилген мыйзам долбоорлору каттоодон кийин Президентке жана Министрлер Кабинетине жиберилет.

Мыйзам долбоорунун демилгечиси аны биринчи окууда кабыл алынганга чейин мыйзам долбоорун чакыртып алууга же болбосо демилгелөөгө катышуудан баш тартууга укуктуу, бул жөнүндө Төраганы жазуу жүзүндө кабарландырат. Эгерде мыйзам долбоору депутаттардын тобу тарабынан киргизилсе, ал бардык демилгечилердин макулдугу менен чакыртып алынышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын мыйзам чыгаруу демилгеси укугу мыйзам

долбоорлорун иштеп чыгуу жана Жогорку Кеңешке киргизүүнү камсыз кылуу аркылуу ишке ашырылат. Мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңешке Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан өз демилгеси боюнча же министрликтердин, мамлекеттик комитеттин, башка мамлекеттик органдардын сунуштары боюнча киргизилет.

Мыйзам долбоорлору мыйзам долбоорлоо ишинин жыл сайын бекитилүүчү планына, улуттук жана жалпы мамлекеттик программаларга, Президент жана Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү башка мамлекеттик программаларга жана стратегиялык документтерге, Президенттин актыларына, чакырууларына жана тапшырмаларына ылайык иштелип чыгат.

Президент жана Министрлер Кабинети тарабынан демилгелененгендерди кошпогондо, мыйзам чыгаруу демилгесинин башка субъекттери тарабынан демилгеленген мыйзамдардын долбоорлоруна расмий корутунду берүү жолу менен Министрлер Кабинети мыйзам чыгаруу ишине катышат.

«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 27-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган мыйзам долбоорлоруна Министрлер Кабинетинин расмий корутундусу – Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тескемеси, ал эми калган учурларда Министрлер Кабинетинин Төрагасы же Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тейлөөчү орун басары кол койгон кат түрүндө таризделет.

Өзүнө тиешелүү маселелер боюнча **Жогорку сотко мыйзам чыгаруу демилге укугу** берилген. Бул укуктук ченем беренеге киргизилген жаңы ченем. 2010-жылдагы Конституцияда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда мындай укук берилбеген. Бул мыйзам чыгаруу ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу проблемасына, ошондой эле анын натыйжаларына тиешелүү укуктук ченемдер болуп саналат.

Н.А.Тузовдун айтымында «сот органдарынын мыйзам демилгелөө укугунун объектиси катары жогорку жана башка сот органдарынын тиешелүү маселелери боюнча алардын компетенциясында каралган, алардын карамагына жана караштуулугуна, тиешелүү сот өндүрүшүнүн түрлөрүнүн милдеттерине таандык болгон укуктук мамилелери эсептелет»[152].

А.И.Абрамованын айтымында, «жогорку соттор тиешелүү маселелери боюнча гана мыйзам чыгаруу демилгесине укуктуу». Бирок анын айтымы боюнча тиешелүү маселелери кененирээк түшүндүрүлгөн: «Соттор өзүлөрүнүн өзгөчөлөнгөн ыйгарым укуктарынын негизинде колдонуп жаткан мыйзамдарын көзөмөлдөйт, алардын жетишпеген жерлерин табат, аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды берүүнүн негизинде аларды өркүндөтүү жолдорун аныктайт»[153].

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту конституциялык мыйзамдардын долбоорлорун жана сот органдарынын карамагына жана караштуулугуна тиешелүү сот өндүрүшүнүн түрлөрүнүн милдеттерине таандык болгон гана мыйзамдардын долбоорлорун киргизүү менен мыйзам чыгаруу демилгеси укугун колдонот.

**Элдик курултайдын мыйзамды демилгелөө укугу** анын өткөрүлгөн жыйынындагы кабыл алынган чечимдери жана мамлекеттин өнүгүү багыттары боюнча берген сунуштарынын негизинде ишке ашырылат. Элдик Курултайдын мындай ыйгарым укугу анын ишмердүүлүгүн жөнгө салган конституциялык Мыйзамдын жоболорунда каралат.

Өзүнө тиешелүү маселелер боюнча **Башкы прокурорго мыйзам чыгаруу демилгеси укугу** берилген.

[152] Тузов Н. А. Судебная законодательная инициатива: субъекты, основания, объект и проблемы // Российское правосудие. 2006. № 8. С. 11.
[153] Абрамова А. И. Законотворчество в Российской Федерации: науч.-практ. и учеб. пособие / под ред. А. С. Пиголкина. М., 2000. С. 349.

2021-жылдын 10-сентябрындагы № 114 «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 12-беренесинин 4-бөлүмүнүн 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын башкы прокурору мыйзамдарда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзамдардын долбоорлорун киргизүүгө укуктуу.

Прокурордук көзөмөлдүн коомдук мамилелердеги укуктук жөнгө салуудагы баардык тармактарында жүргүзүлүүсү, бир жагынан прокурорлорду колдонуудагы мыйзамдарды билүүсүн гана талап кылбастан, аларды Кыргыз Республикасынын Конституциясынын сакталышы, мыйзамдардын аткарылышы жөнүндө реалдуу маалымат алууга, коомдук мамилелердин укуктук жөнгө салынышын камсыз кылуудагы кемчиликтерди ачыктаганга мүмкүнчүлүк берет. Мында прокуратура органдары көзөмөл жүргүзүү менен мыйзамдардын кантип иштеп жаткандыгын, алардын кайсыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү керек экендиги тууралуу толук маалыматы бар уникалдуу орган.

***Мыйзам долбоорун парламенттин комитеттеринде (комиссияларында) кароо (мыйзам долбоорун талкуулоо).***

Жогорку Кеңештин комитеттери Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына таандык болгон маселелерди даярдоону жана алдын ала кароону, ошондой эле Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын жана чечимдердин аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырат.

Жогорку Кеңеш комитеттердин санын, алардын карамагындагы маселелерди аныктайт, ошондой эле алардын курамын түзөт. Комитеттердин курамы фракциялардын лидерлеринин, депутаттык топтордун жетекчилеринин сунушу жана бир мандаттуу округдар боюнча шайланган жана фракциялар менен депутаттык топторго кирбеген депутаттардын арыздары боюнча

түзүлөт. Жогорку Кеңештин комитеттеринин эң аз курамын 8ден кем эмес депутат түзөт. Фракция, депутаттык топ ар бир комитетте өзүнүн өкүлчүлүгүн Жогорку Кеңеште алардын пропорциялуу өкүлчүлүгүн эске алуу менен камсыз кылууга милдеттүү. Комитеттин курамына бир фракциядан, депутаттык топтон 5тен ашпаган мүчө кирет. Бир мандаттуу округдар боюнча шайланган жана фракциялар менен депутаттык топторго кирбеген депутаттар өз каалоосу боюнча бир комитеттин курамына кирүүгө милдеттүү.

Жогорку Кеңештин тармактык комитеттери өздөрүнүн карамагындагы маселелер боюнча Жогорку Кеңештин контролдоо функциялары жөнүндө мыйзамга ылайык аткаруу бийлик органдарында мыйзамдардын жана Жогорку Кеңештин чечимдеринин аткарылышын контролдойт. Жогорку Кеңештин ченемдик укуктук актылары Жогорку Кеңештин тийиштүү комитеттери тарабынан алардын долбоорлору алдын ала каралгандан кийин кабыл алынат. Комитеттин жыйналышы анын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү катышканда чечим кабыл алууга укуктуу. Комитет чечимди комитеттин катышып отурган мүчөлөрүнүн санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алат.

Жогорку Кеңештин комитети өзүнүн карамагына кирген маселелер боюнча мыйзам долбоорлорун алдын ала карайт жана Регламенттин талаптарын сактоо менен алар боюнча чечим кабыл алат.

Жогорку Кеңештин Аппаратынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмү мыйзам долбоорун 2 жумуш күндүн ичинде каттайт жана Төрагага киргизүү үчүн Регламенттин 44 жана 46-беренелеринин талаптарына шайкештиги жөнүндө маалымдама даярдоо үчүн аны юридикалык кызматка 3 жумуш күндүн ичинде жөнөтөт.

Төрага 2 жумуш күндөн кечиктирбестен юридикалык кызматтын маалымдамасынын негизинде мыйзам долбоорун карамагындагы маселелерге ылайык жооптуу комитетти аныктоо менен тиешелүү комитеттерге жөнөтүү жөнүндө

резолюция коет. Резолюцияда төрагасынын фамилиясы биринчи көрсөтүлгөн комитет жооптуу болуп саналат.

Жооптуу комитет мыйзам долбоору алынган күндөн тартып 30 жумуш күндөн кечиктирбестен аны алдын ала кароону жүзөгө ашырат. Мыйзам долбоору жооптуу комитеттин жыйналышына анын демилгечиси же ал ыйгарым укук берген өкүл тарабынан сунушталат. Мыйзамдардын альтернативдүү долбоорлору болгон учурда жооптуу комитет аларды бир эле учурда карайт жана Жогорку Кеңешке бир мыйзам долбоорун кабыл алууну жана калгандарын четке кагууну же болбосо бардык мыйзам долбоорлорун бириктирүүнү же четке кагууну сунуштайт[154].

Жооптуу комитет мыйзам долбоорун жана коштоочу документтерди кароонун жыйынтыктары боюнча корутунду кабыл алат, анда төмөнкүлөр чагылдырылат:

1) мыйзам долбоорунун концепциясы;

2) мыйзам долбоорунун мазмунунун билдирилген концепцияга шайкештиги;

3) мыйзам долбоорунда каралган коомдук мамилелер чөйрөсүндөгү жөнгө салуунун ченемдик базасынын абалы;

4) ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган мыйзам долбооруна карата жөнгө салуучу таасирди талдоонун натыйжалары боюнча сунуштар;

5) Регламенттин 49-беренесине ылайык жүргүзүлгөн экспертизалардын натыйжалары боюнча сунуштар;

6) эгерде көз карандысыз эксперттердин, адистердин жана уюмдардын корутундуларынын натыйжалары боюнча сунуштар бар болсо, алар;

7) коомдук талкуулар жүргүзүлгөн учурда алардын натыйжалары боюнча сунуштар;

---

[154] 2022-жылдын 16-ноябры № 106 «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Электронный ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112437/10?cl=ru-ru&mode=tekst.

8) фракциялардын, депутаттык топтордун комитеттердин жана депутаттардын сунуштары;

9) комитеттин мүчөсүнүн өзгөчө пикири бар болсо, ал;

10) Жогорку Кеңеш Регламенттин 54-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган чечимди кабыл алышы жөнүндө сунуштамалар.

Жооптуу комитет мыйзам долбоорун алдын-ала кароонун натыйжалары боюнча Аппараттын тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнө кагаз жана электрондук түрдө төмөнкүлөрдү жөнөтөт:

1) комитеттин корутундусун;

2) эксперттик кызматтардын корутундуларын;

3) эгерде мыйзам долбооруна салыштырма таблица бар болсо, аны;

4) Жогорку Кеңештин токтомунун долбоорун.

Жооптуу комитет тарабынан мыйзам долбоорун экинчи окууга даярдоодо төмөнкүлөрдү кароо жүзөгө ашырат:

1) демилгечилерден экинчи окууга карата келип түшкөн түзөтүүлөрдү;

2) эксперттик кызматтардын корутундуларын;

3) башка тармактык комитеттердин корутундуларын.

Мыйзам долбооруна карата түзөтүүлөрдү кароо биринчи окууда кабыл алуу жөнүндө токтомдо көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин 20 жумуш күндөн кечиктирбестен жүргүзүлөт. Жооптуу комитет келип түшкөн түзөтүүлөрдү карайт жана аларды кабыл алуу же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат. Кабыл алынган түзөтүүлөр экинчи окууга даярдалууга тийиш болгон мыйзам долбооруна киргизилет.

Жооптуу комитет экинчи окууга карата корутунду менен катар Аппараттын тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнө кагаз жана электрондук түрдө төмөнкүдөй материалдарды жөнөтөт:

1) Жогорку Кеңеш кабыл алышына сунушталуучу түзөтүүлөрдү эске алуу менен мыйзам долбоорунун текстин;

2) түзөтүүлөрдүн салыштырма таблицасын;

3) Жогорку Кеңештин токтомунун долбоорун;

4) келип түшкөн түзөтүүлөр боюнча эксперттик кызматтын корутундусун;

5) коомдук талкуулар жүргүзүлгөн учурда алардын натыйжалары боюнча жыйынтык маалыматты.

Жооптуу комитет мыйзам долбоорун үчүнчү окууга даярдоонун жүрүшүндө Аппараттын тиешелүү бөлүмдөрү менен бирдикте экинчи окууда кабыл алынган түзөтүүлөрдү эске алуу менен мыйзам долбоорунун мамлекеттик жана расмий тилдердеги биротоло тексттерин даярдайт.

Мыйзам долбоорунун текстин даярдоодо тексттин ар түрдүү элементтеринин лексикалык бир түрдүүлүгүн камсыз кылуу, грамматикалык каталарды табуу жана жоюу, стилистикалык мүнөздөгү кемчиликтерди оңдоо, ошондой эле мыйзам чыгаруу техникасынын эрежелерин жана ченемдик укуктук актыларды баяндоонун расмий-иш стилинин ченемдерин сактоо максатында редакциялык түзөтүүлөрдү киргизүүгө жол берилет.

Жооптуу комитет үчүнчү окууга карата корутунду менен катар Аппараттын тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнө кагаз жана электрондук түрдө төмөнкүдөй материалдарды жөнөтөт:

1) мыйзам долбоорунун биротоло толук тексттерин жана мыйзам долбоорлорунун тиркелген пакетин;

2) киргизилген түзөтүүлөрү бар таблицаны;

3) Жогорку Кеңештин токтомунун долбоорун.

***Мыйзамды кабыл алуу.*** Жогорку Кеңеш мыйзамдарды жооптуу комитеттер аларды карагандан кийин кабыл алат. Жогорку Кеңеш тарабынан мыйзам долбоорун кароо ар айлык иш планына ылайык жүргүзүлөт.

Жооптуу комитет Жогорку Кеңештин кароосуна даярдаган мыйзам долбоору жана материалдар Төрагага жөнөтүлөт.

Мыйзамдардын долбоорлору үч окуу жол-жобосу боюнча каралат жана кабыл алынат. Социалдык-

экономикалык кырдаалды турукташтыруу боюнча, өзгөчө абалды, шашылыш кырдаалды киргизүүгө жана (же) арылуу мүмкүн болбогон күчтүн жагдайларына байланыштуу укук тартибинин жана коопсуздуктун маселелери боюнча мыйзамдардын долбоорлорун кароону эске албаганда, мыйзам долбоору боюнча ар бир окуунун ортосундагы убакыттын аралыгы 10 жумуш күндөн кем болушу жана 30 жумуш күндөн ашык болушу мүмкүн эмес.

*Биринчи окуунун жүрүшүндө* мыйзам долбоорунун текстине түзөтүүлөрдү киргизүүгө жол берилбейт. Мыйзам долбоорун биринчи окууда кароонун натыйжалары боюнча Жогорку Кеңеш төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алат:

1) жооптуу комитетке аны экинчи окууга даярдоону тапшыруу менен мыйзам долбоорун биринчи окууда кабыл алуу;

2) мыйзам долбоорун четке кагуу.

Мыйзам долбоору биринчи окууда кабыл алынгандан кийин аны Жогорку Кеңеш тарабынан кароонун кийинки этаптарында жоопкерчиликти жооптуу комитет тартат.

Биринчи окуунун жүрүшүндөгү талкуунун убагында түзөтүүлөрдүн демилгечилеринен жооптуу комитетке келип түшкөн жазуу жүзүндөгү сунуштар боюнча мыйзам долбоорунун беренелери *экинчи окууда каралат*. Мыйзам долбоорунун экинчи окуусу келип түшкөн түзөтүүлөрдү кароонун жыйынтыктары жөнүндө жооптуу комитеттин төрагасынын борбордук трибунадагы баяндамасынан башталат. Жооптуу комитеттин сунуштамаларына каршы пикирлер болбогон учурда төрагалык кылуучу жооптуу комитет сунуштаган мыйзам долбооруна түзөтүүлөрдү жалпы жонунан кабыл алуу жөнүндө маселени добушка коет. Жооптуу комитет тарабынан сунушталган кандайдыр бир түзөтүүлөргө каршы пикирлер болгон учурда төрагалык кылуучу адегенде каршы пикирлер болбогон түзөтүүлөрдү добушка коет, андан кийин каршы пикирлер болгон ар бир түзөтүү боюнча жарыш сөз ачат. Тиешелүү түзөтүү боюнча

жарыш сөздөр токтотулгандан кийин төрагалык кылуучу адегенде жооптуу комитеттин сунуштамасын добушка коет. Жооптуу комитеттин сунуштамасы кабыл алынган учурда талкууланып жаткан беренеге карата демилгечинин түзөтүүсү боюнча добуш берүү жүргүзүлбөйт. Эгерде жооптуу комитеттин сунуштамасы кабыл алынбаса, демилгечилердин түзөтүүлөрү түзөтүүлөрдүн таблицасында көрсөтүлгөн тартипте добушка коюлат. Талкууланып жаткан беренеге карата кандайдыр бир түзөтүүлөр кабыл алынган учурда калган түзөтүүлөр боюнча добуш берүү жүргүзүлбөйт. Жооптуу комитеттин сунуштамалары да, демилгечинин түзөтүүлөрү да четке кагылган учурда мыйзам долбоорунун биринчи окууда кабыл алынган редакциясы сакталат.

Мыйзам долбооруна карата бардык түзөтүүлөрдү кароонун жыйынтыктары боюнча төрагалык кылуучу мыйзам долбоорун экинчи окууда кабыл алуу же четке кагуу жөнүндө маселени добушка коет.

Экинчи окууда кабыл алынган мыйзам долбоору кабыл алынган түзөтүүлөрдү эске алуу менен үчүнчү окууга даярдоо үчүн жооптуу комитетке жөнөтүлөт.

*Мыйзам долбоорунун үчүнчү окуусу* кабыл алынган түзөтүүлөрдү эске алуу менен аны комитетте кароонун натыйжалары жөнүндө жооптуу комитеттин өкүлүнүн борбордук трибунадагы баяндамасынан башталат.

Мыйзам долбоорун үчүнчү окууда кароодо анын текстинин мазмунуна өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, мыйзам долбоорун же болбосо анын айрым түзүмдүк бирдиктерин талкуулоого кайрылып келүүгө жол берилбейт.

Жогорку Кеңеш мыйзам долбоорунун биротоло текстин үчүнчү окууда кабыл алуу же болбосо аны четке кагуу жөнүндө жыйынтыктоочу добуш берүүнү өткөрөт.

Конституцияга, конституциялык мыйзамдарга жана мамлекеттик чек араны өзгөртүү тууралуу мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамдардын долбоорлору Жогорку Кеңеш тарабынан

кеминде үч окууда кабыл алынат. Мамлекеттик бюджеттин эсебинен тындырылуучу чыгымдарды көбөйтүүнү караган мыйзам долбоорлору Министрлер Кабинети расмий корутундуну бергенден жана каржылоо булагы аныкталгандан кийин Жогорку Кеңештин кароосуна киргизилет. Президент жана Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кечиктирилгис катары аныкталган мыйзам долбоорлору жооптуу комитеттин корутундусу болгондо Жогорку Кеңеш тарабынан кезексиз каралат. Ошондой эле Конституциялык мыйзамдардын жана Конституциялык соттун чечиминен келип чыккан мыйзамдардын долбоорлору Конституциялык соттун чечиминин мааниси менен мазмунунан гана келип чыгуучу ченемдерди камтууга тийиш жана Жогорку Кеңеш тарабынан кезексиз тартипте каралат.

Мыйзам долбоорун биринчи окууда карап жаткан учурда мыйзам чыгаруу демилге укугунун субъектинин расмий өкүлү - негизги баяндамачы, экинчи окууда тең баяндамачы болуп саналат.

Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик чек араны өзгөртүү жөнүндө мыйзамдар Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат.

Мыйзамдар жана кодекстер Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Мыйзам долбоору каралгандан жана үч окууда кабыл алынгандан кийин мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынды деп эсептелет. Кабыл алынган мыйзамдын мамлекеттик жана расмий тилдердеги биротоло тексти кол коюу жана жарыялоо үчүн 14 жумуш күндүн ичинде Президентке жөнөтүлөт. Президент мыйзамды алган күндөн тартып бир айдан кечиктирбестен ага кол коёт же өзүнүн каршы пикири менен Жогорку Кеңешке кайра кароого кайтарат. Каршы пикир менен кайтарылган мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти

жөнүндөгү Мыйзамдын 59-беренесние ылайык кайра каралат. Эгерде мыйзам Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен мурда кабыл алынган редакциясында жактырылса, келип түшкөн күндөн тартып 14 жумушчу күндүн ичинде мындай мыйзамга Президент кол коюуга тийиш.

***Мыйзамды жарыялоо***. Мыйзам кабыл алынгандан кийин расмий жарыялануууга жатат.

*Мыйзамды расмий жарыялоо* деп анын тексттерин Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу басма сөздүк же электрондук басылмада жарыялоо жолу менен аларды жалпыга маалымдоо түшүнүлөт.

Мыйзамдын расмий жарыяланган датасы деп ушул акт жарыяланган басылма жарыкка чыккан күн эсептелет. Мамлекеттик жана (же) аскердик жашыруун сырды камтыган мыйзамды кошпогондо, мыйзам расмий жарыялоодо толук эмес берүүгө жол берилбейт. Мыйзамды башка жалпыга маалымдоо каражаттарында басып чыгарууда басылманын расмий булагына шилтеме милдеттүү түрдө берилүүгө тийиш. Мыйзамды расмий жарыялоо алардын күчүнө киришинин милдеттүү шарты болуп саналат.

Эгерде мыйзамдын өзүндө же аны колдонууга киргизүүнүн тартиби жөнүндөгү мыйзамда башкача каралбаса, мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Мыйзамдар расмий жарыяланган күндөн тартып 7 жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилет. Мыйзамдардын мамлекеттик реестрин алып барууну Юстиция министрлиги ишке ашырат.

Мыйзамдардын мамлекеттик реестрине киргизилбеген ченемдик укуктук акт юридикалык күчкө ээ болбойт[155].

## 11.3. Кыргыз Республикасынын кээ бир мыйзамдарын кабыл алуунун өзгөчөлүгү

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 63-беренеси боюнча Жогорку Кеңеште Конституцияны кабыл алуу жөнүндө мыйзам долбоорун кабыл алышы, Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамдардын долбоорлорун кароо өзгөчө тартипте ишке ашырылат.

Конституцияны кабыл алуу жөнүндө, Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамдын долбоорун демилгелөөнүн жана кабыл алуунун тартиби Конституциянын 116-беренеси менен аныкталат. Демек, Конституция 300 миңден кем эмес шайлоочулардын же Президенттин же Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин демилгеси боюнча Президент тарабынан дайындалган референдумда кабыл алынышы мүмкүн.

Конституциянын биринчи, экинчи жана бешинчи бөлүмдөрүндөгү жоболорго өзгөртүүлөр жана толуктоолор 300 миңден кем эмес шайлоочулардын же Президенттин же Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин демилгеси боюнча Президент тарабынан дайындалган референдумда кабыл алынышы мүмкүн.

Конституциянын үчүнчү жана төртүнчү бөлүмдөрүнүн жоболоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор Президенттин же Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын

---

[155] 2009-жылдын 20-июлу № 241 Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591/135?cl=ky-kg&mode=tekst.

үчтөн экисинин демилгеси боюнча Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынат. Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамдын долбоору корутунду берүү үчүн Конституциялык сотко жөнөтүлүүгө тийиш. Конституциялык сот терс корутунду чыгарган учурда Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамдын долбоору каралбайт.

Жогорку Кеңеш Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамды мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин кароосуна киргизилген күндөн тартып 6 айдан кечиктирбестен кабыл алат.

Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам окуулардын ортосундагы 2 айлык интервал менен үчтөн кем эмес окуу жүргүзүлгөндөн кийин Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмесинин көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

«Республикалык бюджет жөнүндөгү» Мыйзамдын долбоору Жогорку Кеңеште өзгөчө тартипте кабыл алынат. Республикалык бюджеттин долбоору Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолунун, Жогорку Кеңештин Бюджеттик токтомунун, Фискалдык саясаттын негизги багыттарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына ылайык түзүлөт. Жогорку Кеңештин бюджеттик токтому республикалык бюджеттин долбоорун иштеп чыгууда колдонмо болуп саналган орто мөөнөттүү мезгилге бюджеттик саясаттын негизги багыттарын жана мамлекеттик бюджеттин артыкчылыктарын аныктайт. Жогорку Кеңештин тармактык комитети Жогорку Кеңештин фракцияларынын, комитеттеринин жана депутаттарынын сунуштарын эске алуу менен келерки жылга бюджеттик саясаттын негизги багыттарын чагылдырган Бюджеттик токтомдун долбоорун иштеп чыгат жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизет.

Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына ылайык кезектеги бюджеттик жылга жана пландаштыруучу мезгилге республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын жактырылган долбоорун кезектеги бюджеттик жылдан мурдагы жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен Жогорку Кеңештин кароосуна киргизет.

Жогорку Кеңештин фракциялары, депутаттык топтору жана комитеттери Жогорку Кеңешке республикалык бюджеттин долбоору берилген күндөн тартып 20 күндүн ичинде:

1) Жогорку Кеңештин тиешелүү комитеттеринин карамагына кирген маселелер боюнча мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, Судьялар кеңешинин төрагасынын маалыматын жана республикалык бюджеттин долбооруна карата Улуттук банктын жана Эсептөө палатасынын төрагаларынын корутундуларын угат;

2) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларды коргоо жаатындагы ченемдик укуктук актыларында белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен кураторлук кылган багыттар боюнча республикалык бюджет боюнча корутундуларды Жогорку Кеңештин тармактык комитетинин кароосуна берет;

3) Жогорку Кеңештин комитеттери, фракциялары жана депутаттык топтору республикалык бюджеттин айрым чыгымдарын көбөйтүү жөнүндө чечимдерди кабыл алган учурда, чыгымдардын башка категорияларын тиешелүү көлөмдө кыскартуу жөнүндө сунуштарды милдеттүү тартипте киргизет жана (же) кошумча чыгымдарды каржылоонун конкреттүү булактарын аныктайт;

4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бирикмесинин (ассоциациясынын, бирлигинин) өкүлдөрүнүн катышуусу менен бюджеттер ортосундагы мамилелерди макулдашуунун протоколун карайт.

Жогорку Кеңештин тармактык комитеттери тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардан учурдагы

бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды талап кылууга жана тиешелүү корутунду берүү үчүн Эсеп палатасына жөнөтүүгө укуктуу.

Республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоору Жогорку Кеңеш тарабынан Регламенттин жоболоруна ылайык үч окууда толук талкуулоо жол-жобосу боюнча каралат. Республикалык бюджетти жана ага өзгөртүүлөрдү бекитүү маселеси боюнча чечим кабыл алуу, эгерде бул Министрлер Кабинетинин Төрагасынын корутундусу боюнча бюджеттик жөнгө салууда кыйынчылыктарга алып келе турган болсо, кийинки жыйналышка калтырылышы мүмкүн эмес.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 64-беренесинде белгиленгендей Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ратификациялоого же денонсациялоого тийиш болгон эл аралык келишимдердин долбоорлорун макулдашууну карайт. Жогорку Кеңеш ратификациялоого же денонсациялоого тийиш болгон эл аралык келишимдин долбоору ага Президент же кол коюуга ыйгарым укук берилген кызмат адамдары кол коердун алдында макулдашуу үчүн Жогорку Кеңештин тиешелүү комитеттерине жөнөтүлөт.

Эл аралык келишимди ратификациялоо же денонсациялоо жөнүндө мыйзам долбоору белгиленген тартипте Президент жана Министрлер Кабинети тарабынан төмөнкүдөй документтер болгондо киргизилет:

1) эл аралык келишимдин тексти;

2) келишимдин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкештиги жөнүндө жана аны ратификациялоонун мүмкүн болуучу каржы-экономикалык жана башка натыйжаларын баалоо жөнүндө Министрлер Кабинетинин корутундусу;

3) эл аралык келишимди даярдоонун жана ага кол коюунун жүрүшү жөнүндө маалымат;

4) эл аралык келишимдин конституциялуулугу жөнүндө Конституциялык соттун корутундусу.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын белгилөөчү эл аралык келишимдерди ратификациялоо же денонсациялоо жөнүндө мыйзамдардын долбоорлору үч окуудан өткөрүлгөндөн кийин депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүк добушу менен Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынат.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Мыйзам чыгаруу процессинин түшүнүгү.

2. Мыйзам чыгаруу процессинин принциптери жана милдеттери.

3. Мыйзам чыгаруу процессинин этаптары.

5. Мыйзам чыгаруу демилгеси укугун ишке ашыруунун формалары.

6. Мыйзам долбоорун биринчи окууда, экинчи жана үчүнчү окууда кароо.

7. Кыргыз Республикасынын Президентинин ветосу, мыйзамды кароосуз кайтаруу.

**1 – кейс - тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги Коммунисттик партиянын фракциясы мыйзам чыгаруу демилгеси катары республикалык бюджеттин альтернативдүү долбоорун иштеп чыгып, кароого киргизди. Бул мыйзам долбоору боюнча корутундуда КР ЖК Аппаратынын юридикалык бөлүмү бюджеттин долбоорун кароодо конституциялык тоскоолдуктар жок деп билдирди. Ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 91-беренесинин 1-бөлүгүнүн 6-пункттунда КР Министрлер Кабинети бюджеттин долбоорун иштеп чыгуу жана аны КР ЖКнын кароосуна киргизүү милдети белгиленген. Бул иш-чараларды жүргүзүүнүн тартиби колдонуудагы мыйзамдар, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен жөнгө салынат. Бирок, альтернативдүү

бюджеттин долбоорун иштеп чыгууга жана берүүгө эч бир жерде тыюу салынган эмес. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясы бул маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өзгөчө мыйзам чыгаруу демилгеси катары белгилебейт. Министрлер Кабинетинин корутундусу, эгерде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 85-беренесинин редакциясына так сакталса, талап кылынбайт. Бирок, ал кабыл алынган; анын терс мүнөзү долбоорду кароого тоскоолдук кылбайт.

*Мыйзам чыгаруу демилгесинин укуктук табияты кандай: ал ыйгарым укуктуу субъекттин ыйгарым укугубу же милдетиби, анын укуктук статусубу?*

*Мыйзам чыгаруу процессинин – мыйзам чыгаруу демилгеси этабынын өзгөчөлүктөрү кандай?*

*Мыйзам чыгаруу демилгеси укугун ишке ашыруунун субъекттери, шарттары жана тартиби кандай?*

*КР ЖК Аппаратынын юридикалык бөлүмүнүн корутундусуна баа бериңиз.*

**2 – кейс - тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган “Гендик инженерия жаатындагы илимий изилдөөлөргө тыюу салуу жөнүндө” Мыйзамга Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деген негизде, Кыргыз Республикасынын Президенти кол койбостон Жогорку Кеңешке кайтарып берди. КР ЖК Президенттин ветосун макул болбостон кайрадан Президентке кол коюуга жөнөттү. Бирок КР Президенти мыйзамды кайра кароодо жол берилген жол-жоболордун бузулушуна шилтеме жасап, мыйзамга кол коюудан дагы баш тартты.

*Президенттин мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндө ыйгарым укуктары кандай?*

*Президенттин ветосу деген эмне?*

*Президенттин кайрадан Жогорку Кеңешке мыйзам долбоорун жөнөткөндүгү канчалык деңгээлде негиздүү? Кыргыз Республикасынын ченемдик – укуктук актыларына таянып негиздеп бериңиз.*

**3 – кейс - тапшырма:**

2020-жылдын 19-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши “Адамды клондоштурууга убактылуу тыюу салуу жөнүндө” мыйзам долбоорун үчүнчү окууда кабыл алды. Журналисттердин суроолоруна жооп берип жатып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги КПК фракциясынын лидери Асанов А.А. анын фракциясы мыйзамды үчүнчү окууда кабыл алуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Токтомуна аны кабыл алуу тартиби бузулганына байланыштуу даттанууга ниеттенип жатканын билдирди.

*Парламент тарабынан мыйзамдарды кабыл алуу тартиби кандай жүргүзүлөт?*

*Мыйзамды кабыл алуу жөнүндө КР ЖКнын Токтому Кыргыз Республикасынын укук тутумунда кандай орунду ээлейт?*

*Бул сотко кайрылуунун предмети боло алабы?*
*Жообуңузду негиздеп бериңиз.*

# 12-глава. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиги

## 12.1. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигине конституциялык-укуктук мүнөздөмө

Аткаруу бийлиги мамлекеттик бийликтин өзүнчө бир бутагы болуп саналат жана бийликти бөлүштүрүү тутумунда алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Ансыз мамлекетти элестетүү мүмкүн эмес, аткаруу бийлигисиз, чынында эле анын милдеттери жана функциялары ишке ашырылбайт. Бирок, аткаруу бийлигинин түшүнүгү тууралуу илимий адабияттарда, чөйрөдө бирдиктүү пикир жок. Кээ бир окумуштуулар аны бийликтин ушул эле түрүн ишке ашырган мамлекеттик башкаруу органдары менен окшоштуруп келишет. Мисалы, Старилов Ю.Н. мындай деп жазган «аткаруу бийлиги … мыйзамдарды аткарууга негизделген, алардын укуктук ченемдерин турмушта ишке ашыруу, мамлекеттик оргнадардын тынымсыз иштешин камсыз кылуу, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоо»[156]. Мындай ойду Д.Н. Бахрах дагы колдоого алган. Алсак, ал белгилегендей аткаруу бийлиги «…практика жүзүндө аткарылып жаткан иштердин бардыгы жогорку жетекчиликтин актыларын ишке ашырууга негизделген. Ал аткаруудагы көйгөйлөрдү уюштуруу багытына бурган. Түздөн-түз өлкөнү коргоону, мамлекеттин жана коомдун коопсуздугун сактоону, мамлекеттик ишканалардын жана мекемелердин иштерин уюштурат…»[157].

В.Н. Дубовицкий мамлекеттик иштерди башкаруу боюнча аткаруу бийлиги ыйгарым укуктардын

---

[156] Старилов, Ю.Н. Курс общего административного права / Ю.Н.Старилов. – Т. 1. – М.: Норма, 2002.

[157] Бахрах, Д.Н. Административное право: учебник / Д.Н.Бахрах, Б.В.Россинский, Ю.Н.Старилов. – 2-е изд. – М.: Норма, 2006.

жыйындысына ээ экендигине көңүл бурат[158]. Дүйнө жүзүндөгү мамлекеттердин конституциялары бул маселени ар тараптуу аныктайт. Россия Федерациясынын Конституциясы боюнча аткаруу бийлигин Россия Федерациясынын Өкмөтү ишке ашырат (110-берене, 1-пункт), АКШ Конституциясында жазылгандай “аткаруу бийлигин Америка Кошма Штатынын Президенти ишке ашырат” (2-берене, 1-бөлүм), Жапониянын Конституция-сында белгиленгендей “аткаруу бийлигин Премьер-министр жетектеген жана башка мамлекеттик министрликтерден турган Кабинет ишке ашырат” (5-глава, 65-берене), Канаданын Конституциясында “Король аткаруу бийлигине ээ... Король Канадада жана анын үстүндө аткаруу бийлигин жана өкмөттү ишке ашырууну улантат...»[159].

“Ишке ашырат” деген термин мамлекеттик башкаруу органдарынын ишмердүүлүк процессинде аткаруу бийлигинин бар экендигин белгилемекчи. Ошентип аткаруу бийлиги башкаруу формасында ишке ашырылат[160]. Дж.Ведель жазгандай “өзүнүн мазмуну боюнча башкаруу аткаруу бийлигин ишке ашыруу болуп саналат”[161].

Аткаруу бийлиги абстракттуу саясий-укуктук категория, чындыгында тиешелүү мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарына кирген, мамлекеттик башкаруу процессинде ишке ашырылат.

Жогоруда айтылгандар аткаруу бийлигинин негизги өзгөчөлүктөрүн атаганга мүмкүндүк берет:

---

[158] Дубовицкий, В.Н. Исполнительная власть в Республике Беларусь: понятие и система органов / В.Н.Дубовицкий. – Минск: Белорусская наука, 2006. – 175 с.

[159] Конституции зарубежных государств: учеб. пособие. – 2-е изд., исправл. и доп. – М.: Издво БЕК. – 586 с.

[160] Штейн, Л. Учение об управлении /Л.Штейн. – СПб., 1874. – С. 2–7; Тарасов, И.М. Основные положения Лоренца Штейна по полицейскому праву в связи с его учением об управлении / И.М.Тарасов. – Киев, 1874.

[161] Ведель, Ж. Административное право Франции / Ж.Ведель. – М.: Прогресс, 1973.

- аткаруу бийлиги – башка бирөөнүн эркин баш ийдирүү, мажбурлоо, буйрук берүү укугу жана жөндөмдүүлүгү;

- аткаруу бийлиги мамлекеттик башкаруу формасында жүзөгө ашырылат;

- аткаруу бийлиги көп сандаган органдардын өзгөчө системасы тарабынан жүзөгө ашырылат;

Бул үч белгинин баары бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, аткаруу бийлигинин түшүнүгүнүн бирдейлигин түзөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык "Президент - ... Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигин жетектейт"[162]. Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин Президент жүзөгө ашырат (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 89-беренесинин 1-бөлүгү). Президенттин статусунун маанилүүлүгү мамлекет башчысы (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66-беренесинин 1-бөлүгү) бир жагынан эң жогорку бийлик орган катары иш алып барса, экинчи жагынан, аткаруу бийлигине жетекчилик кылат.

Кыргыз Республикасынын Президентине мындай укуктун берилгендигининин бирден бир себеби мамлекеттик башкаруу формасынын өзгөргөндүгүндө. 2021-жылдын 11-апрелинде бүткүл элдик добуш берүүнүн (референдум) жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясы кабыл алынган. Конституция Кыргыз Республикасы Президенттик башкаруу формасын ишке ашырат деген ченемдерди камтыйт. Анткени Конституция боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти түз шайлоо формасы аркылуу жалпы эл тарабынан шайланат (Конституциянын 67-беренеси), Президент тарабынан мамлекет башчысы менен аткаруу бийлик органынын башчысы функцияларын айкалыштыруу (Конституциянын

[162] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Бишкек, 2021. 17-бет.

89-беренесинин 1-бөлүгү), Президент Министрлер Кабинетинин түзүмүн аныктайт (Конституциянын 89-беренесинин 2-бөлүгү), тең салмактуулук системасына негизделген бийликти бөлүштүрүү принцибинин болушу (Конституциянын 89-беренеси).

## 12.2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин курамы жана аны түзүүнүн тартиби

Министрлер Кабинети Президентке баш ийген жана отчет берген аткаруу бийлигинин жогорку коллегиалдуу органы болуп саналат. Министрлер Кабинети ага баш ийген органдардын ишин жетектейт.

Министрлер Кабинети өз ишинде төмөнкү негизги принциптерге негизденет:

1) адилеттиктин жана мыйзамдын үстөмдүгү;

2) Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн коллегиалдуулугу, жеке жоопкерчилиги;

3) коомго пайдалуулук;

4) мамлекеттик органдардын ортосундагы, ошондой эле мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы функцияларды жана ыйгарым укуктарды чектөө;

5) айкындык жана ачыктык;

6) өз иши үчүн Президенттин алдындагы жоопкерчилиги;

7) Конституцияда жана конституциялык Мыйзамда каралган формада Президентке жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине (мындан ары - Жогорку Кеңеш) отчеттуулугу.

Министрлер Кабинети өзүнө *министрликтерди жана мамлекеттик комитеттерди камтыйт.* Министрлер Кабинетинин түзүмүн Президент аныктайт. Министрлер Кабинетинин түзүмүн Министрлер Кабинетинин ишинин жүрүшүндө Президент жеке демилгеси боюнча же Министрлер Кабинетинин Төрагасынын сунушу боюнча

өзгөртүшү мүмкүн. Министрлер Кабинетинин түзүмүнүн өзгөрүшү Министрлер Кабинетинин кызматтан кетүүсүнө алып келбейт.

*Министрлик* - иштин тиешелүү чөйрөсүндө (тармагында) мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу, ишке ашыруучу жана башкарууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органы. Министрлер Кабинети министрликке тармактар аралык координациялоо функциясын жүктөөгө укуктуу.

*Мамлекеттик комитет* - иштин тиешелүү чөйрөлөрүндө (тармактарында) мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу, ишке ашыруучу жана бул максаттарда тармактар аралык координациялоону жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органы.

*Административдик ведомстволор* мамлекеттик органдар болуп саналат, алар Министрлер Кабинетинин Төрагасынын сунушу боюнча Президенттин чечимдери менен түзүлөт, жоюлат жана кайра уюшулат.

Административдик ведомстволор өз ишин Министрлер Кабинетинин алдында жана анын жетекчилиги астында жүзөгө ашырат жана Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипке ылайык мамлекеттик агенттиктер, мамлекеттик кызматтар жана мамлекеттик инспекциялар түрүндө түзүлөт.

*Мамлекеттик агенттик жана мамлекеттик кызмат* деп иштин тиешелүү чөйрөсүндө Министрлер Кабинетинин функцияларын жүзөгө ашыруучу административдик ведомстволор түшүндүрүлөт.

*Мамлекеттик инспекция* деп иштин тиешелүү чөйрөсүндө Министрлер Кабинетинин контролдоо жана инспекциялоо функцияларын жүзөгө ашыруучу административдик агенттик түшүндүрүлөт.

***Министрлер Кабинетинин курамы.*** Министрлер Кабинети Министрлер Кабинетинин Төрагасынан, анын орун басарларынан, министрлерден жана мамлекеттик комитеттердин төрагаларынан турат.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси (мындан ары - Министрлер Кабинетинин Төрагасы) Министрлер Кабинетинин ишин уюштурат, Министрлер Кабинетинин жыйналыштарын алып барат, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнө, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилерине тапшырмаларды берет, Президенттин жарлыктарынын, тескемелеринин жана Министрлер Кабинетине тапшырмаларынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (мындан ары - Жогорку Кеңеш) токтомдорунун ишке ашырылышын контролдойт, аткарылган иштер боюнча алардан отчетторду сурайт.

Министрлер Кабинетинин Төрагасын, анын орун басарларын, министрлерди жана мамлекеттик комитеттердин төрагаларын (мындан ары - Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү) Жогорку Кеңештин макулдугу менен Президент дайындайт.

Президент кызматка киришкен күндөн баштап 3 жумуш күндүн ичинде Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн талапкерлигин Жогорку Кеңешке макулдашууга киргизет.

Министрлер Кабинетинин иштеп жаткан курамы (айрым мүчөсү) кызматтан кеткен учурда Президент Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) талапкерлигин мындай кызматтан кетүүнү кабыл алган күндөн баштап 3 жумуш күндүн ичинде киргизет.

Жогорку Кеңеш 7 календардык күндүн ичинде Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн (айрым мүчөлөрүнүн) талапкерлигин карайт жана дайындоого макулдук берүү жөнүндө же макулдук берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алат. Эгерде Жогорку Кеңеш киргизилген талапкерлер боюнча чечимди белгиленген мөөнөттө кабыл албаса, анда алар макулдашылды деп эсептелет.

Министрлер Кабинетинин курамына (айрым мүчөсүнө) макулдашылган талапкерлер боюнча Президент аларды дайындоо жөнүндө жарлыкты 2 жумуш күндүн ичинде чыгарат. Эгерде Жогорку Кеңеш Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) дайындалышына макулдук берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алса, Президент 3 жумуш күндүн ичинде Жогорку Кеңешке башка талапкерлерди же мурда сунушталган талапкерлерди кайталап макулдашууга киргизет. Министрлер Кабинетинин Төрагасын дайындоого макулдук берүүдөн баш тартуу Министрлер Кабинетинин башка мүчөлөрүнүн талапкерлигин Жогорку Кеңеш тарабынан кароосунун токтотулушуна алып келет.

Жогорку Кеңеш Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) кайталап киргизилген же жаңы талапкерлигин 7 календардык күндүн ичинде карайт жана дайындоого макулдук берүү жөнүндө же макулдук берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алат. Эгерде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндөгү Конституциялык Мыйзамдын 6-беренесинин 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде Жогорку Кеңеш жаңы же кайталап киргизилген талапкерлерди карабаса же карап жана макулдук бербесе, анда Президент ушул мөөнөт аяктагандан кийин аларды Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) кызмат ордуна дайындоого укуктуу. Кызмат ордуна дайындалган Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары ант берген күндөн баштап пайда болот.

Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилери үчүн "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндөгү" Конституциялык Мыйзамда талаптар жана чектөөлөр белгиленген. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана Министрлер Кабинетинин башка

мүчөсүнүн, аткаруу бийлигинин башка органынын жетекчисинин кызмат орундарын жогорку билимге ээ, мамлекеттик же муниципалдык кызматта жалпысынан 10 жылдан кем эмес иш стажы бар, анын ичинде жетекчи кызмат орундарында 5 жыл, ошондой эле тийиштүү иш чөйрөсүндө 10 жылдан кем эмес жетекчилик иш тажрыйбасы бар адамдар ээлей алат.

Министрлер Кабинети өз ишинде Президент тарабынан аныкталуучу мамлекеттин ички жана тышкы саясатын ишке ашырууга Президенттин алдында отчет берет жана жооптуу.

Министрлер Кабинети жыл сайыл 1-майдан кечиктирбестен республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Жогорку Кеңешке отчет берет. Жогорку Кеңеш республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Министрлер Кабинетинин отчеттук угуунун жыйынтыктары боюнча канааттандырарлык эмес деп таанууга укуктуу. Отчет канааттандырарлык эмес деп таанылган учурда Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги Президент тарабынан каралат.

## 12.3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин актылары

Министрлер Кабинети актыларын токтом жана тескеме түрүндө чыгарат. Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актылары токтом түрүндө кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Президенттин жарлыктарын, тескемелерин, ошондой эле Президенттин Министрлер Кабинетине тапшырмаларын аткарууну уюштуруу максатында Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актылары (актылары), Министрлер Кабинетинин Төрагасынын актылары чыгарылат, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарларынын, Президенттин Администрациясынын башкармалыктарынын

начальниктеринин министрликтерге, административдик ведомстволорго жана аткаруу бийлигинин башка органдарына, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, Президентке караштуу мамлекеттик органдарга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тапшырмалары берилет.

Тапшырмаларды аткаруучуларга жеткирүү Президенттин Администрациясы тарабынан 2 күндүк мөөнөттө, ал эми шашылыш жана ыкчам тапшырмаларды - токтоосуз, бирок аларга кол коюлган учурдан тартып бир күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен камсыз кылынат.

Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актыларында (актыларында), Министрлер Кабинетинин Төрагасынын актыларында камтылган тапшырмалар аткаруучуларга актылардын көчүрмөлөрүн жиберүү аркылуу жеткирилет.

Министрлер Кабинетинин жыйналышына киргизүүгө пландалган Министрлер Кабинетинин актыларынын долбоорлору төмөнкүлөр менен алдын ала макулдашылат:

- токтомдордун долбоорлору - Юстиция министрлиги, Финансы министрлиги, Экономика жана коммерция министрлиги, кызыкдар мамлекеттик органдар менен;

- тескемелердин долбоорлору - Юстиция министрлиги, кызыкдар мамлекеттик органдар менен.

Юстиция министрлиги үчүн Министрлер Кабинетинин актыларынын долбоорлорун макулдашуу жана аларга экспертизалардын адистештирилген түрлөрүн жүргүзүү алар келип түшкөн күндөн тартып төмөнкү мөөнөттөрдөн ашпоого тийиш:

- токтомдордун долбоорлору - 10 жумуш күн (100 барактан ашкандар - 18 жумуш күн);

- тескемелердин долбоорлору - 3 жумуш күн.

Президенттин Администрациясы Министрлер Кабинетинин актыларынын долбоорлоруна өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укугу жок. Министрлер Кабинетинин актыларынын долбоорлорун киргизген мамлекеттик орган

Президенттин Администрациясында турган долбоордун концепциясына өзгөртүүлөрдү киргизбестен жеткире иштеп чыгууга жана аны чакыртып алууга укуктуу.

Министрлер Кабинетинин жыйналышында киргизүүгө Министрлер Кабинетинин актысынын долбоору боюнча акыркы чечим Министрлер Кабинетинин жыйналышында кабыл алынат.

Министрлер Кабинетинин токтомдору "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте күчүнө кирет жана расмий жарыялануга жатат. Министрлер Кабинетинин тескемелери, эгерде акттынын өзүндө башкача каралбаса, алар кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Министрлер Кабинетинде Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен анын компетенциясына киргизилген маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын (актыларынын) долбоорлору каралууга тийиш.

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тескемелери анын компетенциясына кирген маселелер боюнча чыгарылат.

Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилери алар тарабынан киргизилген жана макулдашылган Президенттин, Министрлер Кабинетинин же Министрлер Кабинетинин Төрагасынын актыларынын долбоорлорунун, ошондой эле Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Төрагасынын мыйзам чыгаруу демилгелеринин алкагында демилгеленген мыйзам долбоорлорунун мыйзамдуулугу, негиздүүлүгү жана аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартышат. Ошондой эле Президенттин жарлыктары, тескемелери, Министрлер Кабинетинин токтомдору жана тескемелери, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тескемелери Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында

министрликтер, мамлекеттик комитеттер, аткаруу бийлигинин башка органдары, башка мамлекеттик органдар, мекемелер жана уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары жана жарандар тарабынан аткарылууга милдеттүү.

Министрлер Кабинетинин ченемдик жана ченемдик эмес укуктук актыларын кабыл алуу тартиби, ошондой эле Министрлер Кабинетинин Төрагасынын мыйзам чыгаруу демилгесинин алкагында демилгеленген мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү тартиби ченемдик укуктук актылар жөнүндө мыйзамдар жана Министрлер Кабинетинин Регламенти[163] менен аныкталат.

Министрлер Кабинетинин токтомдоруна жана тескемелерине алар Президент төрагалык кылган Министрлер Кабинетинин жыйналыштарында кабыл алынган учурларды кошпогондо, Министрлер Кабинетинин Төрагасы кол коёт, ал эми ал жок болгон учурда - Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары кол коёт.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Аткаруу бийлиги деген эмне жана анын мамлекеттик бийлик системасындагы орду кандай?

2. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин конституциялык-укуктук статусу кандай?

3. Президенттик жана парламенттик республикалардагы аткаруу бийлигинин конституциялык - укуктук статусунун ортосунда кандай айырма бар?

[163] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин РЕГЛАМЕНТИ. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы № 233 токтому менен бекитилген. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/158642.

4. Министрлер Кабинетинин ишмердүүлүгү кандай жолго коюлган жана бул жерде Министрлер Кабинетинин Төрагасынын өзгөчө ролу кандайча көрүнүп турат?

5. Аткаруу бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин карым-катнашы жана алардын конституциялык ыйгарым укуктары.

6. Жергиликтүү мамлекеттик администрацияны уюштуруунун жана ишинин укуктук негиздери.

7. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын компетенциясы?

**1 – кейс – тапшырма:**

Семинарда аткаруу бийлик органдарынын системасын жана түзүмүн түзүү маселесин талкуулоодо магистрант А.Асанов иштеп жаткан жол-жобо укуктук жактан жеткилүктүү эмес, анткени ал Кыргыз Республикасынын мыйзам алдындагы актылары болуп саналган Президенттин Жарлыктарына негизделет деген пикирин билдирди. Аткаруу бийлигин уюштуруу "Аткаруу бийлигин уюштуруунун жана ишинин жалпы принциптери жөнүндө" атайын конституциялык мыйзамды иштеп чыгууну жана кабыл алууну талап кылат.

*Магистрант Асановдун пикирине баа бериңиз.*

*Аткаруу бийлик органдарынын системасын укуктук жактан жөнгө салуу боюнча өз көз карашыңызды билдириңиз.*

**2 – кейс – тапшырма:**

Асанова жаш кезинде соода техникумун бүтүрүп, көп жылдар бою соода ишканаларында, анын ичинде ири соода түйүнүнүн директору, андан кийин райондук администрациянын соода бөлүмүндө иштеп, өзүн иш билги, жоопту кызматкер катары көрсөтө алды. Асанованын «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» адистиги боюнча квалификациясын жогорулатуу факультетин аяктагандан кийин райондук мамлекеттик

администрациясынын башчысы-аким Асанованын көп жылдык кынтыксыз эмгегин эске алып, аттестациялык комиссиянын сунушу менен мамлекеттик жетекчи кызматка дайындалган. Бирок прокурор Асанованы бул кызматтан бошотуу боюнча аппараттын жетекчисине сунуш киргизген.

*Прокурор эмнеге мындай кылды?*

*Ченемдик – укуктук актылардын негизинде аныктаңыз.*

**3 – кейс – тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзам долбоорун киргизишти. Мыйзам долбоорун КР ЖК Аппараты каттоого алып, кийин КР ЖК комитетинин кароосуна жөнөттү. КР ЖК комитетинде Министрлер Кабинети демилгелеген мыйзам долбоорун коомдук талкууга койгон мезгилде талкуунун предметине тиешелүү маалыматтарды жарыялоого милдеттүү болгон финансылык-экономикалык эсептөөлөрдү, жүргүзүлгөн экспертизалардын корутундуларын жарыялабай калгандыгын негиз кылып мыйзам долбоорун демилгелөөчүгө кайтарып берүү тууралуу чечимин чыгарды.

Министрлер-Кабинети бул мыйзам долбоору коомчулук үчүн абдан керектүү укуктук акт экендигин комитеттин жыйынында билдирип, мыйзам долбоорун ушул жыйында карап берүүлөрүн талап кылышты. Себеби мыйзам долбоору КР «Ченемдик укуктук актылар жөнүндөгү» мыйзамынын 22-беренесине ылайык талкууга коюлгандыгын, финансылык-экономикалык эсептөөлөрдү, жүргүзүлгөн экспертизалардын корутундулары талкуунун предметине тиешелүү маалыматтарды жарыялоого милдеттүү эмес экендигин жана ал тууралуу Министрлер-Кабинетинин корутундусу бар экендигин белгилешти. Ошондой эле мыйзам долбоору КР ЖК Аппаратынан каттоодон өткөндүгү тууралуу тыянактарга токтолушту.

*Кабыл алынган чечим боюнча сиздер эмне демексиздер?*

*Чечим КР ЖК комитети тарабынан туура кабыл алындыбы? Эгерде «туура» же «туура эмес» десеңиздер анда эмне үчүн?*

*Ченем жаратуу иш-аракетинин субъекти талкуунун предметине финансылык-экономикалык эсептөөлөрдү, жүргүзүлгөн экспертизалардын корутундуларын жарыялоого милдеттүүбү?*

*Мүмкүн бул жерден башка эффективдүү чечим кабыл алуу болобу? Кандай негизде?*

*Бул мисал аткаруу бийлигин ишке ашыруудагы укуктук жөнгө салуунун касыл көйгөйлөрүн ачыктап жатат?*

# 13-глава. Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги

## 13.1. Кыргыз Республикасынын сот бийлигине конституциялык-укуктук мүнөздөмө

Сот бийлиги – мамлекеттик бийликтин бир бутагы. Бийликти бөлүштүрүү принцибин ишке ашыруунун зарыл шарты. Бийликтин калган эки бутагынын келишип кетишине жол бербөө, диктатуранын же авторитардык саясий режимдин пайда болушуна тоскоолдук кылуу

Конституциялык түзүлүштү сот тарабынан коргоо системасы кийин гана пайда болуп, бүгүнкү күндө өзүнүн калыптануу мезгилинде жана ал көптөгөн мамлекеттердин тажрыйбасы менен толукталууда. Дүйнөлүк практикада конституциялык көзөмөлдү үч түрдүү органдар ишке ашырышат: Жогорку Сот баш болгон жалпы соттор; конституциялык соттор.

Конституциялык көзөмөлдү жалпы соттор жүргүзгөн өлкөлөрдүн катарына: АКШ, Австралия, Индия, Канада ж. б. кирет. Бул система өтө ишенимдүү, чоң гарантияларды берсе да, анын иши өтө узак жана татаал. АКШнын Жогорку соту пайда болгондо эле мамлекеттик бийликтин бир бутагы катары чыгып, конгресстин жана штаттардын мыйзам чыгаруучу жыйындарынын мыйзамдарынын конституцияга дал келүүсү боюнча акыркы чечимдерди кабыл алып турган. 1789-ж. баштап, эки жүз жылдын ичинде кабыл алынган 85 миң мыйзам актыларынын ичинен 127 федералдык мыйзамдар жана 950 штаттардын мыйзамдары Жогорку Сот тарабынан антиконституциялык деп табылган[164]. Юридикалык жактан Жогорку соттун чечимдери биротоло деп эсептелип, кайра каралууга тийиш

[164] Конституционное право зарубежных стран: Учебник для К65 вузов / Под общ. ред. чл.-корр. РАН, проф. М. В. Баглая, д. ю. н., проф. Ю. И. Лейбо и д. ю. н., проф. Л. М. Энтина. — М.: Норма, 2004. — 436 с.

эмес. Ушул мааниде АКШнын Жогорку соту прогрессивдүү реформаларды ылдам жүргүзүүгө тоскоолдук кылышы да мүмкүн.

Францияда конституциялык көзөмөл 1958-ж. түзүлгөн, курамы тогуз кишиден турган, тогуз жылга шайланган Конституциялык кеңеш ишке ашырат. Парламенттин палаталарынын регламенттери, адам укугун жана эркиндигин ишке ашыруу максатындагы мыйзамдар милдеттүү түрдө көзөмөлгө алынат. Конституциялык кеңеш ратификациялануууга тийиш болгон эл аралык келишимдерди алдын ала карап чыгат, Республиканын президентин шайлоолорго жана рефередумдарды өткөрүүдө көзөмөл жүргүзөт[165]. АКШнын Жогорку Сотунан айырмаланып, Франциянын Конституциялык кеңеши мыйзамдарды өз алдынча жокко чыгара албайт. Мамлекеттик кеңеш аркылуу аракет кылат. Көзөмөлдөө милдетин Италияда 1953-ж. бери жашап келе жаткан Конституциялык сот ишке ашырат. Анын милдети – граждандардын аң-сезимине бийликтин алдында коргоо сезимин кийирүү. Россия мамлеккетинде федералдык түзүлүшкө ылайык, сот системасынын эки баскычтуу курамы түзүлгөн: федералдык соттор жана Россия Федерациясынын субъекттеринин соттору. *Федералдык сотторго:* Россия Федерациясынын Конституциялык соту; Россия Федерациясынын Жогорку соту; Россия Федерациясынын субъекттеринин жогорку соттору, жалпы юрисдикциядагы федералдык соттордун тутумун түзгөн райондук соттор, аскердик жана адистештирилген соттор; райондордун арбитраждык соттору, апелляциялык инстанциядагы арбитраждык соттор, Россия Федерациясынын субъекттеринин арбитраждык соттору жана федералдык соттордун тутумун түзгөн адистештирилген арбитраждык соттор. *Россия*

---

[165] Конституционное право зарубежных стран : учебное пособие / Э.А. Мамонтова. – Тамбов : Изд-во ФГБОУ ВПО «ТГТУ», 2013. – 45 с.

*Федерациясынын субъекттеринин сотторуна төмөнкүлөр кирет:* Россия Федерациясынын субъекттилеринин конституциялык (уставдык) соттору, Россия Федерациясынын субъекттеринин жалпы юрисдикциядагы соттор болуп саналган тынчтыктын судьялары[166].

Сот бийлигинин бийликти бөлүштүрүү тутумундагы негизги максаты - Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууда мыйзам чыгаруу жана укукту колдонуу чөйрөлөрүндөгү ишмердүүлүктү камсыз кылуу, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-бөлүмүнүн IV главасы сот бийлигине арналган, ал Конституциянын 4-беренесине ылайык сот адилеттигин ишке ашыруучу сот бийлигинен турган бийлик бутактарынын бири.

Алгач сот адилеттүүлүгү эмне экендигин түшүнүү керек. Кылмыш-жаза-укуктук доктринада сот адилеттүүлүгү тууралуу бирдиктүү түшүнүк жок. Сот адилеттигин аныктоодо көптөгөн ыкмалар бар. Сот адилеттиги - бул укук колдонуу же юрисдикциялык ишмердүүлүктү чагылдырган мамлекеттик ишмердүүлүктүн бир түрү. Ата-мекендик илимпоздордун пикири боюнча, сот адилеттиги – бул сот бийлиги ишке ашырылуучу мамлекеттин укук коргоо жана укук колдонуу ишмердүүлүгүнүн бир түрү[167].

Демек, *сот адилеттиги* – коомдун мүчөлөрүнүн ортосундагы, адам менен мамлекеттин ортосундагы ар кандай укуктук конфликттерди кароого жана чечүүгө багытталган, атайын мамлекеттик органдар – соттор

---

[166] Никулин, В. В. Конституционное право России : учебное пособие / В. В. Никулин, А. В. Пчелинцев. – Тамбов : Издательский центр ФГБОУ ВО «ТГТУ», 2019. – 80 с. Электрондук ресурс // https://www.tstu.ru/book/elib/pdf/2019/nikulin.pdf.

[167] Осмоналиев К.М., Супатаева Ж.Э. Научно-практический комментарий к Уголовному кодексу Кыргызской Республики. Пятое издание. – Б., 2014. – С.643.

тарабынан укуктук чаралар аркылуу ишке ашырылуучу мамлекеттик бийликти жүзөгө ашыруунун өзгөчө формасы (түрү).

Сот адилеттигинин мамлекеттик ишмердүүлүктүн башка түрлөрүнөн айырмасы, ал мыйзамда бекитилген жолдор менен гана жана ушул максаттар үчүн түзүлгөн атайын орган – сот тарабынан гана жүзөгө ашырылат.

Сот бийлигинин негизги өзгөчөлүктөрү катары буларды белигилмекчибиз:

- сот бийлигин соттор гана ишке ашырат;
- сот бийлиги так белгиленген процесстик формага ылайык сот өндүрүшүнүн төрт түрү аркылуу жүзөгө ашырылат: конституциялык, жарандык, кылмыш-жазыктык, административдик;
- сот бийлигинин чечимдери башка бийлик бутактары тарабынан каралышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасында сот адилеттигин соттор жүзөгө ашырат. Алар адамдын жана жарандын, юридикалык жактардын, коомдун жана мамлекеттин укуктарын жана эркиндиктерин, ошондой эле мыйзамдуу таламдарын коргоого, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мыйзамдарынын, башка ченемдик укуктук актыларынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдердин аткарылышын камсыз кылууга багытталган.

## 13.2. Кыргыз Республикасынын сот тутуму

1991-жылы Кыргызстан эгемендик алгандан бери улуттук сот тутумунун өнүгүүсүнүн жаңы жолу башталды. Бир катар заманбап идеялар жана демилгелер көтөрүлүп, сот реформасынын алгачкы кадамдарына жол ачылды. Бүгүнкү күндө сот реформасынын алкагында: соттордун ишин жакшыртуу, көз карандысыздыгын бекемдөө жана ачык-айкындуулукту камсыздоо үчүн жаңы мыйзамдар кабыл алынып, санариптештирүү кызуу жүрүүдө.

***Сот тутуму*** бул административдик-аймактык бөлүнүштү эске алуу менен алардын компетенциясына ылайык иерархиялык тартипте уюшулган Кыргыз Республикасында иштеп жаткан бардык соттордун жыйындысы.

Сот тутуму ачык-айкын жана анын иши жарандык коом тарабынан контролдоо үчүн жеткиликтүү болууга тийиш. Акыр аягында сот мамлекеттеги коомдук турмуштун айдыңына көз карандысыз, жеке таламдардан, саясый көшөкөрлөнүүдөн жана идеологиялык ынанымдардан оолак, мамлекетте мыйзамдын жана адилеттиктин кепили катары иштейт.

Сот – бул юридикалык сөздүк боюнча, мамлекеттин мыйзамдарында белгиленген процесстик тартипте жазык, жарандык, административдик жана башка айрым категориядагы иштерди кароо жана чечүү түрүндөгү сот адилеттигин жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган.

Конституцияда Кыргыз Республикасынын сот тутумуна кирген соттордун толук тизмеси камтылган. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын сот тутуму Конституция жана мыйзамдар менен түзүлөөрү белгиленет. Мындай мыйзамдар "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 133 Конституциялык Мыйзамы, «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 134 Конституциялык Мыйзамы, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 138 конституциялык Мыйзамы.

2021-жылдагы жүргүзүлгөн Конституциялык реформанын натыйжасында сот тутуму өзгөрүп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту калыбына келтирилди.

Сот бийлиги сот өндүрүшүнүн айрым түрлөрү аркылуу жүзөгө ашырылат деген 94-берененин 2-бөлүгүндө

камтылган көрсөтмө соттордун өзгөчө компетенциясына басым жасайт, ал процесстик ченемдер менен жөнгө салынат. Демек, адилеттүүлүктү башка бийликке тапшырууга болбойт. Кыргыз Республикасында кылмыш жазык, жарандык жана башка иштерди кароо жана чечүү мамлекеттик сот органдарынан башка соттор жок жана болушу мүмкүн эмес.

Сот адилеттигин Кыргыз Республикасынын атынан сот өндүрүшүнүн эрежелерин жана принциптерин сактоо менен конституциялык, жарандык, жазык, административдик жана башка иштерди сот жыйналышында кароо соттор аркылуу жүзөгө ашырат.

***Конституциялык сот*** өндүрүшүн жүзөгө ашыруунун тартиби 2021-жылдын 15-ноябрындагы №133 Кыргыз Республикасынын «Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзам менен аныкталат. Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык контролду жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын «Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын негизинде конституциялык контроль органы катары Конституциялык соттун функцияларын, компетенциясын жана ыйгарым укуктарын изилдөө зарыл. Анын негизги функциясы бүткүл мамлекетте Конституциянын үстөмдүгүн жана тикелей иштешин камсыз кылуу болуп саналат. Бул аныктама Конституциялык соттун негизги белгилерин чагылдырат: укуктук статусу – сот органы, функциясы – конституциялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруу, ишинин процесстик формасы – конституциялык сот өндүрүшү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95-беренесинин 5-бөлүгү Конституциялык соттун судьясынын кызмат ордуна талапкер үчүн негизги квалификациялык талаптарды белгилеген. Ошентип, Конституциялык соттун судьясынын кызмат ордуна ээ болуу төмөнкү талаптарга негизделет («Кыргыз Республикасынын судьяларынын

статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 15-ноябрындагы Конституциялык Мыйзамынын 19-беренеси):

- Кыргыз Республикасынын жараны;
- 40 жаштан жаш эмес, 70 жаштан улуу эмес;
- "Юриспруденция" адистиги боюнча жогорку юридикалык билим;
- юридикалык кесип боюнча 15 жылдан кем эмес иш стажы бар;
- мамлекеттик жана расмий тилдерди билүүсү.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Негизги Мыйзамды коргоо механизминин борбордук звеносу болуп саналат, ал ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүү жаатында өзгөчө компетенцияга ээ.

Конституциялык сот бардык башка бийликтерге көз карандысыз жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына (мындан ары - Конституция) гана баш иет. Көз карандысыздык, коллегиялуулук, ачык-айкындык, атаандаштык жана тараптардын тең укуктуулугу Конституциялык соттун ишинин негизги принциптери.

Конституциялык көзөмөл институту демократиялык конституциялык мамлекеттин ажырагыс атрибуту, Конституцияны укуктук коргоо механизминин негизги элементи.

***Жогорку сот*** жарандык, кылмыш-жаза, экономикалык, административдик жана башка иштер боюнча сот бийлигинин жогорку органы болуп саналат. Жогорку сот жергиликтүү жана башка сотторго карата соттук практиканы изилдөөнүн жана жалпылаштыруунун негизинде сот адилеттигинин маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берет, ошондой эле токтомдорду кабыл алат.

Жогорку сот Жогорку соттун төрагасынан, төраганын 3 орун басарынан жана 31 судьядан турат .

Төраганын орун басарлары төмөнкү соттук коллегиялардын төрагалары болуп саналат: кылмыш-жаза иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук

коллегия; жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегия; административдик иштер боюнча соттук коллегия. Коллегиялардан тышкары Жогорку соттун курамына Жогорку соттун пленуму кирет.

Жогорку соттун Пленуму Жогорку соттун төрагасынан, Жогорку соттун төрагасынын орун басарынан жана Жогорку соттун судьяларынан түзүлөт. Пленумдун ыйгарым укуктарына сот тажрыйбасын жана сот статистикасын иликтөөнүн жана жалпылоонун материалдарын карайт жана сотторго Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуу боюнча соттук тажрыйбанын маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү кирет. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуу боюнча соттук тажрыйбанын маселелери боюнча сотторго түшүндүрмө берүү жөнүндө маселелерди талкуулоодо мыйзамдарды колдонуу боюнча соттук тажрыйба жөнүндө жергиликтүү соттордун төрагаларынын жана судьяларынын маалыматын угушу мүмкүн.

Мындан тышкары, Жогорку Соттун алдында Илимий-консультативдик кеңеш – соттук практика боюнча далилдүү сунуштарды иштеп чыгуу боюнча кеңеш берүүчү орган бар.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы Жогорку соттун судьясынын кызмат ордуна талапкер үчүн негизги квалификациялык талаптарды белгилеген. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык Жогорку соттун судьясынын кызмат ордуна Курагы 40 жаштан кем эмес жана 70 жаштан жогору эмес, юридикалык жогорку билими жана юридикалык кесиби боюнча 15 жылдан кем эмес, анын ичинде судьялык кызматта 5 жылдан кем эмес иш стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны ээ боло алат.

Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын ичинен Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагалары Президент тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларынын орун басарлары Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларынын сунуштамасы боюнча Президент тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча сот тутумунун түзүмүнө ***жергиликтүү соттор*** кирмекчи.

*Жергиликтүү соттордун тутумун* төмөнкүлөр түзөт:

1) биринчи инстанциядагы соттор: райондук соттор, административдик соттор, шаардагы райондук соттор, шаардык соттор;

2) экинчи инстанциядагы соттор: облустук соттор, Бишкек шаардык соту.

Мыйзам ошондой эле жергиликтүү соттун судьясынын кызмат ордуна талапкер болууга тийиш болгон негизги талаптарды белгилейт:

- Кыргыз Республикасынын жараны;
- 30 жаштан жаш эмес жана 65 жаштан улуу эмес;
- "Юриспруденция" адистиги боюнча жогорку юридикалык билими же "магистр" академиялык даражасын ыйгаруу менен "Юриспруденция" адистиги боюнча жогорку билими барлар.
- Юридикалык кесипте 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы.

Жергиликтүү соттордун судьяларын дайындоонун тартиби «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-главасында каралган. Жергиликтүү соттордун судьялары конкурстук тандоодон өткөн жана Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш сунуштаган адамдардын ичинен Президент тарабынан дайындалат.

Жергиликтүү соттордун төрагалары жана төрагаларынын орун басарлары Жогорку соттун төрагасы тарабынан жергиликтүү соттордун судьяларынын ичинен 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Биздин өлкөдө соттордун ишин уюштуруудагы жана өзгөчөлүгүндөгү айрым айырмачылыктарга карабастан, сот тутумунун бирдиктүүлүгү мыйзам тарабынан кепилденген.

Сот тутуму жана судьялардын статусу жөнүндө конституциялык мыйзам Кыргыз Республикасынын сот тутумунун бирдиктүүлүгүн жарыялайт, ал бардык соттор жана судьялар үчүн бирдей болгон сот адилеттигинин принциптери, сот өндүрүшүнүн бирдиктүү формалары жана эрежелери, судьялардын статусунун бирдиктүүлүгүн мыйзамдарда бекемдөө жана бардык сотторду каржылоонун бирдиктүүлүгү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 94-беренесинин 3-бөлүгүндө мыйзам менен адистештирилген соттор түзүлүшү мүмкүн деген ченем көрсөтүлгөн.

Алсак, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 30-июлундагы № 135 «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Мыйзамына ылайык тараптардын макулдашуусу боюнча бейтарап соттор жарандык-укуктук мамилелерден келип чыккан, анын ичинде компетенттүү соттун карамагында турган инвестициялык талаш-тартыштарды, ошондой эле талаш-тартыштарды кошпогондо, салыктык талаш-тартыштарды кароо үчүн түзүлүшү мүмкүн.

Бейтарап сот - бул жеке арбитр же арбитрлер коллегиясы. Бейтарап териштирүүнүн негизги принциптери болуп тараптардын мыйзам жана бейтарап сот алдында тең укуктуулугу, бейтарап соттун чечимин атаандаштуулугу жана милдеттүү түрдө аткаруу саналат.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 5-июлундагы №113 «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында аксакалдар соттору түзүлүшү мүмкүн. Аксакалдар соттору - булар ыктыярдуу башталыштарда жана шайлануучулук жана өз алдынча башкаруу негизинде түзүлүүчү, белгиленген тартипте сот, прокурор, кылмыш иштерин кароо укугуна ээ башка укук коргоо органдары жана

алардын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча иштерди Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар. Аксакалдар соттору жарандардын, жергиликтүү кеңештердин чогулушунун чечими боюнча айылдык аймактардын, шаарлардын аймагында аксакалдардан - сый-урматка жана кадыр-баркка ээ болгон эркектер жана аялдардан уюштурулушу мүмкүн.

Атайын өзгөчө сотторду түзүүгө жол берилбейт. Өзгөчө сот – өзгөчө учурларда, мисалы, согуштук аракеттердин, өзгөчө кырдаалдын, мамлекеттик төңкөрүштүн шарттарында түзүлгөн атайын сот органы. Мында соттордун компетенциясы мыйзам чыгаруучунун каалоосу боюнча жеке иштерди, анын ичинде жеке адамдарга карата иштерди чечүүгө, же адатта соттор тарабынан чечилүүчү кандайдыр бир конкреттүү чыр-чатакты убактылуу кароого ыйгарым укук берилген башка атайын органдарга өткөрүлүп берилбейт дегенди билдирет. Соттор тарабынан сот адилеттигин жүзөгө ашыруучу ар кандай иштер Конституцияда белгиленгендей сот тутумунун юрисдикциясынан чыгарылбайт, анткени сот бийлигин сот гана жүзөгө ашыруу укугу бузулат, муну менен мыйзам чыгаруу же аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктары бузулат. Конкреттүү чыр-чатактарды чечүү үчүн органдардын өз каалоосу менен бийликти бөлүштүрүү принцибин буза турган ээнбаш чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгү болот. Өзгөчө сотторду түзүүгө мындай тыюу салуу негиздүү чара болуп саналат, анткени ал адамдын жана жарандын Конституцияда каралган укуктарын камсыз кылуунун маанилүү кепилдиктеринин бири болмокчу.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Сот бийлиги деген эмне жана ал мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтеринен эмнеси менен айырмаланат?

2. Сот бийлигинин негизги функциялары кандай?

3. Кыргыз Республикасында сот бийлигинин түзүмү кандай жана ал конституцияда жана башка ченемдик укуктук актыларда кандай бекитилген?

4. Соттордун статусу эмне менен мүнөздөлөт?

5. Кыргыз Республикасынын сот бийлигин уюштуруунун жана ишинин конституциялык-укуктук принциптери кандай?

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун укуктук статусу кандай?

7. Кыргыз Республикасынын конституциялык сот адилеттиги кандай ишке ашат?

8. Кыргыз Республикасында жергиликтүү сотторду уюштуруунун жана ишинин укуктук негиздерин аныктаңыз.

9. Соттук өз алдынча башкаруу органдары кандай иштейт?

10. Эл аралык актылардын жана улуттук мыйзамдардын ченемдери менен жөнгө салуу бөлүгүндө адилет соттук териштирүү укугунун мазмунун караңыз. Тереңирээк талдоо үчүн сиз мыйзамдын өзүнчө аспектисин талдаңыз (мисалы, сотко кайрылуу укугу, судьянын алдына тез арада келүү укугу, күбөнү суракка алуу укугу ж.б.).

**1 – кейс – тапшырма:**

Сиз сот болгонго чейин бойдон алдыруу көйгөйлөрүндөгү көз карашыңыз менен шайланган белгилүү саясатчы болгонсуз. Ал эми судьялык кызматка бекилген мезгилде мыйзамсыз бойдон алдыруу боюнча айыпталган дарыгердин иши боюнча сиз судья болуп дайындалдыңыз. Ал күнөөсүн четке кагып эч моюнуна албайт.

*Сиз үчүн бул ишти кароо кандай болуусу мүмкүн?*

**2 – кейс – тапшырма:**

Райондук соттун төрагасы беш жылдык ыйгарым укуктары аяктаган райондук соттун судьясы М. Исаевге кайрылып, КР Кылмыш-жаза кодексинин 280-беренеси (бейбаштык) боюнча кылмыш ишин кароону тапшырган. Исаев М. бул ишти сот жыйынында карап, айыптоо өкүмүн чыгарды.

*Соттун иш - аракети туура болдубу?*

*Бул маселени чечүүнүн негизинде адилеттүүлүктүн кандай принциби жатат?*

*Бул маселе боюнча позицияңызды айтыңыз.*

**3 – кейс – тапшырма:**

Г. Каниетова аттуу жаран күйөөсүнүн өлүмүнүн фактысы боюнча кылмыш ишин токтотуу жөнүндө шаардык прокуратуранын чечимине даттануу менен Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна арыз менен кайрылган. Кайрылуусунда анын тергөөнүн жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча объективдүү маалыматтарды алуу боюнча конституциялык укугу бузулгандыгы менен негиздеген.

*Бул маселе Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун компетенциясына киреби?*

*КРнын Конституциялык сотунун реабилитациялоочу эмес жагдайлар боюнча жазык ишин токтотуу жөнүндө КР Кылмыш-жазык-процесстик кодексинин ченемдеринин конституциялуулугу боюнча практикасын талдаңыз.*

*Бул маселе боюнча позицияңызды айтыңыз.*

**4 – кейс – тапшырма:**

Мамаева 4 жыл Бишкек шаардык соттунда сот отурумунун катчысы болуп иштеп, ошол эле учурда университеттин юридикалык факультетинде окуган. Жогорку окуу жайын бүтүп, бакалавр даражасын алгандан кийин Бишкек шаардык соттунун төрагасынын атына жогорку окуу жайын бүтүргөндүгүнө жана юриспруденция

боюнча жогорку билими тууралуу дипломго ээ болгондугуна байланыштуу судьялык кызматка которуу жөнүндө арыз жазган.

*Кыргыз Республикасынын Конституциясында, конституциялык мыйзамдарда каралган судьяларды дайындоо боюнча квалификациялык талаптарын окуңуз.*

*Жагдайга баа бериңиз.*

*Кантип сот болуу керектиги жөнүндө кыскача эссе даярдаңыз.*

# 14-глава. Кыргыз Республикасынын атайын статусу бар мамлекеттик бийлик органдары

## 14.1. Кыргыз Республикасынын башкы прокуратурасы

Прокуратура укук коргоо системасында өзгөчө орунду ээлейт, анткени ал мамлекеттик бийлик тутумунда салыштырмалуу өз алдынча позицияга ээ.

Прокуратура колдонуудагы Конституцияга ылайык өз алдынча, көз карандысыз орган. Ал мыйзам чыгаруу бийлигине да, аткаруу бийлигине да, сот бийлигине да кирбейт.

«Прокуратура» термини латындын “procure” деген сөзүнөн келип чыккан, бул – алдын алам, камсыз кылам, кам көрөм дегенди билдирет .

"Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 10-сентябрындагы № 114 конституциялык Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын прокуратурасы мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун биримдигин жана чыңдалышын, ошондой эле инсандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарынын корголушун камсыз кылуучу мамлекеттик орган[168].

Конституциянын 105-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын прокуратурасы мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзөт.

«Көзөмөл» термини мыйзамдуулукту камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ишинин формаларынын бирин билдирет .

[168] Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы 2021-жылдын 10-сентябры № 114// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112293/10?cl=ky-kg&mode=tekst.

*Прокурордук көзөмөл* - адамдын укуктарын коргоо боюнча кызмат кылган, тергөө органдары тарабынан мыйзамдарды так, туруктуу жана бирдей аткарууга, аныкталган мыйзам бузууларды өз убагында четтетүү боюнча чараларды көрүүгө, жарандарды мыйзамдарды урматтоого, укук бузбоого тарбиялоого багытталган ыкмалар менен укук тартибин камсыз кылуучу мамлекеттик-укуктук институт. Прокурор көзөмөлдүк функцияны жүзөгө ашырууда тергөө процессине катышкан органдын процесстик абалына карабастан, жол берилген мыйзам бузууларды четтетүүгө жана бул үчүн күнөөлүүлөрдү аныктоо жана жазалоо боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

Көзөмөл предмети болуп аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары жана тизмеси "Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында аныкталган башка мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясын сакталуусу, мыйзамдардын так жана бирдей аткарылуусу саналат.

Ошондой эле прокурордук көзөмөлдүн предмети жасалган кылмышка иш жүзүндө катышы жок адам кармалган учурда адамдын жеке эркиндигине жана кол тийбестигине негизсиз кол салуудан коргоого багытталган аракеттердин мыйзамдуулугу жөнүндө маселе болууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык прокурордук көзөмөл аткаруу бийлик органдарынын, башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамдарды так жана бирдей аткаруусуна, изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашыруучу органдардын мыйзамдарды сактоосуна,

тергөөнүн жана алгачкы текшерүүнүн мыйзамдуулугуна, жазык иштери боюнча соттук чечимдерди аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо мүнөзүндөгү чараларды колдонууда мыйзамдардын сакталышына жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында прокурордук көзөмөлдү Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы (мындан ары - Башкы прокуратура), Кыргыз Республикасынын аскер прокуратурасы (мындан ары - аскер прокуратурасы), областтардын, Бишкек жана Ош шаарларынын прокуратуралары, райондук (шаардык) жана аларга теңдештирилген адистештирилген прокуратуралар, гарнизондордун аскердик прокуратуралары аркылуу жүргүзүлөт.

Башкы прокуратура Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын жогорку органы болуп саналат, ага Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган тартипте Кыргыз Республикасынын Президенти кызмат ордуна дайындоочу жана кызмат ордунан бошотуучу Башкы прокурор башчылык кылат.

Башкы прокурордун биринчи орун басары, орун басарлары болот, аларды Кыргыз Республикасынын Президенти Башкы прокурордун сунушу боюнча кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот.

Башкы прокурордун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү - 7 жыл, областтардын, шаарлардын, райондордун прокурорлорунуку жана аларга теңдештирилген прокурорлордуку - 5 жыл.

Областтардын, шаарлардын, райондордун прокурорлору жана аларга теңдештирилген прокурорлор бир административдик-аймактык региондо өзүнүн кызмат ордун бир мөөнөттөн ашык ээлей албайт.

Прокуратура органдарында кеңеш берүүчү орган катары прокуратура органдарындагы коллегия түзүлөт.

Коллегиянын курамына тийиштүү прокуратуранын прокурору (төрага), анын орун басарлары (кызмат орду боюнча) жана башка прокурорлор кирет.

Башкы прокуратуранын коллегиясынын курамын Башкы прокурор бекитет. Ал эми, баш ийген прокуратуралардын коллегияларынын курамын тийиштүү прокурорлордун сунуштары боюнча Башкы прокурор бекитет.

Коллегия мыйзамдуулуктун абалы, Башкы прокурордун буйруктары менен тескемелеринин аткарылышы, кадрларды тандоо, жайгаштыруу жөнүндө маселелерди карайт, прокурорлордун, түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилеринин отчетторун жана прокуратура органдарынын уюштурулушунун жана иштөөсүнүн башка маселелерин угат.

Өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда прокурор төмөнкүдөй прокурордук чара көрүү актыларын колдонот: каршылык билдирүү, сунуштама, талап кылуу, эскертүү, токтом, көрсөтмө, сотко арыз, соттук актыга даттануу жөнүндө сунуштама.

## 14.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

Банк (англисче: bank) акча каражаттарын жана жыйымдарды жыйноо, кредит берүү, акча эсептешүүлөрүн жүргүзүү, акча, баалуу кагаздар эмиссиясын, мамлекеттер, ишканалар (фирмалар), мекемелер жана айрым адамдардын ортосунда өз ара төлөмдөргө жана эсептешүүлөргө ортомчулук иштерин жүзөгө ашыруучу өзгөчө экономикалык институт. Банк коомдо товар-акча мамилелеринин негизинде пайда болот жана өнүгөт[169].

Улуттук (Борбордук) банк Кыргыз Республикасынын банкы (Кыргызстан Банкы, Кыргыз Банкы) болуп саналат жана анын менчигинде турат.

---

[169] https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%91%D0%B0%D0%BD%D0%BA

Улуттук банктын ишинин максаты болуп тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баалардын туруктуулугуна жетишүү жана аны кармап туруу саналат.

Улуттук банктын ишинин максаттарына жетүүгө өбөлгө түзүүчү негизги милдеттер болуп республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө көмөк көрсөтүү үчүн улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоо, Кыргыз Республикасынын банктык жана төлөм системаларынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу.

Мамлекет Улуттук банктын өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда көз карандысыздыгына кепилдик берет. Улуттук банктын мыйзамдуу ишине мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

Улуттук банктын капиталы уставдык капиталдан, милдеттүү резервден, активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоо боюнча резервден, бөлүштүрүлбөгөн пайдадан же чыгымдан турат. Улуттук банктын 4 (төрт) миллиард сом өлчөмүндөгү уставдык капиталы бар. Улуттук банк өзүнүн уставдык капиталын ээликтен ажырата албайт же күрөөгө коё албайт.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банк системасын, банктарды, банктык топторду, банктык эмес финансы-кредит уюмдарын жана Улуттук банктын көзөмөлү алдындагы башка юридикалык жактарды, анын ичинде төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун лицензиялоо (уруксат документтерин берүү), жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укукка ээ.

Улуттук банк атайын мыйзамдарга жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык банктардын, банктык топтордун, банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Улуттук банктын көзөмөлү алдындагы башка юридикалык жактардын ишин лицензиялоо (уруксат документтерин берүү) боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруунун алкагында:

1) лицензиялоо (уруксат документтерин берүү) тартибин аныктайт жана акционерлерге (катышуучуларга) карата талаптарды белгилейт;

2) акцияларды (үлүштөрдү) сатып алуу же капиталга чектүү катышуу, уюштуруу документтерине өзгөртүүлөрдү макулдашуу тартибине карата талаптарды белгилейт;

3) кызмат адамдарына жана башка кызматкерлерге карата талаптарды белгилейт.

Мындан тышкары Улуттук банк жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети экономикалык жана акча-кредит саясаты маселелери боюнча бири-бирине өз учурунда маалымдашат жана дайыма өз ара консультацияларды жүргүзүшөт.

Улуттук банк жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети финансы секторунун туруктуулугун камсыз кылуу үчүн кризистик кырдаалдар келип чыккан учурда кризиске каршы чараларды көрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу ведомстволор аралык консультативдик-кеңешме органдын алкагында өз ара аракеттенишет.

Улуттук банкка Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине кредиттерди жана кепилдиктерди берүүгө, анын ичинен республикалык бюджет тартыштыгын каржылоо үчүн кредиттерди жана кепилдиктерди берүүгө тыюу салынат.

Улуттук банктын башкаруу органдары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Улуттук банктын Башкармасы - жогорку башкаруу органы;

2) Улуттук банктын төрагасы - жогорку аткаруучу кызмат адамы.

Улуттук банктын Башкармасы - Улуттук банктын ишинин негизги багыттарын аныктоочу жана Улуттук банктын ишине жалпы жетекчилик кылуучу коллегиялык орган.

Улуттук банктын Башкармасынын курамына Улуттук банктын төрагасы, төраганын үч орун басары жана Улуттук банктын Башкармасынын үч мүчөсү кирет. Улуттук банктын Башкармасы туруктуу негизде иштейт.

Улуттук банктын Башкармасынын иши дайыма, бирок айына бир жолудан кем эмес жыйналыш өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Анын жыйналышы, эгерде анда Улуттук банктын Башкармасынын тизмедеги курамынын көпчүлүгү катышса, ыйгарым укуктуу (кворум) болуп саналат. Улуттук банктын Башкармасынын чечимдери, эгерде алар үчүн Улуттук банктын Башкармасынын тизмедеги курамынын көпчүлүгү добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет. Жыйналышты Улуттук банктын төрагасы алып барат. Ал жок болгон учурда Улуттук банктын Башкармасынын жыйналышын Улуттук банктын төрагасынын орун басарларынын бири алып барат.

Улуттук банктын төрагасынын, төраганын орун басарларынын жана Башкармасынын мүчөлөрүнүн кызмат орундарына Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган, кынтыксыз абройго, зарыл болгон квалификацияга, финансы-экономика же юридика чөйрөсүндө кесиптик тажрыйбага ээ адамдар дайындалышы мүмкүн.

Улуттук банктын төрагасы Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан жети жылдык мөөнөткө шайланат.

Улуттук банктын төрагасынын орун басарлары жана Башкармасынын мүчөлөрү Улуттук банктын төрагасынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан жети жылдык мөөнөткө дайындалат.

## 14.3. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиясы

Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасын төмөнкүлөр түзөт:

1) Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы);

2) шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча аймактык шайлоо комиссиялары: Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча - райондук жана шаардык шайлоо комиссиялары (мындан ары - аймактык шайлоо комиссиялары);

3) шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча участкалык шайлоо комиссиялары (мындан ары - участкалык шайлоо комиссиялары).

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын конституциядагы белгилениши мамлекеттик механизмдин иштеши, демократиянын конституциялык принциптеринин ишке ашырылышы, мыйзамдуулуктун жана жарандык коомдун калыптанышы жана бекемделиши, демократиянын өнүгүшү менен түшүндүрүлөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын колдонуудагы редакциясында Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссияны түзүү маселелери 80-берененин 3-бөлүгүнүн 6-пунктунда 70-берененин 5-бөлүгүнүн 3-пунктунда көрсөтүлгөн. Аталган беренелерге ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн: анын курамынын жарымын - Кыргыз Республикасынын Президентинин (мындан ары - Президент) сунуштамасы боюнча, курамынын экинчи жарымын өз демилгеси менен бир жыныстагы адамдардын жетимиш пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эсепке алуу менен шайлайт. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү болуп 25 жашка чыккан, активдүү шайлоо укугуна ээ, жогорку билими бар Кыргыз

Республикасынын жараны болалат. Конституциялык Мыйзамда каралган учурларга ылайык аларды кызмат ордунан бошотот.

2021-жылдын 26-июнундагы № 79 “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы боюнча Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуучу жана шайлоо комиссияларынын тутумуна башчылык кылуучу туруктуу иштеген мамлекеттик бийликтин көз карандысыз органы болуп саналат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын курамы беш жылдык мөөнөткө түзүлөт жана комиссиянын он эки мүчөсүнөн турат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын иштеп жаткан курамынын ыйгарым укуктары анын биринчи жыйналышы болгон күндөн тартып башталат жана Борбордук шайлоо комиссиясынын жаңы курамынын биринчи укук ченемдүү жыйналышынан кийин токтотулат.

Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын токтотулгандыгына же таркатылганына, ошондой эле Президенттин ыйгарым укуктарынын токтотулгандыгына же мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгына байланыштуу Борбордук шайлоо комиссиясынын курамынын иши анын ыйгарым укуктары бүткөнгө чейин токтотулушу мүмкүн эмес.

Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясынын курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо өнөктүгүнүн, референдум өнөктүгүнүн учурунда бүткөн учурда, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ошол

шайлоо өнөктүгү, референдум өнөктүгү аяктаганга чейин узартылат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын биринчи жыйналышы, эгерде ага Борбордук шайлоо комиссиясынын белгиленген курамынын үчтөн экиден кем эмеси катышса укук ченемдүү болуп саналат жана аны курагы боюнча мүчөлөрүнүн улуусу алып барат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышы (мындан ары - жыйналыш) төрага тарабынан, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн биринин талабы боюнча чакырылат.

Жыйналыш шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, талапкердин, саясый партиянын, коммерциялык эмес уюмдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, талапкерлер, демилгечи топтордун мүчөлөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар жыйналышка катышууга укуктуу.

Борбордук шайлоо комиссиясы жыйналыштарында каралып жаткан маселелер боюнча чечим кабыл алынат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын регламентин кабыл алуу, шайлоолорду, референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү каржылык жактан камсыз кылуу, талапкерлерди, талапкерлердин, демилгечи топтордун тизмесин каттоо жөнүндө, талапкерлерди, талапкерлердин, демилгечи топтордун тизмесин каттоону жокко чыгаруу тууралуу, талапкерлерди, талапкерлердин, демилгечи топтордун тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө, шайлоонун, референдумдун натыйжалары тууралуу, шайлоону же референдумду болгон жок же анык эмес деп таануу, кайталап добуш берүү же кайрадан шайлоо өткөрүү жөнүндө, төмөн турган шайлоо комиссияларын таркатуу, Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын, төрагасынын орун басарларын кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда

бошотуу жөнүндө маселелер боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жыйналышта Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын добуштарынын үчтөн экиси менен кабыл алынат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын башка маселелер боюнча чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Төрагалык кылуучу жарыя кылган бардык маселелер боюнча добуш берүүнүн натыйжалары жыйналыштын протоколуна киргизилет.

Борбордук шайлоо комиссиясын финансылоо кезектеги каржылык жылга республикалык бюджетте өзүнчө сап менен каралат.

Борбордук шайлоо комиссиясы акча каражаттарын чыгымдардын бекитилген сметасына ылайык бөлүнгөн каражаттардын чегинде шайлоону, референдумду өткөрүүгө чыгымдайт. Борбордук шайлоо комиссиясы төмөн турган шайлоо комиссияларынын чыгымдарын борбордоштурулган тартипте төлөй алат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө республикалык бюджеттин каражаттарын чыгымдоо жөнүндө финансылык отчету жарыялоонун расмий булактарында, Борбордук шайлоо комиссиясынын бюллетенинде жана расмий сайтында шайлоонун, референдумдун натыйжалары жарыяланган күндөн тартып үч айдан кечиктирбестен жарыяланат.

### 14.4. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы

Колдонуудагы Конституциянын 108-беренесине ылайык Эсептөө палатасы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына, бюджеттен тышкаркы каражаттарга, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышына аудит жүргүзөт.

*Аудит* - көз карандысыз жана кесипкөй баа берүү, ошондой эле аудит жүргүзүүчү субъект тарабынан даярдалган маалыматтын тууралыгы жана ишенимдүүлүгү жөнүндө отчет берүү.

Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз каранды эмес жогору турган органы болуп саналат. Ал эми *мамлекеттик аудит* - аудит боюнча мамлекеттик бийлик органынын мамлекеттик ресурстарды (финансылык, материалдык ж.б.) башкаруу боюнча ишмердиги, анын максаты мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун натыйжалуулугу, финансылык отчет түзүүнүн жана бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн тууралыгы финансылык тартип бузуулардын алдын алуу болуп эсептелет.

Аудиттин финансы аудити, шайкеш келүү аудити жана натыйжалуулук аудити сыяктуу түрлөрдөн турат.

*Финансы аудити* - аудиторго бардык финансы отчеттуулугу мыйзам талаптарына жана бухгалтердик стандарттарга ылайык даярдалгандыгы жөнүндө пикирин билдирүүгө мүмкүндүк берген аудит объектинин финансы отчеттуулугун жана эсепке алуу системасын изилдөө жана талдоо.

*Шайкеш келүү аудити* - аудит объекти тарабынан анын ишин жөнгө салган мыйзамдарды сактоосуна баа берүү.

*Натыйжалуулук аудити* - аудит объектинин ишинин үнөмдүүлүгүн, өндүрүмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун изилдөө жана талдоо.

Эсептөө палатасынын ишинин негизги максаты аудит жана аудиттин натыйжалуулугу: республикалык бюджеттин аткарылышына, жергиликтүү бюджетти, бюджеттен тышкаркы жана атайын каражаттарды түзүүгө жана аткарууга, мамлекеттик жана муниципалдык менчикти пайдаланууга баа берүү, мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарын камсыз кылуу жана ишке ашыруу болуп саналат.

Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын бардык мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларынын, уюмдарынын жана мекемелеринин мамлекеттик аудитору болуп саналат.

Эсептөө палатасынын ыйгарым укугу мамлекеттик жана/же муниципалдык катыштын чоң үлүшү бар менчиктин жеке жана башка түрүндөгү ишканаларга жана уюмдарга жайылтылат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдүү комитетинин же Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшыруусу боюнча Эсептөө палатасы мамлекеттин катышуусунун үлүшү 10 пайыз жана андан ашыкты түзгөн ишканалардын жана уюмдардын натыйжалуулугунун аудитин жүргүзө алат.

Эсептөө палатасы өз ишин төмөнкү принциптердин негизинде жүзөгө ашырат:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын үстөмдүгүнүн;

2) мыйзамдуулуктун так сакталышынын;

3) мамлекеттин таламдарын, жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун;

4) объективдүүлүктүн, аныктыктын жана чынчылдыктын;

5) инсандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарына каршы келбеген өлчөмдө жана жашыруундуулук режимин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен корголгон башка маалыматтарды эске алуу менен ачыктыктын жана айкындуулуктун;

6) купуялуулуктун;

7) финансылык, функционалдык жана уюштуруучулуктун көзкарандысыздыгынын;

8) кесиптик компетенттүүлүктүн жана тийиштүү тыкандуулуктун;

9) коллегиалдуулуктун;

10) кесиптик стандарттарды жолдоонун;

11) кесиптик этиканы жана мамлекеттик кызматчылардын этикасын бекем сактоонун.

Эсептөө палатасы Эсептөө палатасынын тогуз аудиторунан, алардын курамынан дайындалган Эсептөө палатасынын төрагасынан, аппаратынан жана анын аймактык бөлүмчөлөрүнөн түзүлөт.

Эсептөө палатасынын түзүмү, мамлекеттик кызматчыларынын чектелген штаттык саны жана штаттык ырааттамасы Эсептөө палатасынын ишин жүзөгө ашыруу үчүн тиешелүү жылга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган каражаттардын чегинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тармактык комитетинин макулдугу менен Эсептөө палатасынын төрагасы тарабынан бекитилет.

Эсептөө палатасынын жогорку органы болуп Эсептөө палатасынын төрагасынан жана Эсептөө палатасынын аудиторлорунан турган Эсептөө палатасынын Кеңеши эсептелет.

Эсептөө палатасынын Кеңеши зарылчылыгына жараша Эсептөө палатасынын төрагасы же Эсептөө палатасынын аудиторлорунун үчтөн биринин талабы боюнча, бирок айына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

Эсептөө палатасынын Кеңешинин жыйналышы эгерде ага Эсептөө палатасынын курамынын жарымынан көбү катышса, укуктуу болуп саналат.

Эсептөө палатасынын Кеңешинин чечими токтом түрүндө кабыл алынат жана ага Эсептөө палатасынын Кеңешине төрагалык кылуучу кол коет.

Эсептөө палатасынын төрагасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайланган Эсептөө палатасынын аудиторлорунун арасынан Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат.

Эсептөө палатасынын төрагасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана жергиликтүү

кеңештердин депутаты, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мүчөсү, саясий партиянын мүчөсү (болбосо партиядагы мүчөлүгү токтотула туруусу керек) боло албайт, окутуучулук, илимий жана башка чыгармачылык иштен тышкары ишкердик жана башка акы төлөнүүчү ишти жүргүзө албайт.

Жогорку билимдүү жана мамлекеттик аудит жана контроль, экономика, финансы жана укук жаатында 7 жылдан кем эмес кесиптик тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын жараны Эсептөө палатасынын аудитору боло алат. Аудиторлор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайланат.

Эсептөө палатасы республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча аудит жана аудиттин натыйжалуулугу жөнүндө ар жылдык отчетту даярдайт жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберет.

Эсептөө палатасы жергиликтүү бюджеттин жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорунун аткарылышы боюнча аудит жана аудиттин натыйжалуулугу жөнүндө маалыматты жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жөнөтөт.

Эсептөө палатасынын төрагасы жыл сайын Эсептөө палатасынын иштери тууралуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берет.

Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан башка учурлар белгиленбесе, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берилген бардык отчеттор бир айдын ичинде жарыяланышы керек. Милдеттүү түрдө жарыяланууга тийиш болгон иш жөнүндөгү маалымат Эсептөө палатасы тарабынан жалпыга маалымдоо каражаттарына дайыма берилип турмакчы.

## 14.5. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен)

Бул институттун пайда болушунун өбөлгөлөрү Байыркы доордо Греция жана Байыркы Римде пайда болгон, ал жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого тиешелүү документтердин жоболорун аткаруу үчүн контролдукту орнотууга жасалган биринчи аракет болгон. Биздин заманга чейин 509-жылы Афинада администрацияга контролдукту жана көзөмөлдү ишке ашырууга ыйгарым укуктар архон-эпонимге таандык болгон. Байыркы убактагы заманбап омбудсмендин прототиби жолу грек гелиэясы болгон, анын негизги милдети сот чечимдери боюнча арыздарды кароо жана администрацияга контролдукту ишке ашыруу. Бул институттун өнүгүүсүнүн кийинки этабы биздин заманга чейинки 494-жылы Байыркы Римде сенаттын чечимине нааразылык билдирүү, ошондой эле магистраттардын чечимдерине вето коюу укугуна ээ болгон элдик трибуналардын позициялары. Мындан тышкары, алар аталган аткаминерлерди кармап кетиши мүмкүн эле[170].

Азыркы тарыхта акыйкатчы институту Швецияда пайда болгондугу белгилүү. XIX кылымдын башындагы социалдык шарттардын өзгөрүшү Швецияда конституциялык ченемдердин пайда болушуна салым кошкон. Королдун кеңири ыйгарым укуктарын парламенттин ыйгарым укуктары менен теңдештирүү максатында акыркыга парламенттин мыйзам актыларынын соттор жана башка бийлик органдары тарабынан сакталышын көзөмөлдөө үчүн атайын парламенттик комиссарды (Омбудсменди) шайлоо укугу берилген. Бул органга аткаруу бийлигинин жана башка органдардын ишмердүүлүгүнө конституциялык көзөмөл жүргүзүү

[170] Румянцев Н. В., Эриашвили Н. Д., Хазов Е. Н. Организация и деятельность полиции (милиции) зарубежных государств: учебник. М., 2013.

функциялары ыйгарылган, ошондой эле жарандардын укуктарын башкаруунун өзүм билемдигинен коргоону жакшыртууга салым кошкон. Мындай органды түзгөн экинчи өлкө Финляндия болду. Андан кийин бул институт Дания, Норвегия, Жаңы Зеландия, Улуу Британия ж.б. мамлекеттерде түзүлдү. Акыйкатчы институтун түзүү идеясы Европанын, Американын, Азиянын, Африканын көптөгөн өлкөлөрүндө, унитардык мамлекеттерде да, федерацияларда да кеңири жайылган[171].

Ошентип, 1953-жылы Данияда мамлекеттин жарандык жана аскердик башкаруу органдарынын ишин контролдоо үчүн Омбудсмен институту түзүлгөн. Даниянын укук системасы англо-америкалык жана европалык континенттердин укуктук маданиятына жакыныраак экендигинен, Даниялык модель дүйнөдөгү эң мыктылардын бири экендиги менен таанылды. Даниянын Омбудсмениниин чечимдери жана башка формалары кеңеш берүүчү мүнөзгө гана ээ болуп, бул кызмат адамынын ыйгарым укугунда болсо императивдик элементтердин бар экендиги белгилүү[172].

Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, Акыйкатчы институту үч түрдүү жол менен бекитилет: конституциялык жоболордун негизинде, кийинчерээк мыйзамдарда иштелип чыккан; атайын законду кабыл алуунун натыйжасында, анан кийинчерээк конституциялык деңгээлде бекитүү; Конституциянын негизинде атайын мыйзамдын негизинде.

Каралып жаткан институтту түзүүнүн биринчи моделине, Швеция, Венгрия, Испания, Дания жана башка өлкөлөр кирет. Экинчиге - Португалия, Польша жана башкалар, ал эми үчүнчү модель Франция, Австралия, Улуу

[171] Симановский С.И. Институт Омбудсмена и его роль в политической системе общества. Вестник БДУ. Сер.3. 2013. №1. С. 87 (87-90)

[172] Хазов Е. Н. Конституционные гарантии прав и свобод человека и гражданина в России: теоретические основы и проблемы реализации: автореф. дис. … д-ра юрид. наук. М., 2011.

Британия, Американын кээ бир штаттары жана башкалар мүнөздүү.

Акыйкатчы институтун башкаруунун ар кандай формалары бар өлкөлөрдө пайда болушу чыныгы демократиянын өнүгүүсүнүн принциптерин жана баалуулуктарын көрсөтөт, мамлекет жана алардын кызмат адамдары ыйгарым укуктарын ишке ашырууда адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин башкы орунга коёт.

Кыргыз Республикасында адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу институттун түзүлүшү демократиялык реформалардын эң маанилүү жетишкендиктеринин бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасындагы Акыйкатчы институтунун (Омбудсмендин) статусу биринчи жолу 2007-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары” деп аталган VI главасында конституциялык жактан бекитилген. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясынын V главасында Акыйкатчыга өзүнчө түшүндүрмө берилип 109-беренедеги ченем менен белгиленди.

Кыргыз Республикасында Омбудсменге карата жоболор "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы № 136 (мындан ары - Омбудсмен жөнүндө) Мыйзамы менен жөнгө салынат. Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Омбудсмени Кыргыз Республикасынын аймагында жана өзүнүн компетенциясынын чегинде адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына контроль кылууну жүзөгө ашырат[173]. Кыргыз

[173] «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2002-жылдын 31-июлу № 136 // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1093

Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдерди билген, 30дан жаш эмес жана 65 жаштан ашпаган жараны Омбудсмен (Акыйкатчы) болуп шайлана алат.

Акыйкатчынын көзөмөл кылуусунун максаты:

- Конституциясында жана мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерде жана макулдашууларда жарыяланган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо;

- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттер тарабынан сакталышы жана урматталышы;

- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушунун алдын алуу же аларды калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү;

- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын Конституцияга, бул жаатындагы эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү жана башкалар.

Омбудсмендин көз карандысыздыгы Кыргыз Республикасында Омбудсмен жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинин 1-пункту менен камсыз кылынат, ага ылайык Омбудсмен кандайдыр бир мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына көз каранды эмес. Анын ишине кийлигишүүгө, ага кандай гана формада болбосун таасир этүүгө тыюу салынат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 11-беренесине ылайык, жыл сайын 1-апрелге чейин Омбудсмен (Акыйкатчы) Жогорку Кеңешке мурунку жылдын 1-январынан 31-декабрга чейин мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандардын бирикмелеринин, менчигинин түрүнө карабастан, ишканалардын, мекемелердин,

уюмдардын жана өздөрүнүн иш-аракеттери (аракетсиздиги) менен адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузган алардын кызмат адамдары, адамдын жана Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо тууралу мыйзамдарда табылган кемчиликтер жөнүндө баяндама берет.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Прокуратураны уюштуруунун жана ишинин принциптери кандай?

2. Кыргыз Республикасынын прокуратурасы кандай функцияларды аткарат?

3. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссияны түзүүнүн тартибин, компетенциясын, ишин токтотуунун тартибин аныктаңыз?

4. Акыйкатчы жөнүндө эмне билесиз?

5. Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын укуктук статусун өз алдынча аныктоого аракет кылыңыз.

**1 - кейс – тапшырма:**

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого даярдык көрүү мезгилинде, шайлоо алдындагы үгүт иштери башталганга чейин облус жетекчиси облустагы мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерин шайлоо маселеси боюнча кеңешмеге чакырды. Жыйындагы маселе шайлоо комиссияларына өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү үчүн аларды зарыл болгон (УШКлар үчүн жай, транспорт, телефон, шайлоо шаймандарын сактоо үчүн жай, жайларды кайтаруу) каражаттар менен камсыз кылуу эле.

Жыйындын расмий бөлүгү аяктагандан кийин облус жетекчиси бейформал шартта жетекчилерге

кызматкерлердин шайлоо участкаларында добуш берүүгө укугу бар үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана алардын катышуусун камсыз кылуу боюнча сүйлөшүүлөрдү же жолугушууларды өткөрүүнү сунуштады.

Ошону менен бирге аңгемелешүү учурунда ал төмөндөгүлөрдү айтты: “Сиздерге жетекчилик кылуу иши тапшырылган жана парламентте көп орунга ээ болгон саясий партиялардын бири шайлоодогу активдүүлүгүңүзгө жана колдооңузга ишенип жатат”.

Кайсыл партияны колдоп жатканын түшүнгөн айрым лидерлер өз командалары менен баарлашып, жолугушууларды өткөрүп, кайсы бир партияга добуш берүү зарылдыгын кыйытты.

Мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы бул жолугушуу жана сүйлөшүүлөр тууралуу сын макала жарыялаган интернет басылмалардын бирине белгилүү болду.

*1. Кайсы мамлекеттик орган бул факты боюнча чара көрө алат?*

*2. Жооп катары кандай чараларды көрүүгө болот?*

*3. Көрсөтүлгөн жетекчинин аракеттеринде кандайдыр бир укук бузуу барбы (кылмыш, жорук, тартип бузуу), эгерде бар десеңиз, анда мыйзамдын негизинде аныктап бериңиз.*

*4. Ар бир органдын, анын ичинде: прокуратуранын, Ички иштер министрлигинин жана шайлоо комиссияларынын аракеттеринин алгоритмин көрсөтүңүз.*

**2 - кейс – тапшырма:**

Жалпыга маалымдоо каражаттары “GGG” саясий партиясы өлкө боюнча көп сандагы үгүтчүлөрдү жалдап жатканын жазышты. Тактап айтканда, Балыкчы шаарында бул партиянын өкүлдөрү 10 миң жаранды агитатор катары кабыл алса, бул конуштагы шайлоочулардын саны 28 миң 716 адамды түзөт.

*1. БШКнын жана башка мамлекеттик органдардын аракеттерин аныкта.*

*2. Бул иш кантип квалификацияланышы мүмкүн?*

**3 - кейс – тапшырма:**

Facebook социалдык тармагында Кочкор-Ата шаарында «Кыргызнефтегаз» мамлекеттик ишканасынын жетекчилиги өз кызматкерлерин Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо тигил же бул партияга добуш берүүгө кепилдик берилгендердин тизмесин түзүүгө мажбурлап жаткандыгы жөнүндө жарыяланган.

Тизмеде жарандардын жеке маалыматтары (жарандардын аты-жөнү, дареги, телефондору) камтылган.

*1. БШК, РИИБ, прокуратура тарабынан аткарыла турган аракеттерди аныктаңыз.*

*2. Бул иш боюнча пикириңизди ченемдик – укуктук актылардын негизинде оюузду билдириңиз.*

**4 - кейс – тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2022-жылдын 11-августу № 92 “Банктар жана банк иштери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын негизинде финансы-кредиттик уюмдардын операцияларды жүзөгө ашыруу боюнча лицензияларын чакыртып алды (жокко чыгаруу).

*Бул укуктук мамилени конституциялык деп атоого болобу?*

*Конституциялык укуктук мамилелердин предмети болуусу үчүн кандай критерийлер болуусу керек?*

*Бул укук мамилелеринин субъекттерин атагыла.*

*Колдонуудагы мыйзамдардын ченемдеринин негизинде укуктук позицияңызды билдириңиз.*

**5 - кейс – тапшырма:**

Эсеп палатасы мамлекеттик чыгымдарга контролдук-аналитикалык иш-чараларды жүргүзүп, мамлекеттик

бюджеттик эмес фонддордун биринде мыйзам бузууларды аныктады. Фонддун каражаттары башка максаттарга жана негизсиз жумшалганы аныкталган. Ал эми фонддун жетекчилиги жогорку кызматтагы адамдарга таасир этүүгө жетишип, мамлекеттик жогорку кызмат адамдарынын бири (Президенттик Администрациянын башкармалыгы) Эсеп палатасын текшерүүнү токтотуу тууралуу оозеки түрдө буйрук берген.

*Мындай буйруктун юридикалык күчү барбы?*

*Бул мыйзамдуубу? Ал реалдуу натыйжа бере алабы?*

*Эсептөө палатасынын көзөмөл-аналитикалык ишинин жыйынтыгы кайсы органга берилет?*

**6 - кейс – тапшырма:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Кыргыз Республикасынын Улуттук банктын башкармалыгына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бюджеттик сектордун кызматкерлерине эмгек акысын төлөө боюнча карыздарды төлөө үчүн каражаттарды берүү тууралуу кайрылды.

*Мындай кайрылууга юридикалык баа бергиле.*

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Улуттук банкты көрсөтүлгөн каражаттарды төлөө үчүн милдеттендире алабы?*

# 15-глава. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу

## 15.1. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түшүнүгү, негиздери жана тутуму

Ата-мекендик жана чет элдик тарыхтын өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында “муниципалдык башкаруу”, “жергиликтүү өз алдынча башкаруу” терминдери ар кандай мааниде – мамлекеттин ролуна жана коомдогу муниципалдык башкаруунун ордуна жараша түшүндүрүлгөн. Муниципалдык башкаруунун табиятына болгон ар кандай мамиле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теорияларын түзүүгө мүмкүндүк берди. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теориялары деп муниципалдык башкаруунун (жергиликтүү өз алдынча башкаруунун) борбордон ажыратылган формасы катары пайда болушу жана эволюциясы жөнүндө ата-мекендик жана чет элдик окуулар, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теориялык концепциялары түшүндүрүлмөкчү. Дүйнөлүк тарыхта эң кеңири таралган теориялар: эркин жамаат теориясы, өзүн-өзү башкаруунун социалдык теориясы, мамлекеттик башкаруу теориясы, муниципалдык башкаруунун дуализм теориясы сыяктуу теориялар, ошондой эле экономикалык, саясий, укуктук жана башка теориялар кеңири таралган. Жамаатты башкарууну уюштуруу идеяларын биринчи жолу 1790-ж. француз саясатчысы Туре тарабынан негизделген[174]. Ал төмөнкүдөй негизги түшүнүктөрдү түзгөн:

1) башынан эле муниципалдык башкаруунун табиятына мүнөздүү жамааттык иштердин түшүнүгү;

[174] Велихов Л.А. Основы городского хозяйства. Общее учение о городе, его управлении, финансах и методах хозяйства. Обнинск, 1995. С. 232.

2) мамлекет тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилүүчү мамлекеттик иштердин түшүнүгү.

Кийинчерээк бул идеялар Бельгиянын Конституциясында чагылдырылып, муниципалдык башкаруунун жана өзүн-өзү башкаруунун ар кандай теорияларында өнүккөн.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эң толук аныктамалары 19-кылымдын орто ченинде бир катар чет өлкөлөрдө пайда боло баштаган. Биринчилерден болуп өзүн-өзү башкаруучу жамааттардын бирдиктүү концепциясын түзгөн француз мамлекеттик ишмери, тарыхчысы жана жазуучусу А.де Токвиль болгон. Токвилдин концепциясындагы борбордук идея өлкөдөгү бийликтин алгачкы булагы болуп анын өкүлчүлүктүү органдарынан турган мамлекет эмес, ыктыярдуу түрдө жамааттарга биригип, өз иштерин өзү башкарган инсандар саналат деген идея белгиленген. Борбордук бийлик коомчулуктун өкүлдөрүнүн жеке демилгеси күчсүз болгон өзгөчө учурларда гана кайрылууга тийиш болгон кандайдыр бир чектөөчү орган катары каралып келген. А.де Токвиль, коомдук эркиндиктерди жогору баалап, өзүнүн "Америкадагы демократия" китебинде мындай деп жазган: «Коомчулуктун институту өз алдынчалыкты орнотууда башталгыч мектептер илим үчүн кандай роль ойносо ошондой ролду ойнойт; элге эркиндикке жол ачып, бул эркиндикти кантип пайдаланууну үйрөтөт. Коомдук институттарсыз эл эркин өкмөттү түзө алат, бирок ал эч качан чыныгы эркиндик рухуна ээ боло албайт. Убактылуу аткарылган иштер, көз ирмемдик кызыкчылык, кокустук жагдайлар көз карандысыздыктын көрүнүшүн гана жаратышы мүмкүн, бирок коомдогу орнотулган деспотизм

эртеби-кечпи кайра бийликтин бетине кара так болуп калышы мүмкүн»[175].

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теориясын өнүктүрүүгө Германиянын юридикалык мектеби чоң салым кошкон. Адегенде немис окумуштуулары жергиликтүү, общиналык өз алдынча башкаруунун табиятын жана маңызын негиздеп, эркин жамаат теориясын (жамааттын табигый укуктарынын теориясы) көтөрүшкөн. 19-кылымдын башында мамлекеттик жана мамлекеттик кызматкерлер коомдук иштерди, муниципалдык менчикти башкарган. Бул тутум коомчулуктук чарбаны толук төмөндөтүүгө алып келди. Ошондуктан чарбалык иштердин коомдук тутумуна бюрократиялык борбордун кийлигишүүсүн чектөө зарылдыгын илимий жактан негиздөө зарыл болгон. Бул маселе эркин коомчулук теориясын чечүүгө чакырылган.

Анын өкүлдөрү (А. Гербер, Д. Аренс) жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун төмөнкү принциптерин белгилешкен:

1) жамааттын өз иштерин башкаруу укугу адамдын укуктары сыяктуу табигый жана ажырагыс;

2) жамаат мамлекетте алгачкылардан болуп саналат;

3) мамлекет жамааттык башкаруу эркиндигин урматтоого тийиш[176].

Эркин жамаат теориясы 19-кылымдын биринчи жарымында мыйзамдардын өнүгүшүнө эбегейсиз таасир тийгизген. Бирок, бул теориянын кемчиликтери да болгон, мисалы, өз алдынчалыкка ээ болгон жана шайланган чиновниктер мамлекет тарабынан түзүлгөн ири административдик бирдиктерди эске албаган (облустар, региондор ж.б.).

Эркин жамаат теориясынын ордуна жергиликтүү өз алдынча башкаруунун социалдык теориясы иштелип

---

[175] Велихов Л.А. Основы городского хозяйства. Общее учение о городе, его управлении, финансах и методах хозяйства. Обнинск, 1995. С. 234.
[176] Шугрина Е.С. Муниципальное право. М., 2004. С. 16.

чыккан. Анын Европадагы өкүлдөрү: А.Гербер, Д.Аренс, Э.Мейер, О.Лабанд, О.Ресслер сыяктуу окмуштуулар. Социалдык теориянын маңызы калктын (жамааттын) жергиликтүү иштерди өз алдынча башкаруу (өзүн-өзү башкаруу) укугун таанууда жатат. Бул укук коомчулукка башынан эле мүнөздүү, ажырагыс жана мамлекеттик бийликтин эркине көз каранды эмес деп эсептелинет[177].

Ошентип, азыркы жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийликтин конкреттүү формасы катары бир эле учурда эки принципти айкалыштырат: коомдук жана мамлекеттик, бул бизге жергиликтүү өз алдынча башкаруунун заманбап моделинин мүнөзүнүн аралаш, айкалышкан – коомдук-мамлекеттик мүнөзү жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасында «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу» термини юридикалык жактан биринчи жолу 1990-жылдагы «СССРдеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү чарбанын жалпы принциптери жөнүндө» СССРдин Мыйзамында бекитилген. Бул Мыйзамга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу администрациялык-аймактык бирдиктердин чектеринде ишке ашырылып, жергиликтүү экономиканын негизи катары комуналдык менчик бекитилген.

1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Кыргыз Республикасынын борбордук бийлик органдары менен башкаруу тутумундагы түзүмдүк өзгөрүүлөр менен кошо жергиликтүү же аймактык мамлекеттик башкаруу тутуму дагы өзгөрүүлөргө дуушар болду. Жергиликтуу/аймактык мамлекеттик башкаруу тутумун реформалоо аларды жаңы саясий жана экономикалык багыттарга ылайыкташтырууга, ыйгарым укуктарды борбордук мамлекеттик органдардан жергиликтүү аймактык мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча

[177] Подсумкова А.А. Муниципальное управление: Словарь-справочник. Саратов, 2008. С. 32.

башкаруу органдарына өткөрүп берүү аркылуу мамлекеттик башкарууну децентрализациялоого багытталган.

Жергиликтүү мамлекеттик башкарууда башкы ролду жергиликтүү мамлекеттик администрация институту ойногон. Ал министрликтер менен ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүнүн макулдашып ишмердик кылуусун жана алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенишүүсүн камсыз кылган жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик функциялар жана ыйгарым укуктардын аткарылуусун мамлекет көзөмөлгө алган.

Бул институттун өнүгүүсүндө бир нече баскычтарды бөлүп көрсөтсө болот. Адегенде жергиликтүү мамлекеттик администрация институту Кыргыз Республикасынын аймагындагы область, район жана шаарлардагы аткаруу бийлигинин органы катары «Кыргызстан Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндөгү» 1992-жылдын 4-мартында кабыл алынган мыйзамына ылайык түзүлгөн. Бул жобо 1993-жылдагы КР Конституциясынын экинчи бөлүмүндө «Жергиликтүү мамлекеттик администрация» - деген аталышта укуктук жактан бекитилген.

Ошол мезгилде область жана райондордун аймактарында жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен кошо бийликтин өкүлчүлүк органдары - депутаттардын областык жана райондук кеңештери (советтери) иштешкен. Аларга жергиликтүү мамлекеттик администрациялар Президентке жана Өкмөткө отчёт бергендей отчёт беришкен.

Экинчи баскычы 1996-жылы өткөрүлгөн конституциялык реформа жана КР Президентинин «Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчыларынын ролун жана жоопкерчилигин мындан ары жогорулатуу боюнча иш чаралар жөнүндө» - деген 1996-жылдын 20-мартындагы Жарлыгы менен байланыштуу. Бул аймактык башкаруу системасында бир катар сапаттуу кайра

түзүүлөрдү иш жүзүнө ашырууга мүмкүндүк берген. Атап айтсак, айыл жери бүт бойдон өз алдынча башкаруу принцибине которулган. Мындан сырткары, губернатордук институттун кабыл алынышы менен жер-жерлерде мыйзамдуулукту жогорулатуу боюнча чаралар көрүлгөн. Жарлык областын губернатору мыйзамдарды, КР Президентинин жарлыктарын жана Өкмөттүн токтомдорун иш жүзүнө ашырууга жооптуу жогорку кызмат деп аныктаган.

Үчүнчү баскыч экономикадагы базар мамилелеринин терендеши, мамлекеттик башкарууну жана айыл жерлеринде ЖӨБну децентрализациялоо, республиканын шаарларынын муниципапдык башкаруу принциптерине өтүү менен байланыштуу болгон. Мына ушундай шартта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасына, ошондой эле мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдарына тиешелүү принциптерди, туюмдарды, түшүнүктөрдү жана жоболорду бир учурда тууралоо зарылчылыгы келип чыккан. Ушуга байланыштуу 2002-жылдын 12-январында көптөгөн жоболору жана туюмдары бүгүнкү күнү дагы иштөөсүн уланткан КР «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Мыйзамынын жаңы редакциясы кабыл алынган. Бул Мыйзамдын кабыл алынышы менен областын жана райондун аймактарындагы башкы мамлекеттик кызматтагы адамдардын губернатор жана аким деп аталышы мыйзамдаштырылган.

2004-жылы областык кеңештерге шайлоолор токтотулган. Губернаторлор КР Президентинин жана Өкмөтүнүн областагы өкүлүнүн ролун аткарып, аларга түздөн-түз отчёт берип калышкан.

2007 жана 2010-жылдагы КР Конституциясынын редакциясында жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндөгү ченем ошол эле бөлүмүндө тексттеги мааниси анча деле чоң өзгөрүүсүз сакталган.

2021-жылдын 11-апрелиндеги кабыл алынган ушул жылдын 5-майында күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесине ылайык *жергиликтүү өз алдынча башкаруу* - жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарына жараша жана жоопкерчилик менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү. Мунун негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу мамлекеттик органдардын башкаруу тутумунан айырмаланып, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн башкаруу тутумунун башка түзүмүнө ээ болушу керек. Ошондуктан мамлекеттин башкаруу тутумуна жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун киргизүү мамлекет жана жалпы коом үчүн чечүүчү мааниге ээ. Ошону менен бирге бул борбордук бийлик түзүмдөрүн бошотуунун жолу, ошондой эле бүткүл коомдун саясий, укуктук жана маданий жактан жетилгендигинин деңгээлин көрсөтөт. Ошондуктан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча Европа хартиясында (Страсбург, 1985-жылдын 15-октябры) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун (ЖӨБ) болушунун эң маанилүү шарттарынын бири – бул бийлик тутумун демократиялаштыруу жана децентралдаштыруу болуп саналаары көрсөтүлгөн[178].

111-берененин 2-бөлүгүнүн конституциялык жобосу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тутумун конкреттүү муниципалитеттин чектериндеги уюштуруу формаларынын жыйындысы катары аныктайт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык конституциялык ченем төмөнкүдөй аныкталат: “Мамлекеттик башкарууну жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу максатында Кыргыз

[178] Европейская хартия местного самоуправления – Страсбург, 15 октября 1985 года.

Республикасынын аймагы мыйзам менен аныкталуучу администрациялык-аймактык бирдиктерге бөлүнөт".

Ушуга байланыштуу, жергиликтүү жамаат белгилүү бир аймакта өз укугун жүзөгө ашырат деген конституциялык ченемдин негизинде, анда бул учурда муниципалдык-аймактык түзүлүштөргө тиешелүү экендигин көрсөтүү керек.

Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүш жөнүндө мыйзамдарына ылайык: шаардык калктуу конуштарга алардын администрациялык баш ийүүсүнө карабастан шаарлар (республикалык, облустук жана райондук маанидеги, шаар тибиндеги поселоктор), айылдык аймактар кирет[179].

Демек, аймактык-муниципалдык түзүлүш жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясынын (юрисдикциясынын) чектерин аныктайт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул белгилүү бир аймактагы башкаруунун жана актуалдуу маселелерди чечүүнүн тутуму экендигин эске алуу менен, жарандардын жергиликтүү жамааттары өз алдынча башкарууга конституциялык укугун тике эркин билдирүү формалары аркылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү жамаат же алардын өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн жергиликтүү кеңештер жана башка органдар аркылуу ишке ашырышат.

---

[179] Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2008-жылдын 25-апрели N 65 // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202276/20?cl=ky-kg&mode=tekst.

## 15.2. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери, кепилдиги жана функциялары

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу белгилүү принциптердин негизинде иштейт. Принциптер (латынча principium – келип чыгуу, негиз) – элементтердин ортосундагы өз ара мамилелер, мыйзам ченемдүүлүктөр, башталыштын негиздери.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын уюштуруу жана иш-аракетинин негизин түзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мүнөзүнөн келип чыккан фундаменталдык башталыштар жана идеялар болуп саналат[180]. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптеринин эки түрү бар:

***Жалпы принциптер*** - жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына гана эмес, бүтүндөй мамлекеттик бийликтин бүткүл системасына мүнөздүү принциптер. Аларга: демократия, мыйзамдуулук, ачыктык ж.б.у.с. принциптер.

*Мыйзамдуулук принциби* - бул принцип, анын негизги талабы – Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын сактоо, бардык чыгарылган ченемдик актылардын колдонуудагы мыйзамдарга шайкештиги. Мамлекеттик башкарууда мыйзамдуулук төмөндөгүлөр менен мүнөздөлөт: мыйзамдардын жалпыга милдеттүүлүгү, алардын башкаруунун укуктук актыларынан үстөмдүгү; Кыргыз Республикасында мыйзамдарды бирдей түшүнүү жана аткаруу; мыйзамдуулукка жана максатка

---

[180] Кутафин О.Е., Фадеев В.И. Муниципальное право Российской Федерации. М.: Юрист, 2004.

ылайыктуулукка каршы чыгууга жол берилбестиги; укуктук маданият менен байланышы[181].

*Ачыктык принцибинин* анын негизги талаптары:

- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери жөнүндө жарандардын маалымдуулугун камсыз кылуу;

- мамлекеттик маанилүү маселелерди жана жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулоонун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

- коомдук пикирди изилдөө жана эске алуу.

***Өзгөчө принциптер*** - жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына гана мүнөздүү болгон, анын бирдиктүүлүгү жана өзгөчөлүгү жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берүүчү принциптер. Аларга төмөнкүлөр кирет:

1) өз алдынчалык принциби;
2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын жоопкерчилик принциби;
3) коллегиалдуулукту жана биримдикти айкалыштыруу принциби;
4) жергиликтүү өз алдынча башкарууну мамлекеттик колдоо принциби жана башкалар.

Өз алдынчалык принциби жергиликтүү өз алдынча башкаруунун *экономикалык өз алдынчалыгын* болжолдойт. Кыргыз Республикасында ал биринчи кезекте муниципалдык менчиктин болушу менен камсыз кылынат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун *финансылык өз алдынчалыгы* жергиликтүү бюджеттин, бюджеттен тышкаркы фонддордун, жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын болушу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кредиттик мамилелерге катышуу укугу менен аныкталат. Бүгүнкү күндө жергиликтүү бюджеттерди түзүүнүн жана аткаруунун туруктуу тутуму түзүлдү, ал

---

[181] Административное право: Учебник / Под ред. Ю.М. Козлова, Л.Л. Попова. М.: Юристъ, 2002.

жалпысынан Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде белгиленген финансылык децентралдаштыруунун негизги принциптерин чагылдырат. Өзүнүн ченемдик укуктук актыларына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды өз алдынча белгилешет - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык алардын статусу менен алдын ала аныкталат. Өз кезегинде жергиликтүү бюджетти жергиликтүү кеңештер бекитет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын жоопкерчилик принциби ал өз кезегинде төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

- *Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын мамлекет алдындагы жоопкерчилиги;*
- *Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын калктын алдындагы жоопкерчилиги;*
- *Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын жеке жана юридикалык жактардын алдындагы жоопкерчилиги.*

## 15.3. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруу жергиликтүү аймакта жашаган калк жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү укугун берген атайын ыйгарым укуктуу органдар болмоюнча мүмкүн эмес.

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары* мамлекеттик бийлик органдарынын тутумуна кирбеген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө ыйгарым укук берилген шайланычуу жана башка органдар. Булар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймактык жамааттары тарабынан түзүлөт жана алар өздөрүнүн ыйгарым укуктарын талаптагыдай аткаруу үчүн жооптуу

болушат. Бул бардык жергиликтүү факторлорду эсепке алуу менен өз калкынын таламдарында аракеттенген бийликтин конкреттүү системасы. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө ээ:

*1) мамлекеттик бийлик органдарынын тутумуна кирбейт* (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесине ылайык);

Ошол эле учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын мамлекеттик бийлик органдарынын тутумунан бөлүү алардын функционалдык эмес, түзүмдүк жана уюштуруучулук жактан бөлүнүшүн билдирет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик бийлик органдары тарабынан аныкталган ыйгарым укуктардын чегинде гана көз карандысыз; алар мамлекеттик-бийлик мамилелеринин тутумунда; бирдиктүү мамлекеттик саясатка ылайык аракеттенет; өзүнчө мамлекеттик ыйгарым укуктарга ээ болушу мүмкүн. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууга конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик органдары менен тыгыз өз ара аракетте иштейт.

*2) эгерде аларга айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген болсо, алар мамлекеттик функцияларды ишке ашырууга катыша алышат жана бул учурда алардын иши мамлекеттин көзөмөлүндө болот* (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренеси 2-бөлүгү). Мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкарууну калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн зарыл укуктук, уюштуруучулук, материалдык-каржылык шарттарды түзөт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу укугун жүзөгө ашырууда калкка көмөк көрсөтөт.

Бардык мамлекеттик бийлик органдары сыяктуу эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары да мамлекеттик бийлик органдары менен бирдиктүү экономикалык жана уюштуруучу-укуктук негизге ээ: аларда

бийликтин жалпы булагы — эл, шайлоо тутумунун бирдей принциптери, бирдей чечимдерди кабыл алуу механизмдери, аларды ишке ашыруунун бирдей милдети, ошондой эле иш-аракеттин окшош формалары жана методдору бар.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ***өкүлчүлүктүү органдардан*** жана ***аткаруу органдарынан*** турат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүнө өкүлчүлүктүн катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашырылат. *Жергиликтүү кеңештер* - Мыйзамда, шайлоо жөнүндө жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте айылдык аймактарда, шаарларда жергиликтүү коомдоштуктар тарабынан шайлануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары, ошондой эле Мыйзамга ылайык түзүлүүчү райондук кеңештер[182].

Райондук кеңештер айылдык аймактардын, райондун аймагында жайгашкан шаарлардын кеңештеринин бирдей өкүлчүлүктөрүнөн түзүлөт.

Шайланган депутаттар депутаттык фракцияларды жана топторду түзүүгө укуктуу.

Депутаттык фракцияларды жана топторду түзүү жана иштөө тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен белгиленет.

Бишкек жана Ош шаарларынын кеңештерин кошпогондо, жергиликтүү кеңештердин сандык курамы тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин калкынын санын эске алуу менен төмөнкүчө белгиленет:

Бишкек, Ош шаарларынын кеңештери - 45 депутат;

Шаардык жана айылдык кеңештер (статистикалык маалыматтарга ылайык шайлоо жүргүзүлүп жаткан жылдын

[182] 2021-жылдын 20-октябры № 123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Электрондук ресурс // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112302/30?cl=ky-kg&mode=tekst.

1-январына карата абал боюнча административдик-аймактык бирдиктин калкынын саны боюнча):

6000ге чейин - 11 депутат;

6001ден 20000ге чейин - 21 депутат;

20001ден тартып жана андан ашык - 31 депутат;

3) райондук кеңештер:

100000 чейин - 20дан 30га чейинки депутат;

100001ден 200000ге чейин - 30дан 45ке чейинки депутат;

200001ден тартып жана андан ашык - 45тен 60ка чейинки депутат.

Жергиликтүү кеңештер тике шайлоонун негизинде тиешелүү аймакта жашаган жарандар тарабынан тиешелүү шаардын (шаардык кеңештин), айылдык аймактын (айылдык кеңештин) өкүлдөрүн шайлоонун натыйжасында түзүлөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы катары жергиликтүү кеңештин функциясы жергиликтүү жамааттын эркин билдирүү болуп саналат. Мындан тышкары, бул милдеттүү эркти ишке ашыруу жана аны жергиликтүү жамааттын атынан аткаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү бийлигинин түпкү маңызы.

Кыргыз Республикасынын Президенти жергиликтүү кеңешти таратууга укуктуу, ал жергиликтүү кеңештин мыйзамсыз аракеттери жасалган учурда өзүнүн конституциялык укугунан пайдаланып, тиешелүү кеңештин ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткондугун жарыялай алат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумуна өкүлчүлүктүү органдардан тышкары ***аткаруу бийлик органдары*** да кирет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары болуп *айыл өкмөттөрү* жана *мэриялар* саналат.

Айылдык аймакта жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы болуп ***айыл өкмөтү*** эсептелет.

Айыл өкмөтүнүн түзүмү жана штаттык ырааттамасы Министрлер Кабинети бекиткен типтүү түзүмдүн жана штаттык ыраатаманын негизинде айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан бекитилет.

Айыл өкмөтү айылдык кеңештин депутаттарына өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда, шайлоочулар алдында отчетторду даярдоодо жана өткөрүүдө көмөк көрсөтөт.

Айыл өкмөтү өзүнүн ишинде айылдык кеңешке, ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга отчет берет.

Айыл өкмөтүнүн башчысы кызмат ордун жогорку билими, мамлекеттик же муниципалдык кызмат орундарында жалпы 5 жылдан кем эмес, анын ичинде жетектөөчү кызматтарда 3 жыл иш стажы бар адамдар, ошондой эле иштин башка чөйрөлөрүндө жетектөөчү кызматта 5 жылдан кем эмес тажрыйбасы бар адамдар ээлей алат.

Жергиликтүү кеңештин чечими боюнча айылдык аймакта өзүнчө жайгашкан айылдардын жергиликтүү маанидеги маселелерин ыкчам чечүүнү уюштуруу максатында айыл башчысынын (айылдын старостасынын) кызмат орду киргизилиши мүмкүн.

Айыл башчысы калктуу конуштун аймактык өзгөчөлүктөрүнө, калыптанган үрп-адаттарына жана каада-салттарына таянып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын чечими менен өзүнө берилген функцияларды аткарат.

Айыл башчысы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчиси тарабынан тиешелүү айылдын тургундарынын жыйынынын макулдугу менен дайындалат жана муниципалдык кызматчы болуп саналат.

Эгерде тиешелүү калктуу конуштан жергиликтүү кеңешке депутат шайланбаган болсо, айыл башчысы - тиешелүү жергиликтүү кеңештин жыйналыштарына, ал эми тиешелүү айылга тиешеси бар маселелерди кароодо

шаардык кеңештин жыйналыштарына кеңеш берүүчү добуш укугу менен катышууга укуктуу.

Шаарда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы болуп мэр башында турган ***мэрия*** эсептелет.

Мэриянын түзүмүн жана штаттык ырааттамасын мэр Министрлер Кабинети бекиткен типтүү түзүмдүн жана штаттык ырааттаманын негизинде бекитет.

Мэриянын баш ийүүсүндө ал уюштуруучу же анын карамагына берилүүчү уюмдар, ишканалар жана мекемелер болушу мүмкүн.

Республикалык маанидеги шаардын мэринин кызмат ордун жогорку билими, мамлекеттик же муниципалдык кызмат орундарында жалпы 10 жылдан кем эмес, анын ичинде жетектөөчү кызматта 7 жылдык иш стажы бар адамдар, ошондой эле иштин башка чөйрөлөрүндө жетектөөчү кызматта 10 жылдан кем эмес тажрыйбасы бар адамдар ээлей алат.

Областтык маанидеги шаардын мэринин кызмат ордун жогорку билими, мамлекеттик же муниципалдык кызмат орундарында жалпы 7 жылдан кем эмес, анын ичинде жетектөөчү кызматта 5 жылдык иш стажы бар адамдар, ошондой эле иштин башка чөйрөлөрүндө жетектөөчү кызматта 7 жылдан кем эмес тажрыйбасы бар адамдар ээлей алат.

Райондук маанидеги шаардын мэринин кызмат ордун жогорку билими, мамлекеттик же муниципалдык кызмат орундарында жалпы 5 жылдан кем эмес, анын ичинде жетектөөчү кызматта 3 жылдык иш стажы бар адамдар, ошондой эле иштин башка чөйрөлөрүндө жетектөөчү кызматта 5 жылдан кем эмес тажрыйбасы бар адамдар ээлей алат.

Райондук маанидеги шаарлардын мэрлери аким тарабынан дайындалат. Бишкек, Ош шаарларынын жана областтык маанидеги шаарлардын мэрлери Президент тарабынан дайындалат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары аймактын тургундарына жашоо-тиричилигин камсыз кылуу тутумунун иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштурат. Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аткаруу бийлигинин органынын ыйгарым укуктарына аймакты өнүктүрүүнүн башкы планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, архитектуранын жана курулуш иштеринин ченемдеринин жана эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөө кирет. Ошону менен бирге тарыхый, архитектура жана маданий эстеликтерди коргоо боюнча чараларды ишке ашыруу[183].

Социалдык-маданий камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды кароодо аткаруу бийлигинин органы турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана жакшыртуу боюнча чараларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, ошону менен бирге мобилизациялоо жана алдын алуу жана болтурбоо боюнча уюштуруу-практикалык иш-чараларды, табигый кырсыктар, өзгөчө кырдаалдар, алардын кесепеттерин жоюуну, ошондой эле башка социалдык-маданий аспектилер менен камсыз кылат.

**Текшерүү үчүн суроолор, тапшырмалар**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутуму кандай органдарга бөлүнгөн?

2. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары» түшүнүгүн ачып бергиле жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун төмөнкү функцияларын ишке ашыруу боюнча 2 практикалык мисал келтириңиздер:

- жергиликтүү маанидеги маселелерге калктын катышуусун камсыз кылуу;
- муниципалдык менчикти башкаруу;
- аймактын өнүгүшүн камсыз кылуу;

[183] Кожошев А.О., Шадыбеков К.Б. Основы местного самоуправления Кыргызской Республики: Учеб. Пособие. – Б.: «Шам», 2006. – 272 с.

- коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;

- калктуу конуштарда канализациянын жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;

- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын компетенциясы кандай?

4. Жергиликтүү кеңештин депутатынын укуктук статусу.

5. Муниципалдык кызмат деген эмне? Мамлекеттик кызмат менен муниципалдык кызматтын ортосунда кандай айырма барбы?

**1 – кейс – тапшырма:**

Жетекчи, кол алдындагы кызматкердин бир нече каталарынан кийин: «Менин оюмча, сиз кызматка туура келбейт экенсиз. Ошондуктан сизди кезексиз тартипте аттестациядан өткөрүү тууралуу кадрга кайрылам» деди.

*Жетекчи муну кылууга укуктуубу?*

*Ал кызматкердин квалификациясын баалоо үчүн дагы кандай чараларды көрүшү мүмкүн.*

**2 – кейс – тапшырма:**

Лебединовка айыл өкмөтү кабыл алган “Айыл аймагындагы таштандыларды тазалоо, жашылдандыруу боюнча милдеттүү түрдө ишенбилик өткөрүү тууралуу” чечим Кыргыз Республикасынын жараны Бекбоев А. тарабынан талашка түштү. А. Бекбоевдин айтымында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары милдеттүү түрдөгү чечимди кабыл алууга укуксуз, себеби алар Конституция боюнча мамлекеттик орган болуп эсептелбейт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укугу болуп ошол жерде жашаган жарандардын жергиликтүү маанидеги өзүлөрүнүн көйгөйлөрүн чечүү. Керек болсо жергиликтүү калк, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарын түзүүгө катышышпайт.

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук табияты кандай?*

*Жарандардын жергиликтүү өз алдынчаны ишке ашыруудагы укуктарынын өзгөчөлүгү эмнеде?*

*Бекбоевдин айткандары негиздүүбү? «Негиздүү» же «негиздүү эмес» десеңиздер аргументтерди келтириңиздер?*

**3 – кейс – тапшырма:**

Байтик айылынын тургундары жыйын өткөрүп, Байтик суусу жана жайлоого кетүүчү жолго жаңы көпүрө курууга каражат чогултуу чечимин кабыл алышты. Айыл өкмөтү жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды белгилөө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын компетенциясына кирээрин негиз кылып чогулгандардын бул чечимин аткаруудан баш тартты.

*Айыл өкмөтүнүн баш тартуусу укуктук негиздеби?*

*Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын талдоо менен укуктук баа бериңиз.*

**4 – кейс – тапшырма:**

Президенттин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү бардык жергиликтүү өз алдынча башкарууга кат түрүндө сунуштарды жөнөттү. Анда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уставдарына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоонун төмөнкү тартибин бекитүүнү өкүлчүлүктүү органдарга сунуш кылган: жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү аргандарынын арасынан аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону. Ага талапкер ыйгарым укуктуу өкүл тарабынан көрсөтүлөөрүн.

*Президенттин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн бул сунуштарына комментарий бериңиз.*

*Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алуу менен өз пикириңизди айтыңыз.*